Кыргыз Республикасынын
Улуттук статистика комитети

# МААЛЫМАТ КЫЗМАТЫНДАГЫ КЫЛЫМ:
## КЫРГЫЗ СТАТИСТИКАСЫНЫН ЖОЛУ

100 жыл

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети

# МААЛЫМАТ КЫЗМАТЫНДАГЫ КЫЛЫМ: КЫРГЫЗ СТАТИСТИКАСЫНЫН ЖОЛУ

*Кыргыз статистикасынын 100 жылдыгына арналат*

Бишкек 2026

Маалымат кызматындагы кылым: кыргыз статистикасынын жолу / кыргыз тилинде / 168 бет.
Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети
Башкы редактор Б. Ж. Кудайбергенов

Дареги: Кыргыз Республикасы, 720000
Бишкек ш., Фрунзе көчөсү, 374,
Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети
Статистикалык маалыматты жайылтуу жана коммуникациялар
башкармалыгы: +996 (312) 625 559
Электрондук дарек: nsc_mail@stat.kg
Интернет-ресурс: www.stat.gov.kg

# Мазмуну

**Баш сөз** .................... 6

**Кириш сөз** .................... 8

I бөлүм. **Кыргызстандын статистикасынын калыптануу жана өнүгүү тарыхы** .................... 10

1.1. Башталышы (1926-жылга чейинки мезгил) .................... 10

1.2. Статистика органдарынын түзүлүшү жана алгачкы кадамдар (1926-1930) .................... 12

1.3. Мамлекеттик пландын кызматында (1930-1948) .................... 15

1.4. Жеңишке кошкон салым .................... 18

1.5. Жаңы милдеттерди чечүү (1948-1970) .................... 21

1.6. Советтик статистиканын акыркы мезгили мезгили (80-жылдар жана 90-жылдардын башы) ...31

1.7. Эгемендүү Кыргызстандын мамлекеттик статистикасы – кайра куруунун башталышы.......... 32

II бөлүм. **Мамлекеттик статистика органдарынын түзүмү жана ишмердүүлүгүн уюштуруу** ............39

2.1. Расмий (мамлекеттик) статистика органдары .................... 39

2.2. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин ишин уюштуруу .................... 39

2.3. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин аймактык органдарынын ишин уюштуруу .................... 41

2.4. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин Интеллектуалдык маалыматтар борборунун ишин уюштуруу .................... 41

2.5. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин Статистикалык изилдөөлөр жана квалификацияны жогорулатуу институтунун ишин уюштуруу .................... 42

III бөлүм. **Мамлекеттик статистикалык ишмердүүлүк** .................... 44

3.1. Расмий статистиканын негизги принциптери .................... 44

3.2. «Расмий статистика жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы тууралуу .................... 45

3.3. Расмий статистикадагы стандарттар .................... 47

3.3.1. Статистикалык бирдиктердин бирдиктүү мамлекеттик регистри .................... 47

3.3.2 Статистикалык классификациялар .................... 48

3.3.3 Улуттук эсептер системасы .................... 49

3.3.4. Маалыматтарды жайылтуунун эл аралык стандарттары (МЖЖС, МЖАТС) .................... 55

3.4. Коомдук пикирди изилдөө уюму .................... 57

3.4.1 Колдонуучулар арасында сурамжылоо жүргүзүү .................... 57

IV бөлүм. **Расмий статистикалык маалыматтарды чогултууну, иштеп чыгууну, сактоону жана жайылтууну уюштуруу** .................... 59

4.1. Статистикалык ишмердүүлүктү пландаштыруу .................... 59

4.2. Статистикалык маалыматтарды чогултуу, иштеп чыгуу жана сактоо .................... 60

4.2.1 «IST» жана «NARA» автоматташтырылган маалыматтык тутумдарын иштеп чыгуу жана киргизүү ..... 60
4.2.2 Административдик маалыматтарды колдонуу ..... 62
4.2.3. Респонденттерге болгон жүктөмдү азайтуу ..... 63
4.3. Расмий статистикалык маалыматтарды жайылтуу ..... 64
4.3.1. Улутстаткомдун Интернет-ресурсу http://stat.gov.kg ..... 64
4.3.2. ЖМК жана социалдык тармактар ..... 65
4.3.3. Статистикалык басылмалар ..... 66
4.3.4. Ачык эшиктер күнү ..... 66
4.4 Эл аралык статистикалык кызматташтык ..... 66
4.5 Туруктуу өнүгүү максаттары (ТӨМ) ..... 70
**V бөлүм. Статистикалык байкоолорду уюштуруу ..... 75**
5.1. Жалпы мамлекеттик статистикалык байкоолор ..... 75
5.1.1. Айлана чөйрөнүн статистикасы ..... 75
5.1.2. Демографиялык статистика ..... 78
5.1.3. Эмгек жана иш менен камсыз кылуу статистикасы ..... 81
5.1.4. Жашоо деңгээлинин статистикасы ..... 84
5.1.5. Билим берүү статистикасы ..... 87
5.1.6. Саламаттык сактоо статистикасы ..... 88
5.1.7. Социалдык камсыздоо жана социалдык коргоо статистикасы ..... 89
5.1.8. Маданияттын статистикасы ..... 91
5.1.9. Кылмыштуулук статистикасы ..... 91
5.1.10. Өнөр жай статистикасы ..... 92
5.1.11. Айыл чарба статистикасы ..... 95
5.1.12. Курулуш жана инвестициянын статистикасы ..... 97
5.1.13. Ички соода статистикасы ..... 99
5.1.14. Рыноктук кызмат көрсөтүүлөр статистикасы ..... 100
5.1.15. Транспорт статистикасы ..... 101
5.1.16. Байланыш статистикасы ..... 102
5.1.17. Туризмдин статистикасы ..... 103
5.1.18. Маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын статистикасы ..... 105
5.1.19. Финансы статистикасы ..... 107
5.1.20 Баалардын статистикасы ..... 110
5.1.21. Тышкы жана өз ара сооданын статистикасы ..... 112
5.1.22 Илимий изилдөөлөрдүн жана иштеп чыгуулардын статистикасы ..... 113

5.2 Ведомстволук статистикалык байкоолор ........ 114
5.2.1 Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги ........ 114
5.2.2.Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы ........ 114
5.2.3. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик бажы кызматы ........ 116
5.3. Бир жолку статистикалык байкоолор ........ 116
5.3.1. Калкты каттоо ........ 116
5.3.2. Айыл чарбасын каттоо ........ 117
5.3.3. Көп көрсөткүчтөр боюнча кластердик изилдөө (КОМП) ........ 118
5.3.4. Убакыт бюджети ........ 119
**VI бөлүм. Кыргыз Республикасынын расмий статистикасын өнүктүрүүнүн келечеги ........ 121**
6.1. Расмий статистиканы өнүктүрүүнүн негизги багыттары ........ 121
6.2. Расмий статистиканын түзүмүн жана методологиялык негизин өркүндөтүү ........ 123
6.3. Респонденттер жана расмий статистиканын колдонуучулары менен өз ара аракеттенүүнү өнүктүрүү ........ 124
**VII бөлүм. Статистиканы жүздөрү ........ 126**
7.1. Статистика органдарынын жетекчилери ........ 126
**VIII бөлүм. Кесиптик майрам жана сыйлоо ........ 133**
8.1. «Статистика кызматкерлеринин күнү» кесиптик майрамы жөнүндө ........ 133
8.2. «Статистиканын отличниги» төш белгисин бекитүү жөнүндө ........ 133
8.3. Статистика органдарынын сыйлык алган кызматкерлери жөнүндө ........ 134
**IX бөлүм. Аймактык статистика органдарынын калыптанышы жана өнүгүшү ........ 150**
9.1. Баткен шаардык статистика башкармалыгы ........ 150
9.2. Манас шаардык статистика башкармалыгы ........ 152
9.3 Каракол шаардык статистика башкармалыгы ........ 156
9.4. Кара-Суу райондук статистика башкармалыгы ........ 158
9.5. Нарын облустук мамлекеттик статистика башкармалыгы ........ 160
9.6. Талас шаардык статистика башкармалыгы ........ 162
9.7. Аламүдүн райондук статистика башкармалыгы ........ 163
9.8. Бишкек шаардык мамлекеттик статистика башкармалыгы ........ 168
9.9. Ош шаардык статистика башкармалыгы ........ 168

# Баш сөз

Мамлекеттин тарыхы үчүн жүз жыл - бул бүтүндөй бир доор. Статистика үчүн - бул сандарда, фактыларда жана мыйзам ченемдүүлүктөрдө чагылдырылган өлкөнүн, коомдун жана экономиканын өнүгүүсүнүн толук тарыхы. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик статистика органдарынын юбилейи - бул жөн гана эстелик дата эмес, басып өткөн жолду баалоо жана сандардын тили реалдуулукту түшүнүүнүн жана мамлекеттин өнүгүүсүн башкаруунун маанилүү куралына кантип айланганын көрсөтүү мүмкүнчүлүгү.

Статистика жаралгандан бери мамлекеттеги иштердин абалы жөнүндө түшүнүк менен байланышта болуп келген: бул түшүнүктүн келип чыгышы эле анын коомдук түзүлүштү жана андагы болуп жаткан процесстерди таанып-билүү каражаты катары тарыхый ролун көрсөтүп турат.

Убакыттын өтүшү менен ал сыпаттама мүнөздөгү «мамлекет таануудан» жана сандык эсепке алуунун алгачкы формаларынан баштап, массалык маалыматтарды талдоонун негизинде коомдук өнүгүүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүн аныктоого жөндөмдүү өз алдынча илимий дисциплинага чейинки жолду басып өттү. Сандык тактык менен кубулуштардын сапаттык табиятын түшүнүүнүн айкалышы статистиканы илимдин, мамлекеттик башкаруунун жана адамдардын жашоосунун ортосундагы уникалдуу байланыштыруучу звенолорго айлантты.

Кыргыз Республикасында мамлекеттик статистика органдарынын калыптанышы жана өнүгүшү өлкөнүн өз тарыхы - анын социалдык өзгөрүүлөрү, экономикалык реформалары, демографиялык жана регионалдык өзгөчөлүктөрү менен ажырагыс байланыштуу. Кылым бою улуттук статистикалык система мамлекетти жана коомду калк, жашоо деңгээли, иш менен камсыз болуу, экономика тармактарынын өнүгүшү жана регионалдык динамика тууралуу объективдүү маалымат менен камсыз кылып келди. Статистикалык маалыматтар стратегиялык пландоонун, мамлекеттик программаларды иштеп чыгуунун, реформалардын натыйжалуулугун баалоонун жана эл аралык салыштыруулардын негизи болуп калды.

Статистика – бул илим жана методология гана эмес, ошондой эле социалдык-экономикалык процесстер жөнүндө маалыматтарды чогултуу, иштеп чыгуу, талдоо жана жайылтуу боюнча масштабдуу практикалык ишмердүүлүк. Ал илимий методдордун системасы катары жана өлкөнүн өнүгүүсүнүн ишенимдүү маалыматтык картинасын түзүүгө багытталган адистештирилген мамлекеттик институттардын иши катары жашап келет. Бул мааниде статистика мамлекеттик башкаруу инфраструктурасынын жана коомдук диалогдун маанилүү бөлүгү болуп саналат.

Азыркы мезгилде статистикалык ишмердүүлүктү санариптештирүү өзгөчө мааниге ээ болууда. Акыркы жылдары Кыргыз Республикасынын мамлекеттик статистика органдары статистикалык өндүрүштүн бардык этаптарында: баштапкы маалыматтарды чогултуудан баштап, аларды иштеп чыгуу, талдоо жана жайылтууга чейин санариптик технологияларды колдонууга ырааттуу түрдө өтүүдө. Отчеттуулуктун электрондук формаларын киргизүү, маалыматтардын административдик булактарын өнүктүрүү, заманбап маалыматтык системаларды, геомаалыматтык технологияларды жана аналитикалык платформаларды колдонуу статистикалык маалыматтардын ыкчамдыгын, тактыгын жана толуктугун жогорулатууга мүмкүндүк берет. Санариптик трансформация статистиканы кыйла ачык, жеткиликтүү жана колдонуучулардын - бийлик органдарынын, бизнестин, илимий чөйрөнүн жана жарандардын муктаждыктарына багытталган кылат.

Статистиканын күчү мурдагыдай эле көптөгөн жеке фактылардын артынан жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрдү көрө билүү жөндөмдүүлүгүндө жатат. Байкоолордун массалуулугу, иштин илимий уюштурулушу жана коомдун өнүгүүсүнүн фундаменталдык мыйзамдарына таянуу чачыранды маалыматтарды болуп жаткан процесстердин бүтүн картинасына айлантууга мүмкүндүк берет. Ошондуктан сандар жөн гана иллюстрация катары эмес, чындыкты баалоо, болжолдоо жана мамлекеттик саясатты иштеп чыгуу үчүн ишенимдүү негиз катары кызмат кылат.

Кыргыз Республикасынын статистика органдарынын тарыхы - бул маалыматтар маданиятын калыптандыруунун, маалыматтын объективдүүлүгү үчүн жоопкерчиликтин, илимий принциптерге берилгендиктин жана коомго кызмат кылуунун тарыхы. Доорлор, методдор жана технологиялар алмашса да, статистиканын башкы милдети - өлкөнүн абалынын жана анын өнүгүүсүнүн ишенимдүү чагылдырылышы болуу - өзгөрүүсүз калды.

Бул басылма - улуттук статистикалык системаны түзгөн, чыңдаган жана заманбап кылган статистиктердин муундарына болгон урмат-сый. Бул ошондой эле маалыматтардын, санариптик чечимдердин жана аналитиканын ролу гана өсө турган келечекке көз салуу болуп саналат. Статистика - бүгүн жана анын тарыхынын жаңы кылымында мамлекет менен коом бири-бири менен так, чынчыл жана жоопкерчиликтүү сүйлөшө турган тил бойдон кала берет.

Жыйнакты даярдоодо СССР БСБсынын жана Казакстан Республикасынын Улуттук экономика министрлигинин Статистика боюнча комитетинин айрым тарыхый маалыматтары колдонулган.



*Кыргыз Республикасынын статистикасынын 100 жылдыгына*

*Эрдикти, акылмандыкты урматтаган биздин элдин улуулугу жана күчтүүлүгү – бекем биримдигинде жана тарыхын унутпай бек сактоосунда, өлбөстүгү – урпактардын терең билиминде жана айкөл, акылдуу муундарында.*

*Кыргыз руху Ала-Тоодой бийик жана ак мөңгүдөй таза.*

## КАДЫРЛУУ ЗАМАНДАШТАР!

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети – өлкөнүн социалдык-экономикалык абалын так өлчөгөн, аналитикалык маалыматтарды түзгөн, экономика менен саясатта стратегиялык арбитр катары кызмат кылган негизги мамлекеттик орган.

Мамлекеттин экономикасынын жүрөгү – бул өлкөнүн ички дүң продукциясы. Аны эсептөө – абдан татаал иш. Дал ушул ички дүң продукцияны эсептөө милдети улуттук статистика органдарына жүктөлгөн жана Улуттук статистика комитети бул ишти жогорку жоопкерчиликте аткарууда.

Чындыгында 100 жылдык тарыхтын ичинде ата мекендик статистика калыптануунун баштапкы этаптарынан тартып, бүгүнкү күндө технологиялык жактан өнүккөн, эл аралык статистикалык коомчулукка интеграцияланган деңгээлге чейинки татыктуу жолду басып өттү.

Өлкөбүздө акыркы беш жылга чейин утулуштардын статистикасы басымдуулук кылып келген болсо, соңку жылдары жетишкендиктердин, кубанычтуу окуялардын статистикасы башталды.

Бүгүн Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин маалыматтарына ылайык, кыргыз экономикасында ички дүң продукциянын көрсөткүчү 2 триллионго жетүүдө. Бул жерде Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети Улуттук статистика комитетинин маалыматтарынын башкы керектөөчүсү. Статкомдун маалыматтары бизге экономикалык стратегияларды түзүүгө, мамлекеттик чечимдерибизге жана эл аралык стандарттарга жооп берген пландоолорго негиз болуп берүүдө.

Статистика иштерин уюштуруу, өркүндөтүү боюнча аракеттер да жылдан-жылга жакшырууда. Санариптештирүү аркылуу статистикалык иш жаңы баскычтарга көтөрүлдү.

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин ролу мамлекетти башкарууда жана экономиканы өнүктүрүүдө баа жеткис.

100 жылдык мааракеңиздер кут болсун!

***Касымалиев Адылбек Алешович,***
***Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы –***
***Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Жетекчиси***



## УРМАТТУУ ОКУРМАНДАР!

Кыргыз статистикасынын жүз жылы – бул жөн гана маарекелик дата эмес. Бул өлкөнүн басып өткөн жолунун, анын тарыхынын, сандарда, фактыларда жана талдоолордо чагылдырылган өзгөрүүлөрүнүн жана өнүгүүсүнүн күзгүсү.

Ата мекендик статистиканын кылымдык тарыхы – бул, эң оболу, тактык, объективдүүлүк жана маалыматтар үчүн жоопкерчилик күнүмдүк иштин негизи деп билген кесипкөй коомчулуктун тарыхы.

Өлкөнүн өнүгүүсүнүн бардык этаптарында статистикалык кызмат өзгөрүүлөрдү түшүнүү үчүн зарыл болгон маалыматтык негизди камсыз кылып келди. Бул ыкмаларды тынымсыз өркүндөтүүнү, жаңы мамилелерди киргизүүнү жана кесиптик стандарттарды жогорулатууну талап кылды. Бул иштин борборунда ар дайым адистер турду, алардын аркасында расмий статистикага болгон ишеним калыптанууда.

Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасынын расмий статистикасы – бул эл аралык стандарттарга, технологияларды колдонууга жана кесиптик тажрыйбага негизделген заманбап тутум. Ал экономиканын, социалдык чөйрөнүн жана демографиялык процесстердин абалы жөнүндө объективдүү маалымат берип, чечимдерди кабыл алуу жана мамлекеттик саясатты калыптандыруу үчүн маанилүү негиз болуп кызмат кылат.

Тездик менен жүрүп жаткан глобалдык санариптештирүү шартында жана сапаттуу, өз убагында берилүүчү, салыштырмалуу маалыматтарга болгон муктаждык өсүп жаткан кезде статистиканын ролу өзгөчө стратегиялык мааниге ээ болууда. Ал маалыматтардын улуттук экотутумунун ажырагыс бөлүгү жана бардык деңгээлдерде негизделген башкаруучулук чечимдерди кабыл алуу үчүн ишенимдүү негиз болуп саналат.

Статистиканы өнүктүрүүнүн заманбап этабы санариптик технологияларды активдүү киргизүү - административдик маалыматтарды колдонууну кеңейтүү, отчеттуулуктун электрондук формаларын киргизүү, санариптик платформаларды жана талдоо куралдарын өнүктүрүү менен мүнөздөлөт.

Бул процессте адамдык капитал өзгөчө ролду ойнойт. Ар бир көрсөткүчтүн артында статистикалык маалыматтардын ишенимдүүлүгүн жана көз карандысыздыгын камсыз кылган адистердин эмгеги турат. Ардагерлердин тажрыйбасы жана жаңы муундун потенциалы биргеликте өлкөнүн статистикасын андан ары өнүктүрүү үчүн бекем негиз түзөт.

Бул басылма - өткөнгө көз салуу гана эмес, топтолгон тажрыйбаны аңдап билүү да болуп саналат. Анда статистиканын өнүгүүсүнүн негизги этаптары, анын заманбап көрүнүшүн калыптандырган мамилелер жана чечимдер чагылдырылган.

Кыргыз Республикасынын расмий статистикасынын 100 жылдык маарекесинде статистика органдарынын бардык кызматкерлерине жана ардагерлерине кесипкөйлүгү, ишине берилгендиги жана улуттук статистикалык тутумдун өнүгүшүнө кошкон олуттуу салымы үчүн терең ыраазычылык билдирем.

*Б. Ж. Кудайбергенов*
*Кыргыз Республикасынын*
*Улуттук статистика комитетинин*
*төрагасы*

# **I бөлүм.** Кыргызстандын статистикасынын калыптануу жана өнүгүү тарыхы

## 1.1. Башталышы (1926-жылга чейинки мезгил)

Кыргыз Республикасынын азыркы аймагынан коомдук кубулуштар тууралуу зарыл маалыматтарды топтоо эчактан бери иш жүзүнө ашырылып келе жатат.

Алгачкы статистикалык документтердин бири аскерлердин жайгашуусу, губерниялардын жана облустардын карталары, аймактардын көлөмү (чакырым менен), малдар, аларды кармоо, сатуу, товар алышуу жана соода, алтын кени чыга турган жер түрүндөгү тоо өндүрүшү жана башкалар жөнүндө маалыматтардан башка маалыматтарды камтып, 1842-жылы түзүлгөн кыргыз-кайсак талааларынын аскердик-статистикалык жазуулары болуп саналат.

Бирок республиканын аймагындагы статистикалык ишмердиктин пайда болушун XIX кылымдын экинчи жарымына, т.а., Кыргызстандын Орус падышалыгынын курамына кирген мезгилине туура келет деп айтууга болот, бул убакта Орус падышалыгында калктын саны жана социалдык топтор, калктын социалдык-турмуштук абалы жөнүндө башка статистикалык маалыматтар боюнча расмий маалыматтарды топтоо жана жалпылоо түрүндөгү мезгилдүү статистикалык иштер жүрүп турган. Ошондой эле XIX кылымдын биринчи үчүлүгүндө Россияда алгачкы мамлекеттик расмий статистика органы түзүлүп, борборлоштурулуп уюштурулган статистикалык ишмердик калыптана баштаган.

1868-жылдын 22-январында Борбор Азиянын аймагындагы Ташкент шаарында түзүлгөн Түркстан губернатордук статистика комитети алгачкы расмий мамлекеттик статистикалык орган болуп саналат.

Кыргызстандын алыскы аймактарындагы калктын саны жана курамы жөнүндөгү расмий статистикалык маалыматтар 1872-жылы Түркстан крайында чыгуучу статистикалык жылдыкка жарыяланган, ошол кезде Ысык-Көл жана Токмок уезддерин курамына камтуучу Семиречье облусу бул крайга караштуу болгон.

1897-жылы Кыргызстандын аймагында Орус падышалыгынын алкагында 9-февралдагы (28-январь) абал боюнча биринчи жолу калк каттоо жүргүзүлгөн. Бул каттоо Орус падышалыгынын биринчи жана жалгыз жалпы калк каттоосу болгон. Каттоону уюштуруунун жана өткөрүү программасынын башында 1875-1896-жылдары Россия Ички иштер министрлигине караштуу Статистикалык кеңешти жетектеп турган белгилүү орус окумуштуусу П.П. Семенов-Тянь-Шанский турган. Каттоонун жыйынтыгы боюнча 1897-жылдагы Кыргызстандын калкынын эсептик саны 663 миң адамды түзгөн.

Мындан сырткары революцияга чейинки мезгилдеги маалыматтарды алуунун жолдору алгачкы жазуулардан маалыматтарды тандап алуу, ошондой эле болуш жана уезддер аркылуу жер-жерлерде маалыматтарды топтоо, каттоолорду жүргүзүү ж.б. болуп саналган.

Орус падышалыгындагы негизги статистикалык байкоолор түрдүү министрликтер жана ведомстволор тарабынан дээрлик өз алдынча жана өз ара макулдашуусуз эле жүргүзүлгөндүгүн белгилей кетүү керек, т.а., өлкөдө бирдиктүү статистика системасы жана статистикалык ишмердиктин бардык катышуучулары үчүн жалпы методологиялык база болгон эмес. Алгачкы маалыматтарды түзүүнүн, алынган статистикалык маалыматтарды топтоо жана жалпылоонун бирдиктүү тартибинин жана жетекчилигинин, баары үчүн жалпы жана милдеттүү болгон методологиясынын жоктугу көбүнчө алардын жайгашкан жери жана убактысы боюнча жыйынтыктоочу натыйжаларынын

толук эместигине жана салыштырууга болбой тургандыгына алып келген. Ошол убакта Орус падышалыгында да, Кыргызстанда да крайлардагы (земстволук, шаардык жана көчүп жүрүүчү статбюролор) бардык жергиликтүү статистика кызматтарын бирдиктүү методологиялык борборго жетектөөчү жана бириктирүүчү бирдиктүү мамлекеттик статистика органы болгон эмес.

1918-жылдын жайында Кыргызстандын бардык аймагында совет бийлиги орногон. Кыргызстандагы совет бийлигинин ишмердиги эски мамлекеттик аппаратты бузуп, жаңы мамлекеттик аппаратты түзүүдөн башталган.

Кыргызстандагы статистиканын түптөлүү жана өнүгүү процесси статистиканы түшүнгөн тийиштүү кадрлардын жоктугунан улам татаал жагдайда өттү.

1919-жылга чейин ошол кезде азыркы Кыргызстан да курамына кирген Түркстан республикасынын аймагында статистикалык эсеп жана отчеттуулук маселелерин жөнгө салган бирдиктүү орган жок болгон. Айрым статистикалык жалпылоолор Түркстан республикасынын элдик дыйканчылык комиссариатынын статистика бөлүмдөрү жана Борбордук эл чарба кеңеши тарабынан ишке ашырылган.

Түркстан мамлекеттик эл чарба башкармалыгы үчүн зарыл болгон статистикалык маалыматтарга карата муктаждыктардын өсүшү менен Түркстан Республикасынын Борбордук аткаруу комитети 1920-жылдын 25-мартында Түркстан Республикасынын элдик дыйканчылык комиссариатынын статистика бөлүмдөрү менен Борбордук эл чарба кеңешин бириктирүү жана элдик комиссариаттын укугундагы Борбордук статистика башкармалыгын түзүү жөнүндө токтом кабыл алган.

Борбордук статистика башкармалыгында курамы Түркстан республикасынын Борбордук аткаруу комитети тарабынан бекитиле турган коллегия түзүлгөн.

Ошол эле убакта региондук статистика органдары түзүлгөн: Пишпек уездик статистика бюросу, Нарын, Каракол жана Ош уездик (Ош уезд 1924-жылга чейин Фергана облусунун курамына кирген) статистика бюролору. Болуштук статистиктердин аппараты түзүлгөн.

Кыргызстандагы статистиканын түптөлүү жана өнүгүү процесси ошол убакта статистиканы түшүнгөн квалификациялуу кадрлардын жоктугунан улам татаал жагдайда өткөн.

Уездик статистика бюросунун штаты эки кыдырып жүрүүчү инструктордон – иш жүргүзүүчүдөн жана эсептегичтен турган.

Болуштарда статистика каттоочулары иш жүргүзүп, алар эки чектеш болушту тейлешкен. Статистика каттоочуларынын милдетине саламаттыкты сактоо, агартуу, жер пайдалануу, базарлардын эсеби жана базар бааларын каттоо, төрөт, сот

иштеринин саны жана жүрүшү боюнча эсептик жана баяндоо түрүндөгү маалыматтарды топтоо кирген. Ушул максаттар үчүн эсеп жана отчеттуулуктун тийиштүү формалары иштелип чыккан.

Түркстан Республикасынын БСБ түзүлгөнүнүн биринчи жылында эле өз аймагынын чегинде 1920-жылдагы айыл чарба каттоосу, кыска өнөр жай эсеби жана элдик билим берүү мекемелеринин каттоосу менен айкалышкан биринчи советтик калк каттоо, андан кийин 1921-1922-жылдары - шаар калкынын тамактануусунун изилдөөсү жана өнөр жай ишканаларынын жумушчу-



ларынын жана кызматкерлеринин бюджетинин эки изилдөөсү, 1922-жылы – кебез тазалоо өнөр жайынын изилдөөсү, 1923-жылы – шаар каттоосу (демографиялык, турак жайлык, өнөр жайлык) сыяктуу ири статистикалык иштерди, ошондой эле бир катар маанилүү иштерди жасаган.

1924-жылдын аягында Орто Азия элдеринин улуттук-мамлекеттик чектери бөлүштүрүлгөн, натыйжада РСФСРнын курамында азыркы Кыргызстандын аймагында Кара-Кыргыз автономиялуу облусу түзүлгөн. 1925-жылдын январь айында төмөнкүдөй түзүм менен облустук статистикалык бюро түзүлгөн: бир секциясы демографиялык, моралдык-санитардык статистиканы, элдик билим берүү, административдик жана аскердик статистиканы камтыса, экинчи секциясы айыл чарба, экономика, финансы, шаар, кооператив, өнөр жай, эмгек жана өнүгүү статистикасын камтыган.

Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун статистика бюросуна эл чарба пландарын, анын ичинде биринчи (1926-1927-жж.) эл чарба пландарын түзүү үчүн зарыл болгон статистикалык маалыматтарды топтоо жана иштеп чыгуу жана аларды облустук статистика органдарына берүү милдеттери жүктөлгөн.

1925-жылы облустун аймагында 4 административдик-аймактык округ (Пишпек, Жалал-Абад, Кара-Кол жана Ош) жана алардын курамына кирүүчү 75 болуш түзүлгөн. Округдардагы статистикалык иштерди округдук статистика бюролору, болуштарда болуштук (райондук) статистика бюролору жүргүзүшкөн, болуштук статистика бюролоруна болуштардагы жашоонун бардык чөйрөлөрүндөгү фактыларды жана алгачкы байкоолорду каттоо милдети жүктөлгөн.

## 1.2 Статистика органдарынын түзүлүшү жана алгачкы кадамдар (1926-1930)

1926-жылы Кара-Кыргыз автономиялуу облусу РСФСРнын курамындагы автономиялуу республика болуп кайра түзүлгөн. Республиканын аймагында жаңы райондоштуруу жүргүзүлгөн – округдардын ордуна болуштарга жана айылдык кеңештерге бөлүнгөн кантондор түзүлгөн.

Кара-Кыргыз облревкомунун Президиумунун 1926-жылдын 29-апрелиндеги токтому менен статистика комитети түзүлгөн, ага статистикалык маалыматтарды ар тараптуу иштеп чыгуу, ошондой эле ошол кезде түрдүү ведомстволордун жана мекемелердин курамында турган статистикалык органдардын ишмердигин координациялоо милдеттери жүктөлгөн.

1927-жылдын март айында Кара-Кыргыз автономиялуу облусу Кыргыз АССРи болуп кайра түзүлгөн.

1926-жылдын декабрь айынан 1928-жылдын декабрь айына чейин Кыргыз АССРинин аймагы 7 кантонго (Каракол, Талас, Нарын, Ош, Чүй, Жалал-Абад, Фрунзе) бөлүнгөн. Кантондук аткаруу комитеттеринде статистика бөлүмдөрү ачылып, курамына башчы жана бир инспектор-статистик кирген.

1927-жылдын октябрь айында жергиликтүү мамлекеттик статистика органдары жөнүндө типтүү жобо бекитилген. Бул жобого ылайык Кыргыз АССРинин Элдик комиссарлар кеңешинде элдик комиссариат укугунда иш жүргүзгөн статистикалык башкармалык түзүлгөн. Башкармалыкты башкаруучу башкарып, ал Элдик комиссарлар кеңешинин жыйындарына катышып, чечүүчү добушту берүү укугуна ээ болгон.

Кыргыз Республикасындагы жогорку органдын жана мамлекеттик статистика системасынын калыптануу жана өнүгүү мезгилдери (түзүү, кайра түзүү, кайра атоо)

| Түзүлгөн жылдар | Органдын аталышы | Органдын биринчи жетекчилери | |
|---|---|---|---|
| | | иштеген жылдары | көрсөтүлгөн жылдары жетектеген адамдын аты-жөнү |
| 1926-ж. | Кыргыз АССРинин статистика боюнча комитети | 1926-1934-жж. | Дивногорский М.Н. |
| 1927-ж.(4-октябрь) | Кыргыз АССРинин статистика башкармалыгы | | |
| 1930-ж. (4-сентябрь) | Кыргыз АССРинин Мампланына караштуу статистикалык сектор | | |
| 1932-ж. (5-декабрь) | Кыргыз АССРинин Мампланына караштуу эл чарба эсеби башкармалыгы (ЭЧЭБ – республиканын статистикалык органы) | 1934-1937-жж. | М.С. Придувалов |
| | | 1937-ж. | И.А. Цукерман (ВРИО) |
| | | 1937-ж. | М.И. Ширяев (ВРИО) |
| | | 1938-ж. | И.Я. Шувалов (ВРИО) |
| | | 1938-ж. | К. Маркабаев (ВРИО) |
| | | 1938-1940-жж. | А.Ф. Прядко |
| 1941-ж. (7-апрель) | Кыргыз ССРинин Мампланынын статистикалык башкармалыгы | 1940-1948-жж. | А.М. Ходоровский |
| 1948-ж. (10-август) | Кыргыз ССРинин статистика башкармалыгы | 1948-1957-жж. | Н.С. Есипов |
| | | 1957-1965-жж. | С.А. Алымкулов |
| 1960 (16-март) | Кыргыз ССРинин Министрлер кеңешине караштуу Борбордук статистика башкармалыгы | 1965-1967-жж. | К.А. Садыбакасов |
| | | 1967-1969-жж. | М.Ж. Жунусалиев |
| 1978-ж. | Кыргыз ССРинин Борбордук статистика башкармалыгы | 1969-1985-жж. | Т.М. Алмаев |
| 1987-ж. | Кыргыз ССРинин Мамлекеттик статистика комитети | 1985-1989-жж. | Т.А. Малабеков |
| | | 1989-1992-жж. | Б.А. Акказиев |
| 1992-ж. | Кыргызстандын статистика боюнча мамлекеттик агенттиги | 1992-1993-жж. | Зулпукаров А.З. |
| 1993-ж. | Кыргыз Республикасынын статистика боюнча мамлекеттик комитети | 1993-1997-жж. | Акенеев Ж.А. |
| 1994-ж. | Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети | 1997-2005-жж. | Кудабаев З.Ы. |
| | Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети | 2005-2012-жж. | Абдыкалыков О.А. |
| | Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети | 2012-2016-жж. | Осмоналиев А.Ш. |
| | Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети | 2016-2021-жж. | Султанов А.Ш. |
| | Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети | 02.2021-12.2021-жж. | Насирдинов С.Н. |
| | Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети | 2021-жылдан азыркы убакытка чейин | Кудайбергенов Б.Ж. |

Бул уюштуруунун жана бирдиктүү методологиянын жалпы принциптеринин негизинде борборлоштурулган статистикалык ишмердикти түптөөнүн, ишканалардын жана уюмдардын отчеттуулугуна негизделген учурдагы статистиканы түзүүнүн башталышы болуп саналган.

Мамлекеттик статистиканын биринчи жетекчиси жана уюштуруучусу Дивногорский Михаил Николаевич болгон. Ал өз эмгек ишмердигин Москва губерниясынын статистикасында баштаган жана 1924-жылдан 1934-жылга чейинки мезгил аралыгында республиканын статистика органдарын жетектеп турган.

***Дивногорский Михаил Николаевич***. 1876-жылы туулган. Белорус. Гимназияны аяктагандан кийин Москва университетине тапшырган, бирок окуу акысын төлөбөгөндүктөн окуудан чыгарылганЭмгек жолун 1897-жылы Москва губерниясында статистика органдарында баштаган, 1922-жылы Аму-Дарыя облусунун статистикалык бюросунун башчысы, андан кийин Хорезм БСУнун башкаруучусу болуп дайындалган. 1924-жылы Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун Революциялык комитетинин Президиумунун токтому менен Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун статистикалык бюросунун башчысы болуп бекитилген. 1926-жылдан 1934-жылга чейин – Кыргыз АССРинин статистика комететинин начальниги болгон.

*КР Мамлекеттик архивинин маалыматы боюнча, 105-фонд, 1-тизме, №386 делосу*

Анын жетекчилигинин алдында төмөнкүдөй маанилүү иштер аткарылган:

- ◊ Талас жана Фрунзе кантону боюнча айыл чарба изилдөөлөрүнүн чарбачылык карточкаларын түзүү;
- ◊ республиканын бардык кантондорундагы дыйкан чарбалардын бюджеттик изилдөөсү;
- ◊ республикадагы жерге жайгаштыруу иштери жөнүндө отчет;
- ◊ 1926-ж. республика боюнча эгиндердин жана чөптөрдүн абалы жөнүндө маалыматтар;
- ◊ 1928-ж. жазгы айыл чарба изилдөөсүнүн материалдарын иштеп чыгуунун жыйынтыктары;
- ◊ 1927-1928-жж. республика боюнча тандалма айыл чарба изилдөөсүнүн чарбалык сурамжылоосунун карточкаларын түзүү;
- ◊ таза кирешелерден киреше салыгын төлөөчүлөрдүн бөлүнүшү, 1927-1928-жж. салык төлөөчүлөрдүн салыктары жана иштеринин түрлөрү жөнүндө маалыматтар;
- ◊ 1927-1928-жж. республика боюнча калктын табигый кыймылы жөнүндөгү маалыматтар;
- ◊ 1928-ж. республиканын айыл калкынын, Фрунзе жана Ош шаарларынын тургундарынын тамактануусунун абалы жөнүндө маалыматтар
- ◊ 1928-1929 -жж. айыл чарба салыгын төлөөчү отурукташкан калктын тизмесин түзүү;
- ◊ 1927-1928-жж. республиканын жаратылышына жүргүзүлгөн байкоолордун жыйынтыктары;
- ◊ 1926-1927-жж. республика боюнча бардык баскычтагы соода мекемелеринин эсеби боюнча карточкаларды иштеп чыгуу;
- ◊ 1926-ж. октябрь айындагы - 1927-ж. сентябрь айындагы республиканын шаар калкынын тамактануусунун изилдөөсүнүн маалыматтарын иштеп чыгуу;
- ◊ 1926-ж. октябрь айындагы - 1927-ж. сентябрь айындагы республиканын шаар калкынын тамактануусунун изилдөөсүнүн маалыматтарын иштеп чыгуу;
- ◊ 1926-1930-жж. өнөр жай ишканаларынын эмгек акысы жана дүң продукциялары жөнүндө маалыматтарды топтоо;

- 1926-1927-жж. жана 1927-1928-жж. рыноктук жүгүртүү жана базар баалары жөнүндө маалыматтар;
- 1927-1929-жж. республиканын өнөр жайынын абалы жөнүндө мөөнөттүү билдирмелерди түзүү;
- 1927-ж. республиканын сугат жана кайрак жерлериндеги айдоо аянттары жөнүндө маалыматтар;
- 1929-ж. республиканын тандалма айыл чарба каттоосунун карточкаларын иштеп чыгуу.

Статбашкармалык жана анын жер-жерлердеги органдары тарабынан 1927-жылы 10%дык тандалма айыл чарба каттоосу уюштурулган жана өткөрүлгөн, каттоонун жыйынтыгы менен төмөнкү маалыматтар биринчи жолу жарыяланган: Фрунзе-Чүй топтому боюнча социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрдүн аналитикалык таблицасы, ошондой эле дыйкан чарбалардын малдар менен камсыз кылуу боюнча изилдөөсүнүн жыйынтыктары. Ушул эле жылы малчылардын конуштары жана тоолордогу карлардын камдары боюнча изилдөө жүргүзүлгөн.

1927-жылдын 15-декабрындагы абал боюнча Бүткүл союздук мектеп каттоосу (мекемелердин саны, окутуучулардын курамы жана окуучулар) жүргүзүлгөн; 1928-жылы совхоздордун жана колхоздордун жалпы каттоосу, 1929-жылдын 15-декабрына карата республиканын ошол кездеги өнөр жайынын негизги бөлүгүн түзгөн чакан жана майда кол өнөрчүлүк өнөр жайынын ишканаларынын каттоосу жүргүзүлгөн.

## 1.3 Мамлекеттик пландын кызматында (1930-1948)

Эсептин көлөмүнүн өсүшүнө жана эл чарбаны пландаштыруу зарылчылыгына байланыштуу 1930-жылдын январь айында статистика органдары өз алдынча ведомство катары жоюлуп, алардын милдеттери Мампланга берилген.

1930-жылдын сентябрь айында Кыргыз АССРинин Мампланынын статистикалык секторунун түзүмү бекитилип, анын курамына төрага жана анын орун басары, өнөр жай статистикасы, айыл чарба статистикасы, социалдык статистика, эмгек жана тиричилик, алышуу, тескеме жана кайрылуу статистикасы топтору жана теңдемдер – статистикалык иштер тобу кирген.

1929-жылдан 1936-жылга карай статистика жана элдик финансы комиссариаты тарабынан мурун жүргүзүлүүчү жазгы тандалма изилдөөнүн ордуна айыл чарбасынын (айдоолор, малдар ж.б.) толук эсеби жүргүзүлгөн.

Өткөн жүз жылдыктын отузунчу, кыркынчы жана элүүнчү жылдарында статистика боюнча райондук инспекторлорду тандоого чоң маани берилген. Алардын талапкерлиги Бүткүл союздук Коммунисттик партиянын (большевиктер) Борбордук комитетинде, андан кийин Советтер Союзунун Коммунисттик партиясында бекитилген.

СССРдин Мампланынын Борбордук эл чарба эсеби башкармалыгынын начальниги В.В. Осинскийдин 1934-жылдын 10-апрелиндеги Кыргыз АССРинин ЭЧЭБнын 1934-жылдан 1937-жылга чейин башкарып турган начальниги С.М. Придуваловго жазган №107 циркулярдык катынан алынган үзүндүнү мисал катары көрсөтөбүз:

*«БКП БК (б) эл чарба эсебинин райондук инспекторлорун биздин системанын негизги звенасы катары чындоо керек экендигин билдирди. Бул чындоо текшерилбей турган компаниянын тартибинде эмес, акырындык менен ар бир райондук инспектордун иши менен кылдат таанышуу жана анын жөндөмсүз же жөндөмсүз эместигин аныктоого персоналдык мамиле жолу менен жүргүзүлөт.*

Дайындала турган жумушчуларды тандоону азыртадан баштоо керек, ошону менен бирге ар бир он күндүккө райондук инспекторлорду дайындоо үчүн СССР ЭЧЭББнын тескемесине бериле турган жумушчулардын белгилүү тобун БКП БКнын (б) бекитүүсүнө берүү керек.

Райондук инспектураларды кайра кароо жана чыңдоо боюнча иштердин жүрүшү жөнүндө ай сайын маалымат берип туруңуздар".

**Кыргыз АССРинин ЭЧЭБнин алгачкы райондук инспекторлору (1920-1930-жж.)**

| Аты-жөнү | Тейлеген райондору |
|---|---|
| В.В. Каурцев | Талас |
| А.Д. Штефан | Беловодский |
| И.С. Перелевский | Ысык-Көл |
| И.Р. Кирьянов | Беловодский |
| Н.Н. Малахов | Жалал-Абад |
| В.М. Джулов | Ноокат |
| А.Н. Буханцев | Рыковский |
| И.В. Терентьев | Каракол |
| А.Н. Шевцов | Ат-Башы |
| И.Т. Никитин | Нарын |
| Я.П. Марченко | Кызыл-Кыя |
| Ж.С. Березин | Ош |
| П.А. Лысов | Фрунзе |

1936-жылдын 5-декабрындагы СССРдин Конституциясына ылайык Кыргыз АССРи Кыргыз ССРи болуп кайра түзүлгөн.

Кыргыз ССРинин Мампландоо комитетинин алдында Эл чарбалык эсепке алуу башкармалыгы (ЭЧЭБ - республиканын статистикалык органы) уюштурулуп, 1938-жылдын октябрь айында Мампландоо комитети жөнүндө Жобо бекитилген, анын бир бөлүгү ЭЧЭБге тиешелүү болгон.

Кыргыз АССРинин 1936-жылдын 5-декабрындагы Конституциясына ылайык Кыргыз АССРи Кыргыз ССРи болуп кайра түзүлгөн.

Кыргыз ССРинин Мампланында Эл чарба эсеби башкармалыгы (ЭЧЭБ – республиканын статистика органы) уюшулган жана 1938-жылдын октябрь айында бир бөлүгү ЭЧЭБге таандык болгон Мамплан жөнүндө жобо бекитилген.

ЭЧЭБнын түзүмү төмөнкү бөлүмдөрдөн турган:

1. жыйынтоочу пландаштыруу бөлүмү финансы сектору жана эмгек жана өздүк нарк топтору менен биргеликте;
2. материалдык-техникалык жабдуу бөлүмү жабдуу сектору менен биргеликте;
3. капиталдык курулуш сектору;
4. райондук пландаштыруу сектору;
5. айыл чарба сектору;
6. жергиликтүү өнөр жай жана өнөр жай кооперациялары сектору;
7. оор, жеңил жана тамак-аш өнөр жайы сектору;
8. күйүүчү май сектору;
9. турак жай-коммуналдык чарба сектору,
10. маданият жана кадр сектору;
11. саламаттыкты сактоо сектору;
12. жол-транспорт чарбасы жана байланыш сектору;
13. товар жүгүртүү сектору.

***Придувалов Михаил Степанович*** 1897 жылы туулган. 1929 жылы Плеханов атындагы Москва эл чарба институтун бүтүргөндөн кийин СССРдин Мампланынын экономикалык изилдөөлөр институтуна аспирантурага тапшырган, 1932-1934 жылдары СССРдин Мампланынын Борбордук эл чарба эсеби башкармалыгында сектордун начальниги болуп иштеген. 1934 жылдан 1937 жылга чейин Кыргыз АССРинин эл чарба эсеби башкармалыгынын начальниги болуп эмгектенген.

*КР Мамархивинин маалыматтары боюнча, 16 фонд, 15 жазма, №2098 көктөмө*

1937-жылдын январь айындагы жана 1939-жылдын январь айындагы абал боюнча Бүткүл союздук калк каттоону уюштуруу

жана аткаруу ошол жылдары статоргандар үчүн маанилүү жана оор болгон. 1937-жылдагы каттоонун жыйынтыктары жараксыз болуп, кемчиликтүү деп таанылган, ал эми каттоонун уюштуруучулары, анын ичинде борборлордогу жана республикалардагы статоргандардын жетекчилеринин жана жетектөөчү адистеринин жоон тобу кыянатчылыкка жана калктын учурдагы эсебинин көрсөткүчтөрүн алдын ала ашыра көбөйтүүгө айыпталышкан. СССРнын Мампланынын ЭЧЭББнын начальниги И. Краваль камакка алынып, атууга буйрулган. Өлкөнүн статоргандар системасындагы көптөгөн башка кызмат адамдары, анын ичинде Кыргыз ССРинин Мампланынын ЭЧЭББнын борбордук жана жергиликтүү органдарында иштеген көптөгөн кызматкерлер репрессияга кабылышкан. Аларды "1937-жылдагы каттоонун жыйынтыгын бурмалоого" "күнөөлөөнүн" маңызы бул каттоо боюнча СССРнын калкынын жалпы саны 162 млн. адамды түзгөндүгүндө, анткени 1933-жылдын аягына карата калктын саны 168 млн. адамды түзгөн болчу. Ошону менен бирге СССРнын жогорку партиялык жана советтик жетекчилиги калктын санынын мындай жоготуусу 30-жылдардын башында жүргүзүлгөн 30-жылдардын биринчи жарымындагы айыл чарбасындагы зомбулук менен болгон коллективдештирүүнүн, ошол кезде өлкөнүн калкынын арасында көп жерлерде башталган саясий жана башка массалык репрессиялардын натыйжасы экендигин тааныгысы келген эмес.

1939-жылдын ноябрынан тартып республиканын аймагына облустук бөлүнүү киргизилген жана беш облуска бөлүнгөн: Тянь-Шань, Ысык-Көл, Ош, Жалал-Абад, Фрунзе (Талас облусу 1944-жылы түзүлгөн).


Облустарда облустук ЭЧЭБнын статистика органдары, райондордо эл чарба эсеби инспектуралары түзүлгөн.

**Облустук ЭЧЭБнин статоргандарынын алгачкы жетекчилери**

*И.П. Васильев*
*Т.П. Кустнинский*
*Д.Н. Виноградов*
*Н.Н. Засухин*
*П.Т. Донской*

ЭЧЭБ органдары тарабынан республиканын аймагында жүргүзүлгөн ири жана татаал иштердин бири 1939-жылдын 17-январындагы калк каттоо болгон, бул каттоону кылдат жана масштабдуу даярдоо иштери алдын ала жүргүзүлгөн.

Республиканын 30-40-жылдардагы социалдык-экономикалык абалын изилдөөчүлөр үчүн статистика органдарынын ошол кездеги ири статистикалык жыйнак түрүндөгү басылмаларына суроо-талап көп коюлган жана алар маанилүү басылмалардан болгон. 1937-жылы Совэлкомиссариаттын жана КП БКнын (б) токтомуна ылайык биринчи жолу «Улуу Октябрь Революциясынын 20 жылдыгындагы Кыргыз ССРинин чарбалык жана социалдык-маданий курулушунун кыскача статистикалык маалымдамасы», 1940-жылы "Кыргыз ССРинин социалисттик курулушу" статистикалык жыйнагы, ал эми 1941-жылы "Кыргыз ССРине 15 жыл" аттуу маарекелик жыйнак басылып чыккан.



## 1.4 Жеңишке кошкон салым

1940-жылдын декабрь айында Кыргыз ССРинин Мампланынын Эл чарба эсеби башкармалыгын, кийинки Кыргыз ССРинин Мампланынын Борбордук статистика башкармалыгын республиканын статистика органдарында 1948-жылдын август ылдын августуна чейин республиканын статистика органдарында иштеген Жодоровский Абрам Моисеевич башкарган. Буга чейин союздук республикалардын ЭЧЭБсынын ичинде акыркы орунда турган Кыргыз ССРинин Эл чарба эсеби башкармалыгы анын чоң практикалык тажрыйбасынын жана статистиканы билгендигинин арты менен жарым жылдан кийин акыркы орундан жетинчи орунга, ал эми 1941-жылдын аягында СССРде биринчи орунга чыккан.

***Ходоровский Абрам Моисеевич*** 1908-жылы туулган. Улуту – еврей. 1939-жылы Харьков престандык институтун бүтүргөн. 1927-жылдан 1940-жылга чейин Украина статистика органдарында иштеген. 1940-жылдын 1948-жылга чейин Кыргыз ССРинин Мампланынын Эл чарба эсеби башкармалыгынын, кийинки Кыргыз ССРинин Статистикалык башкармалыгынын начальниги.

*КР Мамархивинин маалыматтары боюнча*

1941-жылдын апрель айында Кыргыз ССРинин Мампланынын ЭЧЭБ Кыргыз ССРинин Статистика башкармалыгы деп кайра аталган. Облустук ЭЧЭБдер облустук статистика башкармалыктары деп кайра аталган. Райондук аткаруу комитеттерине жана шаардык кеңештерге караштуу жерлерде райондук (шаардык) статистика инспектуралары түзүлгөн.

1942-жылы Кыргыз ССРдин Мамлекеттик планынын Статистика башкармалыгынын түзүмү төмөнкү бөлүмдөрдөн турган: түшүмдүүлүктү аныктоо, айыл чарба эсептери, товар жүгүртүү эсептери, демография, маданият эсептери, капиталдык курулуш эсептери, транспорт жана байланыш эсептери.

1943-жылы Кыргыз ССРнин Мампланынын статистикалык башкармалыгы СССР Мампланынын БСУнун Аппаратынын курамына киргизилген.

Согуш жылдарында Кыргызстанда 30дан ашык завод жана фабрикалар эвакуацияланган, алардын ичинен 24ү СССР, РСФСР жана УССРнын Легпромунун элдик комиссариаттарынын ишканалары болуп саналган.

Өлкөнүн башка региондорунан келип түшүүлөрдү токтотуу шартында Кыргызстан чийки заттардын жана материалдардын көптөгөн түрлөрү боюнча өзүн-өзү камсыздоого мажбур болгон.

Жыгач даярдоо иштери жүргүзүлүп, тамак-аш тузу, ийлөөчү заттар казыла баштаган, каучук чыгуучу өсүмдүктөр өстүрүлгөн. 1944-жылы пахтанын сабагын пайдалануунун базасында кагаз фабрикасы курулган.

Согуш жылдарында Кыргызстандын негизги өнөр жай фонддору дээрлик эки эсеге көбөйгөн. Ошону менен бирге ишканаларда иштеген жумушчулардын жарымынан көбүн аялдар жана өспүрүмдөр түзгөн. Алар тарабынан металл иштетүү өнөр жайынын продукцияларын чыгаруунун (4 эсе), анын ичинде машина куруунун (11 эседен көп) көбөйүшү камсыздалган.

Фронттун жана өлкөнүн муктаждыктары үчүн 1 355 миң жуп булгаары бут кийим, 474 миң метр жибек кездеме, 5,7 млн. даана тигүү жана 2,4 млн. даана трикотаж буюмдар, 1 613 миң жуп байпак, 177 миң тонна кум-шекер, 94,4 млн. банка эт консервалары жана башка продукциялар даярдалган.

Согуш жылдарынын ичинде республика жалпысынан 300 миңден ашуун жаңы тургундарды кабыл алган.

Согуш жылдарында мамлекеттик статистика органдары жер-жерлердеги өлкөнүн коргоо максаттары үчүн өзгөчө зарыл болгон ресурстарды аныктоодо жана мобилизациялоодо чоң роль ойногон. Статистика органдарына кечиктирилгис коргоо милдеттерин чечүү үчүн зарыл болгон талап кылынган материалдык жана эмгек ресурстарынын болушун аныктоо, эл чарбасынын маанилүү тармактарынын жана өлкөдөгү стратегиялык маанилүү ишканалардын иштеши жөнүндө туруктуу ыкчам маалыматтарды токтоосуз уюштуруу жана топтоо боюнча шашылыш иштерди (анын ичинде «дароо болуучу» деп аталган каттоолор) өткөрүү тапшырылган.

Мал каттоолор жөнөкөйлөштүрүлгөн программа менен эсептөөгө алмаштырылган. Карточка системасы боюнча жабдылган эвакуацияланган калк тууралуу маалыматтарды топтоо жана иштеп чыгуу боюнча олуттуу иштер жүргүзүлгөн, калктын санынын айлык эсептөөлөрү жүргүзүлүп, Айылдык кеңештердин 1-январга карата айыл калкынын жаш курактык жана жыныстык курамы жөнүндө жылдык отчеттору берилген.

1942-жылдан баштап колхоздор менен совхоздордун мал чарбачылыгынын абалы жөнүндө ай сайын берилүүчү отчеттуулугу, ал эми 1943-жылдан тарта - калктын жеке менчигиндеги малдын жылдык эсеби киргизилген. 1943-жылдан баштап айдоо аянттарын тандалма контролдук текшерүүлөр күчөтүлүп, айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгүн аныктоонун негизине түшүмдүн түрлөрүн массалык баалоо ыкмасы коюлган. Согуш жылдарында эмгек статистикасы жана калк статистикасы боюнча маалыматтарга болгон суроо-талап өскөн. Эл чарбасынын негизги тармактарынын кызматкерлеринин саны жана сапаттык курамы боюнча бир жолку эсептөөлөр көп ирет жүргүзүлгөн, 1942-жылдан тартып иштегендердин саны жана эмгек акы фондулары боюнча ай сайын жүргүзүлүүчү эсепке алуу уюштурулган; жумушчулардын кесиби, квалификациясы жана эмгек акы төлөө системалары боюнча курамынын бир жолку эсептөөлөрү бир нече жолу өткөрүлгөн; калктын ден соолугу, анын ичинде балдардын ден соолугу боюнча өзүнчө атайын отчеттуулук киргизилген.

1941-жылы Кыргыз ССРинин Мампланынын Статистикалык башкармалыгы тарабынан биринчи жолу Кыргыз ССРинин эл чарбасынын негизги көрсөткүчтөрү боюнча ай сайын чыгуучу маалымдама басылып чыга баштаган. 1942 жана 1943-жылдары эмгек жана транспорттук ресурстардын балансылары түзүлүп, кара жана түстүү металлдардын, жабдуулардын, күйүүчү-майлоочу материалдардын, тетиктердин жана курулуш материалдарынын каттоосу жүргүзүлгөн. Ошондой эле айылдык кеңештердин эсебин өркүндөтүү боюнча иштер жүргүзүлүп, бул максатта чарбалык китептерди жүргүзүү боюнча эскертмелер жана көрсөтмөлөр иштелип чыгып, практикага киргизилген.

Согуш мезгилинде жана согуштан кийинки алгачкы жылдары (1946-1948) статистикалык органдар тарабынан так борборлоштурулган гана статистикалык иштер жүргүзүлгөн; бул учурда бир жолку эсепке алууларга жана каттоолорго, биринчи кезекте материалдык ресурстарды, өнөр жай жабдууларын жана транспорт каражаттарын каттоого чоң маани берилген.

Колхоз базарларындагы негизги айыл чарба продукцияларынын бааларын каттоо жүргүзүлө баштаган, ошондой эле мамлекеттик чекене соодадагы коммерциялык жана ченемдик (пайкок) баалардын кыймылына байкоо жүргүзүлгөн. Тез арада аткарылуучу статистикалык иштердин жыйынтыктарын жыйноо жана алуу мөөнөттөрүн кыскартуу максатында облустук жана республикалык органдар телеграфтык байланышты колдоно баштashкан.

Өлкөнүн экономикасын согуштук багытка кайра куруу мамлекеттик статистиканын жаңы тармагын - материалдык-техникалык камсыздоо статистикасын түзүү зарылчылы-

гын жараткан. Ал тургай кыркынчы жылдары өлкөнүн (анын ичинде Кыргызстандын) статистиктери өтө маанилүү статистикалык ишке - жумушчулардын, колхозчулардын жана кызматчылардын бюджеттерин үзгүлтүксүз тандалма изилдөөгө негиз салышкан. Бул иш бүгүнкү күнгө чейин улантылып келет жана инфляция боюнча заманбап көрсөткүчтөрдү эсептөөгө, ошондой эле калктын жашоо деңгээлин баалоого негиз болуп кызмат кылат.

Ошону менен бирге статистика органдары бүткүл элдик Жеңиш үчүн өлкөнүн бардык күчтөрүн жана каражаттарын мобилизациялоого көмөк көрсөтүшкөн. Муну менен алардын иштери өтө кыска убакытта гана жүргүзүлбөстөн, оор экономикалык жана уюштуруучулук шарттарда, системадагы «кадрдык ачкалыкта» өткөн, бул республиканын пландык жана статистика органдарынын жумушчуларынын, өзгөчө аялдар менен жаштардын туруктуу чыңалууда иштешин талап кылган.

1940-жылдан 1975-жылга чейин СССРнын БСБ системасын жетектеп турган Социалисттик эмгектин Баатыры Владимир Никонович Старовский биздин тарыхыбыздын ошол оор жылдардагы статистиканын эң алгачкы сыноолорун төмөнкүдөй эскерет: «Согуш да кирип келди. Бизге ойго келгис кыска мөөнөттө бүтүрүү үчүн тапшырылган биринчи иш чыгышка эвакуацияланган ишканалардын бошогон имараттарынын жана жайларынын тизмесин түзүү болгон. Эч кандай формалдуу критерий болгон эмес, өндүрүштүк ишканалардын, маданий мекемелердин, чакан заводдордун, курулуп бүтө элек үйлөрдүн бош коробкалары менен алек болдук. Бир гана критерий – алгач заводдорду жайгаштыруу мүмкүнчүлүгү бар болчу. Ошондо биздин төмөнкү звенобуз гана телеграф аркылуу тийиштүү сунуштарды берип турган, таң калыштуусу тапшырыкчыларга ойго келгис мөөнөттө берип турган. Ошондой эле бул материалдарды талдоодо бир дагы олуттуу кемчиликтер, бир дагы талаш-тартыштар чыккан эмес». («Вестник статистики» журналы, №5, 1975-ж.). СССРнын БСБнын кезектеги мөөнөттүү каттоонун жыйынтыгы боюнча Өкмөткө берилген баяндамаларынын бирине И.Сталин мынтип жазган: «Бул маалыматтардын баалуулугу фронттогу улуу жеңишке барабар». В.Н. Старовский андан ары төмөнкүлөрдү күбөлөндүрөт: «Бул жана көптөгөн тапшырмаларды (Коргоо Мамкомитетинин жана Жогорку Башкы командачылыктын тапшырмалары) бат жана так аткардык жана БСБнын аппараты «саат сыяктуу иштейт» деген формулировка менен сыйландык. Кийинчерээк, согуштан кийин БСБ бир жумуш үчүн штат жана акча сураганда «сураганын бергиле, керек болсо, андан да көп бергиле» деген мурун болуп көрбөгөндөй революция орун алды».

Жалпысынан 1941-1947-жылдар аралыгында СССРдин БЭБ (ЦСУ) системасы тарабынан 142 шашылыш каттоо жүргүзүлгөн (анын ичинде согуш жылдарында – 105, согуштан кийинки мезгилде – 37 каттоо). Алардын ичинен 29 каттоо 5 күндүк мөөнөттө (каттоонун чечүүчү күнүнөн тартып СССР Өкмөтүнө жыйынтыктарды бергенге чейин), 49 каттоо – 6 күндөн 9 күнгө чейинки, 19 каттоо – 10 күндөн 15 күнгө чейинки жана 45 каттоо – 16 күндөн ашык мөөнөттө аткарылган. 1945-1947-жылдары эле өлкөдө материалдык ресурстардын калдыктарын каттоо боюнча 40 шашылыш жана башка түрдөгү каттоо иштери жүргүзүлгөн. Бул каттоолордун жыйынтыктары металлдардын, отундун, мунай продуктуларынын, токой, курулуш жана башка материалдардын иш жүзүндөгү калдыктары, ошондой эле жер-жерлердеги орнотула элек жабдуулардын бар экендиги жөнүндө толук жана так маалымат алууга мүмкүндүк берген. Согуштан кийинки экономиканы калыбына келтирүү жана өнүктүрүү үчүн бүткүл өлкө мындай маалыматтарга өтө муктаж болгон.

## 1.5 Жаңы милдеттерди чечүү (1948-1970)

1943-жылы Кыргыз Мамлекеттик планынын статистикалык башкармалыгынын СССР Мампланынын БСУнун аппараты менен биригүүсү менен шартталган стат иштери катуу борборлоштуруу ошол кездеги экономикалык илимдин өнүгүшүнө терс таасирин тийгизген.

СССРдин Мампландын курамында болуп жана анын жер-жерлердеги органдарынын түздөн-түз таасири астында иштегендиктен, бардык деңгээлдеги статистикалык органдар мамлекеттик пландардын аткарылышынын жүрүшүнө жетиштүү деңгээлде сын көз караш менен баа бере алышкан эмес. Анын үстүнө, мамлекеттик статистиканын өздүк системасында да көптөгөн кемчиликтер топтолуп калган. Мамлекеттик статистика органдарына түшкөн статистикалык материалдардын олуттуу бөлүгү тийиштүү түрдө иштелип чыккан эмес жана талдоого алынган эмес. Өлкөнүн министрликтеринин (ведомстволорунун) системаларында статистикага тийиштүү жетекчилик кылуу жана алар тарабынан түзүлгөн отчеттордун ишенимдүүлүгүн текшерүү иши уюштурулган эмес. Статистикалык материалдарды жарыялоодогу узакка созулган тыныгуу жана алардын өтө жогору деңгээлдеги жашыруундуулугу экономика илиминин өнүгүшүн кечеңдетүүчү факторлорго айланган. Мындан тышкары, согушка чейин калыптанып, кийин согуш жылдарында түп-тамырынан бери модернизацияланган мамлекеттик статистиканы уюштуруу жана жүргүзүү ыкмалары, статистиканын иштеп жаткан көптөгөн тармактарынын канааттандыраарлык эмес абалы жана анда согуштан кийинки экономиканы калыбына келтирүү жана кийинки беш жылдыктарда аны андан ары өнүктүрүү мезгилиндеги эл чарбасын пландоонун жана мамлекеттик башкаруунун башка милдеттери менен талаптарын чечүү үчүн өтө зарыл болгон жаңы тармактардын жоктугу СССРдин борбордук органдарынын статистикалык маалыматка болгон улам өсүп жаткан муктаждыктарын канааттандыра алган эмес.

Эл чарбасын башкарууда жана пландоодо мамлекеттик статистиканын ролун жогорулатуу үчүн, 1948-жылдын августунда СССР Министрлер Советинин токтому менен Борбордук статистика башкармалыгынын (БСБ) органдары СССРдин Мамплан курамынан өз алдынча ведомство катары чыгарылып, СССР Министрлер Советине караштуу Борбордук статистика башкармалыгы болуп кайра түзүлгөн. Өз кезегинде, Киргиз ССРинин Мампландоо комитетинин статистика башкармалыгы Киргиз ССРинин Министрлер Советине караштуу Статистика башкармалыгы болуп кайра түзүлгөн. Бирок, бул учурда эки органга баш ийүүсү союздук республикалардагы статистика органдарына, биринчи кезекте, каржылоо маселелерин өз алдынча чечүүгө, материалдык-техникалык базасын өнүктүрүүгө, ошондой эле муктаждыктарга жараша зарыл болгон статистикалык иштерди уюштуруу, чогултуу жана иштеп чыгуу маселелерин өздөрү аныктоого мүмкүндүк берген эмес.

10-август 1948-жылы СССР Министрлер Советинин токтомуна ылайык Республиканын статбашкармалыктарынын жана анын облустук башкармалыктарынын негизги милдеттери мамлекеттик пландарды жана резервдерди кайра аткаруу, экономиканын жана социалдык чөйрөнүн өнүгүү абалы, эл чарбасында материалдык ресурстардын болушу жана алардын пайдаланылышы, эл чарбасынын түрдүү тармактарынын өнүгүүсүнүн катышы үчүн мамлекеттик пландардын жана резервдердин аткарылышынын жүрүшүн мүнөздөгөн илимий жактан негизделген жана анык маалыматтарды иштеп чыгуу жана жетектөөчү органдарга ыкчам жеткирүү болуп саналган. Республиканын статбашкармалыгына республикадагы статистикалык эсепти уюштурууну жетектөө, министрликтердеги жана ведомстволордогу статистиканын жолго ко-

юлушун, алардын отчетторундагы маалыматтардын аныктыгын текшерүү, ченемдик эмес («мыйзамсыз») отчеттуулукка жол бербөө милдети жүктөлгөн.

Ошентип, статистика башкармалыгы жана анын жергиликтүү органдары министрликтер менен ведомстволордогу эсепке алуунун жана статистиканын абалын текшерүүгө, ошондой эле ишканалар менен уюмдардын отчеттук маалыматтарынын ишенимдүүлүгүн текшерүүгө укук алышкан. Ошол мезгилден тартып бул иш республиканын статистика органдарынын бардык деңгээлдери үчүн системалуу жана милдеттүү мүнөзгө ээ болгон. Бул өтө маанилүү ишмердүүлүгүн система республиканын жана анын көпчүлүк облустарынын жетектөөчү (партиялык жана советтик) органдарынын туруктуу көңүл буруусу жана колдоосу астында (өзгөчө 70-80-жылдары республиканын биринчи жетекчилери ишке ашырып келген.


Отчеттордогу аша чапкандык (приписка) жана башка бурмалоолор менен күрөшүү ишине коомчулук да катышкан - алар ар кандай уюмдардын жана ишканалардын эсеп кызматкерлеринин, экономисттеринин, юристтеринин ичинен тандалып алынып, облустук, райондук (шаардык) аткаруу комитеттери тарабынан расмий бекитилген мамлекеттик статистиканын коомдук инспекторлору болгон.

1948-жылдагы системаны кайра түзүү тармактык статистиканын чөйрөсүн, өзгөчө демографиялык жана социалдык маселелер жаатында кеңейтүүгө шарт түзгөн, ошондой эле жаратылыш ресурстары жана жаңы техника сыяктуу мамлекеттик статистиканын жаңы тармактарын түзүүгө негиз салган.

Республиканын статистика органдары ар түрдүү изилдөөлөрдү, жылдык жана мезгилдүү ири бир жолку эсептөөлөрдү жана каттоолорду жүргүзүүгө киришкен.

1949-жылы соода каттоосу, 1951-жылы өнөр жай жабдууларынын каттоосу жүргүзүлгөн, ал эми материалдык ресурстардын каттоосу жыл сайын жүргүзүлүп турган.

1950-жылдары ишканалардан жана уюмдардан статистикалык отчеттор курьер же почта аркылуу кагаз жүзүндө чогултулган. Райондук борборлордон оперативдик отчеттор телетайп аркылуу республиканын Борбордук статистика башкармасына жиберилип турду. Маалыматтарды иштетүү үчүн абакустар жана кошуучу машиналар колдонулган.



*Эсептегич*




*Механикалык арифмометр «Феликс-М»*

Басылмаларга, бюллетендерге, жыйнактарга жана справочниктерге материалдарды даярдоо Статистика башкармасынын тармактык белумдерунун кызматкерлери тарабынан кол кучу менен жургузулген, андан кийин алар механикалык машинкаларда теруу бюросунда басылган.

Бул жана башка бир катар кошумча иштерди аткаруу, статистика органдарынын республиканын Өкмөтүнүн 1955-жылдагы чечими менен жүргүзүлгөн республиканын айыл чарбасын алдыңкы беш жылдыкта облустар жана райондор боюнча өнүктүрүүнү болжолдоонун эсептерине катышуусу статистика органдарынын кадыр-баркын көтөргөн. Ошол кезде Есипов Николай Семенович жетектеген Кыргыз ССРинин Статистика башкармалыгынын курамында тажрыйбалуу жана сабаттуу кадрлар бар болгон.


50-жылдардын ортосунда статистиканы өркүндөтүүгө тиешелүү маанилүү маселелер чечилген. КПСС БКнын сентябрь айындагы айыл чарба боюнча пленумунун чечимдерине ылайык статистикалык органдар 1955-жылдан баштап туруктуу, маңызы жагынан абдан маанилүү ишти аткарууну – айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмүн, ошондой эле аянттарын жана эгиндердин сортторун эсептөөнү өз мойнуна алган. Бул иштерди мурун СССРдин Айыл чарба министрлигинде жүргүзүлүп келинген түшүмдүүлүктү аныктоо боюнча иштердин ордуна статоргандарда уюштуруу өлкөдөгү түшүмдөр тууралуу анык маалыматтарды алууга шарт түздү.

1955-1956-жылдары республиканын статистика башкармалыгы ири экономикалык эсептер жана теңдемдик иштерди жүргүзө баштаган: продукциялардын дүң эсептери жана айыл чарба азыктарынын натуралдык теңдемдери, калктын негизги айыл чарба азыктарын керектөөнүн жалпы фонду жана ченемдери, колхоз соодасынын, өнөр жай продукцияларынын бааларынын индекстери жана көлөмү. 1957-жылы биринчи жолу коомдук азыктардын жана улуттук кирешенин эсептери (1955 жана 1956-жылдар үчүн), ал эми 1958-жылы калктын акчалай кирешелеринин жана чыгашаларынын теңдеминин эсептери жүргүзүлдү.


1957-жылдан баштап эл чарбалык планынын аткарылышын чагылдырган ай сайын чыгуучу статистикалык бюллетендер чыга баштайт. Республиканын эл чарбасынын жана маданиятынын ар түрдүү тармактарынын өнүгүү динамикасын мүнөздөгөн «Кыргыз ССРинин эл чарбасы» статистикалык жыйнактарын жыл сайын басып чыгаруу кайрадан жанданган.

Республиканын статистика органдарынын ишинде тандалма изилдөөлөрдү өткөрүүгө олуттуу маани берилген: 1958-жылы 3070 жумушчулардын жана кызматкерлердин үй-бүлөсүнүн бюджетине тандалма изилдөө, 1959-жылы калкка таандык болгон малдардын 10 пайыздык тандалма эсеби жүргүзүлгөн.

1958-жылы даярдык иштери жүргүзүлүп, 1959-жылдын январь айында Киргиз ССРинин Борбордук статистика башкармалыгы (БСБ) үчүнчү Бүткүл союздук калкты каттоону ийгиликтүү өткөргөн. Анын негизги жыйынтыктары абдан кыска мөөнөттө алынган, буга 50-жылдардын аягына чейин мамлекеттик статистиканын республикалык жана союздук органдары тарабынан СССР БСБ-сынын перфокарталардагы эсептөө-аналитикалык автоматтарынын өздөштүрүлүшү шарт түзгөн. Натыйжада, мурунку каттоо иштерине салыштырмалуу 1959-жылдагы Бүткүл союздук калк каттоонун негизги жыйынтыктарын алуу мөөнөтүн эки эсеге кыскартууга мүмкүн болгон.



*Перфокарта жана перфолента*



*Эсептик-аналитикалык машиналар (эсеп автоматтары). Табулятор*

*Статистикалык маалыматтарды ири көлөмдө иштетүү үчүн ЭМСнын облустук жана республикалык статбашкармалыктары атайын программа менен башкарылуучу эсептик-аналитикалык машиналар – табуляторлор менен жабдылган. Табуляторго маалыматтарды киргизүү перфокарталардын жардамы менен ишке ашырылган, андан кийин эсептер чыгарылып, керектүү өлчөм боюнча жыйынтыктар түзүлгөн, ал эми жыйынтыктар кагаз лентага чыгарылган.*

1960-жылдын январь айында (колхоздордо-1962-жылдын 1-январына карата) республиканын статистика органдары алгачкы жолу маанилүү эл чарбалык милдетти ийгиликтүү аткарышкан - экономиканын бардык тармактарында 1960-жылдын 1-январына карата негизги фонддорду инвентаризациялоону жана кайра баалоону жүргүзүшкөн, бул өзүнүн мааниси боюнча Бүткүл союздук калк каттоого тең келет. Статистика органдарынын тажрыйбасында биринчи жолу өткөрүлгөн бул иштер методологиясы боюнча абдан татаал жана масштабы боюнча өтө зор болгон. Алардын жыйынтыгы боюнча республиканын экономикасынын материалдык-техникалык базасынын абалын мүнөздөгөн өтө маанилүү маалыматтар алынган.

1957-жылы СССРде өнөр жайды жана курулушту башкарууну тамырынан бери кайра түзүү башталган, мунун натыйжасында пландык башкаруунун тармактык принцибинен аймактык принцибине өтүү ишке ашырылган, ал эми бардык өнөр жай ишканалары жана курулуш уюмдары союздук республикалардын башкаруусуна берилген. Мунун баары ишти жана республиканын статистика органдарын уюштурууну, статистикалык отчеттуулуктарды мамлекеттик статистика органдарында борборлоштуруу жолу менен берүүнүн тартибин жана мөөнөтүн тамырынан бери өзгөртүү зарылчылыгын пайда кылган, статистиканын алдында башка жаңы жана бир топ масштабдуу тапшырмалар турган.

1957-жылдын экинчи жарым жылдыгынан тартып статистика органдарында республикада уюштурулган Кыргыз ССРинин Эл чарба советине баш ийген өнөр жай ишканаларынын жана курулуш уюмдарынын, ал эми 1958-жылдан тартып айыл чарба, айыл чарба азыктарын даярдоо жана башка тармактар боюнча бардык отчеттуулуктарды топтоону жана иштеп чыгууну борборлоштуруу статистика үчүн башкы окуя болгон. Отчеттуулуктарды мындай борборлоштуруу ишканалар жана уюмдар үчүн статистикалык отчеттуулуктарды олуттуу кыскартууга жана жөнөкөйлөштүрүүгө, статистикалык жана экономикалык талдоолорду тармактар боюнча өзүнчө, өлкөнүн жана анын региондорунун экономикасы боюнча жалпысынан жакшыртууга жардам берген.

Мындан тышкары борборлоштуруу статистика органдарынын системасын мурда башка министерстволордо (ведомстволордо) иштеген адамдардын эсебинен квалифика-

циялуу кадрлар менен сандык жана сапаттык жактан бекемдөө, ошондой эле статоргандардын материалдык-техникалык базасын чыңдоо мүмкүнчүлүгүн берген. Статистика башкармалыгынын түзүмүндө өзгөрүүлөр болуп, секторлор бөлүмдөргө айланган.

1957-жылы СССРдин Борбордук статистика башкармалыгынын 1-июнундагы 1957-жылдын буйругуна ылайык, ишканалардын, уюмдардын жана мекемелердин мамлекеттик статистикалык отчеттуулугун чогултуу жана механикалаштырып иштеп чыгуу үчүн ошол эле жылдын сентябрында Кант кыштагында жайгашкан Кыргыз ССРинин биринчи тажрыйбалык машина-эсептөө станциясы (ЭМС) түзүлгөн, анын начальниги Ахмедова Фаина Касымовна болгон, эсептөө-клавишалуу жана эсептөө-перфорациялык машиналардын эки комплекти менен жабдылган. Бул окуя республикадагы эсептөө системасын түзүү жана өнүктүрүү тарыхын баштады.

ЭМСтин түзүмүнө өнөр жай боюнча статистикалык материалдарды даярдоо жана чыгаруу, курулуш боюнча статистикалык материалдарды даярдоо жана чыгаруу, эсеп машиналарын тейлөө боюнча механицазиялашкан статистикалык иштелмелерди (курамында 35 оператор бар) даярдоо жана чыгаруу бөлүмдөрү кирген.

ЭМС тарабынан аткарылган алгачкы иш өнөр жай жана капиталдык курулуш боюнча статистикалык отчеттуулуктарды топтоо жана иштетүү болуп саналган.

1958-жылы ЭМСте биринчи жолу Ош жана Тянь-Шань облустарынын облустук статистика башкармалыктары түзүлгөн.

Башка уюмдардан келип түшкөн маалыматтарды иштетүүнүн көлөмүнүн олуттуу көбөйгөндүгүнө байланыштуу 1959-жылы ЭМС чарбалык эсепке өткөрүлгөн.

1964-1965-жылдары эсептик баскычтуу жана эсептик-перфорациялык машиналар менен жабдылган райондук жана шаардык ЭМСтин кеңири тарамы түзүлгөн, алар - Кант, Калинин, Фрунзе, Жалал-Абад, Кызыл-Кыя, Рыбачье, Пржевальский станциялары.

Кийинки жылдары ушул сыяктуу МЭСтер бардык областтарда түзүлгөн, алар 60-жылдардын аягынан баштап эсептөө борборлоруна айлана баштаган, анткени бул максаттар үчүн борборлоштурулган тартипте жаңы муундагы эсептөө жана уюштуруу техникалары, ошондой эле жаңы имараттарды курууга каражаттар бөлүнгөн.



*1960-жыл. Талас облусунун машиналык эсептөө станциясынын эмгек жамааты.*

Дал ушул тарамдар ар бир жылы системадагы бардык өсүүчү статистикалык маалыматтарды топтоо, иштетүү жана жалпылоо боюнча оор милдеттерди аткарып турушкан. Алардын иши алгач көлөмү боюнча калдайган жана эсептик-перфорациялык жана эсептик-баскычтуу машиналардын базасында жүргүзүлгөн, ал эми 70-жылдарда электрондук - жогорку өндүрүмдүү эсеп машиналары менен жабдылган.

1968-жылы статистикалык отчеттуулукту иштеп чыгуудан тышкары, борбордун жана республиканын көптөгөн ишканалары менен уюмдары үчүн эсептик-эсептөө иштерин механикалаштырылган иштетүүнү жүзөгө ашырган Кыргыз ССРинин машиналык-эсептөө станциясы (МЭС) БЭБдин (ЦСУ) Республикалык эсептөө борбору (РЭБ) болуп кайра түзүлүп, аны Юрий Леонидович Домагальский жетектеген. Ал мезгилдеги маанилүү окуя - Минск-22 биринчи электрондук-эсептөө машинасын (ЭЭМ) орнотуу болгон.

Өлкөдөгү статистикалык маалыматтардын бардык өсүүчү көлөмүн ыкчам жана толук ченемде иштетүү зарылчылыгы, ошондой эле анын маалыматтарын экономикалык жактан талдоону тереңдетүү максатында 60-жылдардын аягында СССРдин Өкмөтү СССРдин БСБ системасында Автоматташтырылган мамлекеттик статистика системасын (АМСС) түзүү жөнүндө чечим кабыл алган, бул ошол мезгилде түзүлгөн өлкөнүн эл чарбасын башкаруунун жалпы мамлекеттик автоматташтырылган системасынын маанилүү курамдык бөлүгүнүн бири болуп саналган. Республикада биринчи кезекте автоматташтырылган мамлекеттик статистика системасын (АМСС) түзүү боюнча иштерди БСБнын Республикалык эсептөө борбору жетектеген, уюштурган жана ишке ашырган. Саны боюнча да, көлөмү боюнча да өсүүчү ыкчам отчеттуулуктардын, каттоолордун материалдарын жана бир жолку эсептердин эсепке алуу-эсептөө иштерин механизациялоо жана автоматташтырууу аларды иштеп чыгаруунун натыйжаларын тездетүүгө жана тереңдетүүгө, керектүү топтошууларды жана алардын кийинки талдоолору үчүн башка топтомдоштурулган маалыматтарды алууга шарт түзгөн.

Республикада эсепке алууну механикалаштыруу жана автоматташтырууну киргизүү боюнча иштерди түздөн-түз уюштурууну жана башкарууну 1964-жылы Кыргыз ССРинин Борбордук статистика башкармалыгынын (БСБ) алдында түзүлгөн Эсептөө иштери башкармалыгы (1972-жылы Республикалык эсептөө борборунун БСБ алдындагы Эсептөө иштеринин башкы башкармалыгы болуп кайра түзүлгөн), ошондой эле СССР БСБнын Борбордук долбоорлоо-технологиялык бюросунун (БДТБ) филиалы ишке ашырган. Алар 1964-жылдан 1970-жылга чейинки мезгилде эсептөө-эсепке алуу иштерин механикалаштыруу, ошондой эле пландоо жана финансылык-чарбалык ишмердүүлүк маселелери боюнча методологиялык жетекчиликти камсыз кылышкан.

1972-жылга карата бул бөлүм СССРдин Борбордук статистика башкармалыгынын (БСБ) алдындагы Эсепке алууну жана эсептөө иштерин механикалаштыруу боюнча Бүткүл союздук мамлекеттик долбоорлоо-технологиялык институтунун (БМДТИ) көп сандуу кыргыз филиалына айланган. Ал республикада бухгалтердик эсепти механикалаштырууну долбоорлоо жагынан алдыңкы уюм болуп аныкталган.

Республикада эсепке алууну механикалаштырууну жана автоматташтырууну киргизүү боюнча иштерди түздөн-түз уюштурууну жана башкарууну СССРдин Борбордук статистика башкармалыгынын (БСБ) алдындагы Бүткүл союздук мамлекеттик долбоорлоо-технологиялык институтунун (БМДТИ, кийинчерээк ВНИИПИ-учет) 200дөн ашык кызматкери бар Кыргыз филиалы ишке ашырган.

СССР БСБнын БМДТИне (ВГПТИ) жана анын филиалдарына маалыматтарды андан ары иштеп чыгуу, бухгалтердик жана статистикалык эсепке алуу үчүн даярдоону камсыз кылган ЭЭМди (Электрондук эсептөө машинасын) колдонуунун негизинде долбоордук материалдарды иштеп чыгууга тиешелүү тапшырмаларды аткаруу; бухгалтердик эсепти комплекстүү механикалаштыруу долбоорлорун байланыштыруу жана киргизүү боюнча иштер; мамлекеттик статистиканын автоматташтырылган тутумунун статистикалык маалыматтарына карата универсалдуу жана натыйжалуу математикалык камсыздоо тутумун иштеп чыгуу жүктөлгөн.

1985-жылы СССР БСБнын БМДТИнин (ВГПТИ) Кыргыз филиалы СССР БСБнын ВНИПТИ учеттун Кыргыз филиалы болуп, ал эми 1987-жылы СССР Мамстаткомунун ВНИПТИ Статинформдун Кыргыз филиалы болуп кайра аталган.

Ошол мезгил үчүн маанилүү жана өтө зарыл болгон республиканын эл чарбасында иштеген бухгалтерлерди жана баштапкы эсепке алуу кызматкерлерин тездетилген (курстук) даярдоо жана алардын квалификациясын жогорулатуу боюнча иштерди Кыргыз ССРинин БСБнын Окуу комбинаты камсыз кылган. Ал окуу, методологиялык жана чарбалык-финансылык маселелер боюнча СССР БСБнын Кадрларды даярдоо башкармалыгына (КДБ) дагы баш ийген.

70-жылдары РЭБ статистиканын бардык эсептөө системасынын ишмердигин башкаруучу орган болуп түптөлгөн. Бул мезгилде экинчи  Минск-22 ЭЭМ орнотулган.

1974-1975-жылдары СССРдин эсептөө борборлорунун арасындагы жалгыз аял-директор жетектеген Республикалык эсептөө борбору (РЭБ) ишмердүүлүктүн көрсөткүчтөрү боюнча биринчи орунду ээлеген.

1976-жылы БСБнын РЭБнин өкүлдөрү СССР ВДНХда өткөн Бүткүл союздук эсепти механизациялоо жана автоматташтыруу көргөзмөсүнө катышкан, көргөзмөдө ЭЭМ колдонуу менен алынган өнөр жай боюнча ыкчам отчеттуулуктар көрсөтүлгөн. Бүткүл союздук көргөзмөнүн натыйжасында БСБнын РЭБнин директору жана орун басары мамлекеттик сыйлык менен сыйланышкан.

1979-жылы Кыргыз, Тажик жана Түркмөн ССРлеринин калк каттоолорунун материалдары ЭЭМде иштетилген. Бланк-М маалыматтарды киргизүү түзүлүшү аркылуу шифр менен жазылган каттоо барагынын жардамы менен биринчи жолу маалыматтарды киргизүү ишке ашырылган.



*ВПМ-2 көп баскычтуу эсептөө машинасы*




*«Электроника» үстөл үстүндөгү эсептөө машиналары*

1986-жылы РЭБнын базасында Жамааттык колдонуунун эсептөө борбору (ЖКЭБ) түзүлгөн. Бул мезгилде ЕС-1045 төртүнчү муундагы эки ЭЭМ орнотулган. СССРдин БСБнын БЭБна маалыматтарды берүү ЭЭМ-ЭЭМ режиминде камсыздалган. Биринчи жолу адаптердин жардамы менен Минск-32 ЭЭМи бар облустук статистика башкармалыктары менен байланыш орнотулган.



*ЭВМ «БЭСМ-6»*



*ЭЦВМ «Минск-32»*

*«Минск-22» жана «Минск-32» тибиндеги чоң ЭВМдерди республиканын Борбордук статистика башкармалыгынын (БСБ) статистикалык ишинде жана мамлекеттик статистиканын облустук органдарынын ишинде колдонуу кеңейтилген жана өркүндөтүлгөн. Маалымат алып жүрүүчү катары, негизинен, перфолентталар колдонулган, алар аркылуу облустук деңгээлден отчеттуулуктун көптөгөн түрлөрү почта менен да келип турган. Маалыматтарды перфоленталарга даярдоо үчүн, ошондой эле республиканын райондорунун жана шаарларынын деңгээлинде эсепке алуу-эсептөө иштерин жүргүзүү үчүн «Аскота», «Зоемтрон», «Работрон» машиналары жана ар кандай суммалоочу, эсептөөчү, фактуралык жана башка эсептөө техникалары кеңири колдонулган.*

1989-жылы Бүткүл союздук калк каттоонун жыйынтыктарын иштетүү ЕС-1840 персоналдык компьютерлерин колдонуу менен ишке ашырылган.



*ЕС 1840*



*80-жылдардагы персоналдык ЭВМдер ЕС 1841*

80-жылдардын аягында жана 90-жылдардын башында төмөнкү статистика органдарын реформалоо процессинде эсептөө борборлору кыскарууга кабылган, натыйжада алар жоюлган.

1988-жылы Кыргыз ССРинин БСБнын Жамааттык колдонуунун эсептөө борбору Кыргыз ССРинин Мамкомстатынын Башкы эсептөө борбору, ал эми 1994-жылы Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин Башкы эсептөө борбору болуп кайра түзүлгөн.

Өлкөдө статистикалык маалыматтарды борборлоштуруу багытын аягына чыгаруу максатында жана мамлекеттик статистика органдарынын функциялары менен милдеттерин андан ары кеңейтүү зарылчылыгын эске алуу менен, СССР Министрлер Совети 1960-жылдын 11-январында «СССР Министрлер Советине караштуу Борбордук статистика башкармалыгы (СССР БСБ) жөнүндө» жаңы Жобону бекиткен. Ага ылайык, өлкөдө статистикалык иштерди уюштурууга айрым өзгөртүүлөр киргизилген жана союздук республикалардын статистика башкармалыктарынын жана алардын жергиликтүү статоргандарынын укуктары кеңейтилген.

Ошону менен бирге, алардын жалпы мамлекеттик статистика системасындагы ишмердүүлүгүнүн катуу борборлоштурулган тартиби сакталып калган. Ушул Жобого ылайык, 1960-жылдын мартында Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун Указы менен Статистика башкармалыгы Кыргыз ССР Министрлер Советинин алдындагы Борбордук статистика башкармалыгы болуп кайра түзүлгөн, ал эми апрель айында Кыргыз ССР Министрлер Советинин токтому менен жобосу бекитилип, жобонун негизинде башкармалык эки органга - Кыргыз ССР Министрлер Советине жана СССР БСБга баш ийген.

Кыргыз ССРинин БСБ (Борбордук статистика башкармалыгы) жөнүндөгү жаңы жобо, КПСС БКнын жана СССР Министрлер Советинин, ошондой эле республика Өкмөтүнүн кийинки токтомдору мамлекеттик статистика органдарына эл чарбасынын бардык тармактарында эсепке алууну жана отчеттуулукту уюштуруу, отчеттук маалыматтардын ишенимдүүлүгүн камсыз кылуу, отчеттуулукту андан ары кеңири механикалаштыруу жана борборлоштуруунун негизинде аны берүү мөөнөттөрүн кыскартуу боюнча олуттуу милдеттерди жүктөдү. Муну менен катар, отчеттук маалыматтарга экономикалык талдоо жүргүзүү деңгээлин андан ары жогорулатуу жана республиканын жетекчи органдарына мамлекеттик пландардын аткарылышынын жүрүшү жана эл чарбасынын тармактары боюнча кеңейтилген баяндамаларды берүү боюнча талаптар кыйла күчөтүлдү. Бул БСБ аппаратын түп тамырынан бери кайра курууну жана жаңы алдынча бөлүмдөрдү түзүүнү талап кылды

Ушуга байланыштуу, Кыргыз ССРинин Борбордук статистикалык башкармалыгында беш кишиден турган Коллегия түзүлөт, анын биринчисин борбордук статистика органынын башчысы Алымкулов Сыдык-Алы Алымкулович жетектеген, ал статистика органдарына жетекчиликке 1957-жылдын орто ченинде келген.

Кийин Коллегиянын курамы БСБнын начальнигинин орун басарларынын санынын көбөйгөндүгүнө байланыштуу 7 адамга чейин көбөйгөн. Маселен, 1963-жылдагы өлкөдө облустардагы жана райондордогу партиялык жана советтик жетектөөчү органдардын өнөр жайлык жана айылдык болуп бөлүнүшүнө жана статистиканын тармактарын жетектөө иштерин күчөтүү зарылчылыгына, олуттуу кеңейтилген аналитикалык жана маалыматтык иштерге байланыштуу БСБнын начальнигинин өнөр жай жана айыл чарба боюнча орун басарлары кызмат оруңдары киргизилген, ал эми Бүткүл союздук калк каттоону даярдоо жана өткөрүү мезгилинде 1969-жылдан тартып БСБнын начальнигинин орун басары - калк каттоо бөлүмүнүн начальниги кызмат оруну түзүлгөн.

Республиканын Министрлер Советинин алдындагы БСУну Кыргыз ССРинин БСУсуна кайра түзүү маанилүү окуя болду, ал министрликтердин тизмесине кирди, ал эми БСБнын начальниги республиканын Өкмөтүнүн курамына кирген. Бул жылдары Кыргыз ССРинин жана анын жергиликтүү органдарынын БСБнын ишинин деңгээлинин жогорулашы бир топ жакшырган. Статоргандар тарабынан даярдалган материалдар: статистикалык маалыматтар, таблицалар жана бюллетендер, жыйнактар, аналитикалык жазмалар жана баяндамалар жетектөөчү органдар тарабынан туруктуу пайдаланылып турган. Отчеттук тартипти бекемдөө, алгачкы эсептин сапатын тартипке келтирүү жана көтөрүү боюнча чоң иштер жасалган, отчеттук маалыматтардын кошумча жазууалары жана башка бурмалоолору менен катуу күрөш жүргүзүлгөн. Кыргыз ССРинин жана анын жер-жерлердеги органдарынын кадыр-баркы көтөрүлүп, бедели чыңалган.

1965-жылдан баштап сатылып өткөрүлгөн продукциялардын көрсөткүчү өнөр жай ишканаларынын чарбачылык ишмердигин баалоо үчүн негизги көрсөткүч болуп саналган.

Ушул мезгилден тарта борбордук жана республикалык статистика органдарынын ишмердигине теңдемдик иштерди, биринчи кезекте эл чарбасынын теңдеми жана тармактар аралык теңдемди алуу чоң мааниге ээ болгон.

1967-жылы Кыргыз ССРинин Министрлер Советинин буйругу менен (1967-ж. 23-май, №256-б) Кыргыз ССРинин БСБ тарабынан математикалык ыкмаларды жана шахмат таблицасы түрүндө берилген электрондук эсептөө техникасын пайдалануу менен биринчи жолу статистикалык тармактар аралык теңдем иштелип чыккан. Тармактардын кеңейтилген номенклатурасы боюнча тармактар аралык теңдемди иштеп чыгуу ар бир беш жылда, ал эми кыскача программада жыл сайын 1987-жылга чейин жүргүзүлгөн.

Бүтө элек курулуштарга, социалдык чөйрөнүн объекттеринин материалдык базасынын болушуна жана абалына, мөмө-жемиш өсүмдүктөрүнө жана жүзүм өстүрүүчү жерлерге туруктуу түрдө мезгилдүү каттоолор жүргүзүлүп турган, ошондой эле материалдык ресурстардын жана орнотулбаган жабдуулардын жылдык каттоосу, малдардын жана канаттуулардын каттоосу (эсеби) өткөрүлгөн.

70-жылдары республиканын статистикалык органдары көп сандаган жана мезгилдүү каттоолорду, ири бир жолку эсептерди даярдоо, өткөрүү жана жыйынтыктарын иштеп чыгуу боюнча иштерди жүргүзүшкөн, булардын ичинде 1970-жылдын 15-январындагы жана 1979-жылдын 17-январындагы абал боюнча өткөрүлгөн Бүткүл союздук калк каттоо да болгон.

БСБ органдарына методологиясы жана көлөмү боюнча башка маанилүү жана татаал каттоолорду жана бир жолку статистикалык иштерди уюштуруу жана өткөрүү да тапшырылган. Маселен, 1972-1973-жылдары (алтымышынчы жылдардагыдай) статистика органдары тарабынан өлкөнүн бардык эл чарбасынын негизги фонддорунун 1972-жылдын 1-январдагы абалы боюнча экинчи жолку жалпы инвентаризациялоосу жана кайра баалоосу даярдалган жана өткөрүлгөн, бул иш-чара өзүнүн көлөмү жана татаалдыгы боюнча дээрлик калк каттоо барабар болгон.




70-жылдардан баштап, Кыргыз ССРинин БСБ кеңири чөйрөдөгү окурмандар үчүн статистикалык жыйнактарды (жылдык басылмалар) басып чыгаруу боюнча иштерди жүргүзүшкөн, басылмалардын беттерине республиканын социалдык-экономикалык абалы жөнүндө расмий билдирүүлөрдү даярдай башташкан. Атайын статистикалык жыйнактар мезгилдүү чыгарылып, аларга республиканын экономикасынын жана маданиятынын өнүгүүсүнүн жыйынтыктары маарекелик даталарга же партиялык съезддерге карата тармактык жана айрым темалар боюнча чыгарылган. «Кыргыз ССРинин эл чарбасы» статистикалык жылдык басылмасы массалык тираж менен чыгарылган.

Кыргызстандын статистикалык органдарынын кызматкерлери 1959, 1970, 1979 жана 1989-жылдардагы Бүткүл союздук калкты каттоону уюштуруу жана өткөрүү боюнча ишинин жыйынтыктары, ошондой эле республиканын, анын облустарынын, райондорунун жана шаарларынын эл чарбасын өнүктүрүүгө кошкон жеке салымынын беш жылдык жыйынтыктары боюнча СССРдин ордендери жана медалдары: Октябрь ре-

волюциясы жана Элдердин достугу ордендери, Эмгек Кызыл Туу жана «Ардак белгиси» ордендери, «Эмгектеги каармандыгы үчүн», «Каарман эмгеги үчүн» медалдары менен сыйланышкан. Көпчүлүгүнө Киргиз ССРинин мамлекеттик сыйлыктары, республиканын Жогорку Советинин Президиумунун Ардак грамоталары жана Грамоталары берилген, ал эми айрым кызматкерлерге «Киргиз ССРинин эмгек сиңирген экономисти» ардактуу наамдары ыйгарылган. Ошондой эле борбордук, республикалык жана жергиликтүү партиялык, профсоюздук жана башка коомдук уюмдардын ар кандай эстелик белектери, грамоталары, сыйлыктары жана башка стимулдары тапшырылган. Алардын айрымдары өлкөдө эсепке алууну жана статистиканы уюштуруу жана жүргүзүү ишиндеги жогорку квалификациясы үчүн СССР БСБсынын жана СССРдин мамлекеттик мекемелер кызматкерлеринин профсоюзунун Борбордук Комитетинин атынан «Социалисттик эсептин отличниги» (1982-1991-жылдары — «Эсептин жана статистиканын отличниги») төш белгисине, ошондой эле «Кыргыз Республикасынын статистикасынын отличниги» белгисине татыктуу болушкан.

Республиканын Өкмөтү жана мамлекеттик бийлик органдары тарабынан статистика тутумунун кызматкерлеринин турак жай-тиричилик шарттарын жакшыртуу үчүн шаарларда жана райондук борборлордо жабдылган батирлерди, мектепке чейинки балдар мекемелеринен орундарды бөлүп берүү боюнча аракеттер көрүлгөн. Тутумдун көптөгөн кызматкерлери жана алардын балдары жыл сайын Ысык-Көлдүн жээгиндеги ведомстволук пансионатта эс алып, ден соолуктарын чыңдашкан. 70-80-жылдары союздук мамлекеттик бюджеттин каражатына Киргиз ССРинин Борбордук статистика башкармалыгы (БСБ), Республикалык эсептөө борбору (РЭБ) жана айрым облустук статистика башкармалыктары үчүн жаңы өндүрүштүк имараттар, ал эми республикалык бюджеттин каражатынын эсебинен райондук жана шаардык маалыматтык-эсептөө борборлору үчүн типтүү имараттар курулган.

## 1.6 Советтик статистиканын акыркы мезгили мезгили (80-жылдар жана 90-жылдардын башы)

80-жылдар СССРдин жана Кыргыз ССРинин жетектөөчү органдары тарабынан мамлекеттик статистика системасына болгон милдеттердин татаалданышы жана талаптардын жогорулашы менен мүнөздөлөт, бул өлкөдөгү жана республикадагы экономиканын өнүгүшүндөгү өсүүчү көйгөйлөр менен байланыштуу. Бул талаптар 80-жылдардын экинчи жарымында, т.а., өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн тездешине карата курсту ишке ашыруу мезгилинде ансайын күчөгөн.

1986-1990-жылдары мамлекеттик комитеттердин, министрликтердин жана ведомстволордун, анын ичинде мамлекеттик статистика органдарынын ишмердигин кайра түзүүгө жана кайра уюштурууга аракеттер жасалган. Ошондой эле ыкчам статистикалык маалыматтардын санын жана көлөмүн мүмкүн болушунча көбөйтүү, алардын сапатын жакшыртуу, экономикалык талдоолордун деңгээлин көтөрүү, отчеттуулуктарды андан ары иретке салуу жана алардын аныктыгын камсыз кылуу талап кылынган.

Мамлекеттик статистиканы кайра түзүүдө советтик коомду демократиялаштыруунун маанилүү шарттарынын бири катары каралган статистикалык маалыматтардын айкындуулугун кеңейтүү зарылчылыгы жаңы багыт болуп саналган. Мурун жашыруун деп саналган көптөгөн статистикалык маалыматтар ачыкка чыгарылып, ачык басылып жарыяланган. Ушуга байланыштуу Мамстатком жана облустук статбашкармалыктар тарабынан кеңири чөйрөдөгү колдонуучулар үчүн түрдүү статистикалык басылмаларды

жана расмий билдирүүлөрдү даярдоо жана чыгаруу боюнча иштерди олуттуу активдештирүүгө туура келген.

80-жылдардын аягында баары айкын болгон, совет статистикасындагы баалоо системасынын өлкөдө болгон көптөгөн социалдык-экономикалык процесстер жана экономикадагы кризистик кубулуштар менен шайкеш келбестиги аныкталган; ал союздук республикалардын экономикасынын абалын жана салыштыруусун, андагы социалдык жана коомдук жашоону объективдүү жана ар тараптуу баалай албай калган. Союздук бюджеттен каржылоонун борборлоштурулган тартиби республиканын Мамлекеттик статистика комитетине республикалык деңгээлдеги эсепти жана статистиканы кайра түзүү боюнча кечиктирилгис жана жаңы милдеттерди өз алдынча чечүүгө мүмкүндүк берген эмес.

Ошондуктан 80-жылдардын аягы 90-жылдардын башы борборлордо да, союздук республикаларда да сунуштарды иштеп чыгуунун жана советтик статистиканын концептуалдык негиздерин жана методологиялык принциптерин түп тамырынан өзгөртүү боюнча иштерди жүргүзүүнүн мезгили болгон. Аны трансформациялоонун зарылчылыгы статистика системасын өнүктүрүү жана аны эл аралык эрежелерге жана стандарттарга жакындаштыруу максатында статистика системасында башка жаңы уюштуруучулук жана методологиялык көйгөйлөрдү чечүүнү талап кылган.

Биринчиден, бул ондогон жылдар бою түзүлгөн советтик эсеп жана статистика системасын жаңы маалымат базасын түзүү, аларды эл аралык стандарттарга жакындатуу жана алып келүү максатында кайра түзүү учурунда пайда болгон көйгөйлөр болгон.

## 1.7 Эгемендүү Кыргызстандын мамлекеттик статистикасы – кайра куруунун башталышы

### Статистикадагы кайра куруунун башталышы (1991-1994)

Республика көз карандысыздыгын жарыялап, экономикалык өз алдынчалыкка ээ болгондон кийин, мурдагы советтик экономикалык жана статистикалык маалымат тутуму жетишсиз гана болбостон, көп жагынан эгемендүү мамлекеттин экономикасындагы, социалдык жана коомдук турмушундагы терең өзгөрүүлөрдү баалоо жана талдоо үчүн жараксыз экени айкын болду. Жаңы мамлекеттүүлүктүн калыптанышы жана башкача өндүрүштүк жана коомдук мамилелерге өтүү статистиканы уюштурууга принципиалдуу жаңы мамилелерди талап кылды.

Белгилүү болгондой, мурдагы союздук республикаларда колдонулган эсепке алуу жана статистика тутуму борборлоштурулган башкаруу шарттарында калыптанган жана иштеп келген. Ал өндүрүш каражаттарына болгон жалпы элдик менчикке, чарба жүргүзүүнүн социалисттик принциптерине жана экономиканы башкаруунун административдик-командалык ыкмаларына багытталган болчу. Статистика борборлоштурулган пландаштыруудан түздөн-түз көз каранды болуп, анын алкагында негизги көңүл дүң көрсөткүчтөргө бурулчу. Тутум негизинен жапырт статистикалык байкоолорго жана көпчүлүгү мамлекеттик болуп саналган бардык чарба жүргүзүүчү субъекттер үчүн милдеттүү мамлекеттик отчеттуулукка таянган.

Ошол эле учурда, статистикалык тутумда мамлекеттин финансылык абалын, акча жүгүртүүсүн жана кредиттик мамилелерди, ошондой эле рыноктук түзүмдөрдүн иштешин мүнөздөөчү эң маанилүү көрсөткүчтөр жок болчу. Колдонулуп жаткан методологиянын олуттуу бөлүгү дүйнөлүк статистикалык практикадан ажырап калган, бул республиканын тышкы экономикалык байланыштарын жана анын эл аралык коомчулукка интеграциялануу процесстерин талдоону кыйла татаалдаштырган. Мындай шарттарда эсепке алуу жана статистика тутумун, биринчи кезекте, чарба жүргүзүүчү субъекттердин баштапкы эсебинин деңгээлинде олуттуу

жана токтоосуз кайра куруу, ошондой эле анын методологиялык жана уюштуруучулук негиздерин эл аралык стандарттарга ылайык реформалоо үчүн объективдүү зарылчылык келип чыккан.

СССР тарагандан кийин жаңы көз карандысыз мамлекеттердин статистика кызматтары бир катар татаал, биринчи кезекте илимий-методологиялык мүнөздөгү көйгөйлөргө туш болушту. Алардын алдында мамлекеттик статистиканын өз алдынча тутумун түзүү жана уюштуруу гана эмес, кыска мөөнөттүн ичинде рыноктук экономиканын шарттарына жана эл аралык стандарттарга шайкеш келген статистикалык байкоо жана талдоо ыкмаларын өздөштүрүү милдети турду.

Бул иш статистика тармагындагы тышкы ишмердүүлүк мурда жалаң гана СССР-дин Борбордук статистика башкармалыгы тарабынан жүзөгө ашырылып келгендиги менен татаалдашкан. Негизги илимий жана методологиялык иштер да СССР Мамлекеттик статистика комитетинин (Госкомстат) борбордук аппаратына жана анын илимий мекемелерине топтолгон болчу. Республикалык статистика органдары квалификациялуу кадрларга жана аймактык бөлүмдөрдүн өнүккөн тутумуна ээ болгону менен, негизинен баштапкы маалыматтарды чогултуу, аларды тармактык жана аймактык кесимде жыйынтыктоо жана талдоо менен гана алектенип, топтолгон маалыматты союздук борборго жана жергиликтүү башкаруу органдарына берип турушкан.

Мындай шарттарда Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигин түзгөн мамлекеттердин статистикалык кызматтарынын күч-аракетин бириктирүү биринчи кезектеги милдет болуп калды. Бул зарылчылык КМШнын өкмөт башчыларынын 1991-жылдын 30-декабрындагы Кеңешмесинин Протоколунда чагылдырылган. Бул чечимге ылайык, 1992-жылдын 5–6-февралында Минск шаарында КМШнын сегиз мамлекетинин борбордук статистикалык органдарынын жетекчилеринин жолугушуусу өттү. Анда Шериктештикке мүчө мамлекеттердин статистикалык кызматтарынын жетекчилер кеңеши, ал эми анын алдында КМШнын Статистикалык комитети түзүлгөн. Шериктештикке мүчө мамлекеттердин статистикалык органдарынын жетекчилер кеңешин түзүү жөнүндөгү ошол тарыхый Макулдашууга Кыргызстан Республикасынын Өкмөтүнүн тапшырмасы менен Минск шаарында Мамлекеттик статистика комитетинин Төрагасы А.З. Зулпукаров кол койгон.

КМШнын Статистикалык комитетин (1995-жылдан тартып КМШнын Мамлекеттер аралык статистикалык комитети) эсепке алуу жана статистика тармагындагы белгилүү окумуштуу, профессор, экономика илимдеринин доктору, СССР Мамлекеттик статистика комитетинин мурдагы төрагасы Михаил Антонович Королев жетектеген. Статистикалык комитетти түзүү жөнүндөгү макулдашууга ошондой эле Беларустун, Казакстандын, Россия Федерациясынын статистикалык ведомстволорунун жетекчилери, ошондой эле Тажикстандын, Түркмөнстандын жана Өзбекстандын статистикалык органдарынын өкүлдөрү кол коюшкан. Кийинчерээк макулдашууга Азербайжан жана Грузия (1994-жылы), ошондой эле Молдова жана Украина (1995-жылы) кошулган.

КМШнын Статистикалык комитетинин негизги милдеттерине төмөнкүлөр кирген: бирдиктүү статистикалык методологияны иштеп чыгуу, Шериктештик өлкөлөрүнүн статистикалык маалыматтарынын салыштырмалуулугун камсыз кылуу, эл аралык стандарттарды эске алуу менен баштапкы эсепке алуу жана статистика тутумун кайра карап чыгуу, мамлекеттер аралык кызматташтык үчүн зарыл болгон жыйынтыкталган статистикалык маалыматтарды калыптандыруу, ошондой эле КМШ өлкөлөрү жана дүйнөнүн башка мамлекеттери боюнча системалаштырылган статистикалык маалыматтарды топтоо жана жайылтуу.

1992-жылдын 26-июнунда КМШнын Өкмөт башчыларынын кеңеши тарабынан кабыл алынган алгачкы документтердин бири — КМШнын Статкомитети аркылуу

улуттук статистикалык кызматтардын ортосунда статистикалык маалымат алмашуу жөнүндө макулдашуу болду. Бул макулдашууну ишке ашыруу боюнча конкреттүү иш-чаралар 1992-жылдын 14–16-июлунда Алматы шаарында өткөн КМШга мүчө мамлекеттердин статистикалык кызматтарынын жетекчилер кеңешинин үчүнчү жыйынында бекитилген.

Ушул эле жыйында КМШ өлкөлөрүнүн статистикалык кызматтарынын жетекчилеринин алдыңкы эл аралык уюмдардын — БУУнун Статистикалык бюросунун, Экономикалык кызматташтык жана өнүктүрүү уюмунун (ЭКӨУ/ОЭСР), Эл аралык валюта фондунун, Дүйнөлүк банктын, Евростаттын жана башкалардын өкүлдөрү менен биринчи жолугушуусу өттү. Ошол эле учурда КМШ өлкөлөрүнүн статистикасын эл аралык стандарттарга ылайык трансформациялоого багытталган эл аралык статистикалык кызматташтык программасы каралган. Иш-чаранын алкагында улуттук эсептер тутумун киргизүү боюнча алгачкы эл аралык семинарлардын бири өткөрүлгөн.

КМШнын мамлекеттер аралык статистикалык органын түзүүнүн башкы максаты -Шериктештик өлкөлөрүнүн статистикалык кызматтарынын макулдашылган иш-аракеттерин камсыз кылуу, бирдиктүү методологияны иштеп чыгуу жана статистикалык маалыматтарды туруктуу алмашууну уюштуруу болду. Кыска мөөнөттүн ичинде мамлекеттер аралык алмашуу үчүн көрсөткүчтөрдүн тизмеси (700гө жакын) аныкталып, аларды калыптандырууга карата бирдиктүү методологиялык ыкмалар иштелип чыкты жана өлкөлөр ортосунда маалымат алмашуу жол-жоболору белгиленди.

КМШ өлкөлөрүнүн статистикалык кызматтарынын эл аралык экономикалык уюмдар менен көп тараптуу жана эки тараптуу кызматташтыгы улуттук эсептер тутумун тездетилген тартипте киргизүүгө, калктын жашоо деңгээлинин статистикасын өнүктүрүүгө, үй чарбаларынын статистикасын өркүндөтүүгө, ошондой эле экономиканын жеке секторунун ишмердүүлүгү жана финансы-акча тутуму менен байланышкан статистиканын жаңы багыттарын калыптандырууга багытталган.

Эл аралык уюмдардан методологиялык жана техникалык жардам алуу, ошондой эле алардын статистикалык басылмаларына жана аналитикалык материалдарына туруктуу жеткиликтүүлүк өзгөчө мааниге ээ болду. Бул КМШ өлкөлөрүнүн статистикалык маалыматтарынын эл аралык көрсөткүчтөр менен салыштырмалуулугун камсыз кылууга мүмкүндүк берди жана жаңы көз карандысыз мамлекеттердин дүйнөлүк экономикалык жана маалыматтык мейкиндикке интеграцияланышына өбөлгө түздү.

Жаңы административдик бөлүнүүнү эске алуу менен (Жалал-Абад облусунун Ош облусунун курамынан бөлүнүп чыгышы), 1994-жылы Улуттук статистика комитетинин системасында 83 уюм болгон: борбордук аппарат, 6 облустук жана 54 райондук (шаардык) комитет, анын ичинде Бишкек шаардык статистика комитети, 17 эсептөө борбору жана станциясы жана бир филиал (анын ичинде Башкы эсептөө борбору), Окуу борбору, эки бухгалтердик мектеп жана Статистикалык изилдөөлөр институту. Штаттык кызматкерлердин саны 1 500дөн ашык адамды түзгөн.

Ал тургай 1993-жылы эле Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик статистика комитети эсепке алуу жана статистика боюнча Кыргыз Республикасынын биринчи мыйзамынын долбоорун даярдоого киришкен, ал эми 1994-жылдын январында Жогорку Кеңештин №1391-XII токтому менен өлкөнүн тарыхындагы биринчи «Мамлекеттик статистика жөнүндө» Мыйзам колдонууга киргизилген. Бул мыйзам көз карандысыз мамлекеттин шарттарында статистика органдарынын иштешинин укуктук негиздерин аныктаган.

Эгерде ушул убакка чейин Кыргызстандын мамлекеттик статистикасы советтик ченемдик базанын алкагында иштөөсүн улантып келсе, жаңы мыйзам статистикалык органдардын өз алдынчалыгын гана бекемдебестен, эл аралык стандарттарга жооп берген базалык принциптерди да негиздеген.

Мыйзам мамлекеттик статистиканы расмий маалыматтарды чогултуунун, иштеп чыгуунун жана жайылтуунун бирдиктүү тутуму катары бекитүү менен анын милдеттерин жана колдонуу чөйрөсүн аныктаган. Ошондой эле статистика органдарын Өкмөттүн баш ийүүсүнөн чыгарып, түздөн-түз Кыргыз Республикасынын Президентине баш ийдирүү менен алардын көз карандысыздыгын белгилеген. Муну менен маалыматтардын бейтараптуулугу жана объективдүүлүгү камсыз кылынган, аларды ведомстволук кызыкчылыктарда колдонуу чектелген, жеке маалыматтардын купуялуулугу жана колдонуучулардын расмий маалыматтарга тең укуктуу жеткиликтүүлүгү кепилденген.

Мыйзамдын кабыл алынышы статистикалык отчеттуулуктун формаларын заманбап талаптарга ылайык келтирүүгө мүмкүндүк берди, алар кайра каралып, жаңы экономикалык реалдуулукка ылайыкташтырылды, ошондой эле эл аралык классификаторлорду жана методологияларды киргизүү процесси башталды. Бул эл аралык деңгээлде статистикалык маалыматтардын сапатын жана салыштырмалуулугун жогорулатты.

Жалпысынан алганда, 1994-жылдагы Мыйзам улуттук статистиканын көз карандысыз, илимий негизделген жана эл аралык стандарттарга багытталган тутум катары калыптанышы үчүн укуктук пайдубал болуп калды. Ал он жылдан ашык убакыт бою колдонулуп, статистика органдарын институционалдык бекемдөөдө чечүүчү ролду ойноду. 2007-жылдын мартында гана топтолгон тажрыйбаны, ошондой эле эл аралык сунуштарды эске алуу менен 1994-жылдагы мыйзамдык базаны алмаштырган Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик статистика жөнүндө» жаңы Мыйзамы кабыл алынган.

1992-жылы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 30-ноябрдагы №595 токтому менен 1993-1996-жылдарга карата рыноктук экономиканын өнүгүү талаптарына ылайык, Кыргызстан Республикасынын эл аралык практикада кабыл алынган эсепке алуу жана статистика тутумуна өтүүсүнүн биринчи Мамлекеттик программасы бекитилген.

Программага ылайык, статистика органдары тарабынан эл чарбасынын көрсөткүчтөрүн калыптандыруудан улуттук эсептер тутумун киргизүүгө өтүү үчүн негиз түзгөн комплекстүү иш-чаралар ишке ашырылды. Анын негизинде ички дүң продукт жана башка маанилүү макроэкономикалык көрсөткүчтөр калыптандырыла баштады, ошондой эле тышкы экономикалык ишмердүүлүк, төлөм теңдеми, баалар жана башкалар сыяктуу статистиканын жаңы бөлүмдөрү түзүлдү. Биринчи жолу УЭТ (СНС) методологиясы боюнча товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн тармак аралык балансы иштелип чыкты.

Кичи жана орто ишканалардын, ошондой эле башка жаңы рыноктук түзүмдөрдүн ишмердүүлүгүнө туруктуу байкоо жүргүзүү башталды.

Эл аралык талаптарды эске алуу менен өнөр жай, айыл чарба, курулуш, эмгек, соода жана кызмат көрсөтүү, финансы статистикасы тармактарын реформалоо да башталган. Улуттук статистика кызматы техникалык-экономикалык маалыматтарды классификациялоонун жана коддоонун бирдиктүү тутумун түзүүнүн, өнүктүрүүнүн жана киргизүүнүн бирден-бир координатору болуп калды. Ушул эле мезгилде экономиканын өткөөл мезгилиндеги статистиканын негизги куралы катары Статистикалык бирдиктердин бирдиктүү мамлекеттик регистри (СББМР/ЕГРСЕ) калыптанган.

### 1993-жыл Улуттук эсептер тутумун (УЭТ) киргизүү

Республика эгемендүүлүк алган алгачкы жылдардан тартып, Кыргыз Республикасынын эл аралык тажрыйбада кабыл алынган эсепке алуу жана статистика тутумуна өтүүсүнүн биринчи Мамлекеттик программасынын алкагында (1992-жылдын ноябры), «1993-жылдагы Улуттук эсептер тутумун (УЭТ-1993)» киргизүү боюнча иштер башталагн. Бул программанын артыкчылыктуу багыттарынын бири — эл чарбасынын тармактык көрсөткүчтөрүн калыптандыруудан улуттук эсептер тутумунун көрсөткүчтөрүнө өтүү жана УЭТти статистикалык практикага киргизүү болгон.

Программаны ишке ашыруу максатында 1993-жылдын январында Улутстаткомдун түзүмүндө тиешелүү бөлүм түзүлгөн. Анын негизги функциясы болуп жалпы эле улуттук эсептер тутумун, ошондой эле эл аралык стандарттарга жооп берген эң маанилүү интеграцияланган көрсөткүчтү — ички дүң продуктуну (ИДП) калыптандыруу аныкталган. Ошол учурдан тартып эл аралык стандарттардын негизинде УЭТ методологиясын өздөштүрүү боюнча системалуу иштер башталган.

Алгачкы этапта ички дүң продуктуну эсептөөлөр эл чарбасынын балансынын (ЭЧБ) негизги көрсөткүчтөрү болгон дүң коомдук продукт жана улуттук киреше менен катар жүргүзүлгөн. Мындай параллелдүү эсептөөлөр 1997-жылга чейин ишке ашырылып келген.

### Интеграцияланган экономикалык эсептер

Улуттук эсептер тутумунун (УЭТ) методологиясын изилдөө, өздөштүрүү жана даражетти жогорулатуу процессинде ички дүң продуктуну (ИДП) үч метод менен эсептөө этап-этабы менен даярдалды. 1990-жылдан баштап экономиканын тармактары жана секторлору боюнча тутумдун учурдагы эсептери боюнча ретроспективдүү эсептөөлөр жүргүзүлдү. ИДПнын кварталдык эсептөөлөрү акыркы пайдалануу методу менен 1990-жылдан бери, ал эми өндүрүштүк метод менен 1994-жылдан бери эсептелип келет. ИДПнын кирешелер методу боюнча көрсөткүчтөрү жылдык негизде 1990-жылдан бери иштелип чыгууда.

Ички региондук продуктуну (ИРП) эсептөөгө келсек, анын көрсөткүчтөрүн калыптандыруу 2007-жылы аяктаган жана жыл сайын ишке ашырылып турат. Ошондой эле, 2007-жылдан баштап эмгек өндүрүмдүүлүгүн жана энергия чыгымдарынын көрсөткүчтөрүн эсептөөлөр жүргүзүлүүдө.

2019-жылдан тартып «2008-жылдагы Улуттук эсептер тутумунун (УЭТ 2008)» сунуштамаларына ылайык, экономикалык ишмердүүлүктүн түрлөрү боюнча дискреттик (таза) негизде кварталдык улуттук эсептерди эсептөө үзгүлтүксүз жүргүзүлүп келет.

Азыркы учурда республиканын Улуттук эсептери өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:

- ◊ Товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн эсеби;
- ◊ Өндүрүш эсеби;
- ◊ Кирешелердин калыптануу эсеби;
- ◊ Кирешелерди баштапкы бөлүштүрүү эсеби;
- ◊ Кирешелерди экинчи жолу бөлүштүрүү эсеби;
- ◊ Кирешелерди кайра бөлүштүрүү эсеби;
- ◊ Колдо болгон кирешени пайдалануу эсеби;
- ◊ Түзөтүлгөн кирешени пайдалануу эсеби;
- ◊ Капитал менен болгон операциялардын эсеби;
- ◊ «Калган дүйнө» эсеби.

### Сектордук эсептер, топтоо эсептери жана тематикалык эсептер

Сектордук эсептер ар кандай экономикалык секторлордун кирешелерди өндүрүүгө, бөлүштүрүүгө, кайра бөлүштүрүүгө жана пайдаланууга, ошондой эле активдерди жана милдеттенмелерди топтоого кандайча катышарын көрсөтүү үчүн улуттук эсептер тутумунда (УЭТ) түзүлөт. Алар экономикалык процесстерди секторлор боюнча талдоо үчүн зарыл.

Сектордук эсептер өндүрүштү, кирешелерди, чыгымдарды жана топтоону бирдиктүү тутумга «байлап», бир секторлор экинчилерин кандайча каржылай турганын көрүүгө мүмкүндүк берет. Азыркы учурда 2021- жана 2023-жылдар үчүн экономиканын институционалдык секторлору боюнча тутумдун бардык эсептер ырааттуулугунун эксперименталдык эсептөөлөрү жүргүзүлдү. 2024-жыл үчүн көрсөткүчтөрдү калыптандыруу боюнча иштер башталды.

Топтоо эсептери өлкөнүн экономикалык өнүгүүсүнүн жана байлыгынын көрсөткүчтөрүн макроэкономикалык деңгээлде жалпылоо жана талдоо үчүн концептуалдык жана статистикалык негизди камсыз кылуучу улуттук эсептер тутумунун негизги эсептерине кирет. Топтоо эсептери активдердин жана пассивдердин балансторы менен бирге белгилүү бир убакыт ичиндеги институционалдык бирдиктердин же секторлордун менчигиндеги активдердин жана алардын пассивдеринин наркын, ошондой эле бул нарктын убакыттын өтүшү менен өзгөрүшүн чагылдырган эсептер тобун түзөт. Топтоо эсептерине төрт эсеп кирет: капитал менен болгон операциялардын эсеби, финансылык эсеп, активдердин көлөмүндөгү башка өзгөрүүлөрдүн эсеби жана кайра баалоо эсептери.

Тематикалык эсептерге келсек, эксперименталдык негизде пилоттук облус боюнча 2019-жыл үчүн туризм эсебинин эсептөөлөрү жүргүзүлдү. 2017-жыл үчүн трансферттик эсептер, ошондой эле 2018 жана 2019-жылдар үчүн саламаттыкты сактоо эсептери калыптандырылды.

### «Ресурстар - Пайдалануу» таблицалары жана «Чыгымдар - Чыгаруу» таблицалары

Улуттук эсептер тутумунун интеграцияланган түзүмүнүн негизги компоненттеринин бири - экономикадагы товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн сунушталышын, алардын пайдаланылышын, экономикалык ишмердүүлүктүн түрлөрү жана продукциянын түрлөрү боюнча деталдаштырылган кошумча нарктын калыптанышын мүнөздөөчү «Ресурстар – Пайдалануу» жана «Чыгымдар – Чыгаруу» таблицалары болуп саналат.

Матрица түрүндө берилген бул бири-бири менен байланышкан таблицалар ички өндүрүш жана импорт булагы болгон ар кандай товарлар менен кызмат көрсөтүүлөр түрүндөгү ресурстардын түзүлүшүн, ошондой эле бул ресурстардын суроо-талаптын (аралык жана акыркы) ар кандай компоненттеринин ортосунда бөлүштүрүлүшүн чагылдырат. Бул таблицаларды макулдашуудагы негизги принцип - продукциянын ресурсунун жалпы саны бир түрдөгү баалар менен өлчөнгөн аны пайдалануунун жалпы көлөмүнө барабар болушу керек.

Кыргыз Республикасы «Ресурстар - Пайдалануу» таблицаларын да, «Чыгымдар - Чыгаруу» (ЧЧТ) таблицаларын да иштеп чыгат. Симметриялык «Чыгымдар - Чыгаруу» таблицалары 1994-жылдан баштап жыл сайын экономикалык ишмердүүлүктүн түрлөрүнүн классификаторуна ылайык 38*38 өлчөмүндө калыптандырылып келген. 2016-жылдан баштап азыркы күнгө чейин ЧЧТ үч жылда бир жолу калыптандырылат.

Ал эми «Ресурстар - Пайдалануу» таблицалары алгачкы жолу 2016-жылы Евростаттын 2008-жылдагы «Ресурстар, Пайдалануу жана Чыгымдар - Чыгаруу таблицалары боюнча эл аралык колдонмосуна» ылайык түзүлгөн. 2016-жылдагы матрицанын өлчөмү 61 тармакты жана 114 продукциянын түрүн камтыган болсо, кийинчерээк 38 тармак жана товарлар менен кызмат көрсөтүүлөрдүн 38 түрү өлчөмүндөгү матрицалар жарыялана баштады.

### Статистикалык регистрдин түзүлүшү

1992-жылы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомунун негизинде алгачкы жолу Статистикалык бирдиктердин мамлекеттик регистри (СБМР) түзүлгөн. Андан соң, Кыргыз Республикасынын 1993–1996-жылдарга карата эл аралык тажрыйбада кабыл

алынган эсепке алуу жана статистика тутумуна өтүүсүнүн биринчи Мамлекеттик программасынын алкагында, ал Статистикалык бирдиктердин бирдиктүү мамлекеттик регистри (СББМР) болуп кайра түзүлгөн, ал эми анын укуктук статусу «Мамлекеттик статистика жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен аныкталган.

Республикада бирдиктүү маалыматтык мейкиндикти түзүү, ошондой эле чарба жүргүзүүчү субъекттерди эсепке алуунун толуктугун жана маалыматтардын ишенимдүүлүгүн камсыз кылуу максатында, регистрдин негизине Борбордук статистикалык башкармалык тарабынан жүргүзүлгөн ишканалардын жана уюмдардын жалпы союздук классификатору (ИУЖК – ОКПО) коюлган.

1994-жылга чейин чарба жүргүзүүчү субъекттерди мамлекеттик каттоо жергиликтүү мамлекеттик администрация органдары тарабынан ишке ашырылып келген, ал эми мамлекеттик статистика органдары регистрдин маалыматтар базасын калыптандыруу үчүн аларды статистикалык эсепке алууну камсыз кылган. 1994-жылы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн «Кыргыз Республикасында жеке ишкерлерди мамлекеттик каттоо жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» токтомуна ылайык, чарба жүргүзүүчү субъекттерди мамлекеттик каттоо функциялары мамлекеттик статистика органдарына өткөрүлүп берилген.

1997-жылдан тартып азыркы күнгө чейин юридикалык жактарды каттоо функцияларын Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин органдары ишке ашырып келет, ал эми 2016-жылдан баштап жеке жактарды жеке ишкер катары каттоо Кыргыз Республикасынын Салык кызматынын органдарына жүктөлгөн.

## II бөлүм. Мамлекеттик статистика органдарынын түзүмү жана ишмердүүлүгүн уюштуруу

### 2.1. Расмий (мамлекеттик) статистика органдары

«Расмий статистика жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесине ылайык, улуттук статистикалык тутумду расмий статистиканын төмөнкү өндүрүүчүлөрү түзөт:

- Улуттук статистикалык комитет;
- түзүмдүк бөлүмдөрдөн турган расмий статистиканын башка өндүрүүчүлөрү:

а) Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы – ал «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына жана «Банктар жана банк иштери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык расмий статистиканы иштеп чыгат, өндүрөт жана жайылтат;

б) өзгөчө же негизинен расмий статистиканы иштеп чыгуу, өндүрүү жана жайылтуу менен алектенген мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары.

### 2.2. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин ишин уюштуруу

Улуттук статистика комитети (Улутстатком) «улуттук» макамы бар расмий статистика чөйрөсүндөгү мамлекеттик орган катары расмий статистиканын алдыңкы өндүрүүчүсү болуп саналат. Ал улуттук статистикалык тутумда расмий статистиканы иштеп чыгуу, өндүрүү жана жайылтуу боюнча ишмердүүлүктү координациялоону камсыз кылат. Улутстатком кесиптик жактан көз карандысыз орган болуп саналат жана Кыргыз Республикасынын Президентине отчет берет.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2020-жылдын 22-сентябрындагы № 178 Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети жөнүндө жобого ылайык, Улутстатком өз ишмердүүлүгүндө Кыргыз Республикасынын Конституциясын, «Расмий статистика жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын, башка ченемдик укуктук актыларды, белгиленген тартипте күчүнө кирген, Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган эл аралык келишимдерди, ошондой эле ушул Жобону жетекчиликке алат.

Улутстаткомдун негизги милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:

- Расмий статистика чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты ишке ашыруу;
- Мамлекеттик статистикалык байкоолорду уюштуруу, координациялоо жана өткөрүү;
- Эл аралык стандарттарга шайкеш келтирилген статистикалык методологияны иштеп чыгуу жана киргизүү;
- Ишмердүүлүктүн бардык түрлөрү, анын ичинде социалдык-экономикалык, демографиялык жана экологиялык багыттар боюнча расмий статистикалык маалыматтарды калыптандыруу;
- Колдонуучулардын расмий статистикага жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу жана баштапкы маалыматтардын купуялуулугун коргоо;
- Мамлекеттик статистикалык классификацияны жана статистикалык бирдиктердин регистрин жүргүзүү.

Мындан тышкары, Улутстатком эл аралык статистикалык уюмдар - БУУ, Дүйнөлүк банк, БУУнун ЭЭК (ЕЭК ООН), Эл аралык валюта фонду (ЭВФ), Евростат жана башка өнөктөштөр менен иштешүү боюнча улуттук координатордун функцияларын аткарат.

Учурда Улутстаткомдун тутумуна борбордук аппарат, аймактык органдар, ошондой эле ведомстволук бөлүмдөр - Интеллектуалдык маалыматтар борбору жана Статистикалык изилдөөлөр жана квалификацияны жогорулатуу институту кирет.

Республиканын улуттук статистикалык тутумунун алдыңкы органы катары Улутстаткомдун ишинин максаты - «Расмий статистика жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5-беренеси менен белгиленген расмий статистиканын негизги принциптерине ылайык, сапаттуу расмий статистиканы өндүрүү жана жайылтуу болуп саналат.

Улутстатком өз ишмердүүлүгүн мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, юридикалык жана жеке жактар, эл аралык уюмдар жана башка өлкөлөрдүн статистикалык кызматтары менен өз ара аракеттенүүдө ишке ашырат.

Улутстаткомдун 2025-жылдын 4-декабрындагы № 180 буйругуна ылайык, санариптештирүү жана сапатты башкаруунун заманбап милдеттерине шайкеш келтирүү максатында борбордук аппараттын түзүмү жаңыланып жана кеңейтилди. Учурда ал 11 башкармалыкты, 22 бөлүмдү жана бир секторду камтыйт. Борбордук аппараттын штаттык саны 204 бирдикти түзөт.

Жаңы түзүлгөн бөлүмдөрдүн катарында Санариптик өнүктүрүү жана туруктуу өнүгүү статистикасы башкармалыгы, Стратегиялык пландаштыруу жана бизнес-процесстерди оптималдаштыруу башкармалыгы, Экономикалык статистиканы иштеп чыгуу башкармалыгы, Социалдык статистиканы иштеп чыгуу башкармалыгы, ошондой эле сапатты жана методологияны камсыздоо бөлүмү, метамаалыматтар, стандарттар жана классификаторлор менен иштөө бөлүмү, административдик маалыматтар менен иштөө бөлүмү бар. Мындан тышкары, коррупцияны алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүл кызматы киргизилген.

Башкаруунун натыйжалуулугун жогорулатууга 2025-жылы статистиканын үч деңгээлдүү тутумун жоюу жана эки деңгээлдүү тутумга (борбордук аппарат – аймактык органдар) өтүү өбөлгө түздү.

Бүгүнкү күндө Улуттук статистика комитетин аймактык деңгээлде шаардык жана райондук статистика башкармалыктары (Бишкек жана Ош шаарларын кошо алганда), ошондой эле шаардык жана райондук статистика бөлүмдөрү сунуштайт.

Кыргызстандын статистикасынын өнүгүүсүнүн заманбап этабы санариптик инновациялар менен мүнөздөлөт. Бул жакта Улутстатком «IST» автоматташтырылган маалыматтык тутумун активдүү киргизүүдө, ал статистикалык процесстин бардык этаптарын - респонденттерди каттоодон жана формаларды тестирлөөдөн баштап, маалыматтарды чогултууга жана жарыялоого чейин камтыйт.

Муну менен катар административдик маалыматтарды колдонууга өтүүнү ишке ашыруу боюнча иштер жүргүзүлүүдө, бул кээ бир статистикалык формалардан баш тартууга, ишканаларга болгон жүктү азайтууга жана маалымат чогултуунун натыйжалуулугун жогорулатууга мүмкүндүк берет. Статистикалык формаларды жыл сайын кайра карап чыгуу электрондук шаблондорду, маалыматтарды автоматтык түрдө текшерүү жана логикалык көзөмөлдөө эрежелерин киргизүү менен коштолот. Бул отчеттуулукту иштеп чыгууну автоматташтырат жана маалыматты калыптандыруунун алгачкы этаптарында каталарды жана шайкешсиздиктерди аныктоого мүмкүндүк берет. Бул санариптик трансформация шарттарында расмий статистиканын сапатын жогорулатууга, салыштырмалуулугун жана ишенимдүүлүгүн камсыз кылууга өбөлгө түзөт.

## 2.3. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин аймактык органдарынын ишин уюштуруу

Улутстаткомдун Коллегиясынын 2025-жылдын 16-сентябрындагы №23 «Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин аймактык органдарынын ишин оптималдаштыруу жана кайра уюштуруу жөнүндө» токтомуна ылайык, аймактык органдарды кайра уюштуруу жүргүзүлдү. Анын жыйынтыгында Баткен, Ысык-Көл, Нарын жана Талас облустук статистика башкармалыктары шаардык статистика башкармалыктары болуп кайра түзүлдү. Мындан тышкары, айрым облустук башкармалыктар менен райондук же шаардык статистика бөлүмдөрүнүн биригишинин негизинде жаңы аймактык органдар түзүлдү, анын ичинде Манас шаардык башкармалыгы, Аламүдүн жана Кара-Суу райондук статистика башкармалыктары, ошондой эле Чүй-Токмок аймактык бөлүмү бөлүнгөндөн кийин - Чүй райондук жана Токмок шаардык статистика бөлүмдөрү түзүлдү.

Жүргүзүлгөн кайра уюштуруунун натыйжасында башкаруу тутуму үч деңгээлдүү тутумдан эки деңгээлдүү (борбордук аппарат жана аймактык органдар) тутумга өткөрүлдү. Аймактык органдардын штаттык саны 633 бирдикти түзөт.

Бул өзгөртүүлөр статистикалык бөлүмдөрдүн тармагын ирилештирүүгө, административдик чыгымдарды азайтууга жана маалыматтарды чогултуунун ыкчамдыгын жогорулатууга мүмкүндүк берди.

Аймактык органдар Улутстаткомдун ведомстволук уюмдары болуп саналат. Алар статистикалык ишмердүүлүк чөйрөсүндө жетекчиликти ишке ашырышат жана өз ишмердүүлүгүндө Кыргыз Республикасынын Конституциясын, «Расмий статистика жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын, башка ченемдик укуктук актыларды, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети жөнүндө жобону жетекчиликке алышат.

Аймактык органдардын негизги милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:

- өз аймагында мамлекеттик статистикалык байкоолорду жүргүзүү;
- берилүүчү отчеттуулуктун толуктугун жана ишенимдүүлүгүн текшерүү;
- формаларды толтуруу маселелери боюнча респонденттерге кеңеш берүү;
- жергиликтүү маалыматтар базасын калыптандыруу жана аларды борбордук аппаратка өткөрүп берүү;
- калкты каттоо, айыл чарбасын каттоо жана башка бир жолку изилдөөлөрдү даярдоого жана өткөрүүгө катышуу.

## 2.4. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин Интеллектуалдык маалыматтар борборунун ишин уюштуруу

2021-жылы Улутстаткомдун 3-майдагы №15 «Башкы эсептөө борборун кайра уюштуруу жөнүндө» токтомуна ылайык, Башкы эсептөө борбору Маалыматтык-коммуникациялык технологиялар борбору болуп кайра түзүлгөн.

Ошол эле жылы Улутстаткомдун 20-августтагы №21 токтому менен Маалыматтык-коммуникациялык технологиялар борбору Интеллектуалдык маалыматтар борбору (мындан ары - ИМБ) болуп кайра түзүлдү.

ИМБ ведомстволук уюм жана Улуттук статистика комитетинин техникалык инфраструктурасынын негизги шилтемеси болуп саналат. Ал статистикалык маалыматтарды чогултуу, сактоо, иштеп чыгуу жана жайылтуу процесстерин автоматташтырууну камсыз кылат. ИМБнын штаттык саны 64 бирдикти түзөт.

Интеллектуалдык маалыматтар борборунун ишмердүүлүгүнүн негизги багыттары болуп төмөнкүлөр саналат: статистикалык ишмердүүлүктө колдонулуучу маалыматтык

тутумдарды жана платформаларды иштеп чыгуу, киргизүү жана колдоо; статистикалык отчеттуулукту электрондук түрдө чогултуу жана иштеп чыгуу үчүн программалык комплекстерди киргизүү; статистикалык маалыматтардын сакталышын жана корголушун камсыз кылуу; статистикалык процесстерди санариптештирүү жана респонденттер жана колдонуучулар менен өз ара аракеттенүүнүн электрондук формаларына өтүү; калкты жана айыл чарбасын каттоону, ошондой эле ири тандалма изилдөөлөрдү техникалык жактан колдоо; статистикалык маалыматтар базаларын жана регистрлерди калыптандыруу жана жүргүзүү.

Борбор «электрондук статистика» концепциясын өнүктүрүүдө жана маалыматтык тутумдарды эл аралык платформалар менен интеграциялоодо негизги ролду ойнойт.

2025-жылы ИМБ негизги стратегиялык милдетти - «IST» жана «NARA» автоматташтырылган маалыматтык тутумдары аркылуу электрондук отчеттуулук тутумун киргизүүнү ишке ашырууга киришти. Бул респонденттер менен өз ара аракеттенүүнүн толук санариптик циклин камсыз кылууга, ишканаларга жана жарандарга болгон жүктү азайтууга, статистикалык маалыматтардын ыкчамдыгын жана сапатын жогорулатууга мүмкүндүк берет.

ИМБ ошондой эле статистикалык жана административдик маалыматтарды интеграциялоо, «Түндүк» ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү тутуму аркылуу кызматташуу, аймактык органдарды техникалык жактан колдоо жана алардын кызматкерлерин окутуу үчүн жооптуу. Ошентип, ИМБ статистиканын санариптик трансформациясынын техникалык эле эмес, стратегиялык борбору болуп саналат.

## 2.5. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин Статистикалык изилдөөлөр жана квалификацияны жогорулатуу институтунун ишин уюштуруу

Кыргызстан эгемендүүлүккө ээ болгондон кийин, улуттук статистиканы реформалоонун стратегиясын жана методологиясын комплекстүү иштеп чыгуучу илимий республикалык борборду түзүү зарылчылыгы келип чыккан. 1992-жылы Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик статистика комитетинин Статистикалык изилдөөлөр жана инновациялык технологиялар борборунун базасында Улуттук статистика комитетинин Статистикалык изилдөөлөр институту түзүлгөн. Ал республикадагы статистикалык методология жана талдоо чөйрөсүндөгү жалгыз илимий-изилдөө мекемеси болуп калды.

Институт улуттук статистикалык тутумду өнүктүрүүгө, социалдык-экономикалык индикаторлордун методологиялык негиздерин иштеп чыгууга, көмүскө экономиканы, демографиялык коопсуздукту, эмгек статистикасын, инвестицияларды жана инновациялык ишмердүүлүктү баалоого, ошондой эле эл аралык статистикалык стандарттарды киргизүүгө олуттуу салым кошту.

2012-жылы Статистикалык изилдөөлөр институту жана Окуу борбору кайра уюштурулуп, алардын базасында Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин Ресурстук-методологиялык борбору түзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 18-октябрындагы №484 жана №485 токтомдоруна ылайык, Улутстаткомдун мекемелеринин ишин оптималдаштыруу, статистикалык маалыматтардын сапатын жогорулатуу үчүн шарттарды түзүү, маалыматтарды чогултууну жана талдоону өркүндөтүү максатында, Ресурстук-методологиялык борбор Статистикалык изилдөөлөр жана квалификацияны жогорулатуу институту (мындан ары - ИСИПК) болуп кайра түзүлгөн.

Учурда ИСИПК Улуттук статистика комитетинин ведомстволук уюму болуп саналат жана илимий-методологиялык жана билим

берүү борборунун функцияларын аткарат. Ал статистикалык тутумдун кадрдык потенциалын өнүктүрүүнү, илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүнү жана эл аралык статистикалык стандарттарды киргизүүнү камсыз кылат. Институт эл аралык долбоорлорго жигердүү катышат жана адистерди статистиканы санариптештирүү жана электрондук отчеттуулук шарттарында иштөөгө даярдоо сыяктуу окутуу программаларын ишке ашырат.

ИСИПК Улутстаткомдун кадрдык потенциалын өнүктүрүүдө жана улуттук статистиканы эл аралык стандарттарга ылайыкташтырууда негизги ролду ойнойт. Акыркы жылдары институт эл аралык уюмдар менен кызматташтыкты активдештирип, окутуу программаларын, анын ичинде «IST» жана «NARA» санариптик тутумдары боюнча курстарды ишке ашырууда. 2025-жылы эки деңгээлдүү тутумга өткөндөн кийин, ИСИПК аймактык органдар жана ИМБ (ЦИД) менен координацияны күчөттү, анын ичинде санариптик технологияларды киргизүү жана электрондук отчеттуулук шарттарында иштөө үчүн кадрларды даярдоо багытында иштер жанданды.

# **III бөлүм.** Мамлекеттик статистикалык ишмердүүлүк

### 3.1 Расмий статистиканын негизги принциптери

Расмий статистикалык маалыматтар экономика, демография, социалдык чөйрө жана айлана чөйрө жаатындагы өнүгүү үчүн, ошондой эле мамлекеттер менен элдердин ортосундагы өз ара түшүнүшүү жана соода-сатык үчүн маанилүү негиз болуп саналат.

Расмий статистикалык маалыматтарга карата коомчулуктун толук ишеними, өзүн таанууга жана өз мүчөлөрүнүн укуктарын сыйлоого умтулган ар кандай демократиялык коомдун негизин түзгөн фундаменталдык баалуулуктарды жана принциптерди урматтоодон көз каранды.

Мамлекеттик статистиканын заманбап тутумунда расмий статистиканын принциптери негизги ролду ойнойт - алар маалыматтарга болгон ишенимди, алардын салыштырмалуулугун, калыстыгын жана эл аралык стандарттарга шайкештигин камсыз кылат. Айрыкча, бул принциптер мыйзамдык жана методологиялык негиздерди иштеп чыгуу, ошондой эле улуттук деңгээлдеги статистика органдарынын иштеши үчүн багыт болуп кызмат кылганы абдан маанилүү.

Эл аралык тажрыйбада 1994-жылы бекитилген БУУнун расмий статистикасынын фундаменталдык принциптери кеңири таанылган. Алар статистикалык кызматтардын көз карандысыздыгы, кесиптик компетенттүүлүк, эл аралык стандарттарды колдонуу, ачык-айкындуулук, купуялуулук, ведомстволор аралык координация жана эл аралык кызматташтык сыяктуу жоболорду камтыйт. Мисалы, эл аралык концепцияларды, классификацияларды жана методдорду колдонуу жөнүндөгү 9-принцип статистикалык системалардын шайкештигине өбөлгө түзөт, ал эми эки тараптуу жана көп тараптуу эл аралык кызматташтык жөнүндөгү 10-принцип бардык өлкөлөрдө расмий статистика системаларын өркүндөтүүгө жардам берет.

Кыргыз Республикасы үчүн бул принциптер улуттук укуктук базада өз чагылдырылышын тапкан. Кыргыз Республикасынын «Расмий статистика жөнүндө» Мыйзамында мамлекеттик статистикалык ишмердүүлүк кесиптик көз карандысыздык жана өз алдынчалык принциптеринде ишке ашырылат деп бекитилген. Ошондой эле мыйзамда: «расмий статистикалык маалыматтардын, ошондой эле колдонулуучу статистикалык методологиянын жеткиликтүүлүгү жана ачыктыгы», ошондой эле «расмий статистикалык эсепти маалыматтык камсыздоо үчүн бирдиктүү стандарттарды колдонуу» каралган».

Кыргызстандын улуттук статистикалык системасынын негизги принциптерин төмөнкүдөй белгилөөгө болот:

- Көз карандысыздык жана кесипкөйлүк-статистика органдары саясий түзүмдөрдүн кийлигишүүсүз, илимдин жана методологиянын негизинде иштешет;
- Методологиянын илимий негизделиши жана эл аралык стандарттарга шайкештиги - методологиялар жана отчеттуулук формалары эл аралык тажрыйбаны эске алуу менен иштелип чыгат;
- Объективдүүлүк, ишенимдүүлүк жана өз убагында болуу - статистикалык көрсөткүчтөр толук, ишенимдүү жана колдонуучуларга өз убагында жеткиликтүү болушу керек;
- Жеткиликтүүлүк жана ачыктык - колдонуучулар расмий статистиканы алууга укуктуу; ошону менен бирге жеке маалыматтарды коргоо жана купуялуулукту сактоо ортосундагы тең салмактуулук сакталат;

- ◊ Баштапкы маалыматтардын купуялуулугу - респонденттердин жеке маалыматтарын милдеттүү түрдө коргоо;
- ◊ Координациялоо жана бирдейлик - бирдиктүү стандарттар, классификаторлор, отчеттуулук формалары жана маалыматтык технологиялар бүткүл өлкө боюнча колдонулат;
- ◊ Эл аралык салыштырмалуулук - маалыматтар эл аралык деңгээлде салыштырмалуу болушу керек, бул глобалдык статистикалык процесстерге катышууга мүмкүндүк берет.

Ошентип, расмий статистиканын принциптери жөн гана декларация эмес, статистиканын тутумдуу, ачык-айкын жана көз карандысыз институтун түзүү үчүн реалдуу багыттар болуп саналат. Кыргызстанда алар мыйзамдарга, ченемдик актыларга жана методологиялык документтерге интеграцияланган, бул статистикалык системанын туруктуу өнүгүүсүнүн негизи болуп саналат.

Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасынын расмий статистикасынын принциптери БУУнун фундаменталдык принциптерине, ошондой эле улуттук мыйзамдардын жоболоруна негизделген. Алардын арасында көз карандысыздык жана кесипкөйлүк, объективдүүлүк жана ишенимдүүлүк, купуялуулук, маалыматтын ачыктыгы жана жеткиликтүүлүгү, эл аралык стандарттарды жана методологияларды колдонуу бар.

2025-жылы бул принциптерге жаңы басымдар кошулду: процесстерди санариптештирүү, статистикалык маалыматтардын сапатын башкаруу, маалыматтын административдик булактарын колдонуу жана ачык маалыматтарды өнүктүрүү. Башкаруунун эки деңгээлдүү системасына өтүү аларды иш жүзүндө ишке ашырууну чыңдады. Улуттук статистика комитетинин ишмердүүлүгүнүн бул багыттары заманбап чакырыктарды чагылдырат жана коомдун, ошондой эле эл аралык өнөктөштөрдүн ишенимин арттырууга өбөлгө түзөт.

### 3.2. «Расмий статистика жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы тууралуу

Кыргыз Республикасында статистикалык ишмердүүлүктү укуктук жөнгө салуу улуттук статистикалык системанын өнүгүшүн, өлкөнүн эгемендүү мамлекетке жана рыноктук экономикага өтүүсүн чагылдыруу менен узак убакыт бою калыптанып жана өркүндөтүлүп келген.

Советтик мезгилде статистика органдарынын ишмердүүлүгү бирликтеш (союздук) мыйзамдар жана СССРдин Борбордук статистика башкармалыгынын ведомстволук ченемдик актылары менен жөнгө салынган, алар статистикалык эсепти борборлоштурулган уюштурууну, отчеттуулуктун милдеттүүлүгүн жана бирдиктүү методологиялык ыкмаларды аныктаган. Статистика органдары мамлекеттик эсепке алуу жана контролдоо функцияларын аткарып, пландоо органдарын өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсү жөнүндө ишенимдүү маалыматтар менен камсыз кылып турган.

Кыргыз Республикасы эгемендүүлүккө ээ болгондон кийин, эгемен мамлекеттин принциптерине жана рыноктук экономикага шайкеш келген статистиканын улуттук укуктук базасын түзүү зарылчылыгы келип чыккан. 1994-жылы Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик статистика жөнүндө» алгачкы Мыйзамы кабыл алынып, ал улуттук статистикалык системанын иштешинин негизин түптөгөн, статистика органдарынын статусун жана ыйгарым укуктарын, респонденттердин жана маалыматтарды колдонуучулардын укуктары менен милдеттерин аныктаган.

Мамлекеттик статистика органдарынын статусун жогорулатуу максатында Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы менен 1994-жылдын май айында Мамлекеттик статистика комитети Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети болуп кайра түзүлгөн. Улуттук статистика кызматы

Кыргыз Республикасынын Президентине отчеттуу болуп калды жана көз карандысыз орган статусуна ээ болду.

2007-жылы статистика жөнүндөгү мыйзамдар топтолгон тажрыйбаны жана эл аралык сунуштарды эске алуу менен жаңыртылган. Жаңы мыйзамда БУУнун Фундаменталдык принциптери эске алынып, статистикалык маалыматтардын объективдүүлүгүнө жана купуялуулугуна карата талаптар күчөтүлгөн, ошондой эле статистика органдарынын мамлекеттик органдар жана респонденттер менен өз ара аракеттенүүсүнүн негиздери аныкталган.

Кыргыз Республикасынын «Расмий статистика жөнүндө» Мыйзамы (2019-жылдын 8-июлундагы № 82) улуттук статистикалык системанын укуктук базасын өнүктүрүүдөгү маанилүү этап болуп калды. Ал топтолгон тажрыйбаны, заманбап чакырыктарды жана эл аралык стандарттарды эске алуу менен 1994 жана 2007-жылдардагы мурунку мыйзамдарды алмаштырды.

Бул Мыйзам Улуттук статистика комитетинин ишмердүүлүгүнүн укуктук негизи болуп саналат. Ал көз карандысыздык, объективдүүлүк, ачыктык жана купуялуулук принциптерин бекитет, улуттук статистикалык системаны уюштурууну жана маалыматтарды колдонуучулар менен өз ара аракеттенүү тартибин жөнгө салат.

Мыйзамдын негизги жоболору:

- ◊ Мыйзам улуттук статистикалык системаны уюштурууну жана анын иштешин жөнгө салат, статистика органдарынын ишмердүүлүгүнүн милдеттерин жана принциптерин аныктайт.
- ◊ Анда расмий статистиканын аныктамасы - репрезентативдик негизде социалдык, экономикалык, демографиялык жана экологиялык кубулуштарды чагылдырган статистикалык маалыматтар катары бекитилген.
- ◊ Мыйзамда мамлекеттик статистикалык ишмердүүлүк Кыргыз Республикасынын Конституциясына, ушул Мыйзамга, башка ченемдик укуктук актыларга жана эл аралык келишимдерге ылайык жүзөгө ашырылары белгиленген.
- ◊ Негизги принциптер белгиленген: көз карандысыздык, илимий негизделгендик, объективдүүлүк, жеткиликтүүлүк, ачыктык, купуялуулук жана эл аралык салыштырмалуулук.
- ◊ Маалымат булактарына өзгөчө көңүл бурулган: салттуу статистикалык байкоолор менен катар административдик маалыматтар, мекемелердин жана эл аралык уюмдардын маалыматтары колдонулушу мүмкүн. Статистика органдары маалыматтардын сапатына жана өз убагында берилишине таянуу менен маалымат булактарын өз алдынча аныктоо укугуна ээ болушту.
- ◊ Мыйзам Статистикалык иштердин программасын түзүүнүн жана бекитүүнүн милдеттүүлүгүн бекитти, бул ишмердүүлүктүн тутумдуулугун жана ачык-айкындуулугун камсыз кылат.
- ◊ Айрым беренелер жеке маалыматтарды коргоого жана купуялуулукка, атап айтканда, Статистикалык бирдиктердин бирдиктүү мамлекеттик регистринен маалымат алууга чектөөлөргө арналган.

"Расмий статистика жөнүндө" Мыйзамдын кабыл алынышы Кыргызстандын статистикалык системасын институционалдык чыңдоодогу маанилүү кадам болду. Ал расмий статистиканын негизги принциптерин бекитүү менен чектелбестен, санариптик технологияларды өнүктүрүү, жаңы методологияларды киргизүү жана эл аралык уюмдар менен кызматташууну кеңейтүү үчүн заманбап укуктук базаны түздү.

Мыйзам статистикага болгон ишенимди күчөттү, анткени ал анын көз карандысыздыгын жана респонденттердин маалыматтарынын корголушун кепилдеп, коом, илим, бизнес жана мамлекеттик органдар үчүн маалыматтын жогорку деңгээлдеги ачыктыгын жана жеткиликтүүлүгүн камсыз кылды».

Ошентип, 2019-жылдагы Мыйзам улуттук статистикалык системаны модернизациялоонун негизги инструменти болуп калды, бул Кыргызстандын статистика органдарына өнүгүүнүн жаңы деңгээлине өтүүгө жана дүйнөлүк статистикалык коомчулукка интеграцияланууга мүмкүндүк берди.

2025-жылы санариптик технологияларды (IST жана NARA системаларын) киргизүү, отчеттуулук формаларын оптималдаштыруу, административдик маалыматтарды колдонуу жана башкаруунун эки деңгээлдүү системасын калыптандыруу менен Мыйзамдын жоболору иш жүзүндө андан ары өнүктүрүлдү.

## 3.3 Расмий статистикадагы стандарттар

### 3.3.1. Статистикалык бирдиктердин бирдиктүү мамлекеттик регистри

Кыргыз Республикасынын аймагында ишкердик жана башка экономикалык ишти жүзөгө ашырган чарба жүргүзүүчү субъекттердин тутумдаштырылган тизмесин билдирген эң натыйжалуу маалыматтык массив - Статистикалык бирдиктердин бирдиктүү мамлекеттик регистри (СББМР) болуп саналат.

Бүгүнкү күндө ал Кыргыз Республикасынын расмий статистикасынын ажырагыс бөлүгү жана бардык статистикалык байкоолор үчүн башкы жыйындыны түзүүнүн негизи болуп саналат.

2025-жылдын башына карата СББМР-дин маалымат базасына 801 миңден ашык иштеп жаткан чарба жүргүзүүчү субъекттер киргизилген.

Чарба жүргүзүүчү субъекттерди кыйла так эсепке алууну камсыз кылуу жана башкы жыйындыны түзүүнүн сапатын жогорулатуу үчүн, СББМРдин базасында бардык чарба жүргүзүүчү субъекттердин демографиясы жүргүзүлөт. Ал жаңыларын түзүүнү жана мурда иштеп жаткан чарба жүргүзүүчү субъекттерди жоюуну, алардын негизги иш түрүнүн, ишкердик активдүүлүгүнүн абалынын, жайгашкан жеринин өзгөрүүсүн, ошондой эле аларды ченемдик, методологиялык жана программалык-технологиялык жактан камсыздоого байланышкан өзгөртүүлөрдү камтыйт. СББМР базасындагы маалыматтарды жаңыртуу ведомстволук реестрлерден жана башка булактардан маалыматтардын келип түшүшүнө жараша тынымсыз жүргүзүлүп турат, бул өзгөртүүлөрдү күн сайын киргизүүнү жана регистрдин актуалдуулугун жана ишенимдүүлүгүн жогорку деңгээлде кармап турууну камсыз кылат.

Ишканаларды изилдөө тутумун андан ары өнүктүрүүнүн негизги шарттарынын бири болуп, учурда ведомстволук реестрлердин административдик маалыматтарынын негизинде жаңыланып жаткан статистикалык регистрди өркүндөтүү саналат. Келечекте экономикалык каттоолордун жыйынтыктарын колдонуу болжолдонууда, бул өлкөнүн бүткүл аймагында чарба жүргүзүүчү субъекттерди идентификациялоонун жана эсепке алуунун толуктугун олуттуу жогорулатууга мүмкүндүк берет.

Азыркы учурда СББМР «Түндүк» ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү тутумун колдонуу менен Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматынын маалыматтык тутумдары менен интеграцияланган. Бул катталган чарба жүргүзүүчү субъекттерге ОКПО кодун автоматташтырылган түрдө берүүнү жана ведомстволук реестрлерден актуалдуу маалыматтарды алууну камсыз кылат, бул мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгүн жана сапатын кыйла жогорулатат, каттоо жана маалыматтарды жаңыртуу процесстерин тездетет жана регистрдин актуалдуулугун жогорку деңгээлде сактоого өбөлгө түзөт.

### 3.3.2 Статистикалык классификациялар

Эл аралык, ошондой эле улуттук бардык маалыматтык тутумдарды куруунун негизин классификациялар (классификаторлор, номенклатуралар, маалымдамалар) түзөт. Алар статистикалык маалыматтарды иштеп чыгуу жана жалпылоо, аларды тутумдаштыруу, тартипке келтирүү, агрегациялоо жана салыштыруу үчүн колдонулуучу базалык инструменттер болуп саналат.

Бүгүнкү күндө Улуттук статистика комитетинин классификациялар тутуму 11 улуттук классификаторду жана 21 статистикалык мамлекеттер аралык классификаторду камтыйт.

Эл аралык салыштырмалуулукту камсыз кылуу максатында Улуттук статистика комитети тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 11-январындагы №9 токтому менен бекитилген 5 белгилүү деңгээлдеги Экономикалык ишмердиктин түрлөрүнүн мамлекеттик классификаторунун улуттук версиясы иштелип чыккан жана иш жүзүнө киргизилген.

«Экономикалык ишмердиктин түрлөрү» мамлекеттик классификаторунун негизинде Улуттук статистика комитетинин 2015-жылдын 18-декабрындагы №34 токтому менен Продукциялардын (товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн) мамлекеттик статистикалык классификатору иштелип чыккан жана бекитилген.

Статистика чөйрөсүндө иштеп чыгуучулары башка мамлекеттик органдар болуп саналган улуттук классификаторлор колдонулат, алардын ичинде: Кесиптердин эл аралык стандарттык классификациясы (КЭСК-08) (МСКЗ-08) менен шайкеш келтирилген Кесиптердин классификатору, Кыргыз Республикасынын жогорку жана жождон кийинки билим берүү адистиктеринин классификатору, ошондой эле Билим берүүнүн эл аралык стандарттык классификациясы (БЭСК) (МСКО) менен шайкеш келтирилген классификатор бар.

Статистикалык ишмердүүлүктүн эң маанилүү багыты - классификациялоонун жана коддоонун бирдиктүү тутумун андан ары өнүктүрүү, ошондой эле улуттук статистикалык маалыматтардын эл аралык салыштырмалуулугун камсыз кылуу максатында улуттук номенклатураларды (классификаторлорду жана стандарттарды) эл аралык классификаторлор менен макулдашуу болуп саналат. Техникалык-экономикалык жана социалдык маалыматтарды классификациялоонун жана коддоонун бирдиктүү тутумун өнүктүрүү жана колдонуу боюнча ведомстволор аралык координациялоо иштерин жүргүзүү тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 24-июлундагы №395 токтому менен жөнгө салынат.

«Экономикалык ишмердиктин түрлөрү» мамлекеттик классификаторунун негизинде Улуттук статистика комитети тарабынан Продукциялардын (товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн) мамлекеттик статистикалык классификатору иштелип чыккан жана иш жүзүнө киргизилген. 2008-жылдагы Улуттук эсептер тутумунун эл аралык колдонмосунун сунуштарына шайкеш келтирүү жана аларды сапаттуу киргизүү максатында,

Улуттук статистика комитети тарабынан биринчи жолу негизги фонддордун классификатору, финансылык активдердин классификатору жана материалдык жүгүртүүдөгү каражаттардын классификатору иштелип чыкты, ошондой эле экономиканын институционалдык секторлорунун классификатору кайра каралып чыгып, жаңыртылды.

Азыркы учурда статистикалык классификациялар тутумуна төмөнкү классификаторлор кирет:

- ◊ Ишканалардын типтеринин классификатору - анын негизинде кызматкерлердин саны жана аткарылган иштердин көлөмү боюнча ишканалардын типтери аныкталат (ИТК) (КТП). Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2002-жылдын 29-августундагы №590 токтому менен

министрликтердин, административдик ведомстволордун жана менчигинин түрүнө карабастан ишканалардын мамлекеттик статистикасынын маалыматтык тутумдарында бул классификаторду милдеттүү түрдө колдонуу белгиленген.

- Субъекттердин уюштуруучулук-укуктук формаларынын мамлекеттик классификатору (СУУФМК) (ГКОПФ) - Улуттук статистика комитетинин коллегиясынын 1997-жылдын 12-майындагы №26 токтому менен бекитилген. Ал маалыматты автоматташтырылган түрдө иштеп чыгууга багытталган жана Кыргыз Республикасынын аймагында экономикалык ишмердүүлүктү жүзөгө ашырган чарба жүргүзүүчү субъекттерди классификациялоо жана коддоо үчүн колдонулат;
- Менчик формаларынын мамлекеттик классификатору (МФМК) (ГКФС), - Улуттук статистика комитетинин коллегиясынын токтому менен бекитилген. Анын классификациялоо объекттери болуп Кыргыз Республикасынын Конституциясы, Кыргыз Республикасынын Жарандык кодекси жана Кыргыз Республикасынын башка мыйзамдары менен белгиленген менчик формалары саналат.

Кыргыз Республикасында тышкы соодanын бажы статистикасынын товарларын классификациялоо жана коддоо үчүн Улуттук статистика комитети тарабынан «Евразия экономикалык бирлигинин тышкы экономикалык ишмердүүлүгүнүн бирдиктүү товардык номенклатурасы» классификатору колдонулат.

Айылдык аймактардын жана шаарлардын деңгээлинде жүргүзүлүп жаткан административдик-аймактык реформаны ишке ашыруунун жыйынтыктары боюнча кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына ылайык, Кыргызстандарттын 2025-жылдын 12-июнундагы №42-СТ буйругу менен «Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык жана аймактык бирдиктеринин объекттерин белгилөө тутуму» (ААБТ МК) (ГК СОАТЕ) мамлекеттик классификаторунун долбоору бекитилген

### 3.3.3 Улуттук эсептер системасы

Улуттук эсептер системасы - бул саясатты иштеп чыгуу, талдоо жана илимий изилдөөлөр үчүн колдонулуучу макроэкономикалык эсептердин ар тараптуу, системалаштырылган жана ийкемдүү комплексин камтыган статистикалык база. Ал экономикалык статистиканын башка тармактарындагы стандарттар үчүн негиз болуп саналат, бул статистикалык системалардын интеграцияланышына жана алардын улуттук эсептерге шайкеш келтирилишине өбөлгө түзөт.

Улуттук эсептер статистикасын өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттарынын бири болуп Улуттук эсептер системасынын (УЭС) заманбап эл аралык сунуштарын изилдөө жана статистикалык практикага киргизүү саналат.

Улуттук статистика комитети тарабынан УЭСти киргизүү 1990-жылдан тартып башталган, анда көрсөткүчтөр ырааттуу түрдө кеңейтилип жана өркүндөтүлүп турган.

2008-2009-жылдары Улутстаткомдун Коллегиясынын тиешелүү токтомдору менен улуттук эсептер системасынын көрсөткүчтөрүн калыптандыруу боюнча методологиялык жоболор (жыйынды эсептер үчүн методология жана иштеп чыгуу таблицалары: баштапкы кирешелерди бөлүштүрүү; кирешелерди экинчи ирет бөлүштүрүү, кирешелерди натуралдык түрдө кайра бөлүштүрүү, колдонуудагы жана такталган колдонуудагы кирешени пайдалануу, капитал менен аткарылган операциялар), ошондой эле ИДПны өндүрүш ыкмасы, кирешелер жана пайдалануу ыкмалары менен эсептөө боюнча методологиялык жоболор; «Чыгымдар-Чыгаруу» таблицаларын эсептөө методикасы иштелип чыккан жана бекитилген.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 2-июлундагы №360 «Кыргыз Республикасынын экономикалык жана социалдык саясатынын негизги параметрле-

ринин тизмесин бекитүү жөнүндө» токтомуна ылайык, экономиканын өндүрүмдүүлүгүнүн, энергия чыгымдалышынын (энергия сыйымдуулугу жана электр сыйымдуулугу) көрсөткүчтөрү эсептелип жана кыскача методологиялык жоболор даярдалган.

Эл аралык стандарттарга шайкеш келтирүү максатында, ЮНИДОнун (UNIDO) эксперттеринин көмөгү менен 2016-жылы Улутстатком тарабынан статистикалык отчеттуулуктун интеграцияланган формасы иштелип чыккан, анда улуттук эсептердин алкагында дүң чыгарууну эсепке алуу боюнча жаңы сунуштар эске алынган.

### Кварталдык улуттук эсептер (КУЭ)

Эл аралык Валюта Фондунун (ЭВФ) техникалык көмөгү менен 1996-1997-жылдары Улутстатком тарабынан өндүрүш тарабынан 1990-жылдын орточо жылдык бааларында кварталдык ИДПнын эксперименталдык эсептөөлөрү башталган. Республиканын Маалыматтарды жайылтуунун атайын стандартына (ЭВФтин МЖАСы) кошулушу менен эсептөөлөр 2000 жана 2010-жылдардын орточо жылдык бааларында жүргүзүлө баштады. Бул эсептөөлөр ЭВФтин сайтына жайгаштырылат, ошондой эле эл аралык суроо-жооп баракчаларын (БУУ ЭЭК, ЭВФ ж.б.) толтурууда колдонулат.

Кварталдык улуттук эсептердин маанилүүлүгү жана зарылчылыгы өлкөнүн кыска мөөнөттүн ичиндеги экономикалык өнүгүүсү жөнүндө ар тараптуу маалыматты берүүдө турат. Кварталдык улуттук эсептердин (КУЭ) негизги милдеттеринин бири - экономикалык саясатты координациялоо жана анын негизинде саясий чечимдерди кабыл алуу максатында, кыска мөөнөттүү экономикалык өнүгүүнү талдоо жана болжолдоо болуп саналат.

Кавказ, Борбордук Азия жана Монголия өлкөлөрү үчүн Эл аралык валюта фондунун Регионалдык өнүктүрүү борборунун реалдуу сектор боюнча кеңешчиси менен кызматташтыкта, Улутстатком тарабынан алгачкы жолу дискреттик кварталдык улуттук эсептерди (КУЭ) эсептөө жана 2008-жылдагы УЭСтин эл аралык стандарттарына ылайык өндүрүш ыкмасы менен ички дүң продукциянын (ИДП) көрсөткүчтөрүн жакшыртуу боюнча иштер жүргүзүлдү. Эсептөөлөр 2019-жылдан тартып азыркы учурга чейин жүргүзүлүп келет жана Улутстаткомдун сайтына жайгаштырылган.

Кыргыз Республикасында дискреттик кварталдык улуттук эсептерди калыптандыруу өлкөдөгү экономикалык кырдаалды кыйла деталдуу талдоого, статистикалык маалыматтардын сапатын жакшыртууга, ошондой эле негиздүү чечимдерди кабыл алуу үчүн экономикалык аналитиканы күчөтүүгө өбөлгө түзөт.

Аткарылган иштердин жыйынтыгы боюнча Улутстаткомдун Коллегиясынын 2024-жылдын сентябрындагы токтому менен бекитилген Кварталдык улуттук эсептерди (КУЭ) эсептөө методикасы бекитилди.

### «Чыгымдар-Чыгаруу» таблицалары жана «Ресурстар – Пайдалануу» таблицалары

1996-жылдан 1998-жылга чейинки мезгилде Улутстатком тарабынан улуттук экономиканын өндүрүшүн, керектөөсүн жана соода ишмердигин эсепке алууну модернизациялоо боюнча Дүйнөлүк банктын долбоору ишке ашырылган, ал тармактар аралык балансты же «Чыгымдар-Чыгаруу» таблицаларын иштеп чыгууну да камтыган. Бул таблицалар эл аралык эксперт менен кызматташтыкта 16 тармак жана 16 товар форматында иштелип чыккан жана биринчи жолу электрондук алып жүрүүчүлөрдү колдонуу менен түзүлүп, балансташтырылган.

Тармактар аралык баланстар («Чыгымдар-Чыгаруу» таблицалары), улуттук эсептер системасы сыяктуу эле, экономикалык статистика үчүн координациялоочу негиз болуп кызмат кылат. Алар товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү өндүрүү жана пайдалануу процессин, ошондой эле өндүрүштүн натыйжасында пайда болгон кирешелерди деталдуу талдоону камсыз кылат.

Кыргыз Республикасында улуттук эсептер системасы боюнча товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү өндүрүүнүн жана пайдалануунун тармактар аралык балансторы 1994-жылдан тартып иштелип чыгууда.

Улутстатком тарабынан «Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү өндүрүүгө кеткен чыгымдар жөнүндө» бир жолку тандалма изилдөөлөр (1998, 2003 жана 2022-жылдары) өткөрүлгөн. 2005-жылдан баштап кыскача программа боюнча (34*34) «Чыгымдар-Чыгаруу» таблицалары жыл сайын калыптандырылып турат. 2019-жылдан тартып иштеп чыгуу мезгилдүүлүгү үч жылда бир жолуга өзгөртүлдү, анткени алгачкы ирет ЮНИДО жана Германия кызматташтык бюросунун эл аралык эксперттеринин техникалык көмөгү менен «Ресурстар-Пайдалануу» таблицалары калыптандырылган жана 2016-жылдан баштап жыл сайын жарыяланып келет.

«Ресурстар-Пайдалануу» таблицалары Улутстатком тарабынан ЮНИДОнун «Өнөр жай статистикасын өркүндөтүү жана КМШ өлкөлөрүндө өнөр жайдын өнүгүшүн талдоо үчүн статистикалык көрсөткүчтөрдү иштеп чыгуу» долбоорунун алкагында эл аралык эксперттер менен кызматташтыкта (39*39) форматында түзүлгөн.

Дүйнөлүк банктын «Салыктык башкарууну жана статистикалык системаны модернизациялоо» долбоорунун алкагында жана улуттук эсептер боюнча эл аралык эксперттин көмөгү менен, Улутстатком тарабынан 2008-жылдагы Улуттук эсептер системасынын сунуштарына ылайык негизги капиталдын дүң топтолушун бөлүштүрүү, жүгүртүүдөгү материалдык каражаттардын запастарынын өзгөрүшү, соода-транспорттук кошумча баалар, продукцияларга башка салыктар жана субсидиялар боюнча эсептөөлөр жакшыртылды.

Алгачкы жолу «Ресурстар-Пайдалануу» таблицаларын түзүү боюнча методологиялык жобо иштелип чыгып, 2025-жылдын августунда Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин коллегиясынын Токтому менен бекитилген.

### Эл аралык салыштыруулар программасы

1993-жылдан баштап Улутстатком валюталардын сатып алуу жөндөмдүүлүгүнүн паритети (СЖП) боюнча ИДПнын эл аралык салыштырууларына үзгүлтүксүз катышып келет. Алгачкы жолу бул иш 1997-жылдын маалыматтары боюнча аткарылган (1997-2001-жылдар үчүн СЖПнын жөнөкөйлөтүлгөн эсеби). Глобалдык салыштыруулардын акыркы раунду 2008-жылдагы Улуттук эсептер системасынын колдонмосуна киргизилген өзгөртүүлөргө ылайык, 2021-жылдын маалыматтарынын жыйынтыгы боюнча өттү (ага дүйнөнүн 199 өлкөсү жана аймагы катышкан). Азыркы учурда КМШнын Статкомитетинин техникалык колдоосу менен 2024-жыл үчүн ИДПны салыштыруу боюнча иштер жүргүзүлүүдө.

Мында валюталардын сатып алуу жөндөмдүүлүгүнүн паритети (СЖП) эсептелет — бул тиешелүү улуттук бааларда жана валюталарда эсептелген товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн эквиваленттүү топтомунун бааларынын теңдигин камсыз кылган валюталардын катышы. ИДП деңгээлиндеги СЖП өзгөчө мааниге ээ. Ал аналитикалык максаттарда ар кандай өлкөлөрдүн экономикаларын салыштыруу үчүн гана эмес, ошондой эле эл аралык уюмдар тарабынан өлкөлөрдүн төгүмдөрүн жана квоталарын эсептөөдө да колдонулат.

### Байкалбаган экономика

Улуттук эсептер системасынын (УЭС) методологиясына ылайык, өндүрүш чөйрөсүнүн чегине жеке ишкерлер, тактап айтканда, юридикалык жак статусуна ээ болбогон жеке жактар тарабынан жүзөгө ашырылган өндүрүштүк ишмердик кирет. 1993-жылдын жыйынтыктарынан баштап, Улутстатком тарабынан аталган субъекттердин ишмердигинин натыйжаларын ИДПнын көлөмүнө кошуу боюнча эсептөөлөр жүргүзүлүп келет.

Бул багыттагы андан аркы иштер Улутстаткомдун уюштуруучулук мүмкүнчүлүктөрүн түзүү, ошондой эле маалыматтарды чогултуу жана жайылтуу максатында Дүйнөлүк банктын каржылык колдоосу менен демилгеленген. Анын жыйынтыгы боюнча «Кыргызстан: Көмүскө экономика жөнүндө баяндама» (1998-ж.) аттуу документ даярдалган. Бул багыттагы иштер Дүйнөлүк банктын «Статистикалык потенциалды жогорулатуу» долбоорун ишке ашыруунун алкагында да улантылган. Эл аралык эксперт менен кызматташтыкта Улутстатком тарабынан Экономикалык кызматташтык жана өнүктүрүү уюмунун (ЭКӨУ, 2003) эл аралык колдонмосуна ылайык, 2010-жылдан берки байкалбаган ишмердикке экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча баалоо жүргүзүлдү. Байкалбаган ишмердикти эсепке алуу жана баалоо боюнча Методологиялык жоболор иштелип чыгып, бекитилген, алар 2016 жана 2018-жылдары кайра каралып, толукталган. Мындан тышкары, алгачкы жолу баңгизаттарды жайылтуу жана керектөө, ошондой эле сойкулукка байланышкан мыйзамсыз ишмердикке баа берилди. Мыйзамсыз ишмердикти баалоо 2019-жылдан берки улуттук эсептердин ретроспективдүү кайра эсептөөсүнө киргизилген.

### Тематикалык (сателлиттик) эсептер

БУУнун УЭС боюнча методологиясы айлана-чөйрө, туризм, эмгек рыногу жана башка ушул сыяктуу өзгөчө маселелерди талдоо үчүн багытталган кошумча, «тематикалык» же «сателлиттик» деп аталган эсептерди түзүүнү сунуштайт. Мындай көмөкчү эсептердин бири — коммерциялык эмес уюмдар (КЭУ). БУУнун Экономикалык жана социалдык маселелер боюнча департаментинин статистика бөлүмү тарабынан КЭУнун көмөкчү эсептерин түзүү үчүн атайын «Улуттук эсептер системасындагы коммерциялык эмес уюмдар боюнча колдонмо» (БУУнун КЭУ боюнча колдонмосу, 2006) иштелип чыккан.

Бул колдонмонун негизинде 2008-жылы Улутстатком тарабынан республиканын ИДПсына коммерциялык эмес уюмдар секторунун кошкон салымы эсептелген жана орус жана англис тилдеринде «Кыргыз Республикасындагы коммерциялык эмес уюмдар» аттуу атайын басылма даярдалган. Басылма Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин Жон Хопкинс университетинин Жарандык коомду изилдөө борбору (АКШ, Балтимор) жана БУУнун Кыргызстандагы ыктыярчылар программасынын өлкөлүк кеңсеси менен биргелешкен ишинин натыйжасында даярдалган.

2020-жылы Дүйнөлүк саламаттык сактоо уюмунун (ДСУ) эл аралык жана жергиликтүү эксперттеринин колдоосу менен Улутстатком 2018-2019-жылдар үчүн саламаттык сактоо эсептерин (ССЭ) иштеп чыгуу боюнча иш алып барды. Саламаттык сактоо эсептеринин системасы (ССЭС) — бул саламаттык сактоодогу финансылык агымдар жөнүндө маалыматтарды чогултуу, классификациялоо жана талдоо үчүн эл аралык деңгээлде таанылган стандартты киргизүү жана өнүктүрүү процесси. 2018-2019-жылдар үчүн мамлекеттик жана мамлекеттик эмес чыгымдар боюнча маалыматтарды чогултуу, иштеп чыгуу, коддоо, киргизүү жана талдоо иштери камсыз кылынды, ал Саламаттык сактоо министрлигинин, Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун жана Электрондук саламаттык сактоо борборунун, Улуттук статистика комитетинин жана Финансы министрлигинин маалыматтарынын негизинде ишке ашырылды. Саламаттык сактоонун улуттук эсептери (ССУЭ) өлкөнүн саламаттык сактоо системасынын муктаждыктарын кыска жана орто мөөнөттүү финансылык болжолдоолорун иштеп чыгууда колдонулушу мүмкүн.

2021-жылы Улутстатком тарабынан россиялык эксперттер (Жогорку экономика мектеби улуттук изилдөө университети - ЖЭМ УИУ) менен биргелешкен иштин алкагында Кыргыз Республикасынын 2017, 2019-жылдар үчүн эксперименталдык улуттук трансферттик эсептери түзүлгөн. Аларды калыптан-

дыруу процессинде бир катар аналитикалык иштер (демографиялык кырдаалды талдоо, демографиялык өзгөрүүлөрдөн келип чыккан чакырыктар, улуттук трансферттик эсептерди түзүүнүн өзгөчөлүктөрү, макроэкономикалык көрсөткүчтөрдү талдоо) жүргүзүлгөн.

Улуттук трансферттик эсептер (УТЭ) өлкөдөгү муундар жана курактык топтор ортосундагы экономикалык агымдарды комплекстүү талдоо үчүн зарыл. Алар иштеген жана иштебеген калктын ортосундагы жыргалчылыктар, кирешелер жана чыгашалар (мисалы, пенсиялар, жөлөкпулдар) кандайча бөлүштүрүлөрүн түшүнүүгө мүмкүндүк берет. Бул финансылык туруктуулукту, ошондой эле демографиялык өзгөрүүлөрдүн экономика жана социалдык система үчүн кесепеттерин баалоо үчүн өтө маанилүү.

2019-2020-жылдары Улутстатком тарабынан Дүйнөлүк банктын «Экосистемаларды эсепке алуу жана баалоо» (WAVES Plus) долбоорун ишке ашыруу боюнча иштер жүргүзүлгөн. Ал СТЭУну (токой эсептерин) киргизүүгө көмөктөшүүгө, токой секторунун өлкөнүн экономикалык өнүгүүсүнө кошкон салымын түшүнүүнү жакшыртууга багытталган.

Бул изилдөөнүн алкагында табигый капиталды эсепке алуу 2018-жылга карата аткарылган. Токой фондунун экосистемалык кызмат көрсөтүүлөрүнүн агымынын экономикалык баалуулугунун алынган көрсөткүчү республиканын токойлорунун баалуулугу, алардын жергиликтүү бизнестин өнүгүшүнө жана калктын бакубаттуулугуна кошкон салымы жөнүндө түшүнүктү кеңейтүүгө мүмкүндүк берди.

2023-жылы Дүйнөлүк банктын «Ысык-Көл облусу үчүн Туризмдин жардамчы эсебин (ТЖЭ) иштеп чыгуу жана пилоттук киргизүү боюнча консультациялык кызматтар» долбоорун ишке ашыруунун алкагында, Улутстатком изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын жана башка маалыматтарды колдонуу менен, жалпы Кыргыз Республикасы боюнча 2016, 2019, 2021-жылдар үчүн ТЖЭнин (1-7, 10) пилоттук таблицаларынын алгачкы эксперименталдык версияларын түздү.

Долбоорду ишке ашыруу 2008-жылдагы Туризм статистикасы боюнча эл аралык сунуштарда (МРСТ 2008) камтылган Дүйнөлүк туристтик уюмдун (ЮНВТО) сунуштарынын жана ЮНВТОнун «Туризмдин жардамчы эсеби: Сунушталган методологиялык негиз 2008» (ВСТ: РМО 2008) басылмасынын негизинде жүргүзүлдү.

Туризмдин жардамчы эсеби — бул туризмдин өлкөнүн экономикасына кошкон салымын так баалоо үчүн колдонулуучу, эл аралык деңгээлде макулдашылган статистикалык таблицалардын тутуму. Алар туризмдин ИДПга (ВВП) кошкон салымын түздөн-түз өлчөө, иш менен камсыз кылууну талдоо, кирүү/чыгуу туризминен түшкөн кирешелерди эсепке алуу жана бул маалыматтарды башка тармактар менен салыштыруу үчүн зарыл.

### Методология

2008-жылдагы УЭСтин сунуштарын киргизүү максатында, 2017-2019-жылдары Дүйнөлүк банктын «Статистикалык потенциалды жогорулатуу» долбоору ишке ашырылган. Анын алкагында эл аралык эксперттер менен биргеликте Улутстатком тарабынан 2008-жылдагы Улуттук эсептер системасынын колдонмосунда камтылган, ички дүң продукциянын (ИДП) көлөмүнө жана түзүмүнө таасир этүүчү негизги өзгөрүүлөрдүн көрсөткүчтөрүнүн эксперименталдык эсептөөлөрү калыптандырылган, ошондой эле төмөнкү методикалар жана методологиялык жоболор иштелип чыгып, бекитилген:

- Борбордук банктын (Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын) кызмат көрсөтүүлөрүнүн чыгарылышын эсептөө методикасы;
- Кыйыр түрдө өлчөнүүчү финансылык ортомчулук кызмат көрсөтүүлөрдү (КӨФОК) эсептөө методикасы;
- 2008-жылдагы УЭСтин жоболоруна ылайык камсыздандыруу кызмат көрсөтүүлөрүн эсептөө методикасы;

- 2008-жылдагы Улуттук эсептер системасынын алкагында илимий-изилдөө ишмердигине кеткен чыгымдарды эсептөө жана аларды капиталдаштыруу методикасы;

### Мыйзамсыз ишмердиктин көлөмүн баалоо боюнча методологиялык жобо.

Германия кызматташтык бюросу тарабынан тартылган эл аралык эксперттин техникалык көмөгү менен эсептөөлөр улантылып, кыйла өркүндөтүлдү. Ошол эле эксперттин катышуусу менен, бирок бул жолу Дүйнөлүк банктын «Салыктык башкарууну жана статистикалык системаны модернизациялоо» долбоорунун алкагында аяктаган иштер 2023-жылы 2019-жылдан берки ретроспективада жарыяланган.

Ошондой эле, аталган долбоордун алкагында Улутстатком тарабынан эксперименталдык негизде 2023-жыл үчүн үзгүлтүксүз инвентаризациялоо ыкмасы менен негизги капиталдын керектөөсүнүн масштабдуу жана методологиялык жактан татаал эсептөөлөрү аткарылды. Бул ыкма инвестицияларга, куруктык мүнөздөмөлөргө жана рыноктук баага туруктуу мониторинг жүргүзүү аркылуу негизги фонддорду жана алардын эскиришин баалоо үчүн колдонулат, бул алардын дүң наркын, эскиришин жана учурдагы рыноктук наркын аныктоого мүмкүндүк берет. Бул ыкма ошондой эле белгилүү бир убакыт аралыгындагы өлкөнүн активдеринин реалдуу баасын алардын рыноктук наркы боюнча баалоого мүмкүндүк берет.

### Сектордук эсептер

Улуттук эсептер боюнча эл аралык эксперт менен биргеликте жана жергиликтүү эксперттердин жигердүү катышуусунда 64 экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча 2021, 2023-жылдарга өлкө экономикасынын эсептер системасынын толук ыраттуулугу эксперименталдык түрдө иштелип чыкты. 2008-жылдагы УЭСтин сунуштарына ылайык системанын айрым көрсөткүчтөрү жакшыртылды, зарыл болгон эсептөөлөр жана түзөтүүлөр жүргүзүлдү.

Институционалдык сектордун эсептерин жана «Ресурстар-Пайдалануу» (РПТ) таблицаларынын ресурсдук бөлүгүн калыптандыруу убактысын кыскартуу үчүн, зарыл болгон форматтагы чыгуучу көрсөткүчтөрдү алууда баштапкы маалыматтарды иштеп чыгуу жарым-жартылай автоматташтырылды.

ИДПнын көрсөткүчтөрүн жакшыртуу жана улуттук эсептер системасынын эсептөөлөрүн өркүндөтүү максатында, Улутстатком тарабынан экономикалык ишмердиктин түрлөрүнүн классификаторунун 5 белгисине чейинки дезагрегациялоо менен жумушчу таблицаларды кеңейтүү боюнча иштер жүргүзүлдү. Бул NACE 2.0 эл аралык классификаторуна шайкеш келет жана айрым тематикалык эсептерди иштеп чыгуу үчүн негиз болуп кызмат кылат.

Дүйнөлүк банктын долбоорун ишке ашыруунун алкагындагы иштердин жыйынтыгы боюнча Улутстатком тарабынан төмөнкү методологиялык жоболор кайра каралып чыкты жана өркүндөтүлдү:

- Өндүрүш ыкмасы менен ички дүң продукцияны (ИДП) учурдагы баада эсептөө боюнча методологиялык жобо;
- Өндүрүш ыкмасы менен ички дүң продукцияны (ИДП) салыштырмалуу баада эсептөө боюнча методологиялык жобо;
- Улуттук эсептер системасында турак жай ээлеринин өздүк керектөөсү үчүн өндүрүлгөн турак жай кызмат көрсөтүүлөрүн баалоо боюнча методика;
- Өндүрүш ыкмасы менен дүң региондук продукцияны (ДРП) учурдагы жана салыштырмалуу баада эсептөө боюнча методологиялык жобо;
- «Ресурстар-Пайдалануу» таблицаларын түзүү боюнча методологиялык жобо.

### Продукцияларга салыктар

Кавказ, Борбордук Азия жана Монголия өлкөлөрү үчүн Эл аралык валюта фондунун (ЭВФ) Регионалдык өнүктүрүү борборунун реалдуу сектор боюнча кеңешчисинин техникалык көмөгү менен, Улутстатком тарабынан

алгачкы жолу продукцияларга салыктардын физикалык көлөмүнүн индекстерин (ФКИ) эсептөө боюнча иштер ишке ашырылды. Бул 2019-жылдан 2025-жылга чейинки мезгил аралыгында өндүрүш ыкмасы менен эсептелген ИДП көрсөткүчтөрүнүн сапатын жана ишенимдүүлүгүн жакшыртты. Продукцияларга салыктардын ФКИсин эсептөө улуттук эсептердеги баалар жана көлөмдөр боюнча Евростаттын маалымдамасына (2016-ж.) ылайык жүргүзүлөт.

Алдагы мезгилде экономикалык статистиканы өнүктүрүүнүн маанилүү багыты болуп 2008-жылдагы УЭСтин чечилбеген маселелерин ишке ашыруу, ошондой эле 2025-жылдагы УЭСтин сунуштарын изилдөө жана киргизүү саналат. Сектордук эсептер системасын аягына чейин иштеп чыгуу, үзгүлтүксүз инвентаризациялоо ыкмасы менен негизги капиталдын керектөөсүн жана дүң топтолушун эксперименталдык эсептөөлөрдү өркүндөтүү жана адаптациялоо, топтоо эсептерин, активдердеги башка өзгөрүүлөрдү, активдер менен пассивдердин баланстык эсептерин түзүү методологиясын иштеп чыгуу милдеттери турат. Мындан тышкары, жашыруун жана формалдуу эмес ишмердиктин көлөмүн баалоо боюнча методологиялык жоболорду өркүндөтүү боюнча иштерди жүргүзүү болжолдонууда.

Эң татаал милдеттердин бири — баалардын индекстеринин узун динамикалык катарларын талап кылган үзгүлтүксүз инвентаризациялоо ыкмасы менен негизги капиталдын керектөөсүн жана дүң топтолушун эсептөө болуп саналат. Бул өзгөчө кызмат мөөнөтү 50 жылдан ашкан имараттар, башка курулмалар жана жарандык курулуш объекттери сыяктуу негизги фонддор үчүн өтө маанилүү.

### 3.3.4. Маалыматтарды жайылтуунун эл аралык стандарттары (МЖЖС, МЖАТС)

2001-жылы Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети Улуттук банк жана Финансы министрлиги менен биргеликте даярдык иштерин жүргүзүп, бардык расмий процедураларды аткаргандан кийин, Кыргыз Республикасы Маалыматтарды жайылтуунун жалпы системасына (МЖЖС) кошулган.

2001-жылы Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети Улуттук банк жана Финансы министрлиги менен биргеликте даярдык иштерин жүргүзүп, бардык расмий процедураларды аткаргандан кийин, Кыргыз Республикасы Маалыматтарды жайылтуунун жалпы системасына (МЖЖС) кошулган.

Жалпысынан алганда, бул үч артыкчылыктуу чөйрө статистикалык өнүктүрүүнүн узак мөөнөттүү саясатын иштеп чыгуу үчүн бекем негиз түзөт. МЖЖС ошондой эле катышуучу өлкөдө статистикалык ишмердүүлүк менен алектенген ар кандай уюмдардын ортосунда тыгыз байланыштарды жана кызматташтыкты орнотууга көмөктөшөт.

Ар кандай статистикалык тутумдун түпкү милдети маалыматтарды жайылтуу болуп саналат, ошондуктан МЖЖСда (ОСРД) маалыматтарды жайылтуу үчүн колдонулган процедураларга өзгөчө маанилүү маани берилет.

МЖЖСнын ролу Эл аралык Валюта Фондуна мүчө мамлекеттердин статистикалык тутумдарын өнүктүрүүгө көмөктөшүүдөн турат. Бул милдетти аткаруунун жолдорунун бири - улуттук деңгээлде көрүлүп жаткан чараларды толуктап турган техникалык жардамга ресурстарды оптималдуу багыттоо үчүн негизди камсыз кылуу болуп саналат. Эл аралык статистикалык коомчулуктун ресурстарын жана техникалык билимдерин улуттук деңгээлдеги ресурстар менен максаттуу айкалыштыруу аркылуу статистиканын өнүгүү темпин тездетүүгө, ошондой эле артыкчылыктуу багыттарды туура аныктоого жана зарыл болгон учурда аларды өзгөртүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт.

МЖЖС статистикалык тутумдарды түзүүнү жеңилдетүүгө мүмкүндүк берген дагы бир аспект - бул катышуучу өлкөлөрдүн

статистикалык практикасы жана өнүктүрүү пландары жөнүндө маалыматтарды («мета-маалыматтарды») МЖЖБда (Маалыматтарды жайылтуу стандарттарынын бюллетени - БСРД) жайылтуу болуп саналат. Башка жолдор менен алуу кыйын болгон мындай маалыматтар өзүнүн статистикалык тутумдарына өзгөртүүлөрдү киргизүүнү көздөгөн өлкөлөргө окшош шарттардагы башка өлкөлөрдүн документалдуу түрдө жазылган тажрыйбасынан сабак алууга мүмкүндүк берет. Колдонуучулар коомчулугунун көз карашы боюнча, МЖЖБ мүчө мамлекеттердин статистикасынын өнүгүү абалы жана аны андан ары өркүндөтүү боюнча кабыл алынган пландар тууралуу баалуу маалыматтардын массивин камтыйт.

МЖЖСнын негизги принциби болуп төмөнкүлөр саналат: маалыматтарды жайылтуу макроэкономикалык саясаттын чараларын иштеп чыгуу, ошондой эле экономиканы башкаруунун натыйжалуулугун жана ачыктыгын камсыз кылуу үчүн өтө зарыл. Маалыматтар параметринин алкагында маалыматтардын камтылышына, мезгилдүүлүгүнө жана өз убагында берилишине өзгөчө көңүл бурулат.

МЖЖС жөнүндөгү Документте статистикалык тутумдардын төмөнкү төрт касиетине карата маалыматтарды түзүүнүн жана жайылтуунун максаттары баяндалган:

Биринчи параметр экономикалык, финансылык жана социалдык-демографиялык маалыматтарды камтыйт. МЖЖСнын негизги принциби боюнча, мындай маалыматтарды жайылтуу макроэкономикалык саясатты иштеп чыгуу, ошондой эле экономикалык башкаруунун эффективдүүлүгүн жана ачык-айкындуулугун камсыз кылуу үчүн абдан маанилүү. Маалыматтар параметринин алкагында маалыматтардын камтылышына, мезгилдүүлүгүнө жана ыкчамдыгына (өз убагында берилишине) өзгөчө басым жасалат.

МЖЖСнын экинчи параметри - маалыматтардын сапаты. Бул параметр тутум тарабынан камтылган маалыматтарды баалоо үчүн колдонуучуларга жеткиликтүү болгон маалыматтарга тиешелүү. Тактап айтканда, МЖЖС төмөнкүлөргө чакырат:

(а) маалыматтарды жайылтууга;

(б) компоненттер жөнүндө деталдуу маалыматтарды жайылтууга, чектеш маалыматтар жана статистикалык принциптер менен салыштырып текшерүүгө.

Статистикалык тутумдар тарабынан даярдалган маалыматтарга колдонуучулардын ишеними өтө маанилүү болгондуктан, үчүнчү параметр маалыматтардын ишенимдүүлүгүн камтыйт. Колдонуучулардын ишенимин аныктоочу негизги фактор - бул статистиканы түзүүчү мекеменин өзүнүн практикасынын жана процедураларынын ачыктыгы аркылуу көрүнгөн объективдүүлүгү жана кесипкөйлүгү болуп саналат.

Бул параметрдин алкагында Система төрт негизги элементти бөлүп көрсөтөт:

(а) расмий статистика түзүлө турган шарттар жөнүндө маалыматтарды жайылтуу;

(б) маалыматтар жарыялангана чейин аларга мамлекеттик башкаруу органдарынын ички кирүү мүмкүнчүлүгүн идентификациялоо;

(в) статистикалык маалыматтардын чыгарылышы боюнча министрликтердин сын-пикирлерин (эскертүүлөрүн) идентификациялоо;

(г) маалыматтарды кайра карап чыгуулар жөнүндө маалымат берүү жана методологиядагы олуттуу өзгөрүүлөр тууралуу алдын ала кабарлоо.

Расмий статистиканын коомдук ийгилик (байлык) катары мүнөзү анын колдонуучулар арасында жеткиликтүү жана калыс түрдө жайылтылышын шарттайт, дал ушул себептен МЖЖСнын төртүнчү параметри — маалыматтардын коомчулук үчүн жеткиликтүүлүгү болуп саналат. МЖЖСда жеткиликтүүлүктүн эки аспектисине өзгөчө көңүл бурулат:

(а) маалыматтарды чыгаруунун алдын ала календарларын жайылтуу;

(б) маалыматтарды бардык кызыкдар тараптарга бир убакта чыгаруу.

МЖЖСнын негизги милдети маалыматтардын сапатын жогорулатуу болуп саналат. МЖЖСда «сапат» термини эки башка контекстте колдонулат. Биринчиси - маалыматтардын касиетине тиешелүү, бул учурда «маалыматтардын сапаты» термини колдонулат. Экинчиси - Системанын параметрине тиешелүү жана бул контекстте жөн гана «сапат» деп аталат. Маалыматтардын сапатын жогорулатуу аларды жайылтууну жакшыртууга караганда артыкчылыктуу болуп саналат, бирок жайылтуу практикасын жакшыртуу да маанилүү милдет бойдон кала берет. МЖЖСнын алгачкы максаты - ар тараптуу статистикалык негиздер жана көрсөткүчтөр менен камтылган маалыматтардын сапатын жогорулатуу.

Сапатты жогорулатууга жетишкенден кийин, көңүлдү маалыматтарды жайылтуу практикасын андан ары өнүктүрүүгө топтоо зарыл.

2004-жылдын февраль айында Кыргыз Республикасы Маалыматтарды жайылтуунун атайын стандартына (МЖАТС - ССРД) 57-мүчө-катышуучу катары жана КМШ өлкөлөрүнүн ичинен биринчилерден болуп кошулган. МЖЖСга (ОСРД) катышуу жана МЖАТСга (ССРД) кошулуу Эл аралык валюта фонду тарабынан Кыргызстандагы маалыматтарды жайылтуу практикасынын зарыл болгон эл аралык стандарттарга толук шайкештигин таануу болуп калды.

Реалдуу, салык-бюджеттик, финансылык жана тышкы секторлор боюнча маалыматтар, ошондой эле социалдык-демографиялык маалыматтар жана аларга карата метамаалыматтар ЭВФтин расмий сайтындагы (англис тилинде) Маалыматтарды жайылтуу стандарттарынын бюллетенинде, ошондой эле Улутстаткомдун расмий сайтында (http://stat.gov.kg дареги боюнча англис жана орус тилдеринде) жайгаштырылат.

Маалыматтардын сапаты, берүү формасынын бирдейлиги жана тийиштүү метамаалыматтарга шилтемелер колдонуучуга статистикалык маалыматтарга оңой жана ыңгайлуу кирүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат.

Республикадагы маалыматтарды жайылтуу практикасынын МЖАТСтын (ССРД) статистикалык маалыматтардын параметрлерине жана аларды чыгаруу календарына карата талаптарына салыштырмалуу сереби көрсөткөндөй, Кыргызстан бул талаптардын көпчүлүгүнө жооп берет.

## 3.4 Коомдук пикирди изилдөө уюму

### 3.4.1 Колдонуучулар арасында сурамжылоо жүргүзүү

Маалымат өнүгүүнүн негизги ресурсуна айланган санариптик доордо, статистика органдарынын өзгөчө миссиясы - ишенимдүү маалыматтарды иштеп чыгуу эле эмес, аларды коомго жеткиликтүү, түшүнүктүү жана өз убагында сунуштоо болуп саналат. Заманбап маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу расмий статистиканы колдонуучулардын аудиториясын кеңейтүүгө, ишмердүүлүктүн ачыктыгын жогорулатууга жана анын негизги өндүрүүчүсү - Улуттук статистика комитетине болгон ишенимди бекемдөөгө мүмкүндүк берет.

Бул иште 2024-2028-жылдарга каралган Коммуникациялык стратегия стратегиялык багыт болуп саналат, анда колдонуучулар менен өз ара аракеттенүүнүн туруктуу тутумун калыптандырууга өзгөчө көңүл бурулган. Анын негизги милдети -коом менен натыйжалуу диалог түзүү жана кызыкдар тараптарды расмий статистикалык маалыматтарды жайылтуу жана өркүндөтүү процесстерине тартуу.

Колдонуучулардын ар кандай категорияларынын муктаждыктарын тереңирээк түшүнүү, көрсөтүлүүчү кызматтардын сапатын баалоо жана андан ары өнүктүрүү багыт-

тарын аныктоо максатында, Комитет тарабынан системалуу негизде коомдук пикирди изилдөө иштери жүргүзүлүп турат. Жылдык жана тематикалык канааттануу сурамжылоолору статистикалык продуктуларга болгон суроо-талап, аларга болгон ишеним деңгээли жана алардын практикалык пайдалуулук даражасы жөнүндө объективдүү кайтарым байланыш алууга мүмкүндүк берет.

Жылдык сурамжылоо ыктыярдуу негизде, анонимдүү анкета толтуруу форматында жүргүзүлөт жана аймактык статистика органдары менен биргеликте ишке ашырылат. Анкета 12 суроону камтыйт жана статистика органдарынын ишин өркүндөтүү боюнча сунуштарды жана сунуштамаларды киргизүү мүмкүнчүлүгүн карайт. Улутстаткомдун расмий интернет-ресурсу (www.stat.gov.kg) аркылуу сурамжылоонун интерактивдүү форматы респонденттердин кеңири чөйрөсү үчүн анын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылат.

Акыркы жылдардын жыйынтыктары колдонуучулар тарабынан берилген оң баалардын өсүшүн жана Улуттук статистика комитетинин ишмердүүлүгүнө канааттануунун туруктуу жогорку деңгээлин айгинелейт. Бул ачыктыкка, кардарларга багыт алууга жана статистикалык продуктулар менен кызматтарды тынымсыз өркүндөтүүгө тандалып алынган курстун тууралыгын тастыктайт.

Ошентип, колдонуучулардын пикирин изилдөө боюнча системалуу иштер расмий статистиканы өнүктүрүүнүн маанилүү инструменти болуп калды. Бул коомдун муктаждыктарын объективдүү баалоого, маалыматтардын сапатын жогорулатууга жана өлкөнүн мамлекеттик статистикалык тутумуна болгон ишенимди бекемдөөгө мүмкүндүк берет.

## **IV бөлүм.** Расмий статистикалык маалыматтарды чогултууну, иштеп чыгууну, сактоону жана жайылтууну уюштуруу

### 4.1. Статистикалык ишмердүүлүктү пландаштыруу

Эл аралык статистикалык практикада статистикалык ишмердүүлүктү уюштуруу Бириккен Улуттар Уюмунун Расмий статистиканын негизги принциптерине жана Европа статистикасынын практикалык кодексине незделет. Алар статистикалык өндүрүштүн кесиптик көз карандысыздыгын, илимий негизделгендигин, объективдүүлүгүн жана ачыктыгын аныктайт. Бул эл аралык стандарттар саясий жана административдик таасирлерге туруктуу болгон заманбап улуттук статистикалык тутумдарды калыптандыруунун пайдубалы болуп калды.

Кыргыз Республикасында статистикалык ишмердүүлүктүн укуктук негиздери «Расмий статистика жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамында бекитилген. Бул мыйзам улуттук статистикалык тутумду уюштурууну жана иштешин жөнгө салат, ошондой эле расмий статистиканы иштеп чыгуу, өндүрүү жана жайылтуу үчүн укуктук негиздерди белгилейт. Мыйзам расмий статистиканын максаттарын, принциптерин, институционалдык түзүмүн жана статистикалык маалыматтарды өндүрүүчүлөрдүн ишмердүүлүгүн координациялоо механизмдерин аныктайт.

Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик статистикалык ишмердүүлүк коомдун, мамлекеттин жана эл аралык коомчулуктун ишенимдүү, өз убагындагы жана салыштырмалуу расмий статистикалык маалыматтарга болгон муктаждыктарын канааттандырууга багытталган жана статистика тармагындагы эл аралык стандарттарга жана сунуштамаларга незделет.

Статистикалык ишмердүүлүктү пландаштыруунун негизги инструменти болуп Статистикалык программа саналат. Ал мамлекеттик статистикалык байкоолордун тизмесин, баштапкы маалыматтарды чогултуунун, расмий статистикалык маалыматтарды калыптандыруунун жана жайылтуунун мөөнөттөрүн, ошондой эле статистикалык жана административдик маалыматтарды берүүгө катышкан мамлекеттик органдардын жана уюмдардын чөйрөсүн аныктайт.

Статистикалык программа Улутстатком тарабынан жыл сайын иштелип чыгат жана республиканын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилет.

Статистикалык программаны калыптандыруу жана кайра карап чыгуу белгиленген тартипте ишке ашырылат. Ал статистикалык формаларды мамлекеттик органдар менен макулдашууну, жаңы жана өзгөртүлгөн формаларды кароону жана бекитүүнү, аларды тираждаштырууну жана маалыматтык тутумдарга киргизүүнү, ошондой эле электрондук формаларды жана нускамаларды Улутстаткомдун расмий сайтына жайгаштырууну камтыйт. Мындай жол-жобо статистикалык инструменттерди алдын ала даярдоону жана статистикалык өндүрүштүн туруктуулугун камсыз кылат.

Статистикалык программа мамлекеттик бийлик органдарын, бизнести, илимий коомчулукту жана жалпы коомчулукту мамлекеттик саясатты иштеп чыгуу жана мониторинг жүргүзүү, улуттук жана эл аралык өнүгүү максаттарына, анын ичинде БУУнун Туруктуу өнүгүү максаттарына жетүүнү баалоо үчүн актуалдуу жана жогорку сапаттагы статистикалык маалыматтар менен камсыз кылууга багытталган.

Улутстатком тарабынан Статистикалык программага ылайык калыптандырылган бардык расмий статистикалык маалыматтар колдонуучуларга Улутстаткомдун расмий интернет-ресурсу жана башка жайылтуу каналдары аркылуу берилет, бул маалыматтардын ачыктыгын жана аларга тең укуктуу жеткиликтүүлүктү камсыз кылат.

Ошентип, статистикалык ишмердүүлүктү пландаштыруу тутуму улуттук статистикалык тутумдун стратегиялык багыттуулугун, ырааттуулугун жана туруктуу өнүгүүсүн камсыз кылат, бул расмий статистиканын сапатын жана анын мамлекеттик башкаруу тутумундагы жана коомдук өнүгүүдөгү ролун жогорулатууга өбөлгө түзөт.

2025-жылга карата Статистикалык программа Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 16-декабрындагы № 761 «2025-жылга карата Статистикалык программаны бекитүү жөнүндө» токтому менен бекитилген.

Статистикалык программа Улутстатком жана Улуттук банк тарабынан калыптандырылуучу расмий статистикалык маалыматтардын тизмесин; бекитилген статистикалык отчеттуулук формаларынын негизиндеги статистикалык изилдөөлөрдү; мамлекеттик органдардын административдик маалыматтарынын тизмесин; эл аралык суроо-жооп баракчаларын жана Евразия экономикалык комиссиясынын жана КМШнын Мамлекеттер аралык статистикалык комитетинин форматтарын; ошондой эле статистикалык тутумду өнүктүрүү боюнча иш-чараларды камтыйт.

Программада мамлекеттик органдардын административдик маалыматтарын, анын ичинде бюджеттин аткарылышы, салыктар, социалдык камсыздоо, кылмыштуулук, билим берүү, саламаттыкты сактоо, айыл чарбасы, экология жана башка тармактар боюнча маалыматтарды колдонуу каралган. Бул респонденттерге болгон жүктөмдү азайтууга жана расмий статистиканы калыптандыруунун ыкчамдыгын жогорулатууга мүмкүндүк берет.

Статистикалык программага ылайык, 2025-жылы жалпысынан Улутстаткомдун тутуму боюнча, мезгилдүүлүгүн жана иштелип чыгуу деңгээлин эске алуу менен, 28,5 миң статистикалык иш аткарылды. Статистикалык байкоолор расмий статистикалык отчеттуулуктун 115 формасы, ошондой эле республиканын мамлекеттик органдары тарабынан берилүүчү административдик отчеттуулуктун 111 статистикалык формасы боюнча жүргүзүлдү. Мындан тышкары, программага 16 мамлекеттик орган тарабынан калыптандырылуучу статистикалык маалыматтар киргизилген.

Жыл ичинде республика боюнча статистика органдары тарабынан 51 миң респонденттен (чарба жүргүзүүчү субъекттерден жана үй чарбаларынан) алынган 395 миңден ашык статистикалык отчет (же 5 миллиондон ашык статистикалык көрсөткүч) киргизилди жана иштелип чыкты.

## 4.2. Статистикалык маалыматтарды чогултуу, иштеп чыгуу жана сактоо

### 4.2.1 «IST» жана «NARA» автоматташтырылган маалыматтык тутумдарын иштеп чыгуу жана киргизүү

Азыркы убакта Улуттук статистика комитети маалыматтарды өндүрүүнүн бардык деңгээлдерин камтыган толук кандуу санариптик экосистемасына ээ болуу менен, өзүнүн өнүгүүсүнүн сапаттык жаңы этабына өтүүнү камсыз кылды. Улуттук статистиканы модернизациялоо процесси 1991-жылдан 2020-жылга чейинки мезгилди камтыган масштабдуу жаңылануудан башталган. Бул учурда советтик мезгилдеги көлөмдүү жана аз өндүрүмдүү эсептөө техникасынын ордун заманбап жеке компьютерлер басып, бирдиктүү маалыматтык мейкиндикти калыптандырууга мүмкүндүк берди.

Статистиканын 100 жылдык юбилейине карата VPN-каналдардын («Интернет-Статистика») базасында түзүлгөн бирдиктүү республикалык тармак жаңы инфратүзүмдүн пайдубалы болуп калды. Бул тармактын жайылышы райондук бөлүмдөр менен борбордук аппараттын ортосунда түз санариптик байланыш каналын түзүүгө, баштап-

кы отчетторду реалдуу убакыт режиминде Улутстаткомдун Интеллектуалдык маалыматтар борборуна (ИМБ) үзгүлтүксүз өткөрүп берүүнү камсыз кылууга, ошондой эле берилүүчү маалыматтарды обочолонгон мамлекеттик байланыш каналдары аркылуу ишенимдүү коргоого мүмкүндүк берди.

Жаңы доордун борбордук элементи болуп 2023-жылдын декабрында расмий түрдө тажрыйбалык эксплуатацияга киргизилген «IST» платформасы калды. Ал респонденттер менен түз өз ара аракеттенүү үчүн негизги интерфейс катары иштелип чыккан. Бул платформаны колдонуу төмөнкүлөргө мүмкүндүк берди:

«IST» платформасын колдонуу төмөнкүлөргө мүмкүндүк берди:

- GSBPM жана SIMS моделдерин колдонуу менен Кыргызстандын статистикалык маалыматтарынын эл аралык деңгээлде таанылышын жана алардын ачыктыгын камсыз кылууга;
- «IST WEB» модулу аркылуу респондент отчетту киргизип жаткан учурда логикалык каталарды болтурбоо үчүн автоматтык валидация (текшерүү) тутумун киргизүүгө;
- Бир миллиондон ашык чарба жүргүзүүчү субъектти камтыган Статистикалык бирдиктердин бирдиктүү мамлекеттик регистринин (СББМР/ЕГРСЕ) «жеке кабинеттери» аркылуу колдонуучулар үчүн маалыматтарды берүү процессин кыйла жөнөкөйлөтүүгө.

Комитеттин киргизилген санариптик тутуму маалымат агымдарын алардын булагына жараша так бөлүп турары маанилүү. Эгерде «IST» платформасы респонденттер менен иштөөгө багытталса, анда башка мамлекеттик органдардан административдик маалыматтарды чогултуу жана иштеп чыгуу үчүн адистештирилген «NARA» АМТ (автоматташтырылган маалыматтык тутуму) колдонулат. Ал азыркы учурда тышкы мамлекеттик маалымат базалары менен жигердүү интеграциялануу этабынан өтүп жатат. Бул ведомстволордун маалыматтык ресурстарынан билдирүүлөрдүн онлайн түшүүсүн камсыз кылат, ошондой эле виртуалдаштыруу жана криптографиялык шифрлөө технологияларынын эсебинен тутумдардын кошулган жеринде маалыматтардын ыкчам иштелишин жана алардын корголушун кепилдейт.

Бардык инфратүзүмдүн негизи болуп Улутстаткомдун ИМБсы (Интеллектуалдык маалыматтар борбору) саналат. Экосистеманын үзгүлтүксүз иштеши үчүн адистештирилген Маалыматтарды иштеп чыгуу борборлору (МИЧБ/ЦОД) жооп берет. 2026-жылга өнүгүүнүн кезектеги эң маанилүү этабы - башкы, экинчи деңгээлдеги жана резервдик дата-борборлор түрүндөгү жаңы кубаттуулуктарды орнотуу пландаштырылган. Мындай үч деңгээлдүү инфратүзүмдү түзүү төмөнкүлөргө мүмкүндүк берет:

- Тутумдун жеткиликтүүлүк коэффициентин 98,7%дан ашыруу менен максималдуу түрдө иштен чыкпоого (отказоустойчивость) жетишүүгө;
- Толугу менен герметикалык сервердик залдарда жабдууларды тышкы факторлордон коргоону жана туруктуу микроклиматты сактоого;
- Электр энергиясын көз карандысыз киргизүү, кубаттуу үзгүлтүксүз иштөө булактары (ИБП) жана дизель-генераторлору аркылуу тутумдун энергетикалык суверендүүлүгүн камсыз кылууга;
- Жүздү таануунун заманбап тутумдары жана көп факторлуу аутентификация аркылуу периметрди толук көзөмөлдөөнү орнотууга.

«IST» платформасы менен жигердүү интеграцияланып жаткан «NARA» АМТнын ортосундагы милдеттердин так бөлүштүрүлүшүнүн аркасында Улутстатком маанилүү стратегиялык милдетти чечти. Респонденттер отчеттуулукту өз алдынча жана сапаттуу берүү мүмкүнчүлүгүн алышты. Бул

Кыргызстандын статистикасын өлкөнүн келечеги курула турган ыкчам жана жогорку тактыктагы куралга айландырат.

Улутстаткомдун бардык маалыматтык тутумдары «Түндүк» ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү тутуму менен интеграцияланган. Бул башка мамлекеттик органдар менен административдик маалыматтарды ыкчам алмашууну жана виртуалдаштырууу, чөйрөлөрдү логикалык обочолоо жана криптографиялык коргоо технологияларын колдонуу аркылуу купуя микромаалыматтардын корголушун кепилдейт.

### 4.2.2 Административдик маалыматтарды колдонуу

«Расмий статистика жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, расмий статистиканы өндүрүү үчүн маалыматтар аны өндүрүүчүлөр тарабынан бардык түрдөгү булактардын - статистикалык изилдөөлөрдүн (баштапкы булактардын), ошондой эле башка булактардын (экинчи деңгээлдеги булактардын) негизинде калыптандырылышы мүмкүн. Мында расмий статистиканы өндүрүүчүлөр кесиптик ой-пикирлерге таянуу менен, анын ичинде маалыматтын сапатын, аны алууга кеткен чыгымдарды жана респонденттерге түшкөн жүктү эске алуу менен маалымат булактарын өз алдынча тандашат.

Расмий статистиканы өндүрүүчүлөр зарыл болгон деталдаштыруу деңгээлинде статистикалык максаттар үчүн административдик жазууларга кирүү укугуна ээ жана маалымат булактарын чогултуу, иштеп чыгуу жана сактоо ыкмалары менен жол-жоболоруна катышуу чечимдерди кабыл алуу үчүн өзгөчө жоопкерчилик тартышат. Азыркы учурда республикада расмий статистиканын расмий өндүрүүчүлөрү болуп Улутстатком жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы саналат.

Улутстатком мамлекеттик органдардын административдик маалыматтарын статистикалык максаттарда чогултууну, талдоону жана жайылтууну туруктуу негизде жүзөгө ашырат. Азыркы учурда статистикалык өндүрүштө Саламаттык сактоо министрлигинин, Билим берүү министрлигинин, Башкы прокуратуранын, Юстиция министрлигинин, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик салык кызматынын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик бажы кызматынын, ошондой эле башка мамлекеттик органдардын административдик маалыматтары колдонулат.

Административдик маалыматтар Улутстатком тарабынан расмий статистиканы өндүрүүдө өз алдынча да, статистикалык изилдөөлөрдүн маалыматтары менен айкалыштырылып да колдонулушу мүмкүн. Бул чыгымдарды азайтуу жана респонденттерге түшкөн жүктү жеңилдетүү менен бирге, статистикалык маалыматтардын кыйла жогору сапатын камсыз кылууга мүмкүндүк берет.

Статистикалык маалыматтарды түз чогултуудан статистикалык өндүрүштө административдик булактарды кеңири колдонууга баскычтык түрдө өтүү максатында, Улутстатком административдик маалыматтарды пайдалануунун чектерин кеңейтүү боюнча иштерди улантууда. Муну менен бирге, аларды колдонуунун ченемдик жана методологиялык базасы өркүндөтүлүп, ведомстволор аралык маалыматтык өз ара аракеттенүү өнүгүүдө, «Түндүк» тутуму аркылуу мамлекеттик маалыматтык тутумдардын интеграцияланышы камсыз кылынууда, ошондой эле бирдиктүү статистикалык стандарттар жана классификаторлор киргизилүүдө.

Мындан тышкары, Улутстатком туруктуу негизде административдик булактарды инвентаризациялоону жүргүзүп келет, ал ведомстволук маалыматтык тутумдарды, маалыматтарды чогултуу макеттерин жана калыптандырылуучу көрсөткүчтөрдү изилдөөнү жана сүрөттөөнү камтыйт.

Мындай иш мамлекеттик органдардын өз ыйгарым укуктарынын алкагында маалыматтарды чогултуу жана иштеп чыгуу процесстерин туруктуу өркүндөтүп, жаңы маалыматтык технологияларды киргизип жаткандыгы менен гана эмес, ошондой эле административдик маалыматтарды потенциалдуу берүүчүлөрдү жана статистикалык максатта колдонуу мүмкүнчүлүгү бар жаңы маалыматтык ресурстарды аныктоого багытталгандыгы менен шартталган.

Административдик маалыматтардын ээлери менен өз ара аракеттенүү макулдашуулардын, меморандумдардын жана келишимдердин негизинде жүзөгө ашырылат.

Административдик маалыматтарды колдонуу регистрдик ыкманы ишке ашыруунун негизги элементи болуп саналат. Алардын негизинде Улутстатком тарабынан базалык статистикалык регистрлерди (калктын регистрин, үй чарбаларынын регистрин) калыптандыруу, ошондой эле Статистикалык бирдиктердин бирдиктүү мамлекеттик регистринин (СББМР/ЕГРСЕ) маалымат базасын өркүндөтүү боюнча иштер жүргүзүлүүдө. Регистрлерге административдик булактарды интеграциялоонун аркасында чарба жүргүзүүчү субъекттердин системалуу, заманбап жана ачык-айкын эсеби, ошондой эле расмий статистиканы өндүрүү үчүн бул маалыматтарды натыйжалуу пайдалануу камсыз кылынат.

### 4.2.3. Респонденттерге болгон жүктөмдү азайтуу

Респонденттерге болгон статистикалык жүктөмдү азайтуу - Кыргыз Республикасынын улуттук статистикалык тутумун өнүктүрүүнүн негизги багыттарынын бири. Азыркы шартта бул жөн гана отчеттуулукту жөнөкөйлөтүү чарасы катары эмес, расмий статистиканын натыйжалуулугунун жана жетилгендигинин көрсөткүчү катары каралат.

Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында статистикалык тутум борборлоштурулган экономикага мүнөздүү болгон көп сандагы формаларды жана көрсөткүчтөрдү мураска алган. Бара-бара аларды кайра карап чыгуу иштери жүргүзүлдү: эскирген формалар жоюлуп, кайталоолор четтетилди, көрсөткүчтөр жана отчеттуулукту берүү мезгилдүүлүгү такталды. Бул иштер статистикалык байкоонун кыйла рационалдуу жана ийкемдүү тутумун калыптандырууга мүмкүндүк берди.

2025-жылы Расмий статистиканы өнүктүрүүнүн 2022–2026-жылдарга каралган орто мөөнөттүү программасын жана Кыргыз Республикасынын Президентинин мамлекеттик башкарууну дебюрократизациялоо жөнүндө Жарлыгын ишке ашыруунун алкагында расмий статистикалык отчеттуулуктун формаларына комплекстүү инвентаризация жүргүзүлдү. Оптималдаштыруунун жыйынтыгында, артыкчылыктарды жана берүү мезгилдүүлүгүн эске алуу менен, алардын саны 119 формага чейин кыскартылды.

Кайра карап чыгуу кайталанган көрсөткүчтөрдү кыскартуу жана формаларды электрондук форматка адаптациялоо менен коштолду.

Ишмердүүлүктүн жоктугу жөнүндө билдирмелерди берүү механизмин («нөлдүк отчеттуулук») киргизүү маанилүү жаңылык болду. Билдирменин формасы жана аны кабыл алуу тартиби, анын ичинде электрондук форматта бекитилди. Бул убактылуу ишмердүүлүгүн жүргүзбөй жаткан чарба жүргүзүүчү субъекттерге болгон жүктөмдү кыйла азайтууга жана статистикалык байкоону даректүү жүргүзүүгө мүмкүндүк берди.

Жүктөмдү азайтуу административдик маалыматтарды колдонууну кеңейтүү аркылуу да ишке ашырылууда. 2025-жылы мамлекеттик органдардын маалыматтык тутумдарын инвентаризациялоо боюнча иштер активдештирилди, «Түндүк» тутуму аркылуу ведомстволор аралык маалымат алмашуу боюнча макулдашуулар түзүлдү, административдик маалымат булактарынын сүрөттөлүшүн унификациялоо жүргүзүлүүдө.

Буга чейин бар болгон мамлекеттик маалыматтык ресурстарды колдонуу респонденттерден суралуучу маалыматтын көлөмүн азайтууга жана көрсөткүчтөрдүн кайталанышын четтетүүгө мүмкүндүк берет.

Модернизациялоонун маанилүү элементи болуп «IST» автоматташтырылган маалыматтык тутумунун киргизилиши саналат. Отчетторду электрондук түрдө берүүнү жана маалыматтарды автоматтык түрдө текшерүүнү камсыз кылган «IST Web» веб-тиркемесинде респонденттерди каттоо башталды. Формаларды этап-этабы менен электрондук форматка өткөрүү респонденттердин убакыт чыгымдарын кыскартууга жана баштапкы маалыматтын сапатын жогорулатууга өбөлгө түзөт.

Оптималдаштыруу статистиканын айрым тармактарында да жүргүзүлүүдө: курулуш жана инвестициялар боюнча формалардын саны кыскартылды, соода жана кызмат көрсөтүү тармагындагы формалар кайра карап чыгылды, салык кызматынын административдик маалыматтарын финансы статистикасына интеграциялоо иштери жүрүп жатат. Бул чаралар кайталоолорду четтетүүгө жана отчеттук жүктөмдү андан ары азайтууга багытталган.

Ошентип, респонденттерге болгон жүктөмдү азайтуу улуттук статистиканы өнүктүрүүнүн системалуу багыты болуп калды. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик статистикасынын жүз жылдыгында көлөмдүү кагаз отчеттуулугунан эффективдүүлүккө, сапатка жана респонденттердин убактысын сыйлоого багытталган статистикалык өндүрүштүн заманбап санариптик моделине чейинки басып өткөн жол өзгөчө айкын көрүнүп турат.

## 4.3. Расмий статистикалык маалыматтарды жайылтуу

Өткөн жылдар ичинде Улутстатком тарабынан коомчулукка маалымат берүүнүн бүтүндөй бир тутуму түзүлдү - салттуу басма басылмалардан жана расмий бюллетендерден баштап, заманбап санариптик платформаларга жана онлайн-сервистерге чейин. Маалыматтарды сунуштоо формалары акырындык менен өркүндөтүлүп, статистиканы колдонуучулардын ар кандай категорияларына жеткирүү ыкмалары кеңейтилди, алардын муктаждыктары жана суроо-талаптары эске алынды.

Статистикалык маалыматтарды чогултуунун, иштеп чыгуунун жана сактоонун заманбап технологиялары маалыматтардын жеткиликтүү көлөмүн көбөйтүүгө, ошондой эле статистикалык маалыматтарды берүү формаларынын ар түрдүүлүгүн кеңейтүүгө мүмкүндүк берди.

Учурда Улутстатком расмий статистикалык маалыматтарды төмөнкү каналдар аркылуу жайылтууну ишке ашырып жатат:

- ◊ Улутстаткомдун интернет-ресурсу: http://stat.gov.kg.
- ◊ ЖМК, социалдык тармактар: (YouTube, Facebook, Instagram).
- ◊ Статистикалык басылмалар.
- ◊ Массалык маалымат каражаттары (масс-медиа) менен өз ара аракеттенүү.
- ◊ Ачык эшиктер күнү.

Мамлекеттик кызмат көрсөтүү: «Расмий статистикалык маалыматтарды жайылтуу графигинде каралбаган статистикалык маалыматтарды берүү».

### 4.3.1. Улутстаткомдун Интернет-ресурсу http://stat.gov.kg

Расмий статистикалык маалыматтарды жайылтуунун башкы каналы болуп Улутстаткомдун http://stat.gov.kg интернет-ресурсу саналат. Бул каналды колдонуу бир катар артыкчылыктар менен шартталган:

- ◊ Эң актуалдуу статистикалык маалыматтарды жайылтуунун тез ыкмасы;
- ◊ Маалымат издеп жүрүп, интернет-ресурска кокустан кирип калган адамдардын көңүлүн буруу мүмкүнчүлүгү;

- Колдонуучулар өздөрүн кызыктырган материалдарды жүктөп алуу мүмкүнчүлүгү.

Бул ресурста Улутстатком тарабынан Статистикалык программага ылайык калыптандырылган, узак мөөнөттүү динамикада жана машина окуй турган форматтарда сунушталган бардык статистикалык маалыматтар жеткиликтүү. Акыркы убакта статистикалык маалыматтарды инфографика аркылуу берүү кыйла көбөйдү. Көзү начар көргөн адамдар үчүн сайттын атайын версиясы ишке киргизилген.

Сайттын түзүмү ыңгайлуу навигацияга, интерактивдүү модулдарга, ошондой эле ТӨМ (Туруктуу өнүгүү максаттары) көрсөткүчтөрүн мүнөздөөчү ар кандай платформаларга ээ. ТӨМ платформасында 110 глобалдык жана 61 улуттук көрсөткүч жеткиликтүү дезагрегациясы жана алар үчүн метамаалыматтар (методология) менен бирге сунушталган. Мындан тышкары, сайтта гендердик көрсөткүчтөр боюнча өзүнчө бөлүм бар, ал калктын саны, иш менен камсыз болушу, аялдар менен эркектердин билими, ошондой эле саламаттыкты сактоо жана кылмыштуулук боюнча маалыматтарды камтыйт.

2025-жылы балдар жөнүндө статистиканы чагылдырган интерактивдүү платформа ишке киргизилди. Анда колдонуучулар үчүн балдардын жашоосунун негизги чөйрөлөрүн жана алардын чөйрөсүн мүнөздөөчү 5 негизги бөлүм жана 18 бөлүмчө сунушталат.

Жалпысынан, интерактивдүү платформада маалыматтардын ар кандай дезагрегациясы, анын ичинде республиканын аймактары боюнча дезагрегациясы менен 153 көрсөткүч жайгаштырылган. Көзү начар көргөндөр үчүн версиясы ишке ашырылган.

Расмий статистикалык маалыматтардын сапатын жакшыртуу, ошондой эле маалыматтарды сунуштоо форматына болгон муктаждыктарды аныктоо максатында, колдонуучулардын статистикалык маалыматтарга болгон канааттануусу боюнча туруктуу негизде интерактивдүү сурамжылоо жүргүзүлүп турат. Алынган маалыматтар Улутстаткомго колдонуучулардын ар кандай категориялары арасында статистикалык маалыматтарга болгон канааттануу деңгээлин, ошондой эле аларга болгон ишеним даражасын баалоого жардам берет.

### 4.3.2. ЖМК жана социалдык тармактар

Массалык маалымат каражаттары тышкы дүйнө менен байланыштын маанилүү каналы болуп саналат. Бул каналсыз жалпы коомчулукка кайрылуу жана объективдүү, актуалдуу расмий статистикалык маалыматтарды жеткирүүчү ролун аткаруу мүмкүн эмес. Мындан тышкары, ЖМК статистикага жана статистикалык ведомствого болгон ишенимди калыптандырууда маанилүү роль ойнойт.

Комитет тарабынан экономикалык жана социалдык өнүгүүнүн негизги тенденцияларына, ошондой эле кесиптик майрамдарга жана маанилүү мамлекеттик даталарга арналган маалыматтык статистикалык материалдарды даярдоо туруктуу негизде камсыз кылынат. Улутстаткомдун жетекчилиги жана кызматкерлери теле- жана радиоканалдарда интервью берип турушат.

Ай сайын республиканын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн жыйынтыктары боюнча пресс-конференцияларды оффлайн жана онлайн режимдеринде өткөрүү камсыз кылынат. Facebook социалдык тармагында пресс-конференциялардын жүрүшү ай сайын түз эфирде көрсөтүлүп турат.

ЖМК өкүлдөрүн маалымат менен камсыз кылуу жана тыгыз байланыш түзүү максатында Улутстатком төмөнкү багыттар боюнча иш алып барат:

- Интернет-ресурстагы «Пресс-релиздер» рубрикасы;
- Комитеттин Facebook, Telegram, Instagram баракчалары;
- Комитеттин YouTube каналы;

- ЖМКлардын билдирилген электрондук даректерине маалыматтарды жөнөтүү;
- ЖМКлардын жана пайдалануучулардын суроо-талаптарына жооп берүү (жылына 400 жакын суроо-талап);
- Пресс-конференциялар (ай сайын).

Басма сөз катчысынын байланыш маалыматтары Улутстаткомдун интернет-ресурсунун башкы бетинде жеткиликтүү.

### 4.3.3. Статистикалык басылмалар

Статистикалык басылмалар маалыматты колдонуучуларга жеткирүүнүн эң маанилүү каражаты болуп саналат. Улуттук статистика комитети тарабынан жыл сайын статистикалык жыйнактардын 30га жакын аталышы, ошондой эле ыкчам бюллетендердин жана экспресс-маалыматтардын 40ка жакын аталышы калыптандырылат. Бардык статистикалык басылмалар кыргыз, орус жана жарым-жартылай англис тилдеринде чыгарылат. Бардык статистикалык басылмалардын электрондук версиясы Улутстаткомдун расмий сайтында жеткиликтүү.

### 4.3.4. Ачык эшиктер күнү

Колдонуучулардын ар кандай топторуна статистикалык маалыматтарды жана басылмаларды алуу мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө маалымат берүү, ошондой эле колдонуучулар менен байланыштарды түзүү максатында, Улуттук статистика комитети жана аймактык статистика органдары тарабынан жыл сайын Ачык эшиктер күнү өткөрүлөт.

Бул иш-чарага мамлекеттик органдардын, эл аралык уюмдардын, ишканалардын жана уюмдардын, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү, ошондой эле окуучулар менен студенттер катышышат. Бул иш-чара инфографиканы колдонуу менен экономиканын жана социалдык чөйрөнүн өнүгүүсүнүн актуалдуу багыттары боюнча бир катар маалыматтык материалдарды жайылтууну, ошондой эле Улутстаткомдун тармактык бөлүмдөрүнүн презентацияларын сунуштоону камтыйт.

## 4.4 Эл аралык статистикалык кызматташтык

Бириккен Улуттар Уюмунун Статистикалык комиссиясынын атайын сессиясында кабыл алынган расмий статистиканын фундаменталдык принциптеринин бири — эл аралык статистикалык кызматташтык болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин эл аралык кызматташтыгы эл аралык уюмдар жана чет өлкөлөрдүн статистикалык кызматтары менен туруктуу иштешүү алкагында төмөнкүдөй багыттар боюнча ишке ашырылат: эл аралык статистикалык методологияларды, стандарттарды жана классификацияларды киргизүү, заманбап инструменттерди, маалыматтык жана коммуникациялык технологияларды өздөштүрүү, кызматкерлердин билимдерин жана көндүмдөрүн өркүндөтүү, алардын кесипкөйлүк компетенттүүлүгүн жогорулатуу.

Бир нече жылдан бери Улутстатком төмөнкүдөй эл аралык уюмдар менен кызматташып келет: Евразия экономикалык комиссиясы (ЕЭК), Эл аралык валюта фонду (ЭВФ), Дүйнөлүк банк, БУУнун калк жайгаштыруу фонду (ЮНФПА), БУУнун Балдар фонду (ЮНИСЕФ), Эл аралык эмгек уюму (ЭЭУ), Эл аралык миграция уюму (ЭМУ), БУУ-Аялдар, БУУнун билим берүү, илим жана маданият маселелери боюнча уюму (ЮНЕСКО), БУУнун Баңгизаттар жана кылмыштуулук боюнча башкармалыгы (БУУ БКБ), БУУнун Азык-түлүк жана айыл чарба уюму (ФАО БУУ), Европа биригинин Статистикалык кызматы (Евростат), БУУнун Статистика бөлүмү, Европа экономикалык комиссиясы (БУУ ЭЭК), Азия жана Тынч океан үчүн экономикалык жана социалдык комиссия (ЭС-

КАТО), ошондой эле КМШ өлкөлөрүнүн жана чет өлкөлөрдүн статистикалык кызматтары.

Эгемендүү Мамлекеттердин Шериктештигинин (КМШ) Мамлекеттер аралык статистикалык комитети менен өз ара аракеттенүүнүн алкагында, Улутстатком методологиялык маселелер, улуттук эсептер, баа статистикасы, демографиялык статистика, Туруктуу өнүгүү максаттарынын (ТӨМ) статистикасы сыяктуу статистиканын актуалдуу багыттары боюнча потенциалды бекемдөө, заманбап ИТ-инструменттерди киргизүү, ошондой эле КМШга мүчө мамлекеттердин статистикалык маалыматтары менен алмашуу боюнча кызматташтыкты ишке ашырат.

БУУнун Азия жана Тынч океан үчүн экономикалык жана социалдык комиссиясы (БУУ ЭСКАТО) менен кызматташуунун алкагында, 2022-жылдан азыркы учурга чейин Улутстатком «Азия-Тынч океан регионундагы мыйзамсыз (жашыруун) финансылык агымдарды өлчөө үчүн статистика жана маалыматтар» долбооруна катышууда. Учурдагы этапта Улутстатком тийиштүү мамлекеттик органдар менен биргеликте Тышкы соодадан түшкөн мыйзамсыз финансылык агымдардын көлөмүн эсептөө методикасынын долбоорун иштеп чыкты.

БУУнун Статистика бөлүмү (БУУ СБ) менен кызматташуунун алкагында, 2025-жылы Кыргыз Республикасында Улутстаткомдун көмөгү менен Казакстан, Азербайжан, Өзбекстан жана Монголиянын өкүлдөрүнүн катышуусунда Туруктуу өнүгүү максаттары үчүн SDMX стандартын колдонуу менен статистикалык маалыматтар жана метамаалыматтар менен алмашуу боюнча региондук семинар-тренинг өткөрүлдү.

Мындан тышкары, 2025-жылы БУУнун Статистика бөлүмү тарабынан Кыргыз Республикасында Улутстаткомдун көмөгү менен «Келечекти бирге куруу: Жарандык сектордун маалыматтары жана Кыргыз Республикасынын 2025-жылдагы Улуттук ыктыярдуу обзоруна катышуу» деген темада биргелешкен семинар уюштурулду. Бул семинар БУУнун Статистика бөлүмүнүн, Дүйнөлүк банктын, Туруктуу өнүгүү маалыматтары үчүн глобалдык өнөктөштүктүн, Туруктуу өнүгүү чечимдеринин тармагынын, БУУнун Өнүктүрүү программасынын жетекчилиги астында «Жеке сектордун маалыматтары жаатындагы кызматташтык» жана «Маалыматтар - азыр» демилгелеринин алкагында, Кыргыз Республикасынын 2-Улуттук ыктыярдуу обзорун даярдоону колдоо максатында уюштурулган.

2021-жылы Улутстатком БУУ ЕЭКтин, Евростаттын жана Европа эркин соода ассоциациясынын эксперттери менен биргеликте республиканын улуттук статистикалык тутумуна экинчи Глобалдык баалоону жүргүзгөн. Анын сунуштары Кыргыз Республикасынын расмий статистикасын өнүктүрүүнүн 2022-2026-жылдарга карата орто мөөнөттүү программасын даярдоодо колдонулган.

БУУнун Статистика бөлүмүнүн, БУУ ЕЭКтин жана БУУ ЭСКАТОнун көмөгү менен Улутстаткомго Туруктуу өнүгүү максаттарынын (ТӨМ) көрсөткүчтөрүнө мониторинг жүргүзүү боюнча жол картасын иштеп чыгууда, ТӨМдүн глобалдык жана улуттук көрсөткүчтөрү үчүн метамаалыматтарды түзүүдө, ТӨМгө мониторинг жүргүзүү жана отчеттуулуктун улуттук платформасын (Open SDG KG) жана SDG tracker куралын иштеп чыгууда эксперттик колдоо көрсөтүлдү.

Улутстатком БУУнун Калк жайгаштыруу фондунун (ЮНФПА) көмөгү жана Россия Федерациясынын финансылык колдоосу менен 2019-жылдан 2023-жылга чейинки мезгилде «Демографиялык маалыматтарды чогултуу, талдоо жана жайылтуу чөйрөсүндө Кыргыз Республикасынын мамлекеттик статистика тутумун бекемдөө» долбоорун ишке ашырды. Бул долбоор Кыргыз Республикасынын 2022-жылдагы калк жана турак жай фондун каттоону даярдоого, өткөрүүгө жана анын жыйынтыктарын жайылтууга багытталган. Жыйынтыгында, 2025-жылы Улутстатком тарабынан нике жана үй-бүлө, төрөлүү, билим берүү, миграция жана башка көрсөткүчтөр тууралуу маалыматтарды камтыган аналитикалык басылма жарык көрдү.

Улутстатком менен «БУУ-Аялдар» түзүмүнүн ортосунда 2023-жылдын 1-декабрында кол коюлган Кызматташтык жөнүндө меморандумдун алкагында, ошондой эле БУУнун Калк жайгаштыруу фондунун (ЮНФПА) көмөгү менен «Ар бир аял жана кыз маанилүү болсун» аттуу гендердик статистика боюнча «БУУ-Аялдар» Глобалдык программасынын улуттук компонентин ишке ашыруу максатында, Улутстаткомдун сайты үчүн тийиштүү гендердик веб-портал иштелип чыкты. Бул порталда демографиялык көрсөткүчтөрдү, иш менен камсыз болуу, билим берүү, социалдык коргоо жана укук бузуулар көрсөткүчтөрүн камтыган, жынысы боюнча бөлүнгөн тутумдаштырылган статистикалык маалыматтар, аналитикалык басылмалар жана графиктер берилген. Мындан тышкары, 2025-жылы аялдарга карата зордук-зомбулук боюнча пилоттук изилдөөнү даярдоо жана өткөрүү иши башталды, бул учурдагы маалыматтык боштуктарды толтурууга жана республикадагы аялдардын абалы жөнүндө кыйла толук жана объективдүү картинаны калыптандырууга мүмкүндүк берет.

БУУнун Балдар фондунун (ЮНИСЕФ) көмөгү менен Улутстатком тарабынан 2024-жылы балдар жөнүндө интерактивдүү платформа иштелип чыкты, ал региондор, жашаган жери жана жынысы боюнча узак мөөнөттүү динамикадагы дезагрегацияланган маалыматтарды камтыйт.

БУУнун Азык-түлүк жана айыл чарба уюму (ФАО БУУ) менен кызматташуунун алкагында, 2023-2024-жылдары Улутстатком тарабынан маалыматтарды чогултуу жана ТӨМдүн 2.3.1; 2.3.2; 5.а.1. жана 12.3.1 көрсөткүчтөрүн эсептөө үчүн Кыргыз Республикасынын пилоттук райондорунун аймагында изилдөө инструменттерине тестирлөө жүргүзүлдү. ТӨМдүн 2.3.1 жана 2.3.2 көрсөткүчтөрүн мониторингдөө боюнча ФАОнун методологиясына ылайык жүргүзүлгөн эксперименталдык бир жолку интеграцияланган изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча, Улутстатком майда дыйкан (фермердик) чарбаларынын өндүрүмдүүлүгү жана кирешелери жөнүндөгү маалыматтык боштукту толтурду, ошондой эле айыл чарба продукциясын өндүрүүдө майда өндүрүүчүлөрдүн, өзгөчө аялдардын ролун аныктады.

Улутстатком ФАОнун көмөгү менен 2025-жылы Кыргыз Республикасынын 2026-жылдагы айыл чарба каттоосун даярдоо жана өткөрүүгө байланыштуу бир катар иш-чараларды ишке ашырды.

Эл аралык валюта фондунун (ЭВФ) эксперттик колдоосу менен 2015-жылдан 2025-жылга чейинки мезгилде Улуттук эсептер тутумун (УЭТ 2008) киргизүү боюнча иштер жүргүзүлдү, тактап айтканда, реалдуу сектордун статистикасын өркүндөтүү, ИДПнын учурдагы эсептөөлөрүн, ИДПнын дискреттик негиздеги чейректик эсептөөлөрүн жүргүзүү, салыктарды жаңы методология боюнча практикалык эсептөөлөрдү ишке ашыруу багытында иштер аткарылды.

Дүйнөлүк банк менен көп жылдык кызматташуунун алкагында Кыргыз Республикасынын статистикалык тутумун модернизациялоо боюнча долбоор (2022-2027-жылдар) ишке ашырылууда. Ал статистикалык тутумду модернизациялоого, расмий статистикалык маалыматтарды өз убагында жана сапаттуу өндүрүү жана жайылтуу үчүн маалыматтык технологиялардын инфраструктурасын өркүндөтүүгө, ошондой эле мамлекеттин экономикалык жана социалдык саясатынын чараларын иштеп чыгуу үчүн маалыматтарды берүүгө багытталган. Бул долбоор аталган мезгилге карата Кыргыз Республикасынын расмий статистикасын өнүктүрүүнүн орто мөөнөттүү программасынын иш-чараларын ишке ашырууну көздөйт.

Эл аралык миграция уюму (ЭМУ) менен кызматташуунун алкагында 2025-2026-жылдары Улутстатком тарабынан жумушчу күчүн изилдөөнүн жаңы анкетасын тестирлөө үчүн пилоттук изилдөө жүргүзүлдү. Бул анкета жумушчу күчүн масштабдуу изилдөө үчүн колдонулат жана ага Эмгек статистиктеринин акыркы үч эл аралык конференциясы-

нын (19, 20, 21-МКСТ) Резолюцияларына ылайык көрсөткүчтөр киргизилген. Пилоттук изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча бейрасмий ишке орношуунун, татыктуу эмгектин көрсөткүчтөрү иштелип чыгат, ошондой эле иштегендердин статусунун жаңы классификатору колдонулат (көз карандысыз кызматкерлер, көз каранды кызматкерлер, узак мөөнөттүү жумушсуздук категориялары боюнча). Бул иш-чаралар ТӨМдүн 8-максаты болгон «Туруктуу, ар тараптуу жана туруктуу экономикалык өсүшкө, толук жана натыйжалуу ишке орношууга жана бардыгы үчүн татыктуу эмгекке көмөктөшүүгө» жетүүдөгү прогрессти өлчөөнү камтыйт.

Улутстатком Корея Өкмөтүнүн Өнүктүрүүгө расмий жардам берүү программасынын (ӨРЖ) алкагында учурда Корея Республикасынын Маалыматтар жана статистика министрлиги менен биргеликте 2024-2028-жылдарга каралган «Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин статистикалык потенциалын жогорулатуу» долбоорун ишке ашырууда. Долбоордун алкагында расмий статистиканын сапатын жогорулатууга, статистикалык потенциалды бекемдөөгө, статистикалык маалыматтарды даярдоо жана жайылтуу үчүн статистикалык инструменттерди, методдорду, процесстерди колдонууну өнүктүрүүгө, статистикалык иштердин натыйжалуулугун жогорулатууга, Улутстаткомдун статистикалык маалыматтарды чогултуунун автоматташтырылган маалыматтык тутумун киргизүү менен маалыматтарды чогултуу жана иштеп чыгуу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө багытталган иш-чаралар ишке ашырылууда.

Мындан тышкары, 2015-жылдан 2025-жылга чейинки мезгилде статистикалык ведомстволор ортосунда бир катар Өз ара түшүнүшүү жана кызматташуу жөнүндө меморандумдарга кол коюлду:

| | Документтин расмий аталышы | Болжолдуу дата жана орду: |
|---|---|---|
| 1 | Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети менен Казакстан Республикасынын Улуттук экономика министрлигинин Статистика боюнча комитетинин ортосундагы өз ара соода боюнча расмий статистикалык маалыматтарды алмашууда өз ара аракеттенүү жөнүндө меморандум. | 2015-жылдын 19-майында Тышкы иштер министрлиги аркылуу дистанттык түрдө кол коюлган. 2014-жылдын 29-майындагы Евразия экономикалык бирлиги жөнүндө келишимди жана Евразия экономикалык комиссиясынын 2014-жылдын 2-декабрындагы №224 «Евразия экономикалык бирлигине мүчө мамлекеттердин ыйгарым укуктуу органдары тарабынан Евразия экономикалык комиссиясына расмий статистикалык маалыматтарды берүү жөнүндө» Чечимин жетекчиликке алуу менен. |
| 2 | Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети менен Россия Федерациясынын Федералдык бажы кызматынын ортосундагы өз ара соода жөнүндө статистикалык маалыматтарды алмашууда өз ара аракеттенүү жөнүндө меморандум. | 2017-жылдын 20-июнунда Москва шаарында кол коюлган. 2009-жылдын 27-ноябрындагы Бажы бирлигинин Бажы кодекси жөнүндө келишимди жана 2014-жылдын 29-майындагы Евразия экономикалык бирлиги жөнүндө келишимди жетекчиликке алуу менен. |
| 3 | Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети менен Өзбекстан Республикасынын Мамлекеттик статистика комитетинин ортосундагы статистика чөйрөсүндөгү өз ара түшүнүшүү жана кызматташуу жөнүндө меморандум. | 2017-жылдын 5-октябрында Ташкент шаарында, Кыргыз Республикасынын Президентинин Өзбекстанга болгон мамлекеттик сапарынын алкагында кол коюлган. |
| 4 | Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети менен Түркия Республикасынын Статистика институтунун ортосундагы статистика чөйрөсүндөгү өз ара түшүнүшүү жана кызматташуу жөнүндө меморандум. | 2021-жылдын 10-сентябрында Бишкек шаарында, Соода-экономикалык кызматташтык боюнча кыргыз-түрк өкмөттөр аралык комиссиясынын 10-жыйынынын алкагында кол коюлган. |
| 5 | Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети менен Кытай Эл Республикасынын Улуттук статистика бюросунун ортосундагы расмий статистика чөйрөсүндөгү өз ара түшүнүшүү жана кызматташуу жөнүндө меморандум. | 2022-жылдын 31-январында Тышкы иштер министрлиги аркылуу дистанттык түрдө, Кыргыз Республикасынын Президенти С.Н. Жапаровдун 2022-жылдын 4-февралында Кытай Эл Республикасына болгон сапарынын алкагында кол коюлган. |

| | | |
|---|---|---|
| 6 | Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети менен Грузиянын Улуттук статистика кызматынын ортосундагы расмий статистика чөйрөсүндөгү өз ара түшүнүшүү жана кызматташуу жөнүндө меморандум. | 2022-жылы Тышкы иштер министрлиги аркылуу дистанттык түрдө кол коюлган (кыргыз тарап 2022-жылдын 12-апрелинде, ал эми грузин тарап 2022-жылдын 28-июнунда кол койгон). Бул иш Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 28-январындагы №36-р тескемесин аткаруу максатында, ошондой эле 2016-жылдын 15-мартында Тбилиси шаарында (Грузия) өткөн Соода-экономикалык кызматташтык боюнча кыргыз-грузин өкмөттөр аралык комиссиясынын биринчи жыйынынын Протоколун ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планына ылайык ишке ашырылды. |
| 7 | Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети менен Норвегиянын Борбордук статистика бюросунун ортосундагы расмий статистика чөйрөсүндөгү өз ара түшүнүшүү жана кызматташуу жөнүндө меморандум. | 2022-жылдын 25-апрелинде Норвегиянын Осло шаарында кол коюлган. |
| 8 | Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети менен Корея Республикасынын Улуттук статистика башкармалыгынын (Корея Республикасынын Маалыматтар жана статистика министрлиги) ортосундагы статистика чөйрөсүндөгү кызматташтык жөнүндө өз ара түшүнүшүү меморандуму. | 2025-жылдын 7-августунда Тэджон шаарында (Корея Республикасы) кол коюлган. |

Жалпысынан алганда, Улутстаткомдун эл аралык кызматташтыгы өз ишинде мыкты эл аралык тажрыйбаларды колдонууга жана статистикалык өндүрүш ыкмаларын эл аралык стандарттарга ылайык келтирүүгө багытталган.

## 4.5 Туруктуу өнүгүү максаттары (ТӨМ)

2030-жылга чейинки мезгилге туруктуу өнүгүү чөйрөсүндөгү Күн тартиби 17 Туруктуу өнүгүү максатын жана бири-бири менен байланышкан 169 милдетти камтыйт. Ал туруктуу жана инклюзивдик экономикалык өсүштү, социалдык бакубаттуулукту жана экологиялык туруктуулукту камсыз кылууга, ошондой эле бардык адамдар үчүн адам укуктарын ишке ашырууга багытталган өнүгүүнүн ар тараптуу жана ажырагыс алкагы болуп саналат. Туруктуу өнүгүү максаттары комплекстүү мүнөзгө ээ жана мамлекеттердин жана башка кызыкдар тараптардын аракеттерин координациялоонун негизинде туруктуу өнүгүүнүн экономикалык, социалдык жана экологиялык ченемдеринин макулдашылган өнүгүүсүн болжолдойт.

ТӨМдүн мониторинг тутумунда расмий статистика негизги ролду ойнойт. Ал жетишилген прогрессти объективдүү баалоону жана негизделген башкаруучулук чечимдерди кабыл алуу үчүн далилдүү базаны калыптандырууну камсыз кылат.

Кыргыз Республикасы Бириккен Улуттар Уюмуна мүчө болгон башка мамлекеттер менен бирге 2030-жылга чейинки мезгилге туруктуу өнүгүү чөйрөсүндөгү Күн тартибин ишке ашыруу, анын ичинде глобалдык Туруктуу өнүгүү максаттарына жетүү боюнча прогресстин мониторингин жана тийиштүү көрсөткүчтөрдү камсыз кылуу боюнча милдеттенмелерди өзүнө алган.

Кыргыз Республикасынын 2030-жылга чейинки Күн тартибин ишке ашырууга берилгендиги улуттук өнүгүүнүн негизги стратегиялык жана программалык документтеринде чагылдырылган. Туруктуу өнүгүү максаттары мамлекеттик саясатка интеграцияланган жана Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн 2018–2040-жылдарга карата Улуттук стратегиясында, ошондой эле Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн 2030-жылга чейинки Улуттук программасында бекитилген. Аталган программанын максаттуу багыттарынын бири — өлкөнүн Туруктуу өнүгүү максаттарына жетүү боюнча дүйнөдөгү

алдыңкы 30 мамлекеттин катарына кирүүсү болуп саналат.

2040-жылга чейинки Улуттук өнүгүү стратегиясынын концептуалдык негизи - туруктуу жана инклюзивдик экономикалык өсүш шарттарында калктын жашоосунун жогорку сапатын жана бакубаттуулугунун татыктуу деңгээлин камсыз кылуу болуп саналат. 2030-жылга чейинки Күн тартибин ишке ашыруунун алкагында Кыргыз Республикасы калктын эң аялуу катмарларынын муктаждыктарына жана кызыкчылыктарына артыкчылыктуу көңүл буруу менен «эч кимди артта калтырбоо» глобалдык принцибин ырааттуу түрдө карманат.

Бириккен Улуттар Уюмунун Статистикалык комиссиясынын 47-сессиясынын чечимине ылайык, ТӨМдүн мониторингинин глобалдык тутумун түзүү расмий статистиканын Негизги принциптерине ылайык өндүрүлгөн, салыштырмалуу жана стандартташтырылган маалыматтарга нзделет. Бул чечимге ылайык, улуттук статистикалык тутумдар ТӨМдү ишке ашырууга байланышкан маалыматтарды чогултуу жана далилдүү базаны калыптандыруу аракеттерине жетекчилик кылат жана көзөмөлдөйт.

Кыргыз Республикасынын улуттук статистикалык тутуму борборлоштурулган тутум болуп саналат. Анын алкагында маалыматтарды чогултуу процесстерин координациялоо, расмий статистикалык маалыматтарды өндүрүү, ошондой эле ТӨМ мониторинги үчүн далилдүү базаны калыптандыруу боюнча негизги рол Улутстаткомго жүктөлгөн.

2017–2018-жылдары ТӨМ боюнча мониторинг жана отчеттуулуктун улуттук тутумун калыптандыруу максатында, Улутстатком тарабынан ТӨМ көрсөткүчтөрүн инвентаризациялоо боюнча масштабдуу иштер жүргүзүлгөн. Бул иштер глобалдык көрсөткүчтөрдүн бар экендигин аныктоону, улуттук аналог-көрсөткүчтөрдү иштеп чыгууну, ошондой эле глобалдык милдеттерди жана индикаторлорду улуттук шарттарга жана өнүгүү артыкчылыктарына ылайыкташтырууга багытталган кошумча улуттук көрсөткүчтөрдү түзүүнү камтыган.

Инвентаризациялоо процесси Өкмөттүн Аппараты жана Экономика министрлиги менен координациялоодо Улутстатком тарабынан ишке ашырылган. Ал мамлекеттик органдардын, жарандык коомдун өкүлдөрүнүн жана эл аралык уюмдардын катышуусу менен кеңири жана инклюзивдик консультациялар форматында өткөрүлгөн. Ошол эле учурда, бул ишке тартылган тараптардын институционалдык жана кадрдык потенциалын системалуу түрдө жогорулатуу боюнча иштер жүргүзүлгөн.

Бул иштин алкагында Улутстатком тарабынан тематикалык жумушчу топтордун 40тан ашык жыйыны, ошондой эле бардык кызыкдар тараптардын катышуусу менен эки жыйынтыктоочу ведомстволор аралык жолугушуу өткөрүлдү. Алардын жүрүшүндө бардык 17 Максат, 169 милдет жана ТӨМдүн 248 глобалдык көрсөткүчү ырааттуу каралып, деталдуу талкууланды. Жүргүзүлгөн инвентаризациянын жүрүшүндө 232 глобалдык индикатордун ичинен 140 индикатор боюнча улуттук аналогдор - милдеттердин көрсөткүчтөрү иштелип чыкты. Ошондой эле, улуттук артыкчылыктарды жана шарттарды эске алуу менен ТӨМгө жетүү мониторингине көмөктөшүүгө багытталган 157 кошумча улуттук көрсөткүч калыптандырылды. Талкуулардын жыйынтыгы боюнча ТӨМ милдеттерин жана көрсөткүчтөрүн инвентаризациялоо жана адаптациялоо Матрицасы макулдашылып, ал улуттук жана тармактык стратегиялык документтерге интеграцияланды.

2017-жылдын сентябрь айында Улутстатком региондо биринчи болуп «Туруктуу өнүгүү максаттарынын мониторинги» аттуу эл аралык семинарды уюштурган. Анын алкагында эл аралык эксперттердин, ошондой эле Россия Федерациясынын, Казакстан Республикасынын, Тажикстан Республикасынын, Молдова Республикасынын жана башка өлкөлөрдүн статистика органдарынын өкүлдөрүнүн катышуусунда ТӨМдү адаптациялоо жана ишке ашыруу маселелери боюнча тажрыйба алмашуу болду.

2018-жылы БУУнун Статистика башкармалыгы ТӨМ көрсөткүчтөрүнүн мониторинги боюнча Кыргыз Республикасынын статистикалык потенциалына глобалдык баалоо жүргүзгөн. Баалоонун жыйынтыктары республика ТӨМдүн 102 глобалдык көрсөткүчү боюнча отчет берүү мүмкүнчүлүгүнө ээ экенин көрсөттү, бул алардын жалпы санынын 50 пайызга жакынын түзөт. Ошондой эле, 2030-жылга чейинки мезгилге туруктуу өнүгүү чөйрөсүндөгү Күн тартибин мониторингдөө үчүн улуттук статистикалык тутумдун калыптанган институционалдык негизи жана туруктуу потенциалы бар экендиги тастыкталды.

Улуттук статистикалык тутумдун натыйжалуу иштешин камсыз кылуу жана республикада жогорку сапаттагы расмий статистиканы өндүрүү максатында, 2019-жылы Улутстаткомдун демилгеси менен «Расмий статистика жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы иштелип чыгып, ага Кыргыз Республикасынын Президенти 2019-жылдын 8-июлунда № 82 номери менен кол койгон. Бул Мыйзамдын кабыл алынышы улуттук статистикалык потенциалды бекемдөөгө багытталган ТӨМдүн 17.18.2-милдетине жетүүгө өбөлгө түзөт. Мыйзам расмий статистика чөйрөсүндөгү мыйзамдарды расмий статистиканын Негизги принциптерине толук шайкеш келтирүү аркылуу өркүндөтүүгө багытталган.

Азыркы учурда улуттук статистикалык тутум ТӨМ көрсөткүчтөрүнүн улуттук топтомуна мониторинг жүргүзүүдө. Ал 217 көрсөткүчтү камтыйт, анын ичинде: 136 глобалдык, 59 улуттук жана 22 прокси-көрсөткүч бар. Жеткиликтүү 136 глобалдык көрсөткүчтүн 82си (60%) Улутстатком тарабынан, 32си (24%) – министрликтер жана ведомстволор тарабынан, ал эми 22си (16%) – эл аралык уюмдар тарабынан иштелип чыгат. Мындан тышкары, 56 көрсөткүч «келечектин көрсөткүчтөрү» категориясына киргизилген, ал эми 16 көрсөткүч улуттук контекст үчүн актуалдуу эмес деп аныкталган.

Туруктуу өнүгүү максаттары боюнча улуттук отчеттуулук платформасы ТӨМгө жетүү мониторинги тутумунун негизги элементи болуп саналат. Маалыматтарды жана метамаалыматтарды жайылтуу максатында, 2019-жылы Улутстатком БУУнун Статистика башкармалыгы жана Улуу Британиянын Улуттук статистикалык кызматы менен кызматташтыкта «Open SDG» улуттук платформасын адаптациялоо боюнча иштерди жүргүзгөн. Платформа эл аралык стандарттарга жана талаптарга жооп берет жана маалыматтарды бир нече машина окуй турган форматтарда, анын ичинде SDMX (маалыматтарды жана метамаалыматтарды алмашуунун эл аралык стандарты) форматында, ошондой эле визуализация жана графиктер түрүндө берүүнү камсыз кылат. Платформанын негизги артыкчылыктарына анын эки тилде (орус жана англис) жеткиликтүүлүгү, бардык көрсөткүчтөр боюнча иштелип чыккан жана жайгаштырылган метамаалыматтардын болушу, ошондой эле маалыматтарды визуализациялоонун ыңгайлуу куралдары кирет.

Муну менен катар, Улутстатком тарабынан колдонуучулардын аналитикалык маалыматтарга жана ТӨМдүн ишке ашырылышынын мониторингинин жыйынтыктарына жеткиликтүүлүгүн кеңейтүүгө багытталган «Туруктуу өнүгүү максаттарынын статистикасы», «Гендер жана ТӨМ», «Жаштар жана ТӨМ» сыяктуу адистештирилген басылмалар даярдалып, чыгарылып турат.

Кыргыз Республикасы 2030-жылга чейинки мезгилге туруктуу өнүгүү чөйрөсүндөгү Күн тартибинин «эч кимди артта калтырбоо» негизги принцибин кармануу менен ТӨМ көрсөткүчтөрүн дезагрегациялоого өзгөчө көңүл бурат. Глобалдык көрсөткүчтөрдүн жеткиликтүүлүгүн талдоо көрсөткөндөй, 2026-жылдын 1-январына карата 58 көрсөткүч боюнча - географиялык абалы, 40 көрсөткүч боюнча - жынысы, 26 - жашы, 24 - киреше деңгээли жана 23 көрсөткүч боюнча - билим деңгээли боюнча маалыматтарды дезагрегациялоо мүмкүн.

Үй чарбаларын комплекстүү изилдөөлөрдүн маалыматтар базасы, ошондой эле республикадагы аялдардын жана балдардын абалын изилдөө боюнча адистештирилген Көп көрсөткүчтүү кластердик изилдөө (КОМП) ТӨМ мониторинги үчүн маалыматтардын эң маанилүү булактары болуп саналат. Улутстатком тарабынан изилдөөнүн төрт айлампасы (2006, 2014, 2018 жана 2023-жылдары) өткөрүлдү. 2023-жылкы КОМП изилдөөсүнүн жүрүшүндө негизги белгилери (жынысы, жашы, географиялык абалы, билими, киреше деңгээли, улуту жана майыптыгы) боюнча дезагрегацияланган ТӨМдүн 31 глобалдык көрсөткүчү үчүн маалыматтар чогултулду. ТӨМ үчүн альтернативдик маалымат булактарын колдонуу максатында, Улутстатком БУУнун ЭСКАТОсунун көмөгү менен геомейкиндиктик маалыматтарды колдонуу аркылуу 9.1.1 жана 11.3.1 ТӨМ индикаторлорун пилоттук моделдөөнү ишке ашырды.

Учурда Улутстатком тарабынан 2022–2026-жылдарга карата расмий статистиканы өнүктүрүүнүн кезектеги Орто мөөнөттүү программасын ишке ашыруу боюнча иштер жүргүзүлүүдө. Бул программа маалыматтарды чогултуу жана иштеп чыгуу процессин санариптештирүү жана автоматташтыруу чөйрөсүндө, ошондой эле ТӨМ мониторинги үчүн статистиканы өнүктүрүү жаатында Кыргыз Республикасынын статистикалык тутумун модернизациялоо боюнча чараларды камтыйт.

ТӨМ статистикасын колдонуучулардын статистикалык сабаттуулугун жогорулатуу максатында, Улутстатком тарабынан Туруктуу өнүгүү максаттарынын статистикасы боюнча Окуу куралы иштелип чыккан. Ал колдонуучулар үчүн ТӨМ көрсөткүчтөрүнүн мүнөздөмөлөрү, анын ичинде аларды эсептөө методологиясы жана маалымат булактары жөнүндө маалыматтарды камтыйт.

2022-жылдын мартында Улутстатком Кыргыз Республикасынын калкын жана турак жай фондун кезектеги каттоону өткөрдү. Анын программасына калктын социалдык-демографиялык абалы, турак жай шарттары, ошондой эле этникалык таандыктыгы, миграциялык статусу жана майыптыгы боюнча модулдар киргизилген. Бул 2030-жылга чейинки мезгилге туруктуу өнүгүү чөйрөсүндөгү Күн тартибинин «эч кимди артта калтырбоо» принцибине шайкеш келет жана дезагрегацияланган статистикалык маалыматтарды калыптандырууга өбөлгө түзөт. Улутстатком системалуу түрдө, ар бир 10 жыл сайын калкты жана турак жай фондун каттоону өткөрүп турат. Кыргыз Республикасында калкты каттоонун мурунку айлампалары 1999- жана 2009-жылдары өткөрүлгөн.

Кыргыз Республикасы Туруктуу өнүгүү максаттарына жетүү багытындагы иштердин жүрүшү жөнүндө Улуттук ыктыярдуу баяндаманы (УЫБ) эки жолу сунуштады. Биринчи УЫБ 2020-жылы сунушталып, анда өлкөнүн 2030-жылга чейинки мезгилге туруктуу өнүгүү чөйрөсүндөгү Күн тартибин ишке ашыруу боюнча негизги ыкмалары, жетишилген прогресс, негизги чакырыктар жана алдыдагы иштердин артыкчылыктуу багыттары чагылдырылган. Экинчи УЫБ 2025-жылдын июль айында сунушталып, Кыргыз Республикасынын инклюзивдик, адилеттүү жана туруктуу коомду курууга болгон умтулуусун тастыктады. Улутстатком эки баяндаманы тең даярдоого жигердүү катышты. Бул иштин алкагында Улутстатком тарабынан «ТӨМгө жетүүгө мониторинг жүргүзүүдө статистикалык тутумдардын ролу» бөлүмү, ошондой эле УЫБга карата ТӨМ көрсөткүчтөрү боюнча статистикалык тиркеме даярдалган.

2030-жылга чейинки мезгилге туруктуу өнүгүү чөйрөсүндөгү Күн тартибин ишке ашыруудагы улуттук прогресске көз салуу максатында, Улутстатком БУУнун ЭСКАТОсунун көмөгү менен «ТӨМ Трекери» (SDG Tracker) инструментин ишке киргизди. Ал ТӨМ мониторинги жана отчеттуулугу боюнча улуттук платформанын ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Бул инструмент Туруктуу өнүгүү максаттарынын аткарылышын баалоо жана

ага жетүү үчүн кошумча күч-аракеттерди талап кылган багыттарды аныктоо үчүн зарыл болгон статистикалык маалыматтарды чогултууну, талдоону жана визуализациялоону камсыз кылат.

ТӨМгө жетүү боюнча Экинчи Улуттук ыктыярдуу баяндаманы (УЫБ) даярдоо процессинде «ТӨМ Трекери» улуттук инструментин колдонуу Туруктуу өнүгүү максаттарына жетүүдөгү прогрессти ар тараптуу талдоого, мониторингдин ачык-айкындуулугун жана маалыматтардын салыштырмалуулугун жогорулатууга, ошондой эле негизги тенденцияларды жана чакырыктарды аныктоого, 2030-жылга чейинки Күн тартибин ишке ашыруу контекстинде Кыргыз Республикасын андан ары туруктуу өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттарын белгилөөгө мүмкүндүк берди.

2025-жылы Улутстатком тарабынан жүргүзүлгөн улуттук жана глобалдык статистикалык маалымат базаларын талдоонун жыйынтыгы боюнча, ТӨМдүн 87 көрсөткүчү боюнча улуттук жана глобалдык отчеттуулуктун ортосунда олуттуу айырмачылыктар аныкталган. Бул айырмачылыктар Кыргыз Республикасынын прогрессине берилген эл аралык баанын толуктугуна жана ишенимдүүлүгүнө, анын ичинде ТӨМгө жетүү индексин, Адамдык өнүгүү индексин жана башка эл аралык рейтингдерди эсептөөгө таасирин тийгизет. Аныкталган шайкешсиздиктерди четтетүү, расмий статистикалык маалыматтарды берүүнүн бирдиктүү механизмин камсыз кылуу, ошондой эле Кыргызстандын ТӨМдү ишке ашыруудагы прогрессине берилген эл аралык баалардын толуктугун жана ишенимдүүлүгүн жогорулатуу максатында, Улутстатком Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 1-декабрындагы № 1045-т тескемесин кабыл алуунун демилгечиси болду. Тескемеге ылайык, Улутстатком тарабынан эл аралык уюмдарга берүү үчүн ТӨМ боюнча расмий статистикалык маалыматтарды ведомстволор аралык макулдашуу жана валидациялоо тартиби иштелип чыкты. Бул тартип Улутстатком менен мамлекеттик органдардын ортосундагы ишмердүүлүктү координациялоону жана маалымат алмашууну камсыз кылат.

2025-жылы Улутстатком тарабынан БУУнун ЭСКАТОсунун эл аралык экспертинин көмөгү менен ТӨМ мониторинги үчүн статистикалык потенциалды бекемдөө боюнча Жол картасынын долбоору иштелип чыкты. Ал расмий статистикалык маалыматтардын сапатын жана жеткиликтүүлүгүн жогорулатууга, улуттук жана глобалдык маалымат базаларынын ортосундагы шайкешсиздиктерди четтетүүгө, расмий статистикага болгон ишенимди бекемдөөгө, ошондой эле Кыргыз Республикасынын эл аралык рейтингдердеги, анын ичинде Адамдык өнүгүү индексиндеги жана Туруктуу өнүгүү максаттарына жетүү индексиндеги (SDG Index) позицияларын жогорулатууга багытталган.

Келечекте Улутстатком улуттук статистикалык тутумдун потенциалын бекемдөө, маалыматтарды чогултуунун заманбап санариптик жана электрондук ыкмаларын киргизүү, ошондой эле колдонуучулардын туруктуу өнүгүү чөйрөсүндөгү сапаттуу, салыштырмалуу жана өз убагындагы статистикалык маалыматтарга жеткиликтүүлүгүн кеңейтүү боюнча ишти улантууну көздөйт.

# V бөлүм. Статистикалык байкоолорду уюштуруу

## 5.1. Жалпы мамлекеттик статистикалык байкоолор

### 5.1.1. Айлана чөйрөнүн статистикасы

Айлана чөйрөнүн статистикасы - бул айлана чөйрөнүн абалын, жаратылыш ресурстарынын бар экендигин жана сапатын, адам менен курчап турган табигый чөйрөнүн өз ара байланышын, антропогендик ишмердүүлүктүн айлана чөйрөнүн абалына тийгизген таасирин, ошондой эле коомдун бул ишмердүүлүктүн кесепеттерине болгон реакциясын мүнөздөөчү расмий статистиканын тармагы.

Кыргыз Республикасындагы айлана чөйрөнүн статистикасы суу жана токой ресурстарынын, атмосфералык абанын, биоартүрдүүлүктүн, калдыктардын көлөмүнүн, жаратылышты коргоого жумшалган инвестициялардын, өзгөчө кырдаалдардын мониторингин камтыйт, ошондой эле экономикалык статистика, өнөр жай, айыл чарба, транспорт статистикасы жана социалдык-демографиялык статистика менен тыгыз байланышта.

Айлана чөйрөнүн абалы жөнүндө расмий статистикалык маалыматтар Улутстатком тарабынан тармактык министрликтерден жана ведомстволордон, ошондой эле ишмердүүлүгү суу жана жер ресурстарын башкаруу, жаратылышты пайдалануу, экологиялык контролдоо жана айлана чөйрөнү коргоо менен байланышкан ишканалардан жана уюмдардан алынган маалыматтардын негизинде калыптандырылат.

Статистикалык маалыматтарды чогултуу расмий статистикалык отчеттуулуктун 18 формасынын негизинде ишке ашырылат, анын ичинен: 13 форма айлана чөйрө статистикасын, 4 форма суу менен камсыздоо жана сууну чыгаруу, калктуу конуштарды көрктөндүрүү менен байланышкан коммуналдык чарбалардын ишмердүүлүгүнүн статистикасын жана 1 форма өзгөчө кырдаалдар статистикасын камтыйт.

Коомчулукту маалымдоо үчүн Улутстатком жыл сайын «Кыргыз Республикасындагы айлана чөйрө», «Кыргыз Республикасында суу ресурстарын пайдалануу» жана «Кыргыз Республикасынын калктуу конуштарын көрктөндүрүүнүн абалы» аттуу статистикалык жыйнактарды жана экономикалык баяндамаларды даярдап, басып чыгарат. Улутстаткомдун расмий интернет-сайтында (www.stat.gov.kg) айлана чөйрө жөнүндө статистикалык маалыматтар туруктуу негизде жаңыланып турат. Мындан тышкары, айлана чөйрө статистикасынын маалыматтары Улутстаткомдун «Кыргызстан сандарда», «Кыскача маалымдама», «Жылдык чыгарылыш», «Кыргыз Республикасындагы туризм», «Кыргыз Республикасындагы кедейчиликтин деңгээли» сыяктуу жылдык басылмаларында берилген.

Айлана чөйрө статистикасынын актуалдуулугу жаратылыштын абалына объективдүү баа берүү, антропогендик таасирге мониторинг жүргүзүү, экосистемаларды коргоо боюнча чараларды иштеп чыгуу, туруктуу өнүгүүнү жана жаратылышты сарамжалдуу пайдаланууну камсыз кылуу зарылчылыгы менен шартталган. Статистикалык маалыматтар климаттын өзгөрүшүнө каршы күрөшүү жана адаптациялоо боюнча чараларды баалоо, абанын жана суу ресурстарынын булганышын контролдоо, ошондой эле калдыктарды башкаруу үчүн маанилүү мааниге ээ.

Чарбалык ишмердүүлүктүн, айлана чөйрөнүн абалынын жана табигый активдердин өз ара байланыш маселелери заманбап статистикалык өнүгүүнүн негизги багыттарынын бири болуп саналат. Буга байланыштуу, БУУнун колдоосу астында көптөгөн өлкөлөрдө экономика менен айлана чөйрөнүн ортосундагы байланышты, ошон-

дой эле бул процесстердин социалдык-экономикалык өнүгүүгө тийгизген таасирин мүнөздөө үчүн арналган курчап турган табигый чөйрөнүн эсептерин калыптандыруу багытында статистикалык эсепке алуу тутумдарын реформалоо жүргүзүлүүдө.

Кыргыз Республикасы үчүн жаратылыш-ресурстук компонентинин стратегиялык маанилүүлүгүн эске алуу менен, Жаратылыш-экономикалык эсепке алуу тутумунун (ЖЭЭТ) эсептерин иштеп чыгуу жана статистикалык практикага киргизүү Кыргыз Республикасынын расмий статистикасын өнүктүрүүнүн 2022–2026-жылдарга каралган орто мөөнөттүү программасына ылайык, расмий статистиканы өнүктүрүүнүн стратегиялык милдеттеринин бири катары аныкталган.

2015-жылы Улутстатком тарабынан биринчи жолу токой чарбасынын товарлары жана кызмат көрсөтүүлөрү боюнча эксперименталдык экосистемалык эсептерди иштеп чыгуу аракети көрүлгөн. Алынган маалыматтарга ылайык, 2014-жылы токой секторунун үлүшү 0,05%ды түзгөн, ал эми ЖЭЭТ (СПЭУ) алкагындагы эксперименталдык эсептөөлөрдүн жыйынтыгы боюнча токой секторунун үлүшү 1,24 деңгээлинде бааланган, бул көрсөткүчтүн 25 эсеге көбөйгөндүгүн айгинелейт. Пилоттук эсептөөлөр көрсөткөндөй, өсүштүн негизги бөлүгү жыгач эмес продукцияларды (жаңгак, бал, көчөттөр ж.б.) пайдаланууну эсепке алуунун эсебинен болгон. ЖЭЭТ алкагында өлкөнүн ИДПсына токой чарбасынын кошкон салымын баалоо максатында, Улутстатком тарабынан 2018-жылы № 2-ЛХ (токой пайдалануучулар) «Мамлекеттик токой фондусунун аймагындагы токой пайдалануучулардын иши жөнүндө» статистикалык отчеттуулук формасы иштелип чыккан жана бекитилген.

2019-2020-жылдары ЖЭЭТти (токой эсептерин) киргизүүгө көмөк көрсөтүүгө, токой секторунун өлкөнүн экономикалык өнүгүүсүнө кошкон салымын түшүнүүнү жакшыртууга жана мамлекеттик органдардын табигый капиталды эсепке алуу жаатындагы техникалык потенциалын жогорулатууга багытталган Дүйнөлүк банктын «Экосистемаларды эсепке алуу жана баалоо» (WAVES Plus) долбоорун ишке ашыруу боюнча иштер жүргүзүлгөн.

Бул изилдөөнүн алкагында табигый капиталды эсепке алуу 2018-жылга карата аткарылган. Токой фондусунун ресурстарынын жана кызмат көрсөтүүлөрүнүн экономикалык баалуулугун эсепке алуу үчүн токой пайдалануучулардын ар кандай топтору (токой чарбалары жана токой участокторун ижарага алуучулар) боюнча статистикалык отчеттуулуктун маалыматтары, ошондой эле токой продуктуларын жана токой аймактарын пайдалануу боюнча ижарачы эмес айылдык үй чарбаларын бир жолку тандалма изилдөөнүн маалыматтары колдонулган. 2018-жылдагы табигый капиталды эсепке алуунун жыйынтыгы боюнча, республиканын токой фондусунун токой продукциясынын улуттук экономикага кошкон салымы өлкөнүн ИДПсынын 1,92%ын түздү. Токой фондусунун экосистемалык кызмат көрсөтүүлөрүнүн агымынын экономикалык баалуулугунун алынган көрсөткүчү республиканын токойлорунун баалуулугу, алардын жергиликтүү бизнестин өнүгүшүнө жана калктын бакубаттуулугуна кошкон салымы жөнүндө түшүнүктү кеңейтүүгө мүмкүндүк берди. Токой фондусунун салымы 1,92% деп такталганы абдан маанилүү көрсөткүч экен, бул мурунку эсептөөлөргө караганда реалдуу абалды кыйла жакшы чагылдырат.

Кыргыз Республикасынын расмий статистикасын өнүктүрүүнүн 2022-2026-жылдарга каралган орто мөөнөттүү программасын ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планынын алкагында, БУУӨП-ЖКФнын (ПРООН-ЗКФ) «Кыргыз Республикасында климаттын өзгөрүшүнө адаптациялоо чараларын орто мөөнөттүү жана узак мөөнөттүү пландаштыруу жана ишке ашыруу үчүн Улуттук адаптациялык планды (УАП) иштеп чыгуу процессин илгерилетүү» долбоорунун колдоосу менен Улутстатком тарабынан

климаттын өзгөрүшү статистикасын өнүктүрүү боюнча иштер жүргүзүлүүдө.

2024-жылы Улутстатком тарабынан биринчи жолу «Кыргыз Республикасындагы климаттын өзгөрүшүнүн көрсөткүчтөрү» аттуу статистикалык жыйнактын атайын чыгарылышы басылып чыкты. Ошону менен бирге, Улутстаткомдун расмий интернет-сайтында климаттын өзгөрүшүнүн көрсөткүчтөрүнүн мониторинги боюнча өзүнчө бөлүмдү түзүү каралууда.

Улутстаткомдун 2025-жылдын 7-июлундагы буйругу менен статистикалык практикага климаттын өзгөрүшүнө байланыштуу Көрсөткүчтөрдүн улуттук топтомун (95 көрсөткүч) киргизүүнү караган «Кыргыз Республикасында климаттын өзгөрүшү статистикасын өркүндөтүү боюнча жол картасы» иштелип чыккан жана бекитилген. Улуттук топтом Көрсөткүчтөрдүн глобалдык топтомунун жана БУУ ЕЭК тарабынан сунушталган климаттын өзгөрүшү көрсөткүчтөрүнүн негизинде, улуттук артыкчылыктарды жана колдо болгон статистикалык маалыматтарды эске алуу менен иштелип чыккан. Ал айыл чарбасын жана ирригацияны, суу чарбасын, калдыктарды, биоартүрдүүлүктү жана токойлорду сактоону, табигый кырсыктарды жана өзгөчө кырдаалдарды башкарууну, энергетиканы, өнөр жай процесстерин жана өндүрүштү, ошондой эле саламаттыкты сактоону камтыйт.

2025-жылы улуттук экологиялык статистиканы эл аралык стандарттарга ылайык өркүндөтүү жана өнүктүрүү максатында, БУУ ЕЭКтин айлана чөйрө статистикасынын артыкчылыктуу көрсөткүчтөрүнүн тизмесинин негизинде Улутстатком тарабынан айлана чөйрө көрсөткүчтөрүнүн тизмесинин долбоорлору, ошондой эле республикада айлана чөйрөнүн сапаттык көрсөткүчтөрүнүн бирдиктүү тутумун иштеп чыгуу боюнча Иш-аракеттер планынын долбоору иштелип чыкты. Долбоор туруктуу өнүгүү, климаттык адаптация жана биоартүрдүүлүктү сактоо чөйрөлөрүндөгү статистикалык көрсөткүчтөрдү калыптандыруу мөөнөттөрү менен, ошондой эле эл аралык келишимдердин алкагында өлкө тарабынан кабыл алынган милдеттенмелердин аткарылышын, улуттук ченемдик укуктук контекстти жана эл аралык талаптар менен сунуштарды эске алуу менен шайкеш келтирилген.

Глобалдык экологиялык чакырыктардын жана жаратылыш ресурстарына болгон кысымдын күчөшү шартында, «жашыл» өсүү моделине өтүү республиканын туруктуу өнүгүүсүнүн негизги багыттарынын бири болуп саналат. «Жашыл» өсүү саясатын натыйжалуу ишке ашыруу өзгөрүүлөрдүн динамикасына мониторинг жүргүзүүнү жана жетишилген натыйжаларды баалоону камсыз кылган ишенимдүү статистикалык маалыматтардын жана көрсөткүчтөр тутумунун болушун талап кылат.

Жашыл өсүү көрсөткүчтөрүнүн тутумун түзүү үчүн Экономикалык кызматташтык жана өнүгүү уюму (ЭКӨУ/ОЭСР) тарабынан иштелип чыккан, экономикалык процесстер менен табигый капиталдын абалынын ортосундагы өз ара байланышты баалоого багытталган ыкма методологиялык негиз болуп саналат.

«Жашыл» өсүү саясатын ишке ашыруу максатында, Улутстатком тарабынан ЭКӨУ (ОЭСР) методологиясынын негизинде жана Улутстаткомдун 2025-жылдын 23-апрелиндеги буйругуна ылайык, беш тематикалык багыт боюнча бөлүштүрүлгөн 85 көрсөткүчтү камтыган жашыл экономиканын көрсөткүчтөрүнүн матрицасы иштелип чыккан:

- көмүртек жана энергетика өндүрүмдүүлүгү - 16 көрсөткүч;
- табигый активдер - 28 көрсөткүч;
- жашоонун экологиялык сапаты - 14 көрсөткүч;
- экономикалык мүмкүнчүлүктөр жана жоопкайтаруу саясаты - 13 көрсөткүч;
- социалдык-экономикалык аспект жана өсүш мүнөздөмөлөрү - 14 көрсөткүч.

Бул көрсөткүчтөр тутумун калыптандыруу - Улутстаткомдун эл аралык методологиялык ыкмаларды улуттук шарттарга адаптациялоо боюнча жүргүзгөн ишинин жыйынтыгы болуп саналат жана туруктуу өнүгүүнүн мониторингинин комплекстүү статистикалык инструментарийин өнүктүрүүгө багытталган.

2026-жылы Улутстатком тарабынан биринчи жолу «Кыргыз Республикасынын жашыл экономикасынын көрсөткүчтөрү» аттуу басылма жарык көрдү. Ал өлкөнүн жашыл өсүү багытындагы прогрессине баа берүү үчүн маалыматтык-аналитикалык базаны түзүүгө жана мамлекеттик саясат чөйрөсүндө чечимдерди иштеп чыгууга көмөктөшүүгө арналган.

Айлана чөйрө статистикасынын расмий маалыматтары Кыргыз Республикасынын айлана чөйрөнүн абалы, биоартүрдүүлүктү сактоо, парник газдарынын чыгарылышын кыскартуу жана төмөн көмүртектүү өнүгүү боюнча чараларды ишке ашыруу жөнүндөгү эл аралык жана улуттук баяндамаларын даярдоодо, ошондой эле климаттын өзгөрүшү жана «жашыл» экономиканы өнүктүрүү маселелерин мониторингдөөдө активдүү колдонулат.

Айлана чөйрө статистикасын өнүктүрүүнүн келечеги мониторингдин тактыгын жогорулатуу, экологиялык маалыматтарды экономикалык көрсөткүчтөр («жашыл» экономика, ЖЭЭТ/СПЭУ) менен интеграциялоо, ошондой эле туруктуу өнүгүүнү баалоо үчүн чоң маалыматтарды (Big Data) колдонуу менен байланышкан. Негизги багыттар болуп ыкмаларды эл аралык стандарттар менен шайкеш келтирүү, климаттык өзгөрүүлөр жана биоартүрдүүлүк жөнүндө маалыматтардын сапатын жакшыртуу, ошондой эле башкаруучулук чечимдерди кабыл алуу үчүн экологиялык маалыматтардын ачыктыгын камсыз кылуу саналат

### 5.1.2. Демографиялык статистика

Демографиялык статистика өлкөнүн эң маанилүү капиталын - анын калкын изилдейт. Калк жөнүндө статистикалык маалыматтардын булактары алгач анын айрым топторунун санын эпизоддук эсепке алуу, андан кийин салыктык, аскердик жана административдик максаттарда жүргүзүлгөн жөнөкөйлөтүлгөн каттоолор болгон. Муну менен катар эле, калктын табигый кыймылынын статистикасы пайда болуп, акырындык менен өнүккөн, эл каттоо жана демографиялык эсептөөлөр өркүндөтүлгөн.

Азыркы учурда демографиялык статистика Улутстаткомдун ишмердигинин артыкчылыктуу багыттарынын бири болуп саналат жана маалымат алуунун электрондук булактарын камтыган, эл аралык стандарттарга негизделген заманбап интеграцияланган тутумду түзөт.

Азыркы Кыргызстандын аймагындагы калктын саны жөнүндө алгачкы маалыматтар Россия империясынын административдик, салыктык жана аскердик каттоолоруна таандык. Бул эсептөөлөр фрагментардык мүнөзгө ээ болуп, калктын айрым топторун гана чагылдырганы менен, салык салуу жана аскердик кызмат үчүн ресурстарды баалоого мүмкүндүк берген.

Калктын саны жөнүндө алгачкы расмий маалыматтарды чогултуу XIX кылымдын экинчи жарымына таандык. Ал учурда Кыргызстандын аймагында 1897-жылдагы калк каттоо - Россия империясынын биринчи жана жалгыз жалпы эл каттоосу өткөрүлгөн. Аны өткөрүүнүн демилгечиси көрүнүктүү орус окумуштуусу Пётр Семёнов-Тян-Шанский болгон. Эл каттоо бирдиктүү программа жана нускама боюнча жүргүзүлүп, XIX кылымдын аягындагы империянын калкынын саны жана курамы жөнүндө ишенимдүү маалыматтардын бирден-бир булагы болуп саналат. Анын жыйынтыктары калк жөнүндө билимдерди топтоодо маанилүү чек болуп калды жана калк статистикасын

өнүктүрүүнүн жаңы, заманбап этабынын башталышы катары каралат.

Советтик мезгилде демографиялык статистика институционалдык өнүгүүгө ээ болду: бүткүл союздук эл каттоолор өткөрүлдү, жарандык абалдын актыларын каттоо тутуму түзүлдү жана калктын табигый кыймылынын туруктуу статистикасы калыптанды.

1920-жылы жарандык согуштун, ачарчылыктын жана кыйроонун шарттарында Биринчи бүткүл союздук эл каттоо өткөрүлгөн. Жаш мамлекеттин согуштан кийинки калк жөнүндө гана эмес, бүтүндөй эл чарбасынын абалы жөнүндө ар түрдүү маалыматтарга болгон курч муктаждыгын эске алуу менен, эл каттоо айыл чарба каттоосу жана өнөр жай ишканаларын кыскача эсепке алуу менен айкалыштырылган. Ал өтө татаал социалдык-экономикалык шарттарда жүргүзүлдү: квалификациялуу кадрлар, каражаттар, транспорт, кагаз жана башка ресурстар жетишсиз болгон.

Андан кийин 1939, 1959, 1970, 1979 жана 1989-жылдардагы эл каттоолор жүргүзүлдү. Алардын жыйынтыгы боюнча республиканын калкынын саны төмөнкүдөй өзгөргөн: 1926-жылы - 1 002 миң адам, 1939-жылы - 1 459 миң, 1959-жылы - 2 066 миң, 1970-жылы - 2 933 миң, 1979-жылы – 3 529 миң жана 1989-жылы - 4 291 миң адам. Бул мезгилде төрөлүүнүн жогорку деңгээли сакталып, өлүм көрсөткүчү акырындап төмөндөгөн, бул калктын туруктуу табигый өсүшүн камсыз кылган. Миграциялык процесстер, анын ичинде СССРдин ичиндеги эмгек ресурстарын көчүрүү, калктын этникалык курамына жана аймактык жайгашуусуна олуттуу таасирин тийгизген.

XX кылымдын биринчи жарымында европалык тектүү мигранттардын жана башка этникалык топтордун массалык агымы, ошондой эле жергиликтүү калктын санынын жана табигый өсүшүнүн төмөндүгү, 1959-жылы республикадагы этникалык кыргыздардын үлүшүнүн 40,5 пайызга чейин азайышына алып келген. Бирок кылымдын экинчи жарымында, жергиликтүү калктын жогорку табигый өсүшү жана башка улуттардын кетишинин эсебинен кыргыздардын демографиялык үстөмдүгү кайра калыбына келген.

Азыркы учурда Кыргызстан кыйла этникалык бир тектүүлүгү менен мүнөздөлөт, бирок анын аймагында мурдагыдай эле көп сандагы этникалык азчылыктар жашайт. Кыргызстандын аймагында жашаган айрым этникалык топтордун калкынын саны олуттуу өзгөрдү. Калктын этникалык курамында эң көп санды кыргыздар, өзбектер жана орустар түзөт, алардын үлүшүнө 95,9 пайыз туура келет. 1926-жылдан 2022-жылга чейинки мезгил аралыгында кыргыздардын салыштырма салмагы 8 эсеге өстү, ошону менен бирге алардын абсолюттук саны учурда өлкөдө жашаган бардык башка этникалык топтордун өкүлдөрүнүн санынан ашат.

Эгемендүүлүк алгандан кийинки биринчи улуттук эл каттоо - 1999-жылдагы каттоо — туруктуу калктын санын 4 823 миң адам деп каттаган, анын ичинен 49,4 пайызын эркектер жана 50,6 пайызын аялдар түзгөн. Бул мезгилде негизинен Россияга жана Казакстанга багытталган олуттуу тышкы миграция, ошондой эле өлкөнүн региондорунун ортосундагы ички миграция байкалган.

2009-жылдагы эл каттоонун маалыматтары боюнча, туруктуу калктын саны 5 363 миң адамга жеткен, мында эркектердин үлүшү 49,3 пайызды, аялдардыкы - 50,7 пайызды түзгөн. Каттоолор аралык мезгилде (1999-2009-жылдар) туруктуу калктын саны 542,2 миң адамга же 11,3 пайызга өскөн. Шаар калкы 148,6 миң адамга (8,9 пайызга), айыл калкы – 393,6 миң адамга (12,6 пайызга) көбөйгөн, бул айыл жергесинде калктын өсүү темпи жогору экенин далилдейт. 2009-жылдагы каттоонун жыйынтыктары Кыргызстандын калкынын санынын туруктуу өсүшүн тастыктаган.

2022-жылдагы эл каттоонун жыйынтыктарына ылайык, республиканын туруктуу калкынын саны 6 936 миң адамга жетти. Он үч жылдын ичинде (2009-жылдан бери) калк 1 573 миң адамга (29,3 пайызга) көбөйдү, анын ичинде шаар калкы - 581 миңге (31,8 пайызга), айыл калкы - 992 миңге (28,1 пайызга) өстү.

1970-жылдардан баштап Кыргызстанда калктын өсүү темпинин ырааттуу төмөндөшү байкалган. Эгерде 1959 - 1970-жылдардагы каттоолор аралык мезгилде орточо жылдык өсүү темпи 3,2 пайызды түзсө, кийинки он жылдыкта ал 2,1 пайызга, 1980-жылдары - 1,9 пайызга, 1990-жылдары - 1,2 пайызга, ал эми 2000-жылдары - 1,1 пайызга чейин төмөндөгөн. 2010-жылдары өсүү темпи кайрадан жогорулап, 2,0 пайызды түздү.

Республиканын калкынын жыныстык-курактык түзүмү балдар менен жаштардын жогорку үлүшү, эмгекке жөндөмдүү курактагы калктын олуттуу салыштырма салмагы жана улуу курактагы топтордун салыштырмалуу төмөн үлүшү менен мүнөздөлөт. Курактык түзүмдөгү өзгөрүүлөр демографиялык толкундардын (1941-1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согуш, 1985–1990-жылдардагы антиалкоголдук кампания, 1990–2000-жылдардагы төрөлүүнүн кескин төмөндөшү), тышкы миграциянын, репродуктивдик жүрүм-турумдун өзгөрүшүнүн жана башка факторлордун таасири менен шартталган.

Кыргыз ССРинде төрөлүүнүн деңгээли СССР боюнча эң жогорку көрсөткүчтөрдүн бири болгон. Эгерде 1989-жылдагы эл каттоонун маалыматтары боюнча 50 жашка чейинки бир аялга орточо эсеп менен 3,3 бала туура келсе, 1999-жылдагы каттоонун маалыматтары боюнча бул көрсөткүч 2,6 баланы түзгөн. 1990-жылдардагы олуттуу миграциялык агымга жана 2000–2010-жылдардагы экономикалык миграцияга карабастан, төрөлүүнүн жогорку деңгээли калктын тез өсүшүн камсыз кылды. 2009-2022-жылдардагы каттоолор аралык мезгилде төрөлүүнүн жалпы коэффициенти дээрлик өзгөргөн жок жана тиешелүүлүгүнө жараша 2,88 жана 2,89ду түздү, ал эми 2009 жана 2022-жылдардагы каттоолордун маалыматтары боюнча бул көрсөткүч бир аз төмөндөп, 2,4 баланы түздү.

Заманбап демографиялык тенденциялар урбанизациянын жигердүү өсүшүн камтыйт. 2023-2024-жылдардагы административдик-аймактык реформанын жыйынтыгы боюнча, 2025-жылдын башына карата шаар калкынын үлүшү жалпы сандын 41,7 пайызына жетти. Реформа административдик бөлүүнү тартипке келтирүүгө жана жергиликтүү деңгээлде демографиялык процесстердин статистикалык мониторингин жакшыртууга мүмкүндүк берди. Миграциялык процесстер бара-бара туруктошууда: тышкы миграция кыскарууда, ал эми ички миграция олуттуу бойдон калууда. Эмигранттардын 90 пайыздан ашыгы туура келген Россия жана Казакстан тышкы миграциянын негизги багыттары бойдон калууда.

Эгемендүүлүк жана статистикалык тутумду реформалоо мезгилинде демографиялык статистиканын улуттук көрсөткүчтөрүн эл аралык стандарттарга шайкеш келтирүү зарылчылыгы келип чыкты. Буга байланыштуу, 2000-жылы Улутстатком СССРдин Борбордук статистика башкармалыгы тарабынан иштелип чыккан өлүмдүн себептеринин кыскача номенклатурасын колдонуудан, Дүйнөлүк саламаттык сактоо уюмунун (ДСУ) Оорулардын жана өлүмдүн себептеринин эл аралык статистикалык классификациясынын онунчу кайра карап чыгуусунун (МКБ-10) негизинде өлүмдүн себептерин коддоого өттү. Бул өтүү процесси 2004-жылы ДСУ тарабынан сунушталган тирүү төрөлүү жана ымыркайлардын өлүмүнүн критерийлерин кабыл алуу менен аяктады. Ошол учурдан тарта ЖААК (ЗАГС) органдарында дене салмагы төмөн (500дөн 1000 граммга чейинки) жана жашоонун кошумча белгилери бар жаңы төрөлгөн ымыркайлардын өлүмүн каттоо башталган.

«Түндүк» ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү тутуму менен интеграцияланыуунун натыйжасында, Улутстатком 2017-жылдан тартып төрөлүү, өлүм, никелешүү, ажырашуу жана миграция жөнүндө маалыматтарды калыптандыруунун электрондук форматына өттү. Бул маалыматтарды алуунун толуктугун, тактыгын жана өз убагында болушун жогорулатууга, каттоо жана статистика органдарына болгон административдик жүктөмдү азайтууга, ошондой эле демографиялык эсептөөлөрдүн жана аналитикалык материалдардын сапатын жакшыртууга мүмкүндүк берди.

Туруктуу негизде демографиялык процесстерге мониторинг жүргүзүлүп турат, мамлекеттик башкаруу органдары жана эл аралык уюмдар үчүн көрсөткүчтөр тутуму калыптандырылат, төрөлүү, өлүм, миграция, калктын түзүмү жана өмүрдүн узактыгы боюнча аналитикалык материалдар иштелип чыгат. Административдик булактарды жана электрондук маалыматтарды интеграциялоо БУУнун, ДСУнун жана ЕЭКтин эл аралык стандарттарына шайкеш келген демографиялык эсептөөлөрдүн заманбап моделдерин түзүүгө мүмкүндүк берет.

Кыргызстандын демографиялык жылдык жыйнактарын кыргыз жана орус тилдеринде чыгаруу камсыз кылынат.

2015 жана 2019-жылдары жаштар арасындагы демографиялык параметрлерди, ден соолукту, билим берүүнү, эмгек рыногундагы абалды жана кылмыштуулукту мүнөздөөчү негизги көрсөткүчтөрдү камтыган «Кыргыз Республикасындагы жаштар» аттуу тематикалык жыйнактар басылып чыккан.

Демографиялык статистика боюнча маалыматтар Улутстаткомдун расмий сайтында (http://stat.gov.kg) жеткиликтүү болгон башка материалдарда да жарыяланып турат.

Жакынкы келечектеги негизги милдеттер - калктын төрөлүшү, өлүмү, никелешүүсү, ажырашуусу жана миграциясы жөнүндө маалыматтарды чогултуу жана иштеп чыгуу ыкмаларын өркүндөтүү, административдик регистрлерди интеграциялоо жана өлкөнүн калкынын толук кандуу статистикалык регистрин түзүү болуп саналат.

### 5.1.3. Эмгек жана иш менен камсыз кылуу статистикасы

Эмгек статистикасынын өз алдынча тармак катары калыптанышын өткөн кылымдын 20-жылдарынын ортосуна таандык кылса болот, ал кезде эмгек ресурстарынын балансын түзүүнүн алгачкы аракеттери көрүлгөн (1924-1926-жылдар).

Эмгек рыногунун статистикасынын советтик мезгилдеги курамдык бөлүгү болуп эмгек акыны белгилөөнүн борборлоштурулган тутуму кала берген. Орточо айлык эмгек акы анын жалпы фондунан (иш жүзүндө – белгиленген) жана кызматкерлердин орточо санынан эсептелген. Эмгек статистикасынын көрсөткүчтөрүн калыптандыруунун булактары болуп чарба жүргүзүүчү субъекттер тарабынан отчеттуулук формаларын толтуруу аркылуу берилген маалыматтар саналган. 1950-жылга чейин эмгек акы боюнча статистикалык маалыматтар статистика органдары тарабынан 5 жылда бир жолу мезгилдүүлүк менен иштелип чыккан. Кийинчерээк эмгек акы боюнча маалыматтар жылына бир жолу иштелип чыга баштаган.

Эгемендүүлүккө ээ болуу менен иш жүзүндөгү толук иш менен камсыз кылуудан, рыноктук экономиканын критерийлерине жооп берген экономикалык активдүүлүк тутумуна өтүү болду. Калктын кирешелери жана жалданма кызматкерлердин эмгек акысы бөлүгүндө кырдаал өзгөрдү.

Статистиканын алдында институционалдык өзгөрүүлөргө жана чарба жүргүзүүнүн жаңы формаларынын пайда болушуна ылайык, эмгек акы жөнүндө ишенимдүү маалыматтарды чогултуу көйгөйү келип чык-

ты. Эмгек акыны борборлоштурулган тартипте белгилөө минималдуу эмгек акынын белгиленген өлчөмүнө алмаштырылды. Жалданма кызматкерлердин саны жана эмгек акысы жөнүндө маалыматтарды чогултуу ай сайын жүргүзүлө баштады.

1998-жылы эмгек акы боюнча көрсөткүчтөрдү иштеп чыгууда экономика тармактары боюнча топтоштуруудан аларды экономикалык ишмердүүлүктүн түрлөрү боюнча топтоштурууга өтүү ишке ашырылды.

Азыркы учурда эмгек акы статистикасынын көрсөткүчтөрүн калыптандыруунун булактары болуп юридикалык жак статусуна ээ чарба жүргүзүүчү субъекттер тарабынан статистикалык отчеттуулук формаларын толтуруу аркылуу берилген маалыматтар саналат. Эмгек боюнча отчеттуулукту толтуруу үчүн методологиялык негиз болуп Кыргыз Республикасынын Улутстаткомунун 2005-жылдын 17-майындагы токтому менен бекитилген жана менчигинин формасына карабастан бардык уюмдар тарабынан иште колдонууга багытталган «Жалданып иштегендердин санынын жана эмгек акысынын статистикасы боюнча нускама» саналат. Анда бардык терминдерге методологиялык түшүндүрмөлөр жана баштапкы маалыматтарды калыптандыруу тартиби берилген.

Эгемендүүлүккө ээ болуу менен рыноктук экономикага өтүү процессинде эмгек рыногунун конъюнктурасында олуттуу өзгөрүүлөр байкала баштады, жумушчу күчүнө болгон суроо-талап менен сунуштун дисбалансы күчөдү, эмгектин иштөөсүнүн жаңы шарттары пайда болду. Иш жүзүндөгү толук иш менен камсыз кылуудан, рыноктук экономиканын критерийлерине жооп берген экономикалык активдүүлүк тутумуна өтүү болду. Эмгек рыногундагы суроо-талап менен сунуштун дал келбестиги жана эмгек мобилдүүлүгүндөгү жана миграциядагы болгон чектөөлөр 1990-2000-жылдары жумушсуздуктун пайда болушуна себеп болду. Ишканаларда жана уюмдарда иш менен камсыз кылууну жөнгө салуунун ар кандай ыкмалары калыптанды: кыскартылган иш графиктери, иш менен камсыз кылуунун убактылуу формалары колдонулду, формалдуу жана формалдуу эмес иш менен камсыз кылуунун ортосундагы чек аралар жоголду, өз алдынча иш менен камсыз болгон кызматкерлер пайда болду.

Бирок, 1991-жылдын 20-апрелиндеги №440-XII «Калкты иш менен камсыз кылуу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы кабыл алынгандан кийин 1991-жылдан тартып республиканын Эмгек жана социалдык камсыздоо министрлигинин линиясы боюнча иштелип чыгуучу катталган жумушсуздук тууралуу маалымат, жумушка орношууга көмөктөшүү үчүн иш менен камсыз кылуу кызматтарына кайрылган жумушсуздардын бөлүгүн гана каттап, жетишсиз болгон. Ал эми чачыранды маалыматтарды бириктирүүнүн жана кошумча эсептөөнүн ар кандай ыкмаларын колдонуунун натыйжасы болгон жыл сайын түзүлүүчү эмгек ресурстарынын балансы да республиканын эмгек потенциалына толук жана объективдүү мүнөздөмө берген эмес.

Түзүлгөн кырдаалды эске алуу менен, 90-жылдардын аягында статистиктердин негизги милдети Эл аралык эмгек уюмунун (ЭЭУ) эл аралык стандарттарына өтүү жана эл аралык статистикалык практикада кабыл алынган түшүнүктөргө жана критерийлерге ылайык эмгек рыногунун көрсөткүчтөрүн калыптандырууну ишке ашырууга мүмкүндүк берүүчү маалыматтарды чогултуу ыкмаларын өркүндөтүү болуп калды.

2002-жылы Улутстаткомдун Улуу Британиянын Өнүктүрүү департаменти (DFID) менен кызматташтыгынын алкагында өлкөдөгү иш менен камсыз кылуу көйгөйлөрү боюнча калкты тандалма изилдөөлөрдү жүргүзүүгө негиз салынган. Изилдөөнү уюштуруу жана көрсөткүчтөрдү калыптандыруу Кыргызстандын улуттук өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен, эмгек статистиктеринин эл аралык конференцияларында кабыл алынган методологиялык жоболордун жана ЭЭУнун су-

нуштарынын негизинде ишке ашырылган. Натыйжада, 2003-жылдан тартып калкты иш менен камсыз кылуу жана жумушсуздук маселелери боюнча маалыматтарды чогултуу үй чарбаларынын бюджеттерин жана жумушчу күчүн комплекстүү изилдөөнүн негизинде чейрек сайын жүргүзүлүп келет. Изилдөө республиканын бардык региондорунда байкоонун тандалма ыкмасынын негизинде жүргүзүлөт жана анын жыйынтыктары кийин калктын санына жайылтылат. Байкоо бирдиктери болуп үй чарбалары жана аларда жашаган 15 жаштагы жана андан улуу курактагы адамдар саналат. Экономикалык активдүү калкты өлчөө үчүн жогорку курактык чек, эреже катары, колдонулбайт, анткени пенсия курагынан улуу кары адамдардын олуттуу бөлүгү экономикалык ишмердүүлүккө үзгүлтүксүз же маал-маалы менен катыша алышат.

Изилдөөнүн жыйынтыктары боюнча калктын саны жана экономикалык статусу аныкталат, алардын иш менен камсыз болуу деңгээли же жумушсуздуктун жана бош жүрүүнүн себептери менен узактыгы боюнча классификациясы, ошондой эле курагы, гендери, билими, жашаган жери жана экономикалык ишмердүүлүгүнүн түрү же кесиби боюнча топтоштурулушу ишке ашырылат. Алынган маалыматтардын негизинде жумушсуздуктун деңгээли эсептелет, анын өлчөмдөрү жана масштабы мамлекеттин жана коомчулуктун тыкыр көзөмөлүндө турат.

2006-жылы республика, райондор, шаарлар жана айылдык кеңештер боюнча калктын иш менен камсыз болушу, жумушсуздук жана эмгек миграциясынын өлчөмдөрү жөнүндө маалыматтарды алуу максатында, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 22-мартындагы №184 «Калктын иш менен камсыз болушун бир жолку изилдөөлөр жөнүндө» токтомуна ылайык, Улутстатком тарабынан Миграция жана иш менен камсыз кылуу боюнча мамлекеттик комитети менен биргеликте калктын иш менен камсыз болушун жапырт бир жолку изилдөө жүргүзүлгөн, ага 5000ден ашык адам жана 1040 миң үй чарбасы тартылган.

2013-жылы болуп өткөн Эмгек статистиктеринин 19-эл аралык конференциясынын (ЭСЭК) жыйынтыгы боюнча, анын жүрүшүндө мурда кабыл алынган (13, 16 жана 18-ЭСЭКте) эмгек ишмердүүлүгүнүн эл аралык стандарттары кайра каралып чыккан, Улутстатком иш менен камсыз кылуу статистикасы боюнча ЭЭУнун «жумушчу күчү», «жумушчу күчүнүн курамына кирбеген адамдар», «потенциалдуу жумушчу күчү» жана башка ушул сыяктуу жаңы стандарттарын киргизүүгө өттү.

Эмгек жана иш менен камсыз кылуу статистикасы азыркы жашоону изилдөөнүн натыйжалуу элементи болуп кала берет, анткени эмгек рыногунун негизги индикаторлорун иштеп чыгуу тенденцияларды байкоого жана жумушчу күчүнүн сунушун, иш менен камсыз кылуунун түзүмүн, адам ресурстарын жана жумуш убактысын пайдаланууну мүнөздөөгө мүмкүндүк берет, ошондой эле колдонуучуларга экономикалык ишмердүүлүктүн айрым түрлөрүндө калктын ар кандай топторунун иш менен камсыз болушу, иш менен камсыз кылуунун жеткиликтүү варианттарынын негизинде өзүнүн экономикалык активдүүлүгүн камсыз кылууга жөндөмсүз (же каалабаган) адамдардын саны жана мүнөздөмөлөрү жөнүндө маалымдоого; иш менен камсыз кылуу менен башка социалдык-экономикалык мүнөздөмөлөрдүн ортосундагы көз карандылыкты өлчөөгө мүмкүндүк берет.

2015-2016-жылдары Эл аралык эмгек уюмунун (ЭЭУ) улуттук статистикалык тутумду чыңдоо боюнча долбоорунун алкагында, эл аралык эксперттердин катышуусу менен Улутстатком тарабынан иш менен камсыз кылуу жана жумушсуздук көрсөткүчтөрүн калыптандыруу методологиясын өркүндөтүү боюнча иштер жүргүзүлдү, бул иштелип чыгуучу маалыматтардын сапатын жогорулатууга мүмкүндүк берди.

Кесиптер жана кызмат орундары боюнча маалыматтарга токтолсок, алар Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги тарабынан иштелип чыккан жана Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин 2019-жылдын 6-майындагы токтому менен бекитилген Иштин түрлөрүнүн жалпы республикалык классификаторуна (ИЖК) ылайык калыптандырылат.

Классификатор рыноктук экономиканын талаптарынан келип чыгып, Кыргыз Республикасынын эл аралык практикада кабыл алынган эсепке алуу жана статистика тутумуна өтүү боюнча Мамлекеттик программасына ылайык иштелип чыккан. Ал бул эл аралык стандарттын коддорун жана түшүнүктөрүнүн чектерин бузбастан, республиканын экономикасынын өзгөчөлүгүн чагылдырган тактоолорду киргизүү жолу менен Иштин түрлөрүнүн 2008-жылдагы эл аралык стандарттык классификациясы (ИТЭСК-08) - International Standard Classification of Occupations 2008 (ISCO-08) менен шайкеш келтирилген. Классификатор эмгек ишмердүүлүгүнүн түрлөрүнүн тутумдаштырылган тизмеси болуп саналат, ал алардын аталыштарынын бирдейлигине жетишүүгө мүмкүндүк берет жана калкты иштин түрлөрү боюнча бөлүштүрүүнүн статистикалык изилдөөлөрүн жүргүзүүгө, иш менен камсыз кылуунун натыйжалуу саясатын ишке ашыруу максатында статистикалык эсепке алууну уюштурууга, аналитикалык изилдөөлөрдү жана салыштырууларды, анын ичинде эл аралык салыштырууларды аткарууга багытталган.

Дүйнөлүк банктын «Салыктык башкарууну жана статистикалык тутумду модернизациялоо» (СБСМ) долбоорунун алкагында учурда Улутстатком тарабынан эмгек жана эмгек акы боюнча отчеттуулукту электрондук түрдө чогултууга өтүү боюнча иштер жүргүзүлүүдө.

Эмгек жана эмгек акы боюнча статистикалык маалыматтар Улутстатком тарабынан жыл сайын чыгарылуучу жыйнактарда жарыяланат. Ошондой эле Улутстаткомдун сайтында кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланган динамикалык катарлар бар.

Эмгек жана иш менен камсыз кылуу статистикасы тармагын өнүктүрүүнүн келечеги санариптик технологияларды жана маалыматтарды чогултуунун заманбап ыкмаларын киргизүүгө, үй чарбаларынын бюджеттерин жана жумушчу күчүн комплекстүү изилдөөгө планшеттерди колдонуу аркылуу жеке сурамжылоону киргизүүгө багытталган.

### 5.1.4. Жашоо деңгээлинин статистикасы

Социалдык статистиканын эң маанилүү багыттарынын бири - жашоо деңгээлинин статистикасы болуп саналат. Жашоонун ар кандай аспектилерин чагылдырган статистикалык көрсөткүчтөрдү иштеп чыгууда чоң тажрыйба топтолгон дүйнөлүк практикадан айырмаланып, советтик доордо отчеттуулуктун борборлоштурулгандыгына байланыштуу калктын жашоо деңгээли боюнча социалдык маалыматтардын көлөмү өтө чектелүү болгон, ошол себептүү бул тема улуттук статистикалык кызматтар тарабынан комплекстүү түрдө изилденген эмес.

Жашоо деңгээлинин статистикасы республика көз карандысыздыкка ээ болуп, бул изилдөөлөрдү борборлоштурулган түрдө уюштуруу токтотулгандан кийин жаңыча өнүгүүгө ээ болду. Үй чарбаларын изилдөөнү реформалоонун башталышы 1994-жылга таандык. Ал учурда республиканын Мамлекеттик статистика комитети тарабынан Дүйнөлүк банктын колдоосу менен ишке ашырылган «Кыргыз Республикасында социалдык коргоо тармагы» долбоорунун алкагында, «Жакырчылыктын мониторинги» компоненти боюнча калктын жашоо деңгээлин өлчөөнүн тандалма изилдөөсү биринчи жолу уюштурулган жана өткөрүлгөн. Кий-

инчерээк бул изилдөөнүн алкагында дагы төрт (1996-жылдын жазында жана күзүндө, 1997-жылдын күзүндө жана 1998-жылы) изилдөө жүргүзүлгөн.

Бул изилдөөлөрдүн маалыматтары жакырчылыктын деңгээлин, курчтугун жана тереңдигин, Өкмөттүн социалдык саясатынын жакырчылыктын көрсөткүчтөрүнүн өзгөрүшүнө тийгизген таасирин аныктоого жана калктын эң кедей катмарларын социалдык коргоо стратегиясын иштеп чыгууга мүмкүндүк берди. Мындан тышкары, изилдөөнүн маалыматтары калктын жашоо деңгээлинин айрым тараптарын, атап айтканда: калктын ден соолугунун абалын, алынган медициналык кызматтардын сапатын жана аялдардын репродуктивдүү ден соолугун; калктын айрым жыныстык-курактык топторунун тамактануу сапатын жана анын ден соолукка тийгизген таасирин; иш менен камсыз болуу жана жумушсуздук деңгээлин; калктын турак жай шарттарын жана санитардык кызматтарга жеткиликтүүлүгүн; жеке көмөкчү чарбанын өнүгүшүн жана анын үй чарбасынын бюджетин калыптандыруудагы, мүчөлөрүнүн тамактануусундагы жана иш менен камсыз болушундагы ролун, ошондой эле башка бир катар жагдайларды деталдуу изилдөөгө шарт түздү. Бул долбоордо Улуттук статистика комитетинде иштеп жаткан изилдөөлөр тутумун жана маалыматтарды чогултуу методологиясын эл аралык тажрыйбаны колдонуу менен өткөөл мезгилде мамлекеттин экономикасында болуп жаткан өзгөрүүлөрдү эсепке алуу максатында өзгөртүү артыкчылыктуу багыт болуп саналган.

Жүргүзүлүп жаткан реформаларга ылайык, 1997-жылы тандалма изилдөөлөрдү уюштурууда изилденүүчү үй чарбаларынын тармагы 1100дөн 2000ге чейин, ал эми 2000-жылдан баштап 3000 үй чарбасына чейин (башкы жыйындынын 0,27 пайызы) кеңейтилген. 2002-жылдан баштап Улуттук статистика комитети Oxford Policy Management Ltd. компаниясынын техникалык колдоосу менен Улуу Британиянын Эл аралык кызматташтык министрлиги (DFID) тарабынан каржыланган «Кыргыз Республикасын 2010-жылга чейин өнүктүрүүнүн комплекстүү негиздери» (ӨКН) жана «Кыргыз Республикасынын жакырчылыкты кыскартуунун улуттук стратегиясы» (ЖКУС) процесстерин колдоо максатында статистиканы өнүктүрүү» долбоорун ишке ашырууда. Долбоорду ишке ашыруунун алкагында Улуттук статистика комитети тарабынан колдонулган үй чарбаларынын бюджеттерин изилдөө методологиясына баа берилди. Натыйжада, эл аралык талаптарга жооп берген келечектеги изилдөөлөрдү пландаштыруунун стратегиялык багыттары сунушталды.

Эң маанилүү сунуштардын бири - үй чарбаларынын бюджеттерин учурдагы изилдөөнү реструктуризациялоо жана жаңы интеграцияланган тандалма изилдөөнү түзүү сунушу болгон. Ал ай сайын 3000 үй чарбасын изилдөөдөн, жакырчылыктын мониторинги жана жумушчу күчүн изилдөө боюнча негизги көрсөткүчтөрдү камтыган жаңыртылган анкета боюнча квартал сайын 5000 үй чарбасын (башкы жыйындынын 0,4%ы) сурамжылоого өтүүнү камтыган. Натыйжада, 2003-жылдан баштап Улуттук статистика комитети изилденүүчү үй чарбаларынын санын көбөйтүү менен маалыматтарды чогултуунун жаңы ыкмасына өттү.

Азыркы учурда үй чарбаларынын бюджеттерин жана жумушчу күчүн интеграцияланган тандалма изилдөө (ҮЧЖИТИ) (ИОДХ) кварталдык мезгилдүүлүк менен үзгүлтүксүз негизде жүргүзүлүп жаткан өлкөдөгү бирден-бир улуттук үй чарбаларын изилдөө болуп саналат. Мурунку изилдөөдөн айырмаланып, ИОДХ кыйла чоң тандалма өлчөмүнө жана модификацияланган (өзгөртүлгөн) суроолорго ээ. Калкты иш менен камсыз кылуу боюнча суроолордун тизмесинин кеңейтилиши иш менен камсыз болгон калктын түзүмүн, жумушсуздуктун кыскарышын же өсүшүн, эмгек ишмердүүлүгүнүн жаңы түрлөрүнүн өнүгүшүн ж.б. аныктоого мүмкүндүк берет.

ИОДХ тандалмасын калыптандыруу ыктымалдуулук мамилесинин негизинде ишке ашырылат. Бул ыкма сурамжылоого алынган үй чарбаларынын тобунун салыштырмалуу аз өлчөмүнө карабастан, маалыматтарды шаардык жана айылдык калк боюнча бөлүштүрүүгө, ошондой эле областар деңгээлинде маалыматтарга талдоо жүргүзүүгө мүмкүндүк берет.

Тандалманын дизайнын түзүү үчүн ушул убакка чейин 1999-жылдагы эл каттоонун маалыматтары тандалманын негизи (алкагы) катары кызмат кылып келет. Тандалманын биринчи этабында тандалманын баштапкы элементтери катары эл каттоонун портфелдери жана портфелдин өлчөмү катары үй чарбаларынын саны колдонулган. Изилдөө үчүн зарыл болгон портфелдердин саны (тандоонун баштапкы бирдиктери - PSU) портфелдин өлчөмүнө пропорционалдуу ыктымалдуулук менен кокустан тандоо ыкмасы аркылуу тандалып алынган. Экинчи этапта тандалып алынган PSUлардагы үй чарбаларынын тизмеси колдонулган. Мында ар бир PSUдагы тиешелүү сан үй чарбасынын өлчөмүнө пропорционалдуу ыктымалдуулук менен кокустан тандоо ыкмасы аркылуу тандалган. Ошентип, өлкө боюнча жалпысынан 456 портфель тандалып алынган. Тандалган портфелдердин ар биринде кокустан тандоо ыкмасы менен 11 үй чарбасы тандалган.

Тандалма жыйынды ар бир эл каттоодон кийин жаңыланып турат, натыйжада тандалманы аныктоонун үч негизги цикли түзүлөт:

- 2003–2012-жылдар: 1999-жылдагы эл каттоонун маалыматтарынын негизинде 2003-жылы түзүлгөн баштапкы тандалма.
- 2013–2024-жылдар: Биринчи жолу жаңылоо 2009-жылдагы эл каттоонун маалыматтарын колдонуу менен 2013-жылы жүргүзүлгөн.
- 2025-жыл – азыркы убакытка чейин: Акыркы жаңылоо 2022-жылдагы эл каттоонун маалыматтарын колдонуу менен 2025-жылы жүргүзүлгөн.

Дүйнөлүк банк менен Улуттук статистика комитетинин ортосундагы өз ара кызматташтыктын алкагында, 2017-жылдан баштап изилдөөнүн маалыматтарын CAPI (Computer-Assisted Personal Interviewing) технологияларын колдонуу менен чогултууга толук өтүү ишке ашырылды. Натыйжада, ИОДХ интервьюерлери жоопторду түздөн-түз санариптик форматка киргизүү үчүн планшеттерди колдонуу менен респонденттер менен жеке маектешүүлөрдү жүргүзүшөт. Бул маалыматтардын агымын автоматташтырууга, каталарды минималдаштырууга жана баштапкы маалыматтарды чогултуу жана киргизүү процесстеринин сапатын жогорулатууга мүмкүндүк берди. ИОДХ негизинде түзүлгөн берилүүчү маалыматтар тутуму колдонуучуларды калктын жашоо деңгээлинин учурдагы абалын жана андагы өзгөрүүлөрдү мүнөздөөчү статистикалык көрсөткүчтөр менен камсыз кылат, ошондой эле мамлекеттик бийлик органдарынын жана башка колдонуучулардын маалыматтык муктаждыктарын канааттандыруу үчүн негиз болуп саналат.

Өлкө тарабынан 2030-жылга чейинки Туруктуу өнүктүрүүнүн максаттарына (ТӨМ) жетүү боюнча милдеттенмелердин кабыл алынышы менен Улуттук статистика комитетинин алдына индикаторлорго жетүүнү мониторингдөө, ошондой эле ТӨМдүн глобалдык жана улуттук индикаторлорун иштеп чыгуу милдети коюлду. Тандалма изилдөө булагы болуп саналган ТӨМдүн глобалдык индикаторлорун эсептөө үчүн ИОДХ программасына өзгөртүүлөр киргизилди. Алсак, БУУнун Азык-түлүк жана айыл чарба уюмунун методологиясы боюнча эсептелүүчү «Калктын азык-түлүк коопсуздугунун орточо же курч деңгээлде жоктугу (Азык-түлүк коопсуздугунун жоктугун кабыл алуу шкаласы боюнча)» 2.1.2 ТӨМ индикаторун эсептөө үчүн 2018-жылдан баштап «Үй чарбасында жеке мүлктүн болушу жана турак жай шарттары» изилдөө суроо баракчасына азык-түлүк коопсуздугунун жоктугун кабыл алуу жөнүндө бөлүм киргизилген.

КМШ өлкөлөрүндө үй чарбаларынын бюджеттерин изилдөөнү шайкеш келтирүү боюнча иштердин алкагында, эл аралык эксперт менен кызматташууда изилдөөдө колдонулуучу статистикалык формаларга пилоттук тестирлөө жүргүзүлдү. Анын жүрүшүндө 2019-жылы ИОДХдун бардык формалары жана нускамалары кайра каралып чыкты. Натыйжада, жакырчылыкты өз алдынча баалоо, депривацияны (чектөөлөрдү) мүнөздөөчү жагдайлар, саламаттыкты сактоого жумшалган чыгымдар жана башкалар боюнча кошумча суроолор киргизилди. Бул ТӨМ (ЦУР) көрсөткүчтөр тутумун кеңейтүүгө жана үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүүгө мүмкүндүк берет.

Статистика тармагындагы алдыңкы эл аралык тажрыйбаны эске алуу менен, ошондой эле Туруктуу өнүктүрүүнүн максаттарын ишке ашыруунун алкагында, 2020-жылдан баштап жакырчылыкты өлчөөгө көп өлчөмдүү мамилени изилдөө максатында, Улуттук статистика комитети тарабынан Сабина Алкир жана Джеймс Фостердин эл аралык деңгээлде таанылган методологиясына негизделген Көп өлчөмдүү жакырчылыктын улуттук индексин (КӨЖУИ) (НИМБ) эсептөө методикасы иштелип чыккан.

Ошентип, бүгүнкү күндө Улуттук статистика комитети тарабынан жүргүзүлүп жаткан үй чарбаларын изилдөө ТӨМдүн 18 глобалдык жана 7 улуттук индикатору үчүн маалымат булагы болуп саналат, бул анын туруктуу өнүктүрүүнү мониторингдөө тутумундагы негизги ролун баса белгилейт. Изилдөөнүн жүрүшүндө алынган маалыматтар калктын жашоо деңгээлин жана сапатын, жакырчылыктын жана теңсиздиктин деңгээлин, базалык кызматтарга жеткиликтүүлүгүн жана башка көрсөткүчтөрдү баалоого мүмкүндүк берет. Үй чарбаларын изилдөөнүн үзгүлтүксүз жүргүзүлүшү маалыматтардын убакыт боюнча салыштырмалуулугун камсыз кылат, кабыл алынган чечимдердин негиздүүлүгүн жогорулатат жана өлкөнүн 2030-жылга чейинки мезгилде туруктуу өнүктүрүү чөйрөсүндөгү Күн тартибинин алкагында улуттук жана эл аралык милдеттенмелерин аткарууга өбөлгө түзөт.

Үй чарбалары секторунун жана калктын жашоо деңгээлинин бардык эсептелүүчү статистикалык көрсөткүчтөрү жыл сайын чыгуучу «Кыргыз Республикасынын калкынын жашоо деңгээли» статистикалык жыйнагында, ошондой эле комитеттин башка көптөгөн жылдык жана кварталдык статистикалык басылмаларында жарыяланат. Калктын жашоо деңгээлинин негизги көрсөткүчтөрү Улуттук статистика комитетинин сайтында www.stat.gov.kg дареги боюнча жайгаштырылат.

### 5.1.5. Билим берүү статистикасы

Билим берүү статистикасы расмий жана административдик статистикалык отчеттуулуктун формаларынын негизинде түзүлөт, алардын ичинде: «Мектепке чейинки уюмдун отчету»; «Окуу жылынын башталышындагы күндүзгү жалпы билим берүү уюмунун (мектептин) отчету»; «Орто кесиптик билим берүү уюмунун отчету»; «Жогорку кесиптик билим берүү уюмдары»; «Аспирантуранын жана докторантуранын иши жөнүндө отчет»; «Ата-энесинин камкордугусуз калган (тоголок жетим) балдарды жана өспүрүмдөрдү аныктоо жана жайгаштыруу жөнүндө жыйынды отчет».

«Ишкананын (уюмдун) илимий-техникалык иштерди аткаруусу жөнүндө отчету»; «Балдар үйүнүн отчету»; «Мектептерде жана башка окуу жайларында окууга киришпеген 7-17 жаштагы балдардын жана өспүрүмдөрдүн саны жөнүндө отчет». Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан баштапкы кесиптик билим берүү уюмдарынын саны, жетекчи жана инженердик-педагогикалык кызматкерлердин саны, курамы жана кыймылы, баштапкы кесиптик билим берүү уюмдарын кесиптер боюнча бүтүргөн окуучулардын саны, ден

соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдар үчүн мектептер жана кечки (нөөмөттүк) жалпы билим берүү уюмдары жөнүндө отчеттордун иштелип чыгышы камсыз кылынат.

Билим берүү статистикасы боюнча маалыматтарды чогултуу кагаз жүзүндө да, электрондук түрдө да жүзөгө ашырылат, ошону менен бирге маалыматтарды логикалык жана арифметикалык контролдоо камсыз кылынат, бул ката кетирүү жана зарыл болгон көрсөткүчтөрдүн толтурулбай калуу мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарат.

Жыл сайын статистикалык формаларга укуктук мониторинг жүргүзүү жана көрсөткүчтөрдүн актуалдуулугу боюнча текшерүү жүргүзүлүп турат. Бул максатта пикир алмашуу үчүн мамлекеттик органдардын, өкмөттүк эмес уюмдардын жана башкалардын өкүлдөрүнүн катышуусу менен тегерек столдор уюштурулат.

Дүйнөлүк банктын «Салыктык башкарууну жана статистикалык тутумду модернизациялоо» долбоорунун алкагында, IST статистикалык отчеттуулукту чогултуунун жана иштеп чыгуунун автоматташтырылган маалыматтык тутумун (IST АИС) киргизүү планына ылайык, жаңы тутум үчүн маселелердин коюлушу менен билим берүү статистикасы боюнча статистикалык отчеттуулуктун формаларын иштеп чыгуу иштери жүргүзүлүүдө. Корея Республикасынын Статистика башкармалыгы менен биргеликте ишке ашырылып жаткан «Улуттук статистика комитетинин статистикалык потенциалын жогорулатуу» долбоорунун алкагында билим берүү статистикасы боюнча статистикалык отчеттуулуктун формаларын электрондук форматка өткөрүү иштери жүрүп жатат. Билим берүү боюнча статистикалык маалыматтар Улуттук статистика комитети тарабынан чыгарылган жыйнактарда жарыяланат. 5 жылда бир жолу билим берүүнүн бардык деңгээлдерин, ошондой эле илимий ишмердүүлүк боюнча негизги көрсөткүчтөрдү камтыган «Кыргыз Республикасында билим берүү жана илим» статистикалык жыйнагы басылып чыгарылат. Ошондой эле Улуттук статистика комитетинин сайтында кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланган динамикалык катарлар бар.

### 5.1.6. Саламаттык сактоо статистикасы

Колдонуучуларды саламаттык сактоо статистикасын жетиштүү деңгээлде толук жана ар тараптуу мүнөздөгөн сапаттуу жана өз убагындагы маалымат менен камсыз кылуу саламаттык сактоо статистикасынын негизги милдети болуп саналат.

Саламаттык сактоо статистикасы расмий жана административдик статистикалык отчеттуулуктун формаларынын негизинде түзүлөт, алардын ичинде: «Жугуштуу жана мите оорулары жөнүндө отчет»; «Дарылоо-алдын алуу мекемелеринин тармагы жана кадрлары жөнүндө отчет»; «Ооруканадагы койкалардын адистиги боюнча бөлүштүрүлүшү жөнүндө отчет»; «АИВ (ВИЧ) менен жашаган адамдар жөнүндө отчет»; «Инфекциялык ооруларга каршы эмдөө иштеринин абалы жана эмделген адамдардын контингенти жөнүндө отчет»; «Зордук-зомбулукка (анын ичинде кыйноолорго) кабылган, медициналык жардам алуу үчүн саламаттык сактоо уюмуна кайрылган адамдар жөнүндө отчет»; «Зыяндуу шишик оорулары жөнүндө отчет»; «Активдүү кургак учук оорусу жөнүндө отчет»:

«Жыныстык жол менен жугуучу инфекциялар, микоздор жана котур оорулары жөнүндө отчет»; «Психикалык жана наркологиялык бузулуулар жөнүндө отчет»; «Оору-сыркоолор жана алдын алуу иштери (ҮМБ, ҮДТ борборлору) жөнүндө отчет»; «Аборттор жөнүндө отчет»; «Стационардын ишмердүүлүгү жөнүндө отчет»; «Балдарды жана үй-бүлөнү реабилитациялоонун адистештирилген борборунун (балдар үйүнүн) отчету»; «Санитардык-эпидемиологиялык

(дезинфекциялык) станциянын иши жөнүндө отчет»; «Өндүрүштөгү травматизм, кесиптик оорулар жана аларга байланыштуу материалдык чыгымдар жөнүндө отчет».

Саламаттык сактоо статистикасы боюнча маалыматтарды чогултуу кагаз жүзүндө да, электрондук түрдө да жүзөгө ашырылат. Ошону менен бирге, иштелип чыккан логикалык жана арифметикалык контролдоо тутуму ката кетирүү жана зарыл болгон көрсөткүчтөрдүн толтурулбай калуу мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарат.

Өлкөдө болуп жаткан социалдык-экономикалык процесстер саламаттык сактоо статистикасын жүргүзүүнүн формаларын жана методдорун туруктуу актуалдаштырууну талап кылат. Ушуга байланыштуу, зарылчылыкка жараша саламаттык сактоо статистикасынын формаларын кайра карап чыгуу, ошондой эле методологияны өркүндөтүүнүн негизинде маалыматтык базаны жаңылоо боюнча иштер жүргүзүлдү. Мындан тышкары, респонденттердин пикирин эске алуу менен жыл сайын статистикалык формаларга укуктук мониторинг жүргүзүү жана көрсөткүчтөрдүн актуалдуулугу боюнча текшерүүлөр жүргүзүлүп турду.

Дүйнөлүк саламаттык сактоо уюму тарабынан сунушталган Оорулардын жана ден соолукка байланыштуу көйгөйлөрдүн эл аралык статистикалык классификациясын киргизүүгө өзгөчө көңүл бурулду.

Дүйнөлүк банктын «Салыктык башкарууну жана статистикалык тутумду модернизациялоо» долбоорунун алкагында, IST статистикалык отчеттуулукту чогултуунун жана иштеп чыгуунун автоматташтырылган маалыматтык тутумун (IST АИС) киргизүү планына ылайык, жаңы тутум үчүн маселелердин коюлушу менен саламаттык сактоо статистикасы боюнча статистикалык отчеттуулуктун формаларын иштеп чыгуу иштери жүргүзүлүүдө.

Саламаттык сактоо боюнча статистикалык маалыматтар жыйнактарда, бюллетендерде жана Улуттук статистика комитетинин расмий сайтында жарыяланат. Ошондой эле Улуттук статистика комитетинин сайтында саламаттык сактоо статистикасын мүнөздөөчү динамикалык катарлар кыргыз, орус жана англис тилдеринде жайгаштырылган. 5 жылда бир жолу саламаттык сактоонун бардык деңгээлдерин камтыган «Кыргыз Республикасында калктын ден соолугу жана саламаттык сактоо» статистикалык жыйнагы басылып чыгарылат.

### 5.1.7. Социалдык камсыздоо жана социалдык коргоо статистикасы

Социалдык камсыздоо жана социалдык коргоо статистикасы мамлекеттик жана мамлекеттик эмес пенсиялык камсыздоо жөнүндө, калктын айрым категорияларын (топторун) милдеттүү социалдык камсыздоо тутумундагы ар бир топтун өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен маалыматтарга байкоо жүргүзөт.

Маалыматтарды чогултуунун субъектилери болуп пенсиялык камсыздоону жана милдеттүү социалдык камсыздоону уюштурууну ишке ашыруучу статистикалык бирдиктер, ошондой эле карылар жана майыптыгы бар адамдар үчүн интернат-үйлөрүнүн тармагы саналат.

Социалдык камсыздоо жана социалдык коргоо статистикасы расмий жана административдик статистикалык отчеттуулуктун 5 формасынан түзүлөт: №1-собес «Карылар жана майыптыгы бар адамдар үчүн кызмат көрсөтүүчү интернат-үйлөрүнүн бар экендиги жөнүндө жыйынтык отчет», №2-собес (мамжөлөкпул) «Бирдиктүү ай сайын берилүүчү жана социалдык жөлөкпулдардын төлөнүшү жана зарыл болгон суммасы жөнүндө жыйынтык отчет» (№2-собес (мамжөлөкпул) формасына карата №1 тиркемени — «Бирдиктүү ай сайын берилүүчү жөлөкпулдарды алуучулар жана аларга чегерилген айлык жөлөкпулдардын сум-

масы жөнүндө жыйынтык отчетту», №2 тиркемени — «Социалдык жөлөкпулдарды алуучулар жана аларга чегерилген айлык жөлөкпулдардын суммасы жөнүндө жыйынтык отчетту» кошо алганда), №94-соц «Пенсионерлердин саны жана аларга чегерилген айлык пенсиялардын суммасы жөнүндө отчет» (94-соц формасына карата №1 тиркемени — «Кошумча төлөмдөрдү, компенсацияларды алуучу пенсионерлердин саны жана алардын орточо өлчөмү жөнүндө отчетту», №2 тиркемени — «Майыптыгы бар адамдардын жана жеңилдик алган пенсионерлердин саны жөнүндө отчетту» кошо алганда), №94-соц (аскердик кызмат) «Министрликтердин жана ведомстволордун пенсиялык органдарында каттоодо турган пенсионерлердин саны жана аларга чегерилген айлык пенсиялардын суммасы жөнүндө отчет», №1-НФ «Топтоочу пенсиялык фонддун каттоосунда турган пенсионерлердин саны жана аларга чегерилген айлык пенсиялардын суммасы жөнүндө отчет».

Маалыматтарды чогултуу кагаз жүзүндө да, электрондук түрдө да ишке ашырылат. Бул учурда иштелип чыккан логикалык жана арифметикалык контролдоо тутуму каталардын кетишине жана зарыл болгон көрсөткүчтөрдүн толтурулбай калышына жол бербейт.

Социалдык камсыздоо жана социалдык коргоо статистикасы боюнча маалыматтар Улутстаткомдун расмий сайтында жыйнактарда, бюллетендерде, пресс-релиздерде жарыяланат. Ошондой эле Улутстаткомдун расмий сайтында социалдык камсыздоо жана социалдык коргоо статистикасын мүнөздөөчү, кыргыз, орус жана англис тилдеринде жайгаштырылган динамикалык катарлар бар.

Социалдык камсыздоо жана социалдык коргоо статистикасы өзүнө Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин (ЭСКИМ), Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун, өзүнүн балансында Социалдык фонддун тутумуна кирбеген пенсиялык фонддору бар мамлекеттик органдардын (УМКК, ИИМ, ЖАМК, КМ, ӨКМ, БП, БК сыяктуу), ЭСКИМдин алдындагы Медициналык-социалдык эксперттик комиссиянын (МСЭК) административдик маалыматтарын камтыйт.

Мындан тышкары, социалдык төлөмдөрдүн түрлөрү боюнча көрсөткүчтөр (алуучулардын саны жана чегерилген пенсиялардын орточо айлык өлчөмү, алуучулардын саны жана чегерилген мамлекеттик социалдык жөлөкпулдардын орточо айлык өлчөмү, алуучулардын саны жана чегерилген атайын мамлекеттик жөлөкпулдардын орточо айлык өлчөмү, пенсиялардын базалык өлчөмү) жарыяланат.

2018-жылы Улутстатком тарабынан көптөгөн көрсөткүчтөр боюнча кластердик изилдөө (КККИ) жүргүзүлгөн, анда калктын айрым топтору (2-4 жаштагы балдар, 5-17 жаштагы балдар, 18-49 жаштагы аялдар) үчүн Вашингтон тобунун сунуштарына ылайык алты функционалдык тармак: басуу, көрүү, угуу, когнитивдик жөндөмдүүлүктөр, өзүн-өзү тейлөө жана баарлашуу боюнча кошумча суроолор камтылган. Кезектеги КККИ изилдөөсү 2023-жылы өткөрүлүп, анын программасына ошондой эле Вашингтон тобунун сунуштарына ылайык функционалдык чектөөлөр боюнча суроолор киргизилген.

Мындан тышкары, калкты каттоонун тарыхында биринчи жолу мүмкүнчүлүктөрдүн функционалдык чектелүүсү жөнүндө суроолор (Вашингтон тобунун алты суроосунун бешөө: басуу, көрүү, угуу, когнитивдик жөндөмдүүлүктөр жана өзүн-өзү тейлөө) Улутстатком тарабынан 2022-жылдагы каттоонун программасына киргизилген. Вашингтон тобунун эксперттеринин сунушу боюнча, суроолор беш жаштан жогору курактагы калкка берилген. Алынган жыйынтыктар бүткүл өлкөнүн калкынын физикалык абалынын мүнөздөмөлөрүн алууга мүмкүндүк берди.

Негизги тармактардагы функционалдык жөндөмдүүлүктөр жөнүндө суроолордун максаты майыптыгы бар адамдардын коомдук турмуштун бардык аспектилерине катышуу деңгээлин белгилөө үчүн калкты майыптык статусу боюнча бөлүштүрүүдө болгон. Мүмкүнчүлүктөрдүн функционалдык чектелүүсү жөнүндө суроолор ошондой эле Туруктуу өнүгүү максаттарынын (ТӨМ) көрсөткүчтөрүнүн бири болуп саналат.

### 5.1.8. Маданияттын статистикасы

Маданияттын статистикасы расмий жана административдик статистикалык отчеттуулуктун формаларынын негизинде түзүлөт, алардын ичинде: «Музейдин ишмердүүлүгү жөнүндө отчет»; «Театрдын ишмердүүлүгү жөнүндө отчет»; «Маданият жана эс алуу паркынын (шаардык бакчанын) иши жөнүндө отчет»; «Жылдын аягындагы концерттик ишмердүүлүк жөнүндө отчет»; «Кино көрсөтүүнү жүзөгө ашыруучу уюмдун ишмердүүлүгү жөнүндө отчет»; «Дене тарбия жана спорт жөнүндө отчет». Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги тарабынан жалпыга жеткиликтүү китепканалар жана клуб тибиндеги маданият мекемелери, цирктин ишмердүүлүгү, маданият тутумундагы балдардын музыкалык, көркөм сүрөт жана искусство мектептери, тарыхтын жана маданияттын кыймылсыз эстеликтери, Кыргыз Республикасынын басма продукциялары жөнүндө отчеттордун иштелип чыгышы камсыз кылынат.

Маданияттын статистикасы боюнча маалыматтарды чогултуу кагаз жүзүндө да, электрондук түрдө да жүзөгө ашырылат, ошону менен бирге маалыматтарды логикалык жана арифметикалык контролдоо камсыз кылынат, бул ката кетирүү жана зарыл болгон көрсөткүчтөрдүн толтурулбай калуу мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарат.

Дүйнөлүк банктын «Салыктык башкарууну жана статистикалык тутумду модернизациялоо» долбоорунун алкагында, IST статистикалык отчеттуулукту чогултуунун жана иштеп чыгуунун автоматташтырылган маалыматтык тутумун (IST АИС) киргизүү планына ылайык, жаңы тутум үчүн маселелердин коюлушу менен маданият статистикасы боюнча статистикалык отчеттуулуктун формаларын иштеп чыгуу иштери жүргүзүлдү, ошондой эле Корея Республикасынын Статистика башкармалыгы менен биргеликте ишке ашырылып жаткан «Улуттук статистика комитетинин статистикалык потенциалын жогорулатуу» долбоорунун алкагында маданият статистикасы боюнча административдик статистикалык отчеттуулуктун формаларын электрондук форматка өткөрүү боюнча иштер жүрүп жатат.

Маданият боюнча статистикалык маалыматтар Улуттук статистика комитети тарабынан чыгарылган жыйнактарда жарыяланат. Ошондой эле Улуттук статистика комитетинин сайтында кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланган динамикалык катарлар бар.

### 5.1.9. Кылмыштуулук статистикасы

Кылмыштуулук статистикасынын негизги милдети - кылмыштуулуктун сандык жана сапаттык мүнөздөмөлөрүн, анын абалын, түзүмүн, динамикасын, ошондой эле кылмыштардын жасалышына шарт түзгөн себептерди жана жагдайларды ар тараптуу изилдөө болуп саналат. Статистика мыйзам ченемдүүлүктөрдү аныктоого, укук коргоо органдарынын ишмердүүлүгүн талдоого жана укук бузуулардын алдын алуу боюнча чараларды иштеп чыгууга мүмкүндүк берет.

Азыркы учурда кылмыштуулук статистикасы Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы, Кыргыз Республикасынын

Жогорку соту, Мамлекеттик жаза аткаруу кызматы жана башка ведомстволор тарабынан берилүүчү расмий жана административдик статистикалык отчеттуулуктун 19 формасынын негизинде түзүлөт. Кризистик борборлордун, баш калкалоочу жайлардын, аксакалдар сотторунун, калкка социалдык-психологиялык жардам көрсөтүүчү борборлордун ишмердүүлүгү жөнүндөгү статистикалык маалыматтар мамлекеттик статистиканын аймактык органдары тарабынан иштелип чыгат.

Комитет жыл сайын мамлекеттик статистикалык отчеттуулуктун формаларын кайра карап чыгуу боюнча методологиялык иштерди жүргүзөт, бул процесстин жүрүшүндө алар тиешелүү министрликтер жана ведомстволор менен макулдашылат.

Кылмыштуулук боюнча статистикалык маалыматтар Улуттук статистика комитети тарабынан жыл сайын чыгарылуучу жыйнактарда жарыяланып турат. 5 жылда бир жолу «Кыргыз Республикасындагы кылмыштуулук жана укук тартиби» аттуу статистикалык жыйнак чыгарылат, анда кылмыштуулуктун абалы жөнүндө жалпы республика боюнча, ошондой эле анын аймактары боюнча кеңири маалыматтар камтылат. Эки жолу (2014 жана 2018-жылдары) «Кыргыз Республикасындагы баңги каражаттарынын, психотроптук заттардын жана алардын прекурсорлорунун жүгүртүлүшүнө контролдук кылуу» жыйнагынын атайын чыгарылышы басылып чыккан, ал беш жылдык мезгилдин динамикасында баңги каражаттарынын жүгүртүлүшүн контролдоо боюнча тиешелүү органдардын ишмердүүлүгүн мүнөздөгөн маалыматтарды камтыйт. Ошондой эле Улуттук статистика комитетинин сайтында укук бузуулардын жана укук тартибинин негизги көрсөткүчтөрү боюнча кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланган динамикалык катарлар бар.

### 5.1.10. Өнөр жай статистикасы

Кыргыз Республикасынын өнөр жайы материалдык байлыктарды өндүрүүнү, калктын иш менен камсыз болушун жана өлкөнүн экспорттук потенциалын калыптандырууну камсыз кылган экономиканын негизги секторлорунун бири болуп саналат. Өнөр жай өндүрүшүнүн өнүгүшү экономикалык өсүштүн темпине жана экономиканын чектеш тармактарындагы ишкердик активдүүлүктүн деңгээлине олуттуу таасирин тийгизет.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 11-январындагы №9 токтому менен бекитилген Экономикалык ишмердиктин түрлөрүнүн мамлекеттик классификаторуна (ЭИТМК) ылайык, өнөр жай статистикасы өлкөнүн аймагындагы бардык статистикалык бирдиктер тарабынан жүзөгө ашырылуучу экономикалык ишмердиктин белгилүү бир сегментинин мүнөздөмөлөрүн чагылдырат. ЭИТМКга ылайык, республиканын өнөр жай ишмердиги төмөнкүдөй негизги бөлүмдөр боюнча классификацияланат:

- ◊ Иштетүү өнөр жайы - жаңы продукцияны чыгаруу максатында материалдарды, заттарды же компоненттерди физикалык жана химиялык жактан кайра иштетүүнү камтыйт. Мында баштапкы сырье катары негизинен айыл чарба, токой чарба жана балык уулоо продукциялары, пайдалуу кендер, ошондой эле иштетүү өнөр жайынын башка тармактарынын продукциялары колдонулат.
- ◊ Электр энергиясы, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) - өнөр жай объекттери жана турак жай массивдери үчүн туруктуу тармактар боюнча электр энергиясын, газды, бууну жана ысык сууну өндүрүү, берүү жана бөлүштүрүү боюнча ишмердикти камтыйт.
- ◊ Суу менен камсыздоо, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра иштетилүүчү чийки затты алуу - сууну иштетүү жана бөлүштүрүү, өнөр жай жана тиричилик калдыктарын башкаруу, агынды суулар-

ды тазалоо жана булганган аймактарды рекультивациялоо (калыбына келтирүү) боюнча ишмердикти камтыйт.

Акыркы жылдары Кыргызстандын өнөр жай продукциясынын негизги көлөмү (болжол менен 90%) экономиканы түзүүчү беш тармак тарабынан өндүрүлөт, алардын төртөө иштетүү өнөр жайы чөйрөсүнө кирет: негизги металлдарды жана даяр металл буюмдарын өндүрүү; суусундуктарды жана тамеки буюмдарын кошкондо тамак-аш азыктарын өндүрүү; текстиль жана тигүү өндүрүшү, ошондой эле башка металл эмес минералдык продуктуларды (курулуш материалдарын) өндүрүү.

Азыркы учурда өнөр жайда өндүрүш процессинин негизги аспектилерин чагылдырган статистикалык көрсөткүчтөрдүн системасы түзүлгөн. Өнөр жай өндүрүшүн экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча талдоо үчүн өнөр жай өндүрүшүнүн нарктык жана натуралдык туюнтуудагы көлөмү, калктын жан башына карата көлөмү, жөнөтүлгөн продукциянын көлөмү, өнөр жай өндүрүшүнүн жалпы көлөмүндөгү региондордун жана экономикалык ишмердиктин түрлөрүнүн үлүшү, ошондой эле ишканалардын саны жана өнөр жай өндүрүшүнүн индекси жөнүндө маалыматтар колдонулат.

Экономиканын өнүгүшүнө жараша өнөр жай өндүрүшүнүн көрсөткүчтөрүн эсептөө методологиясы да ырааттуу түрдө өркүндөтүлүп келген.

1913-1920-жылдары статистикалык эсепке алуу продукция чыгаруунун натуралдык жана нарктык туюнтуудагы көрсөткүчтөрү, ошондой эле өндүрүштүн динамикасы менен гана чектелген. 1930-жылдан тартып өнөр жай ишканаларынан чыгарылган продукциянын көлөмү, кызматкерлердин саны, эмгек өндүрүмдүүлүгү жана продукциянын өздүк наркы жөнүндө маалыматтарды камтыган жылдык отчеттор системалуу түрдө түшө баштаган. 1932-жылы жылдык статистикалык отчеттуулуктун бирдиктүү формасы киргизилген.

1960-1990-жылдары өнөр жай статистикасы кыйла кеңейип, эмгектин энергия менен куралдануусу, өндүрүштүк кубаттуулуктарды колдонуу, фондо кайтарымдуулук, продукциянын өздүк наркы, өнөр жай-өндүрүштүк персоналдын саны жана эмгек акынын деңгээли сыяктуу көрсөткүчтөрдү камтыган.

Өлкөдөгү экономикалык процесстерди талдоо жана болжолдоо үчүн колдонулган негизги индикаторлордун бири болуп өнөр жай өндүрүшүнүн физикалык көлөмүнүн индекси саналат. Бул өнөр жайдагы конъюнктуранын өзгөрүшүнүн маанилүү көрсөткүчү болуп саналат, ал өнөр жай саясатын калыптандырууда жана кабыл алынган башкаруучулук чечимдердин натыйжалуулугун баалоодо активдүү колдонулат, экономикалык мониторинг жүргүзүү жана эл аралык салыштыруулар үчүн пайдаланылат, ошондой эле ишкерлер жана изилдөөчүлөр үчүн аналитикалык инструмент катары кызмат кылат.

Рыноктук экономикага өтүү менен өнөр жай статистикасынын негизги көрсөткүчтөрүн эсептөө методологиясын кайра карап чыгуу зарылчылыгы келип чыкты.

2001-жылы БУУнун Статистикалык комиссиясынын эл аралык сунуштарына ылайык, өнөр жай жана энергетика статистикасы бөлүмү тарабынан аталган индекстерди эсептөө методологиясын андан ары өркүндөтүү жана өнүктүрүү максатында «Өнөр жай продукциясынын физикалык көлөмүнүн индекстерин эсептөө методикасы» иштелип чыккан жана бекитилген. Бул методика товар-өкүлдөрдүн белгиленген топтому боюнча натуралдык түрдөгү продукция чыгаруу көрсөткүчтөрүнүн динамикасына негизделген, андан кийин дүң кошумча нарк көрсөткүчүн салмак катары колдонуу менен тармактык жана жалпы өнөр жайлык индекстерге агрегацияланат (бириктирилет).

Иштеп чыгуунун жүрүшүндө улуттук эсептер системасы жана өнөр жай статистикасы жаатындагы эл аралык стандарттар, ошондой эле КМШнын башка өлкөлөрүндө колдонулган ушул сыяктуу индекстерди эсептөөнүн методикалык ыкмалары колдонулган. Өнөр жай продукциясынын физикалык көлөмүнүн индексин эсептөө процессинде индекс формуласын, салмактоо системасын, агрегациялоо ыкмаларын, базистик мезгилди жана башка методологиялык параметрлерди тандоого байланыштуу маселелер чечилген.

2012-жылы ЭИТМКга (3-версия) ылайык, өнөр жай продукциясы боюнча отчеттуулукту түзүү боюнча Типтүү нускаманын жаңы редакциясы кабыл алынган. Типтүү нускаманын жаңы редакциясында бардык чарба жүргүзүүчү субъекттер тарабынан өндүрүлгөн өнөр жай продукциясынын дүң көлөмүн, анын ичинде жеке ишкерлер тарабынан өндүрүлгөн продукцияны эсепке алуу каралган.

2016-жылы ЕБдин (Европа Биримдигинин) PRODCOM тизмесинин классификациясынын негизинде продукциянын 8 орундуу коду боюнча иштелип чыккан «Продукциянын түрлөрүнүн мамлекеттик статистикалык классификатору» колдонууга киргизилген.

2018-жылы күн энергиясынан алынган электр энергиясын өндүрүүнү баалоо эсептөөлөрү боюнча методологиялык сунуштар иштелип чыккан.

Дүйнөлүк банктын «Салыктык башкарууну жана статистикалык системаны модернизациялоо» долбоорунун алкагында энергетика статистикасынын улуттук методологиясын эл аралык стандарттарга шайкеш келтирүү боюнча иштер жүргүзүлдү.

2024-жылы Улутстатком тарабынан БУУнун Статистика бөлүмү тарабынан жактырылган Энергетикалык статистика боюнча эл аралык сунуштарда (ЭСЭС) (БУУ, 2011) баяндалган жектөөчү принциптердин негизинде отун-энергетикалык балансты (ОЭБ) калыптандыруунун жана энергетика тармагын мүнөздөөчү көрсөткүчтөрдү эсептөөнүн методикасынын жаңы форматы иштелип чыкты.

Бул методика энергетикалык балансты түзүүнүн негизги методологиялык ыкмаларын жана тартибин аныктайт, республикадагы энергетикалык ресурстарды керектөөнүн деңгээлин жана аларды натыйжалуу пайдаланууну чагылдырган көрсөткүчтөрдү эсептөө эрежелерин белгилейт, ошондой эле алардын эл аралык стандарттарга шайкештигин камсыз кылат жана Туруктуу өнүктүрүү максаттарынын (ТӨМ) 7.2.1 – «Акыркы энергия керектөөнүн жалпы көлөмүндөгү кайра жаралуучу энергия булактарынын үлүшү» көрсөткүчүн эсептөө үчүн негиз болуп кызмат кылат.

Азыркы учурда республиканын өнөр жай тармагы ири, орто жана чакан ишканалар, ошондой эле жеке ишкерлер менен берилген. Ири жана орто ишканаларды изилдөө ай сайын жапырт ыкма менен жүргүзүлөт жана өнөр жай продукциясынын жалпы көлөмүнүн болжол менен 80%ын камтыйт. Өнөр жай ишмердигин жүзөгө ашырган чакан жана өнөр жайлык эмес ишканалар квартал сайын изилденип турат. Мындан тышкары, Мамлекеттик салык кызматынын республиканын региондору боюнча ишкердик ишмердикти жүзөгө ашыруу үчүн жеке жактарга (жеке ишкерлерге) берилген патенттер жөнүндө маалыматтарынын негизинде жеке ишкерлердин ишмердигине статистикалык баалоо жүргүзүлөт.

Акыркы жылдары кайра иштетүүчү өндүрүштүн өнүгүшү, инвестициялык жигердүүлүктүн өсүшү жана кайра жаралуучу энергетика чөйрөсүндөгү долбоорлордун ишке ашырылышы, анын ичинде чакан гидроэлектростанциялардын курулушу жана пайдаланууга берилиши байкалууда.

Азыркы учурда республиканын өнөр жай тармагынын өнүгүшү мамлекеттик башкаруу органдарын өнөр жай саясатын калыптандыруу жана ишке ашыруу, ошондой

эле индустриянын өнүгүшүнө мониторинг жүргүзүү үчүн зарыл болгон актуалдуу жана ишенимдүү маалымат менен камсыз кылган статистикалык эсепке алуу системасын калыптандыруу жана өркүндөтүү менен коштолууда.

### 5.1.11. Айыл чарба статистикасы

Кыргызстандын айыл чарба статистикасынын тарыхы революцияга чейинки Россиянын статистикасы жана мурдагы СССРдин социалисттик статистикасы менен тыгыз байланыштуу.

Айыл чарба статистикасынын көрсөткүчтөрү 1916-жылдан бери байкалып келет, ал кезде революцияга чейинки Россияда Биринчи жалпы айыл чарба каттосу өткөрүлгөн. Ал эми 1918-жылы түзүлгөн советтик айыл чарба статистикасы 1929-жылга чейин майда дыйкан чарбаларын изилдөөгө, өсүмдүк өстүрүүчүлүктүн жана мал чарбачылыгынын дүң продукциясынын көлөмүн аныктоого багытталган. Андан ары статистика органдары тарабынан адистештирилген каттоолор (мал-жандыктарды, калктын себилген аянттарын каттоо, бак-дарактарды, жүзүмзарларды каттоо ж.б.) жүргүзүлгөн.

Ошол мезгилден бери Кыргызстандын айыл чарбасы жарым көчмөн мал чарбачылыгынан жана экстенсивдүү дыйканчылыктан экономиканын алдыңкы тармагына чейинки чоң жолду басып өттү.

Азыркы учурда айыл чарба, токой чарба жана балык уулоо статистикасы тармагы өсүмдүк өстүрүүчүлүк, мал чарба продукцияларын өндүрүүнүн көлөмдөрү, токой чарба продукцияларын даярдоо, ошондой эле балык уулоо продукцияларын өндүрүү жөнүндө маалыматтарды иштеп чыгат.

Эгемендүүлүккө ээ болгондон кийин республикада жүргүзүлгөн жер жана агрардык реформа айыл чарба статистикасында өзгөрүүлөрдүн зарылдыгын шарттады. Азыркы учурда эл аралык сунуштарды эске алуу менен иштелип чыккан методологиялык көрсөтмөлөрдүн негизинде айыл чарба, аңчылык жана токой чарба продукцияларынын дүң чыгарылышын, айыл чарба продукциясынын физикалык көлөмүнүн индекстерин, айыл чарба продукциясын өндүрүүчүлөрдүн бааларын, негизги тамак-аш азыктарынын балансын жана башка көрсөткүчтөрдү эсептөөлөр жүргүзүлөт.

Айыл чарбасынын рыноктук экономикага өтүүсү жер-агрардык реформасын ишке ашыруу менен башталган, анын жыйынтыгында Конституциялык негизде жер жеке менчикке берилген.

1998-2000-жылдарга Кыргыз Республикасынын статистикасын реформалоонун Мамлекеттик программасын ишке ашыруу жана айыл чарба тармактарын өнүктүрүүнүн келечегин аныктоо максатында, республиканын Өкмөтү тарабынан «2002-жылы Кыргыз Республикасынын аймагында айыл чарба каттоону өткөрүү жөнүндө» токтом кабыл алынган, аны өткөрүү үчүн «Айыл чарба каттоосу жөнүндө» Мыйзам кабыл алынган. Каттоо Бириккен Улуттар Уюмунун Азык-түлүк жана айыл чарба уюмунун (ФАО БУУ) колдоосу астында жана иштелип чыккан сегизинчи Дүйнөлүк айыл чарба каттоо программасына (ДАСК–2000) ылайык өткөрүлгөн.

Кыргыз Республикасы КМШ өлкөлөрүнүн ичинен бул каттоо айлампасына-раундуна биринчилерден болуп киргизилген. Натыйжада, атайын даярдалган каттоочулар тарабынан эки этапта толук масштабдуу айыл чарба каттоосу жүргүзүлгөн: биринчи этап (өсүмдүк өстүрүүчүлүк жана багбанчылык) – 2002-жылы, экинчи этап (мал чарбачылыгы, айыл чарбасынын негизги фонддорунун инфраструктурасы) – 2003-жылы өткөрүлгөн.

Республиканын биринчи айыл чарба каттоосунун жыйынтыктары айыл чарбасынын абалы жана өнүгүү тенденциялары жөнүндө маалыматтын сапатын жогорулатууга өбөлгө түздү, каттоо аралык мезгилде айыл чар-

ба өндүрүшүн мүнөздөө үчүн маалыматтык базаны тактоого, чарбалардын башкы жыйындысын актуалдаштырууга жана тандалма байкоолор үчүн регистр түзүүгө, эл аралык стандарттарга ылайык көрсөткүчтөр тутумун калыптандырууга, ошондой эле эл аралык салыштыруу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга мүмкүндүк берди.

Рыноктук экономикага өтүү менен Кыргызстан айыл чарбасында жер-агрардык реформаны ишке ашырды, бул агрардык секторддо ар кандай уюштуруучулук-укуктук формадагы айыл чарба өндүрүүчүлөрүн түзүүгө мүмкүндүк берди, алардын ичинде мамлекеттик чарбалар, жамааттык чарбалар, ошондой эле айыл чарбасынын дүң продукциясынын жалпы көлөмүнүн наркында орточо эсеп менен 95 пайызын түзгөн дыйкан (фермер) чарбалары жана калктын жеке көмөкчү чарбалары бар.

Айыл чарбасындагы жаңы агротүзүмдөрдүн (дыйкан (фермер) чарбаларынын жана калктын жеке көмөкчү чарбаларынын) ишмердүүлүгүнө статистикалык байкоо жүргүзүү үчүн, БУУ ФАОнун «Кыргыз Республикасында азык-түлүк коопсуздугу боюнча улуттук маалыматтык системаны чыңдоо» долбоорунун алкагында, Улуттук статистика комитети 2013-жылдан бери айыл чарба статистикасынын эсебин өркүндөтүү боюнча иш алып барууда. Бул максатта «Өсүмдүк өстүрүүчүлүк жана мал чарбачылык продукцияларын өндүрүү боюнча айлык маалыматтарды эсептөө үчүн дыйкан (фермер) чарбаларында жана жарандардын жеке көмөкчү чарбаларында тандалма статистикалык изилдөөлөрдү жүргүзүү боюнча методикалык көрсөтмөлөр» иштелип чыккан жана бекитилген.

2015-жылы айыл чарба статистикасы боюнча статистикалык отчеттуулук формаларын ON-LINE жана OFF-LINE режиминде толтурууну жана иштеп чыгууну камсыз кылган, ошондой эле өсүмдүк өстүрүүчүлүк жана мал чарбачылык тармактары боюнча стратификациялык тандалма изилдөөлөрдү жүргүзүүгө мүмкүндүк берген жаңы программалык камсыздоо ишке киргизилген.

Кыргыз Республикасынын 2013-жылдын 9-июлундагы №127 «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүүнүн тартиби жөнүндө» Мыйзамын аткаруу максатында, Улуттук статистика комитети жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан 2016-жылдын августунан тартып статистикалык маалыматтарды чогултуу боюнча айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү жөнүндө келишимдер түзүлгөн. 2025-жылы административдик-аймактык реформанын (ААР) жыйынтыгы боюнча бул келишимдерге өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилип, алардын негизинде тийиштүү адистер келишимдик негизде ишке кабыл алынган.

2023-жылы айыл чарба статистикасынын контекстинде Туруктуу өнүктүрүүнүн максаттарынын (ТӨМ) глобалдык көрсөткүчтөрүнө мониторинг жүргүзүү боюнча ФАОнун методологиясын адаптациялоо жана ишке киргизүү максатында, Улуттук статистика комитети ТӨМдүн 2.3.1, 2.3.2, 5.а.1 жана 12.3.1 (түшүм жыйналгандан кийинки жоготуулар компоненти) глобалдык көрсөткүчтөрүн пилоттук эсептөө үчүн маалыматтарды чогултуу процессин тесттен өткөрүү жолу менен пилоттук райондордун аймагында агрардык чарбаларды эксперименталдык интеграцияланган изилдөөнү жүргүздү.

Келечекте, БУУ ФАОнун методологиясына ылайык, айыл чарба статистикасынын контекстиндеги ТӨМдүн (Туруктуу өнүктүрүүнүн максаттары) бардык көрсөткүчтөрүн агрардык чарбалардын интеграцияланган изилдөөлөрүнүн негизинде иштеп чыгуу пландаштырылууда. Анткени мындай изилдөөлөр статистикалык отчеттуулук формаларына ылайык жүргүзүлүп жаткан учурдагы тематикалык изилдөөлөргө караганда, маалыматтарды чогултуунун камтуу көлөмү боюнча алда канча кеңири болуп саналат.

2026-жылы БУУ ФАОнун техникалык көмөгү менен агрардык чарбалардын айыл чарба каттоосу өткөрүлөт. Анын материалдарын иштеп чыгуунун жыйынтыгы боюнча, жогоруда аталган ТӨМдүн (Туруктуу өнүктүрүүнүн максаттары) глобалдык көрсөткүчтөрүнө мониторинг жүргүзүү максатында кийинки интеграцияланган тандалма изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн алардын башкы жыйындысы түзүлөт.

«Статистикалык потенциалды жогорулатуу» долбоорунун алкагында Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети жана Корея Республикасынын «KoStat» мекемеси тарабынан айыл чарба статистикасына изилдөөнүн жаңы инструменттерин киргизүү боюнча иш-чаралар талкууланууда. Анын ичинде айыл өкмөттөрүнүн интервьюерлерин маалымат чогултуу үчүн планшеттер менен камсыздоо жана GPS спутниктик көзөмөлдөө тутумун колдонуу каралууда. Бул респонденттер сурамжылоодон өтүп жатканда изилдөөнүн толук камтылышына, маалыматтарды чогултуунун ыкчамдыгына жана тактыгына өбөлгө түзөт.

### 5.1.12. Курулуш жана инвестициянын статистикасы

Курулуш жана инвестициянын статистикасы - негизги фонддорду кайра өндүрүүгө инвестициялык салымдарды ишке ашыруу жана курулуштун өндүрүштүк ишмердүүлүгү менен байланышкан кубулуштарды жана процесстерди изилдөөчү экономикалык статистиканын тармагы. Капиталдык курулуш статистикасы, экономикалык статистиканын башка тармактары менен бирге, СССРдин түзүлүшү менен кошо пайда болгон.

Республикадагы курулуш ишине тиешелүү айрым маалыматтарды чогултуу 1925-жылы эле жолго коюлган. Ушул мезгилден тартып эл чарбасынын тармактары боюнча капиталдык салымдардын көлөмү, турак үйлөрдүн, социалдык-маданий багыттагы объекттердин жана негизги фонддордун ишке киргизилиши жөнүндө маалыматтарды калыптандыруу башталган.

1938-жылы Киргиз ССРинин Мампланы жөнүндө жобого ылайык (анын экинчи бөлүгү ошол кездеги республиканын статистикалык органы болгон Эл чарбалык эсеп башкармалыгына (УНХУ) таандык болгон), бөлүмдөрдүн түзүмү белгиленип, ага ылайык капиталдык курулуш сектору статистиканын өзүнчө тармагы катары бөлүнгөн.

Эгемендүүлүккө ээ болгонго чейин капиталдык курулуш статистикасы ар кайсы жылдардагы коомдо болуп жаткан процесстердин чагылдырылышы болуп келген.

Алсак, өткөн кылымдын 30-жылдарында турак үйлөрдүн курулушу, мектептердин, оорuканалардын, чарбалык-өндүрүштүк жайлардын жана конуштардын тургузулушу жөнүндөгү маалыматтар Эл депутаттар кеңешинин көчмөндөрдү отурукташкан жашоо образына өткөрүү боюнча планын аткаруунун жүрүшүнө көз салуу үчүн колдонулган.

Кийинки мезгилдерде капиталдык курулуш статистикасы пландык экономиканын шарттарына ылайыкташтырылып өнүккөн жана өркүндөтүлгөн.

Эгемендүүлүккө ээ болуу менен рыноктук экономикага багытталган жаңы статистикалык тутумду калыптандыруу башталган, мында курулуш статистикасы үчүн баалардын эсебин жолго коюу жана жаңы өз алдынча тармак - инвестиция статистикасын түзүү эң маанилүү кайра түзүүлөрдөн болуп калды.

Пландык экономикадан рыноктук экономикага өтүүгө, Улуттук эсептер тутумун (УЭТ) киргизүүгө жана статистикалык маалыматтарды салыштырмалуу бааларда эсептөө зарылчылыгына байланыштуу, 1997-жылы «ТАСИС» программасынын эл аралык эксперттери менен кызматташтыкта «Курулуштагы баалардын статистикасы» долбоорунун алкагында эл аралык стандарттарга ылайык курулуштагы баалардын эсеби жолго коюлган, ал азыркы күнгө чей-

ин республиканын Курулуш министрлиги менен биргеликте жүзөгө ашырылып келет.

Курулуш жана инвестициялык ишмердүүлүктүн өсүү темптерин эсептөө үчүн бөлүм тарабынан «Курулуштун негизги көрсөткүчтөрүн салыштырмалуу бааларда эсептөө методикасы» иштелип чыккан.

1999-жылдан баштап, «ТАСИС» программасынын эл аралык эксперттери менен кызматташтыкта «Инвестициялар статистикасы» долбоорунун алкагында инвестициялардын бардык түрлөрүнүн (финансылык эмес жана чет өлкөлүк) эсеби жолго коюлган, ошондой эле «Инвестициялар статистикасы боюнча методологиялык жобо» иштелип чыккан.

Чет өлкөлүк инвестициялар боюнча маалыматтар «Кыргыз Республикасынын төлөм теңдемесинин» курамдык бөлүгү болуп саналат жана финансылык эсеп жана эл аралык инвестициялык позиция бөлүгүндө аны калыптандыруу үчүн чейрек сайын Улуттук банкка берилип турат. 2007-жылга чейин республикага келип түшкөн чет өлкөлүк инвестициялардын гана эсеби жүргүзүлсө, 2007-жылдан баштап Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары багытталган инвестициялардын эсеби жолго коюлган, анын маалыматтары да «Төлөм теңдемесин» калыптандырууда колдонулат.

2009-жылы Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана мамлекеттик эмес карызы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына толуктоо киргизүү тууралуу» мыйзам долбоору демилгеленген, анда жеке сектордун тышкы карызына мониторинг жүргүзүү функциясын Улуттук банктан Улуттук статистика комитетине өткөрүп берүү каралган. Ал эми 2011-жылы «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана мамлекеттик эмес карызы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына толуктоо киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын кабыл алынышына ылайык, 2012-жылдан тартып юридикалык жактар тарабынан мамлекеттик кепилдиги жок алынган чет өлкөлүк кредиттер жана займдар, ошондой эле аларга теңештирилген милдеттенмелер боюнча карыздардын статистикалык эсебин жүргүзүү Улуттук статистика комитетине жүктөлгөн.

2014-жылдан 2016-жылга чейинки мезгилде Швейцария Өкмөтү тарабынан каржыланган «Тышкы сектордун статистикасын өркүндөтүү» долбоорунун алкагында Эл аралык валюта фондунун (ЭВФ) Статистика департаментинин эл аралык эксперттери менен кызматташтыкта, Эл аралык валюта фонду тарабынан иштелип чыккан «Төлөм теңдемеси боюнча колдонмонун» 6-басылышынын сунуштарына ылайык чет өлкөлүк инвестициялардын эсебине өтүү ишке ашырылды.

Маалыматтардын салыштырмалуулугун камсыз кылуу максатында бөлүмдүн ишинде «Экономикалык ишмердиктин түрлөрүнүн мамлекеттик классификатору», «Дүйнө өлкөлөрү», «Валюталар» жана башка классификаторлор колдонулат.

Инвестициялар жана курулуш боюнча статистикалык маалыматтар Улуттук статистика комитети тарабынан чыгарылган жыйнактарда жарыяланат. Мындан тышкары, жыл сайын республика боюнча бүтүндөй алганда, ошондой эле анын региондору боюнча инвестициялык жана курулуш ишинде калыптанган тенденциялардын анализин камтыган «Кыргыз Республикасындагы инвестициялар» статистикалык жыйнагынын чыгарылышы камсыз кылынат.

Ошондой эле Улуттук статистика комитетинин сайтында кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланган динамикалык катарлар бар.

### 5.1.13. Ички соода статистикасы

Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүнүн алгачкы жылдарынан тартып экономиканын өнүгүшүн, керектөөнүн түзүмүн, ишкердик активдүүлүктү жана калктын бакубаттуулугунун деңгээлин чагылдырган ички соода статистикасы расмий статистиканын негизги багыттарынын бири болуп калды.

Улутстатком тарабынан 1991-жылдан бери жүргүзүлүп келе жаткан статистикалык байкоо чекене жана дүң сооданы, ошондой эле ага байланыштуу кызмат көрсөтүү түрлөрүн ишке ашырган чарба жүргүзүүчү субъекттердин ишмердүүлүгүн камтыйт.

Ички соода статистикасы боюнча улуттук статистикалык практика Бириккен Улуттар Уюмунун чекене жана дүң соода статистикасы боюнча эл аралык сунуштарына, ошондой эле КМШнын Мамлекеттер аралык статистикалык комитетинин методологиялык документтерине негизделет. Колдонулган ыкмалар улуттук көрсөткүчтөрдүн эл аралык деңгээлде салыштырмалуулугун жана статистикалык практиканын жалпы кабыл алынган стандарттарына шайкештигин камсыз кылат.

Байкоонун максаттарына жараша Улутстатком тарабынан төмөнкүлөр колдонулат:

- ◊ жапырт ыкма – жыйындынын бардык бирдиктерин изилдөөдө;
- ◊ тандалма ыкма – башкы жыйындыдан тандоонун илимий негизделген ыкмаларын колдонуу менен жыйындынын бирдиктеринин репрезентативдүү бөлүгүн изилдөөдө.
- ◊ Ички соода статистикасынын калыптандырылуучу көрсөткүчтөрүнүн катарына төмөнкүлөр кирет:
- ◊ чекене сооданын көлөмү;
- ◊ дүң сооданын көлөмү;
- ◊ автотранспорт каражаттарын техникалык тейлөө жана оңдоо боюнча;
- ◊ коомдук тамактануу кызмат көрсөтүүлөрүнүн көлөмү;
- ◊ экономикалык ишмердүүлүктүн түрлөрү боюнча физикалык көлөмдүн индекстери;
- ◊ калктын жан башына алынган чекене сооданын көлөмү;
- ◊ соода тармагынын жана рыноктордун өнүгүү көрсөткүчтөрү;
- ◊ товардык запастар жана жүгүртүүнүн товардык түзүмү:

Чекене соода өзүнө ишкердик ишмердүүлүккө байланыштуу болбогон жеке, үй-бүлөлүк, үй чарбалык же башка колдонуу үчүн товарларды сатууну камтыйт. Дүң соодага кийин кайра сатуу үчүн же жеке, үй-бүлөлүк, үй чарбалык жана башка ушул сыяктуу колдонууга байланыштуу болбогон башка максаттар үчүн багытталган товарларды сатуу боюнча ишкердик ишмердүүлүк кирет.

Маалыматтын негизги булагы болуп юридикалык жактарды жана жеке ишкерлерди камтыган расмий статистикалык байкоолор саналат.

Ички соода статистикасы боюнча негизги көрсөткүчтөрдү калыптандыруу Улутстатком тарабынан төмөнкү статистикалык отчеттуулук формаларынын негизинде ишке ашырылат:

- ◊ №1-Торг формасы (айлык) - «Сатуунун жана кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмү жөнүндө отчет»; ири жана орто ишканалар тарабынан жапырт изилдөөнүн негизинде берилет;
- ◊ №1-ФХД-Микро формасы (чейректик) «Кичи ишканалардын ишмердүүлүгүнүн негизги көрсөткүчтөрү жөнүндө отчет»;
- ◊ №3-Торг формасы (жылдык) - «Товарларды сатуу жана калдыктары жөнүндө отчет»; юридикалык жактар тарабынан берилет;
- ◊ жеке ишкерлерди тандалма изилдөө (чейректик) — тармактын негизги көрсөткүчтөрүн ай сайын баалоо менен.

Жеке жак статусунда ишмердүүлүгүн жүргүзгөн соода субъекттеринин үлүшү олуттуу экенин эске алуу менен, ички соода статистикасында байкоонун тандалма ыкмалары колдонулат.

Ички рынокто электрондук сооданын өнүгүшүнө мониторинг жүргүзүү максатында, Улутстатком тарабынан 2024-жылы «Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр менен электрондук соода жүргүзүү жөнүндө отчет» аттуу жылдык статистикалык байкоо формасы киргизилген.

Экономикалык ишмердүүлүгүнүн түрүнө карабастан, электрондук коммерцияны ишке ашырган юридикалык жактар жана жеке ишкерлер изилдөөгө тийиш.

Калыптандырылуучу көрсөткүчтөр сатылуучу товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн түрлөрүн, сатуу каналдарын, заказдардын санын, ошондой эле төлөө жана жеткирүү ыкмаларын өзүнө камтыйт.

Ички соода статистикасы боюнча бардык эсептелген көрсөткүчтөр жыл сайын чыгарылуучу «Кыргыз Республикасынын керектөө рыногу» статистикалык жыйнагында, ошондой эле комитеттин башка жылдык жана кварталдык статистикалык басылмаларында жарыяланат. Ички сооданын негизги көрсөткүчтөрү Улутстаткомдун www.stat.gov.kg сайтында жарыяланат

Ички соода статистикасын өнүктүрүүнүн келечектүү багыты болуп маалыматтардын административдик булактарын, анын ичинде салыктык отчеттуулукту колдонууну кеңейтүү саналат. Бул көрсөткүчтөрдү калыптандыруунун ыкчамдыгын жогорулатууга, респонденттерге болгон отчеттук жүктөмдү азайтууну камсыз кылууга жана эл аралык ыкмаларды жана улуттук өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен статистикалык эсепке алуу методологиясын өркүндөтүүгө мүмкүндүк берет. Ошол эле учурда жаңы эл аралык методологиялык ыкмаларды киргизүү жана аларды улуттук шарттарга адаптациялоо боюнча иштер улантылат

### 5.1.14. Рыноктук кызмат көрсөтүүлөр статистикасы

Рыноктук кызмат көрсөтүүлөр статистикасы расмий статистиканын тармактык багыты болуп саналат жана коммерциялык кызмат көрсөтүүлөр секторунун абалын, түзүмүн жана өнүгүү тенденцияларын, ошондой эле анын өлкөнүн экономикасына кошкон салымын чагылдырат.

Республикада рыноктук кызмат көрсөтүүлөр статистикасын түзүү, эл аралык NACE (Европа Биримдигиндеги экономикалык ишмердүүлүктүн түрлөрүнүн статистикалык классификациясы) классификациясы менен шайкеш келтирилген Экономикалык ишмердүүлүктүн түрлөрүнүн мамлекеттик классификаторунун киргизилишине байланыштуу 2004-жылдан бери жүзөгө ашырылып келет. Эл аралык стандарттарды колдонуу Улутстаткомго улуттук маалыматтардын башка өлкөлөрдүн көрсөткүчтөрү менен салыштырмалуулугун камсыз кылууга жана статистикалык маалыматтарды эл аралык алмашуу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө мүмкүндүк берди.

Статистикалык байкоонун объектиси болуп рыноктук (коммерциялык) кызматтарды көрсөтүүнү жүзөгө ашырган юридикалык жактардын жана жеке ишкерлердин ишмердүүлүгү саналат. Көрсөткүчтөрдү түзүү жаппай, ошондой эле тандалма изилдөөлөрдүн негизинде ишке ашырылат.

Рыноктук кызмат көрсөтүүлөр статистикасы Экономикалык ишмердүүлүктүн түрлөрүнүн мамлекеттик классификаторуна киргизилген ишмердүүлүк түрлөрүн камтыйт жана институционалдык принцип боюнча, тагыраагы, ишкананын негизги ишмердүүлүгүнүн түрү боюнча түзүлөт. Рыноктук кызмат көрсөтүүлөр статистикасынын негизги көрсөткүчтөрүнө экономикалык ишмердүүлүктүн түрлөрү боюнча көрсөтүлгөн кызматтардын көлөмү жана кызмат көрсөтүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн индекси кирет.

Көрсөтүлгөн кызматтардын көлөмү отчеттук мезгил ичинде ишканалар, уюмдар жана калк тарабынан иш жүзүндө төлөнгөн кызматтардын наркы катары аныкталат.

Кызмат көрсөтүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн индекси баа факторунун таасирин кошпогондо, салыштырмалуу баалардагы көрсөтүлгөн кызматтардын көлөмүнүн өзгөрүшүн мүнөздөйт. Эсептөө отчеттук жана базалык мезгилдердин көлөмүн туруктуу бааларда салыштыруу жолу менен жүзөгө ашырылат.

Республиканын рыноктук кызмат көрсөтүү сектору жыл сайын оң динамиканы көрсөтүп келет жана ички дүң продукциянын түзүмүндө маанилүү орунду ээлейт (25 пайыздан ашык).

Дүйнөлүк банктын колдоосу менен ишке ашырылып жаткан «Кыргыз Республикасынын салыктык башкаруусун жана статистикалык системасын модернизациялоо» долбоорунун алкагында, Улутстатком тарабынан статистикалык куралдарды өркүндөтүү боюнча иштер жүргүзүлдү. Муну менен бирге, соода жана рыноктук кызмат көрсөтүүлөр статистикасы боюнча жалпы мамлекеттик статистикалык байкоолордун формалары жаңыланды, бул көрсөткүчтөрдүн бири-бирин кайталоосун четтетүүгө жана респонденттерге болгон жүктөмдү азайтууга мүмкүндүк берди.

Көрсөтүлгөн кызматтардын көлөмү жөнүндө маалыматтар ай сайын жарыяланып турат жана сектордун өнүгүүсүнүн учурдагы тенденцияларын талдоо үчүн колдонулат.

Рыноктук кызмат көрсөтүүлөр статистикасын андан ары өркүндөтүү заманбап методологиялык ыкмаларды жана эл аралык статистикалык коомчулуктун сунуштамаларын эске алуу менен жүзөгө ашырылышы болжолдонууда.

### 5.1.15. Транспорт статистикасы

Транспорт тутуму республиканын инфраструктурасынын негизги курамдык бөлүктөрүнүн бири болуп саналат жана экономиканын өнүгүү деңгээлине олуттуу таасирин тийгизет.

Республикада транспорт тармагынын көрсөткүчтөрүн системалуу түрдө эсепке алуу 1960-жылдан бери жүргүзүлүп келет. Ондогон жылдар аралыгында статистика жөнөкөй маалыматтарды чогултуудан баштап, эл аралык стандарттарга жооп берген заманбап аналитикалык тутумга чейинки жолду басып өттү. 1998-жылы тармактык көрсөткүчтөр NACE (Европа Биримдигиндеги экономикалык ишмердиктин түрлөрүнүн статистикалык классификациясы) эл аралык классификациясына ылайык келтирилген, бул улуттук маалыматтарды дүйнөлүк практика менен салыштырууга мүмкүндүк берди.

Бүгүнкү күндө өлкөнүн транспорттук инфраструктурасы — бул темир жана автомобиль жолдорунун тармакталган тутуму, магистралдык газ түтүктөрү, аба жүк ташуулары, ошондой эле транспорттук инфраструктуранын объекттери болуп саналат.

Транспорт статистикасын калыптандыруу Улутстатком тарабынан транспорттун бардык түрлөрү менен жүктөрдү жана жүргүнчүлөрдү ташуу кызматтарын көрсөткөн ишканалардын мамлекеттик статистикалык байкоолорун жүргүзүүнүн негизинде жүзөгө ашырылат. Мындан тышкары, коммерциялык негизде автомобиль транспорту менен жүргүнчүлөрдү жана жүктөрдү ташуу кызматтарын көрсөткөн жеке ишкерлердин жана жеке жактардын ишмердигине баа берүү жүргүзүлөт.

Транспорт статистикасынын негизги көрсөткүчтөрү болуп төмөнкүлөр саналат: жүктөрдү ташуу; жүк жүгүртүү; жүргүнчүлөрдү ташуу; жүргүнчүлөрдү жүгүртүү; транспорт каражаттарынын паркы; каттамдардын (жолдордун) узундугу; ишмердиктин финансылык жыйынтыктары (ташуулардан, көмөкчү транспорттук ишмердиктен түшкөн кирешелер); физикалык көлөмдүн индекси.

Респонденттерге болгон жүктөмдү азайтуу максатында, Улутстатком тармактын инфраструктурасы боюнча административдик булактардан алынган маалыматтардын чоң көлөмүн колдонот. Атап айтканда: Башкы прокуратуранын жол-транспорт кырсыктары жөнүндө маалыматы, Президенттин Иш башкармалыгына караштуу Транспорт каражаттарын жана айдоочулук курамды каттоо боюнча мамлекеттик борборунун автотранспорт каражаттарынын бар экендиги жөнүндө маалыматы, Транспорт жана коммуникациялар министрлигине караштуу Жол чарба департаментинин жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдорунун узундугу жөнүндө маалыматы жана Жарандык авиация мамлекеттик агенттигинин аба кемелеринин парκы жөнүндө маалыматы колдонулат.

Соңку жылдары транспорт тармагы туруктуу өсүштү көрсөтүүдө. Жүк жана жүргүнчүлөрдүн агымы көбөйүп, инфраструктура кеңейүүдө, темир жол транспортунун кыймылдуу курамы жаңыланып, аба кемелеринин паркы заманбап деңгээлге келтирилүүдө.

Заманбап статистика административдик маалымат булактарын — жол-транспорт кырсыктары, автотранспортту каттоо, жол тармагынын абалы жана аба флоту жөнүндөгү маалыматтарды активдүү колдонот.

Транспорттук-логистикалык кызмат көрсөтүүлөрдүн толук циклин калыптандыруу максатында, Улутстатком тарабынан эл аралык практикага ылайык административдик булактарды колдонуу жана респонденттерге болгон жүктөмдү азайтуу аркылуу транспорт статистикасынын көрсөткүчтөрүн кеңейтүү боюнча иштер жүргүзүлдү.

Жыл сайын транспорт чөйрөсү ИДПнын түзүмүндө өсүштүн оң динамикасын көрсөтүүдө, бул транспорттун дээрлик бардык түрлөрү менен жүк жана жүргүнчүлөрдүн агымынын көбөйүшү менен камсыз кылынды. Транспорт тармагынын инфраструктурасы кеңейип, автотранспорт каражаттарынын паркы өсүүдө, темир жол транспортунун кыймылдуу курамы жана аба кемелеринин паркы жаңыланууда.

Коомчулук үчүн чоң кызыгууну туудурган жол-транспорт кырсыктары боюнча кеңейтилген маалыматтарды алуу максатында, Башкы прокуратуранын Укуктук статистика чөйрөсүндөгү мыйзамдардын аткарылышын контролдоо жана маалыматтык технологиялар башкы башкармалыгы, ошондой эле республиканын ИИМдин Жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо башкы башкармалыгы менен иштер жүргүзүлдү. Мындан тышкары, автомобиль транспорту менен жүк жана жүргүнчүлөрдү ташууну жүзөгө ашырган жеке ишкерлерди тандалма изилдөө жүргүзүү ыкмасы кайра каралып чыкты.

Азыркы учурда статистикалык маалыматтардын сапатын камсыз кылуу максатында, Улутстатком чет өлкөлөрдүн тажрыйбасын эске алуу менен, жеке ишкерлер тарабынан автомобиль транспортунда жүзөгө ашырылуучу ташуулардын көлөмүн калыптандыруу ыкмаларын өркүндөтүү боюнча иштерди жүргүзүүдө.

Транспорт статистикасы боюнча эсептелген бардык көрсөткүчтөр Улутстатком тарабынан жыл сайын жана чейрек сайын чыгарылуучу расмий статистикалык жыйнактарда жарыяланат. Транспорт статистикасынын негизги көрсөткүчтөрү ошондой эле Улутстаткомдун расмий сайтына (www.stat.gov.kg) жайгаштырылат. Транспорттун негизги көрсөткүчтөрү боюнча динамикалык катарлар сайтта кыргыз, орус жана англис тилдеринде жеткиликтүү.

### 5.1.16. Байланыш статистикасы

Байланыш статистикасы расмий статистиканын тармактык багыты болуп санаалат жана телекоммуникация кызматтарын өндүрүү жана көрсөтүү, ошондой эле почта жана курьердик ишмердик процесстерин камтыйт.

Байланыш боюнча статистикалык отчеттуулукту калыптандыруу Улутстатком тарабынан 2000-жылдан бери жүргүзүлүп келет. Кызматкерлердин санына жана менчигинин түрүнө карабастан, телекоммуникация жана почта-курьердик кызматтарды көрсөтүү боюнча ишмердикти жүзөгө ашырган юридикалык жактар жана жеке ишкерлер статистикалык байкоонун бирдиктери болуп саналат.

Статистикалык байкоонун объекттери төмөнкүлөр:

- байланыш кызматтарынын нарктык жана натуралдык туюнтуудагы көлөмү;
- калкка көрсөтүлгөн байланыш кызматтарынын көлөмү;
- байланыш тармактарынын жана каражаттарынын өнүгүшү;
- кызмат көрсөтүүлөрдүн түрлөрү боюнча абоненттердин саны;
- тармактын инфраструктурасынын негизги мүнөздөмөлөрү.

Байланыш кызматтарынын маалыматтык базасы ай сайын, чейрек сайын жана жыл сайын берилүүчү мамлекеттик статистикалык отчеттуулук формаларынын негизинде калыптандырылат. Статистикалык байкоолор электр, почта жана курьердик байланыш кызматтарынан түшкөн кирешелер, ошондой эле сатуунун жана кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмү боюнча отчеттуулук формаларын колдонуу менен жаппай изилдөө ыкмасы аркылуу жүргүзүлөт.

Байланыш статистикасынын көрсөткүчтөрү Улутстатком тарабынан эл аралык сунуштамаларга ылайык калыптандырылат жана маалыматтардын эл аралык деңгээлде салыштырылышын камсыз кылат. Методологиялык түшүндүрмөлөр да эл аралык уюмдардын, анын ичинде Эл аралык электр байланыш союзунун (ЭЭБС) сунуштамаларын эске алуу менен иштелип чыгат жана актуалдаштырылып турат.

Байланыш статистикасынын негизги көрсөткүчтөрү төмөнкүлөрдү камтыйт:

- байланыш кызматтарынын жалпы жана түрлөрү боюнча көлөмү (нарктык туюнтууда);
- калкка көрсөтүлгөн байланыш кызматтарынын көлөмү;
- фиксацияланган телефондук линиялардын саны, анын ичинде айыл жергесиндегилер;
- уюлдук байланыштын абоненттеринин саны;
- фиксацияланган Интернеттин абоненттеринин саны.

2004-жылдан бери тармактын өнүгүү динамикасын баалоо үчүн Улутстатком тарабынан байланыш кызматтарынын физикалык көлөмүнүн индекси жана почта жана курьердик ишмердик кызматтарынын физикалык көлөмүнүн индекси эсептелип келет. Бул индекстер салыштырмалуу бааларда кызмат көрсөтүү көлөмүнүн өзгөрүшүн мүнөздөйт жана сектордун өнүгүү тенденцияларын узак мөөнөттүү динамикада талдоого мүмкүндүк берет.

Ай сайын жүргүзүлүүчү статистикалык байкоонун жыйынтыктары республиканын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн учурдагы жыйынтыктарын баалоо үчүн ыкчам маалыматтарды калыптандырууда колдонулат.

### 5.1.17. Туризмдин статистикасы

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети БУУнун Туризм уюму (ЮН Туризм) тарабынан БУУнун Статистика бөлүмү, Эл аралык эмгек уюму, ЭӨӨУ (ОЭСР), Евростат, Эл аралык валюта фонду жана Дүйнөлүк соода уюму менен биргеликте иштелип чыккан «Туризмдин статистикасы боюнча эл аралык сунуштамаларды» эске алуу менен, туризмдин статистикасын өркүндөтүү боюнча туруктуу негизде иш алып барат.

Туризмдин статистикасы боюнча көрсөткүчтөр тутумун калыптандыруу жана Дүйнөлүк Туристтик Уюмдун методологиялык сунуштамаларына негизделген методологиялык ыкмаларга этап-этабы менен өтүү процесси Улутстатком тарабынан 1993-жылдан баштап колго алынган.

Учурда Улутстатком туризмдин статистикасынын көрсөткүчтөрүн төмөнкүлөрдүн негизинде калыптандырат:

- №1-Туризм формасы боюнча жалпы мамлекеттик статистикалык байкоо: «Туристтик ишмердик жөнүндө отчет» (мезгилдүүлүгү – ай сайын). Бул отчет мейманкана кызматтарын жана аларга окшош жайгаштыруу каражаттарын сунуштаган чарба жүргүзүүчү субъекттер тарабынан берилет;
- №1-Турфирма формасы боюнча жалпы мамлекеттик статистикалык байкоо: «Туристтик фирманын ишмердиги жөнүндө отчет» (мезгилдүүлүгү – ай сайын). Бул отчет туристтик кызматтарды көрсөткөн чарба жүргүзүүчү субъекттер тарабынан берилет;
- Административдик булактар – Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын өткөрүү пункттары аркылуу адамдардын келүүсү жана кетүүсү жөнүндө (сапардын максаттары боюнча) Улуттук коопсуздугу мамлекеттик комитетинин Чек ара кызматынын маалыматтары.

Мындан тышкары, жыл сайын өткөрүлүүчү №1-ООПТ формасы боюнча «Өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактары боюнча отчет» мамлекеттик статистикалык байкоонун негизинде,

Улутстатком тарабынан ички жана кирүү туризми боюнча тейлөө көрсөтүлгөн келүүчүлөрдүн саны жөнүндө маалымат иштелип чыгат.

Улутстатком туризм статистикасы боюнча мамлекеттик изилдөөлөрдү жүргүзүү менен бирге, жыл сайын жайкы жана кышкы туризмге бир жолку изилдөөлөрдү өткөрүп турат.

Жайкы мезгилде жыл сайын 1-августтан 10-августка чейин Ысык-Көл облусунун рекреациялык зонасында туризм чөйрөсүндө экономикалык ишмердүүлүктү жүзөгө ашырган жайгаштыруу каражаттарына изилдөө жүргүзүлөт. Изилдөө менен туризм чөйрөсүндө иш алып барган жамааттык жайгаштыруу каражаттары, эс алуу мекемелеринин аймагында жайгашкан жана туристтерди кабыл алган жеке конок үйлөрү, ошондой эле эс алуу мекемелеринин аймагынан тышкары жайгашкан конок үйлөрү камтылат. Мындан тышкары, жайкы мезгилде туристтерди кабыл алган жеке үй чарбаларын тандалма изилдөө жүргүзүлөт.

Кышкы мезгилде лыжа базаларына жана кышкы спорттун түрлөрү боюнча кызмат көрсөткөн башка чарба жүргүзүүчү субъекттерге изилдөө жүргүзүлөт. Изилдөө 1-декабрдан 1-мартка чейинки мезгилди камтыйт жана анын максаты төмөнкүдөй маалыматтарды алуу болуп саналат:

- кышкы мезгилде эс алууга мүмкүнчүлүк берген (кышкы спорттун түрлөрү: лыжа, коньки, чана, резина баллондор ж.б.) субъекттердин (уюшулган жана уюшулбаган) же эс алуу зоналарынын саны;
- субъекттердин түрлөрү (лыжа базасы, муз тебүүчү аянтча (каток), чана жана лыжа тебүү үчүн убактылуу пайда болгон жерлер ж.б.);
- 1-декабрдан 1-мартка чейинки сезондогу иштеген күндөрүнүн саны;
- субъекттердин инфраструктурасы: коомдук тамактануу пункттарынын, ижарага берүү (прокат) пункттарынын, дарыканалардын, дааратканалардын ж.б. бар экендиги;
- келүүчүлөрдүн саны, мүмкүнчүлүккө жараша алардын ичинен нерезиденттерди бөлүп көрсөтүү менен.

Туризм статистикасынын негизги көрсөткүчтөрүнүн бири — ички, кирүү жана чыгуу туризминин зыяратчыларынын санынын көрсөткүчтөрү болуп саналат.

Келүүчү - бул өзүнүн кадимки чөйрөсүнөн тышкары жайгашкан кандайдыр бир негизги багыт боюнча бир жылдан аз мөөнөткө каалаган максат менен (иш сапары, эс алуу же башка жеке максат) саякат жасаган адам. Мында барган өлкөсүндө же жеринде катталган ишканага жумушка орношуу максаты кирбейт. Келүүчүлөр тарабынан ишке ашырылган мындай сапарлар туристтик сапарлар катары квалификацияланат.

Өлкөнүн туристтик агымын мүнөздөөчү келүүчүлөрдүн саны боюнча маалыматтар УКМКнын Чек ара кызматынын чет өлкөлүк жарандардын (Кыргыз Республикасынын жарандарынын) кирүүсү жана чыгуусу боюнча маалыматтарынын негизинде калыптандырылат. Бул маалыматтар кирүү жана чыгуу туризминин зыяратчыларынын сапарларынын максаттарын да камтыйт. Кирүүчү зыяратчылардын агымын аныктоодо, эл аралык сунуштамалардын талаптарын эске алуу менен, УКМКнын Чек ара кызматынын маалыматтарынан туруктуу жашоого жана жумушка келген адамдар чыгарылып салынат. Мындай ыкма Эл аралык сунуштамаларга шайкеш келет жана улуттук Методикада баяндалган.

Ошентип, Улутстатком Кыргызстандын туристтик тармагын мүнөздөөгө мүмкүндүк берүүчү жайгаштыруу жерлери, өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактары (ӨКРА) боюнча жана УКМКнын Чек ара кызматынын маалыматтарынын негизинде келүүчүлөрдүн саны жөнүндө маалыматтарды калыптандырат.

2025-жылы Дүйнөлүк банктын колдоосу менен уюштурулган «Кыргыз Республикасында салыктык администрациялоону жана статистика тутумун модернизациялоо» долбоорунун алкагында статистикалык инструментарийге өзгөртүүлөр киргизилди. Анын натыйжасында маалыматтарды иштеп чыгуу мезгилдүүлүгү чейрек сайын эмес, ай сайын болуп өзгөртүлдү жана жайгаштыруу каражаттары менен туристтик фирмалар тарабынан берилүүчү расмий статистикалык отчеттуулук формаларындагы көрсөткүчтөрдүн саны кыскартылды.

Туризм статистикасы боюнча статистикалык инструментарийди модернизациялоо, анын ичинде эл аралык сунуштамаларды эске алуу менен көрсөткүчтөрдүн тизмесин кеңейтүү, эл аралык эксперттин сунуштамаларына жана Евростаттын стандарттарына ылайык ишке ашырылды.

Туризм статистикасы боюнча бардык негизги көрсөткүчтөр жыл сайын чыгарылуучу «Кыргызстандагы туризм» статистикалык жыйнагында жарыяланат. Бул жыйнак өлкөдөгү туризмдин өнүгүүсүн 5 жылдык динамикада мүнөздөөчү бардык индикаторлорду камтыйт. Ошондой эле, маалыматтар Улутстаткомдун башка жылдык жана чейректик басылмаларында жана комитеттин расмий сайтында (www.stat.gov.kg) жайгаштырылат.

Келечекте туризм статистикасын калыптандырууда Улутстатком административдик маалымат булактарын колдонуунун чектерин кеңейтүү боюнча иштерди улантууну көздөйт.

### 5.1.18. Маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын статистикасы

Улутстаткомдо маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын (МКТ) статистикасын калыптандыруу боюнча иштер 2001-жылдан бери жүргүзүлүп келет. Маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын статистикасы боюнча улуттук статистикалык практикада Эл аралык электр байланыш союзунун (ЭЭБС), Евростаттын («Маалыматтык коомдун статистикасы боюнча методологиялык сунуштамалар»), БУУнун Статистика бөлүмүнүн («Чекене жана дүң соода статистикасы боюнча эл аралык сунуштамалар»), ЮНКТАДдын («Маалыматтык экономиканын статистикасын өндүрүү боюнча колдонмо») методологиялык сунуштамалары колдонулат.

Алынган эл аралык сунуштамалардын негизинде «Маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын статистикасынын методологиялык негиздери» иштелип чыгып, алар Улутстаткомдун 2003-жылдын 9-январындагы токтому менен бекитилген.

Соңку жылдары Улутстатком тарабынан МКТ (ИКТ) чөйрөсүн мүнөздөөчү көрсөткүчтөрдүн улуттук тутумун эл аралык стандарттар менен шайкеш келтирүүдө олуттуу кадамдар жасалды. Алсак, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 7-октябрындагы №551 токтому менен бекитилген Статистиканы өнүктүрүүнүн 2022-2026-жылдарга каралган орто мөөнөттүү программасынын алкагында пландаштырылган иш-чаралардын негизинде, МКТ статистикасы жаатындагы эл аралык принциптер жана стандарттар изилденди. Бул негизде МКТ статистикасы боюнча суроолор эл аралык стандарттарга ылайык келтирилди. ЭЭБСтин (МСЭ) суроолоруна ылайык, эл аралык сунуштамаларды эске алуу менен көрсөткүчтөрдүн тизмесин кеңейтүү боюнча иштер жүргүзүлдү.

Бул маалыматтардын сапатын жогорулатууга гана эмес, алардын эл аралык деңгээлде салыштырылышын камсыз кылууга да мүмкүндүк берди.

МКТ статистикасы боюнча көрсөткүчтөр Улутстатком тарабынан жалпы мамлекеттик статистикалык байкоолордун негизинде калыптандырылат:

- №2-Информатизация формасы «Маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу жөнүндө отчет» (жылдык). Бул форма менчигинин түрүнө, уюштуруучулук-укуктук формасына жана экономикалык ишмердигинин түрүнө карабастан, МКТны колдонгон ишканаларга жана уюмдарга (чакан ишканалардан тышкары) жайылтылат;
- №3-Информатизация-Билим берүү формасы «Билим берүүдө маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу жөнүндө отчет». Бул форма менчигинин түрүнө жана уюштуруучулук-укуктук формасына карабастан, мектепке чейинки, орто, орто кесиптик жана жогорку билим берүү уюмдарына жана мекемелерине жайылтылат;
- №1-ФХД-Микро формасы «Чакан ишкананын ишмердигинин негизги көрсөткүчтөрү жөнүндө отчет» (жылдык), 9-бөлүм.

Ишканалардагы жана уюмдардагы МКТны (ИКТ) колдонуу жөнүндөгү маалыматтар алардын колдонуу деңгээлин, компьютерлердин жана маалыматтык-эсептөө түйүндөрүнүн бар экендигин, Интернет тармагын колдонуу максаттарын, МКТга кеткен чыгымдарды, IT-адистердин санын жана башка көрсөткүчтөрдү мүнөздөйт.

Экономиканы санариптештирүү статистикасы дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрү үчүн жаңы багыт болуп саналганына жана азыркы учурда өлкөнүн санариптештирүү деңгээлин аныктоо боюнча тажрыйба дээрлик жокко эсе экенине карабастан, Улутстатком бүгүнкү күндө эле «Санариптик Кыргызстандын» өнүгүүсүн мүнөздөөчү көрсөткүчтөрдү калыптандырууда. Алардын катарында калктын, бизнестин жана мамлекеттик органдардын маалыматтык-коммуникациялык инфраструктурага жеткиликтүүлүгү жана аны колдонуусу (Интернет тармагын колдонуучулардын саны; ИДПдагы маалыматтык-коммуникациялык технологиялар секторунун үлүшү; электрондук сооданын жүгүртүүсү; уюлдук байланыштын абоненттеринин саны; кең тилкелүү Интернеттин абоненттеринин саны; Интернетти колдонгон уюмдардын (экономикалык ишмердиктин бардык түрлөрү жана менчиктин формалары боюнча) саны ж.б.) бар.

2023-жылы Санариптик өнүктүрүү министрлиги менен макулдашуу боюнча статистикалык отчеттуулук формаларына ишканалардын технологиялык деңгээлин, бизнестеги санариптик чечимдердин жай-

ылышын жана калктын санариптик сабаттуулук деңгээлин баалоого мүмкүндүк берүүчү жаңы көрсөткүчтөр киргизилди. Муну менен статистика өлкөнүн санариптик өнүгүүсүн эсепке алуунун гана эмес, стратегиялык талдоонун да инструментине айланууда.

МКТ (ИКТ) статистикасы боюнча маалыматтар мамлекеттик органдар тарабынан мамлекеттик программалардын аткарылышын талдоо үчүн колдонулат, ошондой эле Маалыматтык коомду өнүктүрүү чөйрөсүндө Кыргызстандын рейтингин аныктоо үчүн эл аралык уюмдарга жөнөтүлүп турат.

Эл аралык уюмдардын расмий ресурстарына жайгаштырылган көрсөткүчтөр глобалдык маалыматтык тутумдун бир бөлүгү болуп, өлкөнүн эл аралык имиджин калыптандырат.

МКТ статистикасы санариптик экономика менен бирге өнүгүүсүн улантууда. Келечекте эл аралык деңгээлде салыштырыла турган көрсөткүчтөрдүн тизмесин кеңейтүү, методологияны өркүндөтүү жана жаңы маалымат булактарын интеграциялоо пландаштырылууда.

### 5.1.19. Финансы статистикасы

Улуттук статистика комитети экономиканын реалдуу секторундагы ишканалардын финансылык көрсөткүчтөрүнө, мамлекеттик финансы чөйрөсүнө, ошондой эле банк секторунун, банктык эмес финансы-кредиттик уюмдардын, камсыздандыруу компанияларынын, инвестициялык фонддордун жана биржалардын ишин мүнөздөөчү негизги көрсөткүчтөргө байкоо жүргүзүү жана талдоо боюнча иштерди жүргүзөт.

**Реалдуу сектордогу ишканалардын финансы статистикасы.** Советтик мезгилдеги ишканалардын финансы статистикасы пландык чарбага кызмат кылган, республиканын Мамлекеттик планы (Госплан) менен биргеликте иш алып барган жана пландык көрсөткүчтөрдүн ишке ашырылышын контролдоо функцияларын аткарган. Ишканалардын финансы статистикасынын негизин тармактык мамиле түзгөн, мында иштердин басымдуу бөлүгү ведомстволук статистика тарабынан аткарылган. Отчеттуулук ишканалар жана уюмдар тарабынан алардын ведомстволук баш ийүүсүнө ылайык түзүлгөн. Министрликтер отчеттуулукту чогултууну жүзөгө ашырышкан жана тармак боюнча жыйынтыктарды түзүшкөн, алар кийин статистика органдарына берилген. Ошол мезгилде дал ушул мамлекеттик статистика органдары ведомстволук статистикага методологиялык жетекчиликти ишке ашырып, республиканын эл чарбасынын тармактарынын өнүгүүсүн жалпы мүнөздөө үчүн ведомстволук маалыматтарды жалпылашырган.

Финансы статистикасы бөлүмүнө 45тен ашык министрликтерден жана ведомстволордон жыйынтыкталган бухгалтердик балансtar берилип турган, аларда республиканын 1,5 миңден ашык ишканалары боюнча маалыматтар жалпыланган. Негизги көңүл пайда пландарынын аткарылышынын көрсөткүчтөрүнө жана анын өсүү темптерине бурулуп, тармактардын натыйжалуулук көрсөткүчтөрү талдоого алынган.

СССРдин ыдырашы жана көз карандысыздыкка ээ болуу менен Кыргызстандын статистиктеринин алдында мамлекеттик статистика тутумун кайра куруу милдети турду. Өлкөнүн экономикасынын өнүгүүсүнүн чыныгы абалын чагылдырган, ошондой эле заманбап талаптарга, эл аралык тажрыйбага жана стандарттарга жооп бере турган финансы статистикасынын көрсөткүчтөрүнүн курамын, экономикалык мазмунун жана аларды эсептөө методологиясын аныктоо зарыл болчу.

Бул мезгилде маалымат чогултуу агымдарында өзгөрүүлөр болду. 1991-жылы Республиканын Мамлекеттик статистика

агенттиги тарабынан ишканалар үчүн мамлекеттик статистикалык отчеттуулуктун №2-Ф, №5-с, №1-ф, №5-Ф формалары иштелип чыгып, бекитилген, алар ишкананын финансылык ишинин негизги көрсөткүчтөрүн камтыган. Ишканалардын жана уюмдардын отчеттору мамлекеттик статистика органдарына бериле баштаган.

Рыноктук экономиканын өнүгүшү, кооперативдер, жеке, чакан жана биргелешкен ишканалар сыяктуу эмгекти уюштуруунун жаңы формаларынын пайда болушу менен бул багытта да маалыматтарды чогултууну уюштуруу зарылчылыгы келип чыкты. 1991-1993-жылдары кооперативдер, чакан жана жеке ишканалар үчүн отчеттуулуктун жаңы №1-КМЧ формасы колдонууга киргизилген. 1995-жылы чет өлкөлүк инвестицияларды тартуу менен ишкердиктин өнүгүшүнө байланыштуу №1-СП «Биргелешкен ишкананын иши жөнүндө отчет» формасы иштелип чыккан.»

Реалдуу сектордогу ишканалардын заманбап финансы статистикасы жалпы статистикалык байкоо жүргүзүү ыкмасын колдонот жана ценздик принципке багытталган, мында ири жана орто ишканалар отчеттуулуктун бир нече формалары боюнча маалыматтын көбүрөөк көлөмүн, ал эми чакан ишканалар — статистикалык көрсөткүчтөрдүн кыскартылган топтому менен интеграцияланган отчеттуулук формасын беришет.

Азыркы учурда экономиканын реалдуу секторундагы ишканалардын финансы статистикасы 33 миңге жакын ишканадан жылдык жана чейректик мезгилдүүлүк менен алынган финансылык көрсөткүчтөр боюнча маалыматтарды камтыйт. Ишканалардын финансы статистикасынын маалыматтары ИДП сыяктуу маанилүү макроэкономикалык көрсөткүчтү эсептөө үчүн маалымат булактарынын бири болуп саналат. Финансылык көрсөткүчтөрдү талдоо экономикадагы ишканалардын жана анын айрым тармактарынын иши жөнүндө жыйынтык чыгарууга, экономиканы өнүктүрүү жана республиканын чарба жүргүзүүчү субъекттеринин натыйжалуу иштеши үчүн финансылык ресурстарды пайдалануудагы резервдерди аныктоого мүмкүндүк берет.

**Мамлекеттик финансы статистикасы.** 1924-жылдан бери иштелип чыгууда. Советтик мезгилде республиканын мамлекеттик бюджети тынымсыз өсүп жаткан экономиканын негизинде өнүгүп, социалисттик курулуштун эл чарбалык пландарын аткаруу үчүн финансылык ресурстарды чогултууну жана бөлүүнү камсыз кылган.

Көз карандысыздыкка ээ болуу жана республиканын рыноктук экономикага өтүү мезгилинде финансы кызматкерлеринин алдында эл аралык стандарттарга жооп берген заманбап финансы тутумун түзүү милдети турду. Алсак, 1997-жылы Эл аралык валюта фонду тарабынан иштелип чыккан Мамлекеттик финансы статистикасы боюнча 1986-жылдагы колдонмонун негизинде бюджеттик классификацияны унификациялоого жана бюджеттик маалыматтардын эл аралык салыштырмалуулугуна багытталган бюджеттин кирешелери менен чыгашаларынын классификациясы киргизилген.

2006-жылы бюджеттик классификацияны Эл аралык валюта фонду тарабынан кабыл алынган Мамлекеттик финансы статистикасынын 2001-жылдагы принциптерине шайкеш келтирүү максатында, мамлекеттик бюджеттин кирешелери менен чыгашаларынын жаңы классификациясы иштелип чыккан.

Финансы министрлигинин сунушунун жана Эл аралык валюта фондунун (ЭВФ) сунуштамаларынын негизинде, мамлекеттик бюджеттик саясатты өркүндөтүү, бюджетти аткаруу процессинде кирешелерди жана чыгашаларды натыйжалуу башкаруу, мамлекеттик мекемелерди каржылоонун ыкчамдыгын жогорулатуу максатында, Өкмөт тарабынан 1994-жылдын башында республиканын аймагында Казыналык органдарынын борборлоштурулган тутумун түзүү жөнүндө чечим кабыл алынган.

Бюджет аралык мамилелер тутумунда да реформалар жүргүзүлгөн. 1991-жылдан 2006-жылга чейин Кыргызстанда бюджет аралык мамилелердин төрт деңгээлдүү тутуму иштеген: республика - облус - район - айыл өкмөттөрү, посёлоктор, шаарлар. Мындай тутумда жергиликтүү бюджет жалпы мамлекеттик салыктардан чегерүүлөрдүн нормативдеринен, жергиликтүү салыктардын 16 түрүнөн жана республикалык бюджеттен берилүүчү трансферттерден куралган.  Ошол эле учурда, салыктар жергиликтүү өз алдынча башкаруу (ЖӨБ) органдарынын бюджеттерине толугу менен чегерилген эмес, анткени алардын бир бөлүгү райондук бюджеттерде калып турган. Буга байланыштуу, 2006-жылы Жогорку Кеңеш жана Өкмөт 2007-жылдан тартып эки деңгээлдүү бюджетке (республика - айыл өкмөтү, посёлоктор, шаарлар) өтүү жөнүндө чечим кабыл алышкан, бул ЖӨБ органдарына бюджетти башкаруу боюнча ыйгарым укуктарды өткөрүп берүүнү караган. Бирок, 2008-жылы облустук деңгээлди алып салуу менен үч деңгээлдүү тутумга кайтып келүү чечими кабыл алынган. Жергиликтүү бюджеттерди чыңдоо максатында 2012-жылдан тартып республикада эки деңгээлдүү бюджеттик тутум - республика - айыл өкмөтү, шаарлар киргизилген.

Эгерде 2008-жылга чейин мамлекеттик статистиканын облустук башкармалыктары республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин аткарылышы жөнүндө отчетторду облустук финансы бөлүмдөрүнөн жана казыналыктын облустук бөлүмдөрүнөн алып келишсе, анда эки деңгээлдүү бюджеттик тутумга өтүү менен мамлекеттик бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчет Борбордук казыналыкта түзүлөт. Бул отчет Улуттук статистика комитетинин Борбордук аппаратына берилип, ал маалыматты ай сайын өзүнүн аймактык башкармалыктарына жөнөтүп турат.

**Экономиканын финансылык секторундагы ишканалардын статистикасы.** Статистиканын бул тармагынын калыптануу мезгили 1990-жылдардан башталат. Буга чейин республиканын финансы статистикасы Советтер Союзунун борборлоштурулган статистикалык эсепке алуу тутумунун бир бөлүгү болгон, буга байланыштуу кыргыз статистика органдары көрсөткүчтөрдүн айрым топтому боюнча гана жалпыланган маалыматтарды алып турган.

Эгемендүүлүккө ээ болуу менен республикада өзүнүн финансылык тутуму жана ага тийиштүү институттар калыптана баштаган, бул республиканын экономикасынын финансылык секторундагы уюмдардын ишин мүнөздөөчү көрсөткүчтөр тутумун жана статистикалык эсепке алуунун улуттук методологиясын иштеп чыгуу зарылчылыгын жараткан.

**Банк секторунун статистикасы.** ПКөз карандысыздыкка ээ болуу менен республикада эки деңгээлдүү банк тутуму калыптана баштаган. 1992-1994-жылдары Улуттук банк жана жаңы коммерциялык банктар түзүлүп, алардын ишин жөнгө салуучу ченемдик-укуктук база иштелип чыккан. 1995-1998-жылдары FINSAC программасына ылайык банк тутумун реформалоо процесси жүргөн, анын натыйжасында төлөөгө жөндөмсүз мамлекеттик банктар жоюлуп, негизин жеке капитал түзгөн коммерциялык банктар тутуму калыптанган.

Улуттук банк тутумунун калыптанышы менен бирге банктардын ишине статистикалык байкоо жүргүзүү тутуму да калыптанган.

Азыркы учурда Улуттук статистика комитети тарабынан банктардын ишин мүнөздөөчү көрсөткүчтөрдүн кеңири чөйрөсү иштелип чыгууда, алардын ичинде: банктык уюмдардын тармагы, депозиттер, аймактар, мөөнөттөр жана кредиттөөнүн максаттары боюнча экономикага кредиттик жумшалуулар, кирешелер жана чыгашалар, негизги каражаттардын болушу жана кыймылы, банктардын активдеринин, милдеттенмелеринин жана капиталынын абалы.

**Банктык эмес финансы-кредиттик уюмдардын ишинин статистикасы.** 1994-жылдан тартып социалдык мобилизациялоо, кредиттик ресурстарга жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу жана калктын кедейчилигин жоюу максатында, республикада эл аралык уюмдардын донордук жардамы менен банктык эмес сектордун институттары активдүү өнүгө баштаган.

2000-жылы Улуттук статистика комитети тарабынан банктык эмес уюмдардан микрокредит алган калкка бир жолку тандалма социологиялык изилдөө жүргүзүлгөн. Изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча мамлекеттик статистикалык отчеттуулуктун №2-Кредит «Кредиттик уюмдун иши жөнүндө отчет» жана №1-Микрокредит «Калкка микрокредит берүү жөнүндө отчет» формалары иштелип чыгып, бекитилген. Статистика органдары тарабынан 600дөн ашык банктык эмес финансы-кредиттик уюмдардан алынган маалыматтардын негизинде финансылык сектордун бул сегментинин өнүгүшүн, анын экономика тармактарын кредиттөөгө кошкон салымын жана калктын микрокредит менен камтылыш деңгээлин мүнөздөөчү көрсөткүчтөр түзүлөт.

**Камсыздандыруу жана баалуу кагаздар рыногунун статистикасы.** 1991-жылдан тартып камсыздандыруу уюмдарынын ишинин көрсөткүчтөрүн статистикалык эсепке алуу жолго коюлган, анын негизин №1-СК «Камсыздандыруу компаниясынын иши жөнүндө отчет» мамлекеттик статистикалык отчеттуулук формасы түзөт. Массалык менчиктештирүү мезгилинде (1993-1995-жылдар) республикада баалуу кагаздар рыногу калыптанып, алгачкы инвестициялык фонддор пайда болот. 1995-жылы №1-ИФ «Инвестициялык фонддун иши жөнүндө отчет» жана №1-ФБ «Фонддук биржанын иши жөнүндө отчет» мамлекеттик статистикалык отчеттуулук формалары иштелип чыгып, бекитилген, алар баалуу кагаздар рыногунун статистикасын калыптандырууга негиз салган.

### 5.1.20 Баалардын статистикасы

Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасындагы баалардын статистикасынын көрсөткүчтөр тутуму 4 негизги индекстен турат, алардын ар бири кабыл алынган стандарттык классификацияларга ылайык деталдаштырылган. Керектөө бааларынын индексин (КБИ) (ИПЦ) жана өнөр жай продукциясын өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индексин (ӨПӨБИ) (ИЦП) түзүү тартиби калыптанган учурдан тартып Эл аралык валюта фондунун бир нече жолку экспертизасынан өткөн жана сапаттын бардык параметрлери боюнча ЭВФтин Маалыматтарды жайылтуунун атайын стандарттарына шайкеш келет деп таанылган, бул аталган көрсөткүчтөрдүн эл аралык деңгээлдеги салыштырмалуулугун аныктайт.

Баалардын индекстерин түзүүдө колдонулуучу негизги концепциялар жана принциптер Эл аралык эмгек уюму (ЭЭУ), Эл аралык валюта фонду (ЭВФ), Экономикалык кызматташтык жана өнүктүрүү уюму (ЭКӨУ), Евростат жана БУУнун Европа экономикалык комиссиясы (БУУ ЭЭК), ошондой эле Дүйнөлүк банк тарабынан бирлешип басып чыгарылган эл аралык колдонмолордо баяндалган:

- Керектөө бааларынын индекси боюнча колдонмо: теория жана практика, 2020-жыл;
- Өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси боюнча колдонмо: теория жана практика, 2004-жыл.

Кыргыз статистикасынын калыптануу мезгилинде керектөө куржунунун түзүмү бир нече жолу кайра каралып чыккан жана актуалдаштырылган. 2026-жылдан баштап КБИнин (керектөө бааларынын индексинин) керектөө куржуну 487 товар-өкүлдү камтыйт. 2024-жылы «Товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө керектөө бааларына байкоо жүргүзүү жана керектөө баала-

рынын индексин эсептөө тартиби жөнүндө методологиялык жобо» ченемдик-укуктук документин жаңыртуу боюнча иштер жүргүзүлдү.

Калктуу конуштардын тандалмасына коюлган негизги талап - бардык региондордун өкүлчүлүгүн (өкүлдүүлүгүн) камсыз кылуу болуп саналат. Керектөө бааларына байкоо жүргүзүү республиканын бардык региондорунун аймагында жүргүзүлөт. Баалар жөнүндө маалымат калктын сатып алуу жөндөмдүүлүгү көбүрөөк топтолгон жана керектөө рыногу товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр менен каныккандыгы боюнча мүнөздөлгөн шаарларда чогултулат. Маалыматтарды чогултуу борбор калаада, республикалык маанидеги шаарларда жана бардык областтык борборлордо, ошондой эле кошумча түрдө айрым шаарларда жана эки айылда ишке ашырылат.

20 жылдан ашык убакыттан бери социалдык маанилүү товар-өкүлдөргө күн сайын мониторинг жүргүзүлүп келет, алардын тизмеси Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин «Социалдык маанилүү товарларга бааларды мамлекеттик жөнгө салуу жөнүндө» токтому менен бекитилген.

Азыркы учурда баалар тууралуу маалыматтар республиканын 18 калктуу конушунда күн сайын чогултулат, ал эми алар боюнча маалымат Улуттук статистика комитетинин сайтынын башкы бетине күнүгө жайгаштырылып турат. Социалдык маанилүү товар-өкүлдөрдүн бааларынын өзгөрүшү жөнүндө маалыматтар мамлекеттик органдар тарабынан азык-түлүк рыногунда бааларды турукташтыруу боюнча ыкчам чараларды көрүү үчүн колдонулат.

2013-жылы ФАОнун «Кыргыз Республикасында азык-түлүк коопсуздугу боюнча улуттук маалыматтык тутумду чыңдоо» долбоорунун алкагында, Улуттук статистика комитети CAPI технологияларын колдонуу менен маалыматтарды электрондук чогултууга өткөн. Бааларды каттоо тиешелүү программалык камсыздоо орнотулган смартфондордун жардамы менен каттоочулар тарабынан жүргүзүлөт. Натыйжада, катталган баалар тууралуу маалыматтар соода түйүндөрүнөн Улуттук статистика комитетинин серверине on-line режиминде түшүп турат.

Өнөр жай товарларына жана кызмат көрсөтүүлөрүнө баалар боюнча байкоо жүргүзүү, ошондой эле өнөр жай продукциясын өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индексин эсептөө жөнүндө методологиялык жобону өркүндөтүү боюнча иштер жүргүзүлүүдө.

Баалардын статистикасын калыптандыруунун алкагында жүргүзүлгөн Улуттук статистика комитетинин ишмердүүлүгүнүн маанилүү багыттарынын бири-КМШ чөлкөмүндөгү валюталардын сатып алуу жөндөмдүүлүгүнүн паритетинин негизинде ички дүң продукциянын (ИДП) Эл аралык салыштыруулар программасына (ЭСП) республиканын катышуусу боюнча иштер саналат. Кыргыз Республикасы 1994-жылдан бери үзгүлтүксүз негизде Европалык салыштыруулар программасынын алкагында КМШ өлкөлөрүнүн ички дүң продукциясын (ИДП) жана валюталардын сатып алуу жөндөмдүүлүгүнүн паритеттерин (ППС) салыштырууга катышып келет.

Иштелип чыккан схемаларга ылайык, системалуу негизде керектөө жана инвестициялык товарлардын баалары, курулуш компоненттери, рыноктук эмес кызмат көрсөтүүлөрдүн көрсөткүчтөрү жана ИДПнын негизги компоненттери боюнча маалыматтарды чогултуу жана КМШнын Статкомитетине берүү камсыз кылынат. Жакынкы жылдарда керектөө бааларынын түзүмүн 2018-жылдагы Максаттар боюнча жеке керектөөнүн жаңыртылган классификаторуна (КИПЦ 2018) өткөрүү, маалыматтардын жаңы булактарын киргизүү, КБИни (ИПЦ) эсептөөдө альтернативдүү жана административдик маалыматтарды колдонуу, ошондой эле турак жай кыймылсыз мүлкүнө баалардын индекстерин киргизүү боюнча иштерди жүргүзүү пландаштырылууда.

### 5.1.21. Тышкы жана өз ара сооданын статистикасы

Кыргыз Республикасынын 2015-жылдын августунда Евразия экономикалык биримдигине киргендигине байланыштуу, Өкмөт тарабынан өз ара сооданын статистикасын жүргүзүү боюнча иштерди камсыз кылуу үчүн алдын ала чаралар көрүлгөн. Ушул максаттарда, 2014-жылдын 20-августунда № 470 «Кыргыз Республикасында Бажы биримдигине мүчө мамлекеттер менен товарлардын өз ара соодасынын статистикасын жана үчүнчү өлкөлөр менен товарлардын тышкы соодасынын статистикасын уюштуруу жана жүргүзүү жөнүндө» токтому кабыл алынган. Товарлардын өз ара жана тышкы соодасынын статистикасын жүргүзүүгө, өлкөнүн тышкы соода жүгүртүүсү боюнча маалыматтарды калыптандырууга жана республиканын бийлик органдарына, Евразия экономикалык комиссиясына жана башка колдонуучуларга тышкы жана өз ара соода статистикасы боюнча расмий статистикалык маалыматтарды берүүгө жооптуу ыйгарым укуктуу орган катары Улуттук статистика комитети аныкталган.

Өз ара соода статистикасы боюнча иштерди өз убагында уюштурууну камсыз кылуу максатында, Улуттук статистика комитети тарабынан 2014-жылдын 16-декабрында № 96 «Кыргыз Республикасынын Евразия экономикалык биримдигине мүчө мамлекеттер менен өз ара соодасынын көлөмүн статистикалык эсепке алууну уюштуруу жөнүндө» буйругу чыгарылган, ошондой эле 2015-жылга өз ара соода боюнча ай сайын жүргүзүлүүчү статистикалык байкоону уюштуруу боюнча иш-чаралардын планы бекитилген.

2015-жылдын 6-февралындагы «Евразия экономикалык биримдигине мүчө мамлекеттер менен өз ара соода боюнча статистикалык маалыматтарды чогултуу жана иштеп чыгуу боюнча иштерди уюштуруу жөнүндө» кеңейтилген коллегиянын токтомуна ылайык, товарлардын өз ара соодасы боюнча ай сайын жүргүзүлүүчү статистикалык байкоону уюштуруу мөөнөтүнүн башталышы болуп 2015-жылдын май айы аныкталган.

Ошол учурдан тартып республиканын чарба жүргүзүүчү субъекттери үчүн № 1-өз ара соода формасы боюнча жаңы статистикалык отчеттуулук ишке киргизилген. Ал Бажы бирлигинин Комиссиясынын 2011-жылдын 28-январындагы № 525 чечими менен бекитилген Бажы бирлигине мүчө мамлекеттердин тышкы соодасынын бажы статистикасын жана өз ара соода статистикасын жүргүзүүнүн Бирдиктүү методологиясында каралган, өз ара соода статистикасын калыптандыруу үчүн колдонулуучу негизги көрсөткүчтөрдү камтыган.

2015-жылдын августунан тартып, Улуттук статистика комитетинин ошол эле жылдын 28-июлундагы коллегиясынын токтомуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Казакстан Республикасы менен мамлекеттик чек арасынын өткөрүү пункттары аркылуу товарларды ташып өтүү боюнча жеке жактарды бир жолку тандалма изилдөөлөрдү жүргүзүү туруктуу негизде камсыз кылынууда.

Азыркы учурда Евразия экономикалык биримдигинин курамына Россия, Беларусь, Казакстан, Армения жана Кыргызстан кирет. Мында, жогоруда аталган бардык өлкөлөр өз ара соода статистикасын ЕЭК Коллегиясынын 2018-жылдын 25-декабрындагы №210 жана 2021-жылдын 28-декабрындагы №185 чечимдери менен бекитилген «ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин товарларынын өз ара соода статистикасын жүргүзүү методологиясына», ошондой эле БУУнун «Товарлардын эл аралык соода статистикасы: концепциялар жана аныктамалар, 2010-жыл» эл аралык стандарттарына ылайык калыптандырышат.

Респонденттерди толук камтуу, ошондой эле өз ара соода статистикасын өркүндөтүү максатында, Улуттук статистика комитети өз ара соода статистикасын жүргүзүү маселе-

лери боюнча республиканын мамлекеттик органдары жана ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин ыйгарым укуктуу органдары менен туруктуу негизде өз ара аракеттенип турат.

2007-жылдан тартып «Кыргыз Республикасынын тышкы соодасы», ал эми 2015-жылдан баштап - өлкөнүн тышкы экономикалык ишмердигиндеги товардык топтор боюнча, өнөктөш өлкөлөр менен соодасынын көлөмдөрү жөнүндө статистикалык маалыматтарды камтыган, товарлардын гана эмес, кызмат көрсөтүүлөрдүн да экспортунун жана импортунун көрсөткүчтөрүн мүнөздөөчү «Кыргыз Республикасынын тышкы жана өз ара соодасы» статистикалык жыйнагы калыптандырылып келет.

Мындан тышкары, Улуттук статистика комитетинин расмий сайтында ЕАЭБдин ТЭИ ТН (ТНВЭД) товардык топтору боюнча облустардын жана ЕАЭБ өлкөлөрүнүн кесилишиндеги статистикалык маалыматтар жайгаштырылат. Бул маалыматтар товарлардын наркы, салмагы жана саны боюнча толук маалыматты, ошондой эле бизнес-регистрдин интеграцияланган маалыматтарын (чакан жана орто ишканалар, чет өлкөлүк жана биргелешкен ишканалар) камтыйт.

### 5.1.22 Илимий изилдөөлөрдүн жана иштеп чыгуулардын статистикасы

Илимий изилдөөлөрдүн жана иштеп чыгуулардын статистикасы №1-Илим «Ишкананын (уюмдун) илимий-техникалык иштерди аткаруусу жөнүндө отчету» формасы боюнча жылдык расмий статистикалык отчеттуулуктун негизинде Улутстатком тарабынан түзүлөт.

Илимий-техникалык иштердин аткарылышы жөнүндө статистикалык отчеттуулукту ишмердүүлүгүнүн негизги түрү илимий изилдөөлөр жана иштеп чыгуулар болуп саналган бардык юридикалык жактар, ошондой эле ишканалар, жогорку кесиптик окуу жайлары, долбоорлоо-конструктордук, технологиялык, долбоорлоо жана долбоорлоо-изилдөө уюмдары жана өзүнүн түзүмүндө илимий-техникалык иштерди аткарган бөлүмдөрү бар башка мекемелер беришет.

Статистикалык эсепке алуу үчүн эки негизги көрсөткүч ченелет: илимий изилдөөлөргө жана иштеп чыгууларга жумшалган чыгымдар, ошондой эле илимий изилдөөлөрдү жана иштеп чыгууларды аткарган кызматкерлердин саны.

Баалоо үчүн «ички чыгымдар», тагыраагы, статистикалык бирдиктин (ишкананын) ичинде илимий-техникалык иштерди аткарууга жумшалган чыгымдар база болуп кызмат кылат, ал эми талдоо жүргүзүү үчүн «тышкы чыгымдар», б.а. статистикалык бирдиктен (ишканадан) же экономика секторунан тышкары илимий-техникалык иштерди аткарууга кеткен чыгымдар дагы эске алынат.

Илим жана илимий потенциал боюнча статистикалык маалыматтар Улутстатком тарабынан жыл сайын чыгарылуучу жыйнактарда жарыяланат. 5 жылда бир жолу аткарылган илимий-техникалык иштердин көлөмү жана илимий изилдөөлөрдү, иштеп чыгууларды аткарган кызматкерлердин саны жөнүндө маалыматты камтыган «Кыргыз Республикасындагы билим берүү жана илим» аттуу статистикалык жыйнак чыгарылып турат.

Азыркы учурда Дүйнөлүк банктын «Салыктык башкарууну жана статистикалык системаны модернизациялоо» долбоорунун алкагында, IST (АИС IST) статистикалык отчеттуулукту чогултуунун жана иштеп чыгуунун автоматташтырылган маалыматтык системасын киргизүү планына ылайык, Улутстатком тарабынан жаңы система үчүн маселелердин коюлушун даярдоо менен илимий изилдөөлөрдүн жана иштеп чыгуулардын статистикасы боюнча статистикалык отчеттуулуктун формаларын иштеп чыгуу иштери жүргүзүлүүдө.

## 5.2 Ведомстволук статистикалык байкоолор

### 5.2.1 Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги

Кыргыз Республикасынын статистика системасы түзүлгөндөн бери расмий статистика органдары менен өз ара аракеттенген негизги мамлекеттик органдардын бири болуп Финансы министрлиги саналат. Ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү маалымат алмашуу жана маалыматтык системаларды интеграциялоо жөнүндөгү макулдашуу, ведомстволор аралык жумушчу топторуна катышуу жана ченемдик укуктук актыларды биргелешип иштеп чыгуу аркылуу камсыздалган. Туруктуу негизде маалымат алмашуунун маанилүү элементтеринин бири болуп Финансы министрлиги тарабынан түзүлүүчү мамлекеттик финансы статистикасы саналат, ал Улутстатком тарабынан түзүлүүчү мамлекеттик башкаруу секторунун дүң кошумча наркынын көрсөткүчтөрүн иштеп чыгуунун негизи болуп саналат. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин маалыматтары мамлекеттик башкаруу секторунун олуттуу бөлүгү болуп саналат. Ошондой эле, Финансы министрлигинин маалыматтары учурдагы эсептердин, топтоо эсептеринин, Ресурстар-Пайдалануу таблицаларынын көрсөткүчтөрүн түзүүдө колдонулат. Финансы министрлиги Улутстаткомго ай сайын мамлекеттик, республикалык жана жергиликтүү бюджеттер боюнча маалыматтарды берип турат, алар ай сайын чыгуучу «Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык абалы» басылмасында жарыяланат.

### 5.2.2.Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы статистикалык система калыптанган учурдан тартып мамлекеттик статистика органдары менен өз ара аракеттенген негизги мамлекеттик органдардын бири болуп саналат. Банк жана төлөм системаларында жагымдуу чөйрөнү түзүү, алардын ишенимдүүлүгүн жана коопсуздугун камсыз кылуу, улуттук валютанын сатып алуу жөндөмдүүлүгүн сактоо, инновациялык финансылык технологияларды өнүктүрүү жана финансылык жеткиликтүүлүктү жогорулатуу финансылык сектордун туруктуу өнүгүүсүнүн күрөөсү, ошондой эле Кыргыз Республикасынын узак мөөнөттүү экономикалык өсүшүнүн жана өнүгүүсүнүн ажырагыс шарттары болуп саналат.

Коюлган милдеттерди аткаруу, финансылык сектордо жана жалпы эле республиканын экономикасында болуп жаткан ар кандай процесстерди алдын ала билүү жана аларга өз убагында чара көрүү үчүн Улуттук банк талдоо жүргүзүүнүн жана зарыл чараларды иштеп чыгуунун негизи болуп саналган толук, ишенимдүү жана актуалдуу статистикалык маалыматтарга ээ болууга тийиш.

Кыргыз Республикасынын 2019-жылдын 8-июлундагы № 82 «Расмий статистика жөнүндө» Мыйзамына ылайык, Улуттук банк статистика органдары менен биргеликте расмий статистиканы өндүрүүчү жана Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык системасынын курамдык бөлүгү болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын статистикалык ишмердүүлүгү улуттук статистикалык эсепке алуунун негизги принциптеринин жана мыкты эл аралык тажрыйбаларды киргизүүнүн базасында түзүлөт. Улуттук банк өлкөнүн финансылык жана банктык сектору жөнүндө маалыматтарды, анын ичинде акча массасы, коммерциялык банктардын, банктык эмес финансы-кредиттик уюмдардын ишмердүүлүгү, валюталардын курстары жана резервдер жөнүндө маалыматтарды чогултууну, талдоону жана жарыялоону жүзөгө ашырат.

Статистикалык маалыматтар Улуттук банкка республиканын финансылык системасынын абалына көз салууга, тенденцияларды жана тобокелдиктерди аныктоого, коомчулукка маалымдоого, жарандар жана рыноктун башка катышуучулары үчүн финансылык маалыматтардын ачык-айкындуулугун жана жеткиликтүүлүгүн камсыз кылууга жардам берет, ошондой эле жөнгө салуучу жана монетардык чечимдерди иштеп чыгуу жана кабыл алуу үчүн негиз болуп кызмат кылат.

Статистикалык байкоо жүргүзүү ыкмаларын жана инструменттерин өнүктүрүүдө Улуттук банк өзүнүн маалыматтык системаларын мамлекеттик маалыматтар базалары менен интеграциялоо мүмкүнчүлүктөрүн колдонуу аркылуу Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети жана республиканын башка мамлекеттик органдары менен тыгыз өз ара аракеттенет.

Улуттук банк тарабынан калыптандырылган статистика эл аралык уюмдар жана чет өлкөлүк инвесторлор арасында кеңири суроо-талапка ээ. Ал акча-кредит саясатынын негизги багыттарын иштеп чыгууда, аны ишке ашыруу процессинде чечимдерди кабыл алууда, финансылык уюмдардын ишмердүүлүгүнүн негизги көрсөткүчтөрүн талдоодо жана улуттук эсептер системасын түзүүдө колдонулат.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жана Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети өлкөнүн финансылык жана экономикалык статистикасын калыптандыруу үчүн зарыл болгон методология, маалыматтарды чогултуу жана талдоо чөйрөсүндө кызматташат. Кызматташтык эки ведомствонун тең ыйгарым укуктарынын алкагында, «Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ортосундагы кызматташтык жөнүндө» Макулдашуунун негизинде маалымат алмашуу аркылуу жүзөгө ашырылат. Эки ведомствонун эксперттери статистикалык маалыматтарды чогултуу жана иштеп чыгуу үчүн методологияны биргелешип иштеп чыгышат жана өркүндөтүшөт, бул алардын салыштырмалуулугун жана ишенимдүүлүгүн камсыз кылат.

Улуттук банк өлкөнүн ички дүң продуктусун (ИДП) калыптандырууда маалыматтын негизги булактарынын бири болуп саналат. ИДПнын түзүмүндө финансылык ортомчулук жана камсыздандыруу ишканаларынын көрсөткүчтөрүнүн толук топтомун түзүү үчүн статистика органдарынын маалыматтары да, маалымат алмашуунун алкагында Улуттук банк тарабынан берилүүчү финансылык рыноктун субъекттери жөнүндө маалыматтар да колдонулат.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тышкы соода кызмат көрсөтүүлөрүнүн төлөмдөрү боюнча банктык маалыматтарды берүүдө Улуттук статистика комитети менен тыгыз иштешет, ал эми Улуттук статистика комитети, өз кезегинде, дүйнөнүн калган бөлүгү менен болгон экономикалык операциялардын жалпы көрүнүшүн калыптандыруу үчүн тышкы соода, кызмат көрсөтүүлөр, капиталдын жылышы жана башка операциялар боюнча маалыматтарды чогултуп жана иштеп чыгуу менен өлкөнүн Төлөм теңдемесин түзүү үчүн маалыматтарды берет. Мындай тыгыз өз ара аракеттенүү төлөм теңдемесинин статистикасынын толуктугун жана тактыгын камсыз кылат.

Кыргызстандын Маалыматтарды жайылтуунун атайын стандартына (МЖАС) кошулушу менен, Улутстатком Улуттук банк менен биргеликте МВФтин (Эл аралык валюта фондунун) талаптарына ылайык, өлкөдөгү макроэкономикалык жана финансылык статистика боюнча маалыматтарды туруктуу негизде жарыялап турат.

Биргелешкен иш өлкөдөгү экономикалык кырдаалдын толук көрүнүшүн түзүүгө мүмкүндүк берет, мында ар бир орган жалпы статистикалык отчеттуулукка өз салымын кошот. Ведомстволордун так жана толук маалыматтары өлкө жетекчилигине экономикалык жана финансылык саясат жаатында

негиздүү чечимдерди кабыл алууга жардам берет. Кызматташтык өлкөдөгү экономикалык кырдаалдын ачык-айкындуулугун жогорулатууга өбөлгө түзөт, бул инвесторлор, бизнес жана жарандар үчүн маанилүү. Биргелешкен иш финансылык сектордун статистикасы жаатындагы эл аралык стандарттарды сактоого мүмкүндүк берет, бул Кыргызстандын дүйнөлүк экономикага интеграцияланышы үчүн маанилүү.

### 5.2.3. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик бажы кызматы

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик бажы кызматы тышкы соода статистикасы боюнча статистикалык маалыматтарды камсыз кылуу максатында товарлардын тышкы соода статистикасындагы товарларды үчүнчү өлкөлөр менен товардык декларациялардын жана башка бажы документтеринин негизинде ай сайын эсепке алат. Товардык декларацияларда жана башка документтерде камтылган маалыматтар база түрүндө Мамлекеттик бажы кызматы тарабынан Улуттук статистика комитетине берилет, ал товарлардын тышкы жана өз ара соода статистикасы боюнча статистикалык маалыматтарды жайылтуу боюнча ыйгарым укуктуу орган болуп саналат.

## 5.3. Бир жолку статистикалык байкоолор

### 5.3.1. Калкты каттоо

Калкты каттоо – бул атайын уюштурулган статистикалык байкоо. Ал убакыттын белгилүү бир учурундагы респонденттерди мүнөздөөчү демографиялык, экономикалык жана социалдык маалыматтарды чогултуу (респонденттерди жаппай сурамжылоо жолу менен), иштеп чыгуу жана алынган маалыматтарды жалпылоо, статистикалык көрсөткүчтөр тутумун калыптандыруу жана аларды талдоо, калк жөнүндө агрегацияланган (жекелештирилбеген жыйынтыкталган) маалыматтарды баалоо жана жайылтуу процесстерин камтыйт.

Калкты каттоону өткөрүү мөөнөттөрүн кезектеги дүйнөлүк раунддар менен шайкеш келтирүүнү камсыз кылуу үчүн, ошондой эле эл аралык сунуштамаларды (БУУ ЭЭК) эсепке алуу менен, улуттук каттоо он жылда бир жолудан кем эмес өткөрүлөт.

Калкты каттоо калктын саны, жынысы, курагы, этникалык курамы, билими, үй-бүлөлүк абалы, иши жана башка мүнөздөмөлөрү боюнча уникалдуу маалыматтарды берет. Бул мамлекеттик деңгээлде жарандарды сурамжылоо жолу менен алынган калк жөнүндөгү эң маанилүү маалыматтык ресурс болуп саналат.

Калкты каттоонун негизги артыкчылыктарынын бири - ал эң кичинекей административдик-аймактык бирдиктердин деңгээлинде демографиялык көрсөткүчтөрдү алууну камсыз кылат. Бул көрсөткүчтөр убакыттын бир учуруна таандык болгондуктан, аймактар арасында бири-бирине толук салыштырмалуу болот.

Кыргыз Республикасынын аймагында калкты каттоо 11 жолу өткөрүлгөн: Россия империясынын курамында - 1897-жылы, мурдагы СССРдин курамында - 1920, 1926, 1937, 1939, 1959, 1970, 1979 жана 1989-жылдары.

Эгемендүү Кыргызстанда биринчи улуттук каттоо 1999-жылы, экинчиси – калкты жана турак жай фондун каттоо - 2009-жылы өткөн.

Буга чейинки бардык каттоолор ар бир адамды кагаз жүзүндө жаппай сурамжылоо аркылуу жүргүзүлүп келген. Каттоонун жүрүшүндө алынган маалыматтар иштеп чыгылып, калыптандырылып жана жыйынтыкталган маалыматтар түрүндө басып чыгарууга берилчү.

2022-жылы Кыргыз Республикасында калкты жана турак жай фондун каттоо биринчи жолу каттоочулардын өздүк мобилдик телефондорун колдонуу менен Интернет түйүнү аркылуу онлайн режимде өткөрүлдү. Алгач аны өткөрүү 2020-жылга пландаштырылган эле. Бирок, COVID-19 коронавирус инфекциясынын жайылышына байланыштуу 2020-жылы республикада өзгөчө кырдаал жарыяланып, каттоо 2022-жылга жылдырылган.

КМШ жана ЕАЭБ мейкиндигинде калкты каттоонун 2020-жылдагы раундун өткөрүүдө, каттоо баракчаларына киргизиле турган көрсөткүчтөрдү аныктоо ыкмаларынын салыштырмалуулугун камсыз кылуу максатында, Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигинин Мамлекеттер аралык статистикалык комитетинин методологиялык материалдары, ошондой эле Европалык статистиктердин конференциясынын 2020-жылдагы раундда калкты жана турак жай фондун каттоо боюнча сунуштамалары колдонулган.

Мындан тышкары, биринчи жолу 2022-жылдагы калкты жана турак жай фондун каттоонун программасына ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга, туруктуу инфраструктураны түзүүгө, инклюзивдүү жана туруктуу индустриализацияга жана инновацияларды илгерилетүүгө, бардыгы үчүн жеткиликтүү, ишенимдүү, туруктуу жана заманбап энергия булактары, кайра жаралуучу энергия булактары менен камсыз кылууга тийиштүү ТӨМдүн (Туруктуу өнүгүү максаттары) жаңы индикаторлору киргизилди. Ошондой эле, ЕАЭБге мүчө мамлекеттер жана КМШ үчүн иштелип чыккан эмгек миграциясы боюнча суроолордун моделдик блогу жана коронавирус инфекциясы менен ооругандардын жайылышы жөнүндө суроолор кошулду.

Жалпысынан алганда, өткөрүлгөн каттоонун жыйынтыктары акыркы 10 жыл ичинде Кыргыз Республикасынын калкынын демографиялык жана социалдык-экономикалык өнүгүүсүндө болгон өзгөрүүлөрдү чагылдырды. Бул өзгөрүүлөр калктын санынын түзүмүнө (жалпы өлкө боюнча, ошондой эле шаар жана айыл жергесинде), анын жынысы жана курагы, үй-бүлөлүк абалы, улуттук курамы, жарандыгы, диний ишеними, билим деңгээли, тилдерди билүүсү, үй чарбаларынын (жана үй-бүлөлөрдүн) саны жана өлчөмү, турак жай шарттары жана башка сапаттык жана сандык белгилери боюнча бөлүштүрүлүшүнө тийиштүү болду.

### 5.3.2. Айыл чарбасын каттоо

Бириккен Улуттар Уюмунун Азык-түлүк жана айыл чарба уюмунун (ФАО ООН) сунуштамаларына ылайык, айыл чарбасын каттоо он жылда бир жолудан кем эмес, дүйнөлүк каттоолордун кезектеги раундуна туш келген мөөнөттөрдө өткөрүлөт.

2002 жана 2003-жылдардагы Кыргыз Республикасынын биринчи айыл чарбасын каттоонун негизги максаттары - чогултулган статистикалык маалыматтардын эл аралык деңгээлде салыштырылышын камсыз кылган, айыл чарбасынын негизги мүнөздөмөлөрү боюнча толук, объективдүү жана ишенимдүү маалыматтарды алуу болгон.

Каттоо менен Кыргыз Республикасынын аймагында жайгашкан, мамлекеттик каттодон өткөн же өтпөгөнүнө карабастан, айыл чарба өндүрүшү менен алектенген же айыл чарба тармагында кызмат көрсөткөн бардык чарба жүргүзүүчү субъекттер камтылган.

Каттоонун объекттери болуп, менчигинин түрүнө жана уюштуруучулук-укуктук статусуна карабастан, айыл чарба өсүмдүктөрүн өстүрүү, айыл чарба жаныбарларын багуу, балык өстүрүү менен алектенген, өсүмдүк өстүрүүчүлүк жана мал чарбачылык чөйрөсүндө кызмат көрсөткөн чарба жүргүзүүчү субъекттер, ошондой эле үй жанындагы участоктору жана (же) айыл чарба жаныбарлары бар жарандар эсептелген.

Айыл чарбасын каттоо эки этапта өткөрүлгөн: I этап - өсүмдүк өстүрүүчүлүк көрсөткүчтөрүн изилдөө жана II этап - мал чарбачылык көрсөткүчтөрүн изилдөө.

Айыл чарбасын каттоонун биринчи этабы (2002-жыл) каттоо учурундагы өсүмдүк өстүрүүчүлүк жана багбанчылык боюнча статистикалык маалыматтарды чогултуу, баалоо, иштеп чыгуу, талдоо, басып чыгаруу жана жайылтуу процесстерин камтыган.

Айыл чарбасын каттоонун экинчи этабы (2003-жыл) каттоо учурундагы мал чарбачылыгы, ошондой эле айыл чарбасынын негизги фонддорунун инфраструктурасы боюнча статистикалык маалыматтарды чогултууну, баалоону, иштеп чыгууну, жыйынтыктарды чыгарууну, талдоону, басып чыгарууну жана жайылтууну камтыган.

Улутстаткомдун Бириккен Улуттар Уюмунун Азык-түлүк жана айыл чарба уюмунун (ФАО ООН) Кыргыз Республикасындагы өкүлчүлүгү менен кызматташуусунун алкагында, учурда 2026-жылкы айыл чарбасын каттоону өткөрүүгө даярдык көрүү иштери жүрүп жатат. Бул ишке 7 миңге жакын убактылуу каттоо кызматкерлери тартылат.

### 5.3.3. Көп көрсөткүчтөр боюнча кластердик изилдөө (КОМП)

«Көптөгөн көрсөткүчтөр боюнча кластердик изилдөө» (КОМП) глобалдык программасы 1990-жылдары Бириккен Улуттар Уюмунун Балдар фонду (ЮНИСЕФ) тарабынан балдардын жана аялдардын абалынын индикаторлорунун кеңири спектри боюнча эл аралык деңгээлде салыштырмалуу маалыматтарды чогултууда өлкөлөргө жардам берүү максатында, үй чарбаларын сурамжылоонун эл аралык көп максаттуу программасы катары иштелип чыккан. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети тарабынан жүргүзүлүүчү кластердик изилдөөнүн жыйынтыктары боюнча негизги көрсөткүчтөр өлчөнөт. Алар өлкөнүн саясатында, программаларында жана улуттук өнүктүрүү пландарында колдонулуучу маалыматтарды калыптандырууга, ошондой эле Туруктуу өнүктүрүүнүн максаттарынын (ТӨМ) прогрессине жана эл аралык деңгээлде макулдашылган башка милдеттенмелерге мониторинг жүргүзүүнү камсыз кылууга мүмкүндүк берет.

Кыргызстан башка өлкөлөр менен катар эле, 169 милдетти жана бул максаттарга жетүү прогрессинин мониторинги үчүн 232 көрсөткүчтү камтыган 2030-жылга чейинки туруктуу өнүктүрүү чөйрөсүндөгү глобалдык Күн тартибине салым кошуу боюнча милдеттенмени өзүнө алган. Мындан тышкары, өлкө тарабынан аялдарга карата дискриминациянын бардык формаларын жоюу жаатындагы бир катар эл аралык милдеттенмелер, БУУнун баланын укуктары жөнүндө конвенциясы, Пекин иш-аракеттер платформасы жана аялдардын жана балдардын укуктары жаатындагы башка милдеттенмелер кабыл алынган.

Көптөгөн көрсөткүчтөр боюнча кластердик изилдөө (КОМП) эл аралык деңгээлде таанылган методологияга негизделет жана Кыргызстандагы аялдар менен балдардын жашоосунун кеңири көрүнүшүн алууга уникалдуу мүмкүнчүлүк берет. Изилдөөнүн маалыматтары өлкө калкынын жашоо сапаты боюнча расмий статистиканын колдо болгон маалыматтык ресурстарын толуктайт, муну менен мамлекеттин жана коомдун көңүлүн жаңы аспектилерге бурат.

Көптөгөн көрсөткүчтөр боюнча кластердик изилдөө Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети тарабынан 1995-жылдан бери Бириккен Улуттар Уюмунун Балдар фондунун (ЮНИСЕФ) техникалык жана каржылык көмөгү менен жүргүзүлүп келет. Бүгүнкү күндө республикада изилдөөнүн 5 айлампасы-раунддары (1995, 2006, 2014, 2018 жана 2023-жылдары) өткөрүлдү.

Кыргызстандагы КОМП изилдөөсү аялдардын жана балдардын абалын ар тараптуу аныктаган 177 индикатор боюнча, анын ичинде Туруктуу өнүктүрүүнүн максаттарынын 32 индикатору боюнча ишенимдүү жана эл аралык деңгээлде салыштырмалуу маалыматтарды берет. Бул көрсөткүчтөрдүн басымдуу бөлүгү жынысы, региондор, ма-

териалдык абалы, этникалык таандыктыгы, жашаган жери, респонденттердин курагы, энесинин билими жана майыптуулугу боюнча дезагрегацияланган.

Эгерде мурда КОМП маалыматтары Кыргызстан көптөгөн көрсөткүчтөр боюнча ийгиликтүү жеткен Миң жылдыктын өнүктүрүү максаттары үчүн негизги маалымат булагы болуп кызмат кылса, азыркы учурда алар 2030-жылга чейинки мезгилде ТӨМдүн ишке ашырылышын мониторингдөө үчүн негизги маалымат булагы болууну улантууда.

КОМП үчүн тандалма Улуттук статистика комитети тарабынан улуттук деңгээлде, республиканын бардык региондорунун шаардык жана айылдык аймактарында, ошондой эле Бишкек жана Ош шаарларында балдардын жана аялдардын абалы жөнүндө көп сандагы көрсөткүчтөрдү аныктоо максатында түзүлгөн.

Жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн натыйжасында ымыркайлардын жана балдардын өлүмү, балдар арасындагы тамактанбай калуу, балдардын иммунизациясы жана ден соолугу, алардын эрте курактагы өнүгүүсү, мектепке чейинки балдар мекемелерине жана жалпы билим берүү уюмдарына баруусу, эрте никеге туруу, коопсуз сууга жана санитарияга жеткиликтүүлүк, балдардын эмгеги, төрөлгүнү каттоо жана балдардын бакубаттуулугунун башка көптөгөн негизги көрсөткүчтөрү боюнча маалыматтарды иштеп чыгуу камсыз кылынат.

Ошондой эле КОМП үй-бүлөлүк зомбулукка болгон мамиле, кол жуу үчүн жерлердин жана самындын болушу, контрацепцияга болгон канааттандырылбаган муктаждыктар, коопсуздук сезими, репродуктивдик жана энелик ден соолук сыяктуу көрсөткүчтөрдүн сапаттуу булагы болуп саналат. 2023-жылдан баштап КОМП изилдөөсүнүн программасына социалдык жардам алуу, отундун таза түрлөрүн колдонуу, майыптуулук, ошондой эле ата-энелердин миграциялык статусу сыяктуу көрсөткүчтөрдү калыптандыруу үчүн бир катар жаңы суроолор киргизилди. Бул индикаторлордун көбүн расмий статистикадан алуу мүмкүн эмес болгондуктан, алар калкты «бетме-бет» сурамжылоо ыкмасы менен жүргүзүлгөн изилдөөнүн алкагында гана алынышы мүмкүн.

Мындай түрдөгү изилдөөлөрдү жүргүзүү белгилүү бир деңгээлде расмий статистикалык маалыматтардын далилдүү базасы катары кызмат кылат. КОМПтун негизинде Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети тарабынан иштелип чыккан маалыматтар аялдардын жана балдардын абалы жөнүндө маалыматтардын тартыштыгын толтурууда негизги ролду ойнойт. Алар республикада мамлекеттик социалдык саясатты жүргүзүүдө чечимдерди кабыл алуу үчүн зарыл болгон статистикалык жана социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрдү берет. Изилдөөлөрдүн жыйынтыктары кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланат жана колдонуучулар үчүн ЮНИСЕФтин www.childinfo.org сайтында, ошондой эле Улуттук статистика комитетинин www.stat.gov.kg сайтында жеткиликтүү.

### 5.3.4. Убакыт бюджети

Убакыт бюджетин изилдөө - бул калктын ар кандай ишмердүүлүктүн түрлөрү боюнча убакытты бөлүштүрүү өзгөчөлүктөрүн жана түзүмүн изилдөөгө мүмкүндүк берүүчү социалдык-экономикалык талдоонун маанилүү куралдарынын бири. Убакыт бюджетин талдоо калктын турмуш деңгээлинин материалдык жана маданий абалын баалоо үчүн чоң мааниге ээ, анткени ал коомдун социалдык-экономикалык шарттарында болуп жаткан өзгөрүүлөрдү чагылдырат. Суткалык убакыт фонду туруктуу чоңдук болуп саналат, буга байланыштуу калктын турмуш тиричилигинин негизги чөйрөлөрүнүн ортосунда убакыттын кайра бөлүштүрүлүшү өз ара байланышкан мүнөзгө ээ.

Убакыт бюджетин колдонууну изилдөө Улуттук статистика комитети тарабынан өткөрүлүүчү Үй чарбаларынын бюджеттерин жана жумушчу күчүн интеграцияланган изилдөөнүн алкагындагы модул түрүндө ишке ашырылат жана беш жылда бир жолу жүргүзүлөт. Суткалык убакыт фондун колдонуу жөнүндө маалымат үй чарбасынын 12 жаштагы жана андан улуу курактагы мүчөлөрүн сурамжылоо жолу менен алынат. Кыргыз Республикасында бул изилдөө Улутстатком тарабынан 1990-жылдан бери жүргүзүлүп келет. Андан кийин алар 2000, 2005, 2010, 2015, 2020-жылдары өткөрүлгөн. Изилдөөнүн акыркы айлампасы 2025-жылы жүргүзүлдү.

Убакыт бюджетин изилдөө калк өз убактысын кандайча бөлүштүрөрү, жумуш убактысынын үлүшү кандай экени, жумуш ордуна барып-келүүгө кеткен убакыт, жеке көмөкчү чарбадагы эмгек, акы төлөнүүчү жана акы төлөнбөгөн жумуштун өз ара катышы жана башка көптөгөн маалыматтар боюнча түшүнүк берет. Калктын бош убактысын изилдөө - эс алуунун кайсы түрлөрүнө артыкчылык берилери, спортко, барлашууга канча убакыт бөлүнөрү, жаштар бош убактысын кандай өткөрөрү өзгөчө кызыгууну жаратат.

Убакыт бюджети Туруктуу өнүгүү максаттарынын 5.4.1 «Үй тиричилигин жана кароо боюнча акы төлөнбөгөн эмгекке жумшалган убакыттын үлүшү» индикаторун эсептөө үчүн маалыматтык негиз болуп саналат. Изилдөөнүн маалыматтары эркектер менен аялдардын ишмердүүлүгүнүн түзүмүндөгү гендердик айырмачылыктарга деталдуу талдоо жүргүзүүгө мүмкүндүк берет. Алынган жыйынтыктар акы төлөнбөгөн эмгектин бөлүштүрүлүшүн баалоо үчүн колдонулушу мүмкүн жана социалдык программаларды, анын ичинде билим берүү, маданият, транспорт, калктын бош убактысын уюштуруу чөйрөлөрүндө, ошондой эле башка бир катар социалдык-экономикалык милдеттерди чечүүдө өбөлгө түзөт.

Изилдөөнүн жыйынтыктары «Убакыт бюджетин тандалма изилдөөнүн жыйынтыктары» жыйнагында жарыяланат жана Улутстаткомдун сайтында (www.stat.gov.kg) жайгаштырылат.

## **VI бөлүм.** Кыргыз Республикасынын расмий статистикасын өнүктүрүүнүн келечеги

Акыркы жылдары Кыргыз Республикасынын расмий статистика системасы мамлекеттик башкаруунун жаңы талаптарына, санариптик экономикага жана сапаттуу маалыматтарга болгон коомдук суроо-талаптын өсүшүнө ыңгайлашуу менен ыраатуу түрдө трансформацияланууда. Улуттук статистикалык система бири-бири менен байланышкан факторлордун комплексинин таасири астында өнүгүүдө, алардын ичинде - мамлекеттик башкарууну санариптештирүү, өлкөнүн региондук жана дүйнөлүк экономикалык мейкиндикке интеграциялануусу, кабыл алынуучу чечимдердин ачыктыгына жана негизделгендигине болгон талаптардын жогорулашы, социалдык-экономикалык процесстердин тездеши, ошондой эле улуттук көрсөткүчтөрдү эл аралык стандарттар жана методологиялар менен шайкеш келтирүү зарылчылыгы бар.

Модернизациялоонун кошумча фактору болуп улуттук статистикалык системаны эл аралык стандарттар жана статистикалык маалыматтарды өндүрүүнүн моделдери менен шайкеш келтирүү зарылчылыгы саналат. Глобалдашуу шартында статистика эл аралык маалыматтык инфраструктуранын бир бөлүгү, ал эми анын көрсөткүчтөрү - социалдык-экономикалык өнүгүүнүн салыштырмалуу талдоосунун элементи болуп калууда.

Статистиканы өнүктүрүүнүн стратегиялык багыттары Кыргыз Республикасынын расмий статистикасын өнүктүрүүнүн 2022–2026-жылдарга карата орто мөөнөттүү программасы менен аныкталган. Артыкчылыктуу реформаларды ишке ашыруу Дүйнөлүк банктын «Салыктык башкарууну жана статистикалык системаны модернизациялоо» долбоорунун колдоосу менен жүзөгө ашырылууда. Бул долбоор институционалдык чыңдоого, процесстерди санариптештирүүгө, маалыматтардын сапатын жогорулатууга жана статистикалык өндүрүштүн заманбап моделдерин киргизүүгө багытталган.

### 6.1. Расмий статистиканы өнүктүрүүнүн негизги багыттары

Реформалардын учурдагы этабынын негизги өзгөчөлүгү - улуттук статистикалык системанын салттуу отчеттук эсепке алуу моделинен статистикалык маалыматтарды өндүрүүнүн процесске багытталган жана санариптик системасына өтүүсү болуп саналат.

Улутстаткомдун ишмердүүлүгүнүн маанилүү багыттарынын бири - Статистикалык маалыматтарды өндүрүүнүн типтүү моделин (СМӨТМ/GSBPM) киргизүү болду. Бул модель статистикалык маалыматтарды даярдоо процессин - колдонуучулардын муктаждыктарын аныктоодон баштап, статистикалык продукцияны баалоого жана андан ары өркүндөтүүгө чейинки бирдиктүү этаптар боюнча уюштурууга мүмкүндүк берет.

Статистиканын санариптик трансформациясы статистикалык циклдин бардык этаптарын камтыйт. «IST» жана «NARA» маалыматтык системаларынын базасында электрондук отчеттуулук системасы кеңейтилүүдө. Респонденттер менен электрондук өз ара аракеттенүү убакытты жана финансылык чыгымдарды кыскартууга, баштапкы маалыматтардын тактыгын жогорулатууга, кол менен иштеп чыгуудагы каталарды минималдаштырууга жана расмий көрсөткүчтөрдү ыкчам түзүүгө өбөлгө түзөт. Келечекте онлайн-чогултуудан баштап, статистикалык продуктуларды автоматташтырылган түрдө жайылтууга чейинки толук санариптик циклди түзүү каралууда.

Улутстаткомдун ишмердүүлүгүнүн стратегиялык багыты болуп статистиканын регистрдик системасын андан ары өнүктүрүү саналат. Статистикалык бизнес-регистрди түзүү жана актуалдаштыруу чарба жүргүзүүчү субъекттерди эсепке алуунун бирдиктүү идентификациялык негизин, динамикалык катарлардын салыштырмалуулугун жана статистикалык бирдиктердин убакыт боюнча туруктуулугун камсыз кылат. Келечекте регистрдик модель маалыматтардын ар кандай булактарын интеграциялоо жана статистикалык өндүрүштүн натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн маанилүү негиз болуп калат.

Административдик маалыматтарды колдонууну кеңейтүү өзгөчө мааниге ээ болууда. Мамлекеттик маалыматтык системалар аркылуу ведомстволор аралык маалымат алмашуу респонденттерге болгон отчеттук жүктөмдү бара-бара азайтууга, көрсөткүчтөрдү түзүүнүн ыкчамдыгын жогорулатууга жана статистиканын аналитикалык потенциалын тереңдетүүгө мүмкүндүк берет. Бул процесс укуктук базаны өркүндөтүү, маалыматтардын форматтарын унификациялоо жана сапат стандарттарын өнүктүрүү менен коштолот.

Расмий статистиканын сапатын башкаруу системасын өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл бурулат. Улутстатком тарабынан статистикалык процесстердин сапатын баалоо механизмдери киргизилүүдө, метамаалыматтар системасы өркүндөтүлүүдө, ал эми сапат көрсөткүчтөрү статистикалык өндүрүштүн бардык этаптарына бара-бара киргизилүүдө. Бул статистикалык ишмердүүлүктүн ачыктыгын жана статистикалык маалыматтарды түзүүнүн ырааттуулугун камсыз кылууга өбөлгө түзөт. Натыйжада, республиканын расмий статистикасынын сапаты анын ишенимдүүлүгүнүн маанилүү коомдук көрсөткүчү жана коомдун ишениминин негизги факторлорунун бири болуп калат.

Улутстатком тарабынан жүргүзүлүп жаткан реформалардын туруктуулугунун ажырагыс шарты болуп кадрдык потенциалды өнүктүрүү саналат. Адистерди даярдоону, методологиялык базаны андан ары өнүктүрүүнү жана заманбап стандарттарды киргизүүнү коштоону Статистикалык изилдөөлөр жана квалификацияны жогорулатуу институту камсыз кылат.

Ошону менен бирге, кеңейтилген аналитикалык куралдарды жана маалыматтарды интеллектуалдык иштеп чыгуу элементтерин камтыган жаңы технологиялык чечимдерди келечекте колдонуу үчүн өбөлгөлөрдү түзүү боюнча иштер жүргүзүлүүдө. Аларды киргизүү эл аралык стандарттарды жана маалыматтык коопсуздук талаптарын эске алуу менен этап-этабы менен ишке ашырылышы пландаштырылууда.

Ошентип, Кыргызстандын расмий статистикасынын стратегиялык өнүгүүсү маалыматтарды өндүрүүнүн интеграцияланган санариптик системасын түзүүгө багытталган, анда статистикалык процесстин бардык этаптары бири-бири менен байланышкан жана бирдиктүү принциптер боюнча, эл аралык стандарттарды жана туруктуу институционалдык моделди колдонуу менен уюштурулган. Статистикалык процесстерди санариптештирүү, регистрдик ыкманы өнүктүрүү, административдик маалымат булактарын колдонуу жана СМӨТМдү (ТМПСИ) киргизүү республикада статистикалык маалыматтардын салыштырмалуулугун, ыкчамдыгын жана жогорку сапатын камсыз кылган статистикалык өндүрүштүн жаңы архитектурасын калыптандырууга өбөлгө түзөт. Бул кайра түзүүлөр статистиканын өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүн стратегиялык башкаруунун маанилүү куралы катары ролун андан ары чыңдоо үчүн негиз түзөт.

## 6.2. Расмий статистиканын түзүмүн жана методологиялык негизин өркүндөтүү

Расмий статистиканын түзүмүн жана методологиялык негизин өркүндөтүү мамлекеттик башкаруунун санариптик трансформациясы шартында улуттук статистикалык системанын туруктуу өнүгүүсүнүн негизги шарты болуп саналат.

2025-жылы Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин системасында масштабдуу институционалдык реформа аяктады - башкаруунун үч деңгээлдүү моделинен эки деңгээлдүү моделине өтүү жүзөгө ашырылды. Бул кайра уюштуруу ашыкча башкаруу звенолорун четтетүүгө, чечимдерди кабыл алуунун ыкчамдыгын жогорулатууга, борбордук аппараттын координациялык ролун чыңдоого жана өлкөнүн бүткүл аймагында методологиялык практиканын бирдейлигин камсыз кылууга мүмкүндүк берет. Башкаруунун жаңы модели функцияларды натыйжалуу бөлүштүрүүгө, жоопкерчиликти күчөтүүгө жана ресурстарды өнүктүрүүнүн стратегиялык багыттарына топтоого багытталган.

Түзүмдүк кайра түзүүлөрдүн алкагында Улутстатком тарабынан аймактык органдардын потенциалын чыңдоого өзгөчө көңүл бурулууда. Эки деңгээлдүү системага өтүү алардын кесиптик жана технологиялык жабдылышын жогорулатууну, статистикалык өндүрүш процедураларын унификациялоону жана бирдиктүү методологиялык стандарттардын так сакталышын талап кылат. Аймактык бөлүмдөр жөн гана маалымат чогултуучу звено эмес, санариптик чечимдердин жана борборлоштурулган маалыматтык системалардын негизинде иштеген бирдиктүү статистикалык процесстин толук кандуу катышуучулары болуп калышат.

Улутстаткомдун Интеллектуалдык маалыматтар борборунун түзүлүшү институционалдык жаңылануунун олуттуу элементи болуп калды, ал расмий статистиканын заманбап санариптик инфраструктурасынын өзөгүн түзөт. Борбор маалыматтык системаларды өнүктүрүүнү жана коштоону, электрондук отчеттуулук процесстерин координациялоону, статистикалык жана административдик маалыматтарды интеграциялоону, ошондой эле респонденттер менен электрондук өз ара аракеттенүү механизмдерин өркүндөтүүнү камсыз кылат. Электрондук өз ара аракеттенүүнүн бирдиктүү системасын киргизүү чогултуу процедураларын борборлоштурулган түрдө контролдоону, маалыматтарды автоматташтырылган баштапкы валидациялоону (текшерүүнү) жана аларды статистикалык өндүрүштүн бирдиктүү архитектурасынын алкагында интеграциялоону камсыз кылууга мүмкүндүк берет.

Статистикалык ишмердүүлүктү методологиялык жактан модернизациялоо Улутстатком тарабынан СМӨТМдү (ТМПСИ) киргизүүнү караган процесстик ыкманын негизинде жүзөгө ашырылат. Бул моделди колдонуу статистикалык өндүрүштү - колдонуучулардын муктаждыктарын аныктоодон баштап, алынган натыйжаларды баалоого чейинки бирдиктүү этаптар боюнча уюштурууга мүмкүндүк берет. Бул статистикалык процедураларды стандартташтырууга, статистикалык өндүрүштүн негизги этаптарынын - маалыматтарды чогултуунун, иштеп чыгуунун жана талдоонун ачыктыгын жогорулатууга, метамаалыматтар менен иштөөнү иретке келтирүүгө жана статистикалык маалыматтардын сапатын ички контролдоонун туруктуу системасын калыптандырууга өбөлгө түзөт.

Сапатты башкаруу системасын өнүктүрүү Улутстаткомдун ишмердүүлүгүнүн артыкчылыктуу багыттарынын бири болуп саналат. Сапат көрсөткүчтөрүнө мониторинг жүргүзүү механизмдерин андан ары киргизүү, статистикалык процесстердин ички аудитинин процедураларын өркүндөтүү, маалыматтарды өндүрүү этаптарын документтештирүү жана аларды иштеп чыгуунун бардык стадияларында маалыматтардын изине түшүүнү (көзөмөлдөнүшүн) камсыз кылуу каралууда. Расмий статистиканын сапаты анын ише-

нимдүүлүгүнүн жана объективдүүлүгүнүн коомдук кепилдиги катары каралат.

Түзүмдүк жана методологиялык кайра түзүүлөрдү коштоодо Статистикалык изилдөөлөр жана квалификацияны жогорулатуу институту маанилүү ролду ойнойт. Анын ишмердүүлүгү статистикалык системанын кадрларынын квалификациясын жогорулатууга, реформаларды илимий-методологиялык жактан коштоого жана санариптик трансформация шартында статистикалык өндүрүштү уюштуруунун заманбап ыкмаларын жайылтууга багытталат.

Жалпысынан алганда, статистикадагы түзүмдүк жана методологиялык кайра түзүүлөр санариптик чөйрөдө натыйжалуу иштөөгө жөндөмдүү, кыйла ийкемдүү жана башкарылуучу системаны калыптандырууга багытталган. Башкаруунун эки деңгээлдүү моделине өтүү, Интеллектуалдык маалыматтар борборун өнүктүрүү, аймактык органдарды чыңдоо жана статистикалык өндүрүштүн процесстик моделин киргизүү институционалдык туруктуулукту жана методологиялык ыкмалардын бирдейлигин камсыз кылат. Уюштуруу архитектурасын өркүндөтүү улуттук статистикалык системанын узак мөөнөттүү туруктуулугунун жана кесиптик өнүгүүсүнүн пайдубалы болуп калат.

### 6.3. Респонденттер жана расмий статистиканын колдонуучулары менен өз ара аракеттенүүнү өнүктүрүү

Заманбап расмий статистика маалыматтарды өндүрүү системасы катары гана эмес, коом менен туруктуу өз ара аракеттенүү системасы катары да өнүгүүдө. Санариптик трансформация шартында расмий маалыматка болгон ишенимди жана респонденттер, ошондой эле статистикалык маалыматтарды колдонуучулар менен өнөктөштүк мамилелерди камсыз кылган натыйжалуу коммуникациялык механизмдерди калыптандыруу өзгөчө мааниге ээ болуууда.

Улуттук статистика комитетин өнүктүрүүнүн 2022–2026-жылдарга карата орто мөөнөттүү программасында бекитилген артыкчылыктуу багыттардын бири - респонденттерге болгон административдик жүктөмдү азайтуу болуп саналат. Электрондук отчеттуулукту кеңейтүү жана өз ара аракеттенүүнүн санариптик форматына этап-этабы менен өтүү маалыматтарды берүүнүн кыйла ыңгайлуу жана ачык-айкын системасын калыптандырат. Текшерүү процедураларын автоматташтыруу, статистикалык отчеттуулуктун формаларын унификациялоо жана административдик булактарды колдонуу маалыматтардын кайталанышын минималдаштырууга жана чарба жүргүзүүчү субъекттердин убакыт чыгымдарын кыскартууга мүмкүндүк берет.

Статистикалык системаны модернизациялоонун алкагында электрондук сервистерди өнүктүрүү, респонденттерге консультациялык колдоо көрсөтүү жана маалыматтык коштоо улантылат. Муну менен бирге, нускамалык материалдарды өркүндөтүү, түшүндүрүү иштерин жүргүзүү, консультация берүүнүн аралыктан иштөө формаларын кеңейтүү жана ыкчам кайра байланыш механизмдерин киргизүү каралууда. Статистикалык маалыматтардын сапаты жана ишенимдүүлүгү үчүн өз ара жоопкерчиликке негизделген өнөктөштүк мамилелердин маданияты калыптанууда.

Статистиканы колдонуучулардын муктаждыктарына багыттоону жогорулатуу дагы бир маанилүү багыт болуп саналат. Орто мөөнөттүү программа ачык маалыматтар механизмдерин өнүктүрүүнү, жарыяланууучу маалыматтардын тизмесин кеңейтүүнү, расмий сайтты өркүндөтүүнү жана статистикалык продуктуларды жайылтуунун заманбап санариптик куралдарын киргизүүнү карайт. Аналитикалык басылмалардын, интерактивдүү сервистердин, визуалдаштыруулардын жана тематикалык серептердин саны кеңейтилүүдө, бул

расмий статистиканы кыйла кеңири жана ыңгайлуу колдонууну камсыз кыла алат.

Статистикалык ишмердүүлүктүн ачык-айкындуулугун камсыз кылууга өзгөчө көңүл бурулат. Метамаалыматтар системасын өнүктүрүү, методологиялык түшүндүрмөлөрдү, сапат жөнүндө отчетторду жана маалыматтарды жайылтуу календарын жарыялоо расмий маалыматка болгон ишенимди чыңдоого багытталган. Колдонуучуларга көрсөткүчтөрдү түзүү принциптерин тереңирээк түшүнүүгө жана алардын салыштырмалуулугун, ошондой эле чектөөлөрүн баалоого мүмкүнчүлүк берилет.

Калктын статистикалык сабаттуулугун жогорулатуу жана Улутстаткомдун илимий коомчулук, билим берүү мекемелери, жалпыга маалымдоо каражаттары жана бизнес өкүлдөрү менен кызматташуусун кеңейтүү өз ара аракеттенүүнүн маанилүү курамдык бөлүгү болуп калууда. Статистика бара-бара билим берүү жана эксперттик мейкиндикке интеграцияланып, чечимдерди кабыл алууда маалыматтарды колдонуу маданиятын калыптандырууга өбөлгө түзөт.

Респонденттер жана колдонуучулар менен өз ара аракеттенүүнү өнүктүрүү расмий статистиканын ачык жана коомго багытталган моделин калыптандырат. Отчеттук жүктөмдү азайтуу, санариптик сервистерди кеңейтүү, ачык маалыматтарды өнүктүрүү жана методологиянын ачыктыгын камсыз кылуу расмий маалыматка болгон ишенимди чыңдоого жана анын практикалык маанисин жогорулатууга өбөлгө түзөт. Бул шарттарда статистика эсепке алуу куралы катары гана эмес, маалымдуулукту, жоопкерчиликти жана туруктуу өнүгүүнү камсыз кылган эң маанилүү коомдук ресурс катары да кызмат кылат.

Келечекте Кыргыз Республикасынын расмий статистикасы мамлекеттин көз карандысыз, кесипкөй жана технологиялык жактан өнүккөн институту катары өз позициясын чыңдоону улантат. Стратегиялык реформалар, институционалдык модернизациялоо, санариптик трансформация жана коом менен өз ара аракеттенүүнү өнүктүрүү - тез өзгөрүп жаткан дүйнөнүн шарттарында өлкөнү объективдүү жана өз убагындагы маалымат менен камсыз кылууга жөндөмдүү бирдиктүү системаны калыптандырат. Көз карандысыздык, илимий негизделгендик жана сапат принциптерине берилгендигин сактоо менен, улуттук статистика мамлекетке кызмат кылуунун кылымдык салттарын заманбап стандарттар жана инновациялык ыкмалар менен айкалыштырып, ишенимдүү түрдө алдыга карай жылат. Мына ушул салттуулуктун жана жаңылануунун айкалышында анын туруктуулугу, кадыр-баркы жана Кыргыз Республикасынын келечеги үчүн стратегиялык мааниси камтылган.

# **VII бөлүм.** Статистиканы жүздөрү

## 7.1 Статистика органдарынын жетекчилери



**Дивногорский** Михаил Николаевич

1876-жылы туулган. Улуту - беларус. Гимназияны аяктагандан кийин Москва университетине кирген, бирок окуу акысын төлөбөгөндүгү үчүн окуудан чыгарылган.Эмгек жолун статистика органдарында 1897-жылдан баштап Москва губерниясында баштаган. 1922-жылы Аму-Дарыя облустук статистика бюросунун башчысы, кийинчерээк Хорезм Борбордук статистика башкармалыгынын (ЦСУ) башкаруучусу болуп дайындалган. 1924-жылдын декабрь айында статистика бюросунун башчысы болуп бекитилген. 1926-жылдан 1934-жылга чейин – Кыргыз АССРинин статистика боюнча комететинин начальниги.



**Придувалов** Михаил Степанович

1897-жылы туулган. 1929-жылы Плеханов атындагы Москва эл чарба институтун аяктагандан кийин, СССР Мамлекеттик планынын (Госплан) Экономикалык изилдөөлөр институтунун аспирантурасына кирген. 1932-1934-жылдары СССР Госпланынын Борбордук эл чарбалык эсепке алуу башкармалыгынын баланстар секторунун башчысы болуп иштеген. 1934-жылдан 1937-жылга чейин — Кыргыз АССРинин Эл чарбалык эсепке алуу башкармалыгынын башчысы.



**Ходоровский** Абрам Моисеевич

1908-жылы туулган. Улуту - еврей. 1939-жылы Харьков пландык институтун бүтүргөн. 1927-1940-жылдары Украинанын статистика органдарында эмгектенген. 1940-жылдын декабрь айында Кыргыз ССРинин Мампланынын Эл чарба эсеби башкармалыгынын, 1941-жылдан 1948-жылга чейин Кыргыз ССРинин Статистика башкармалыгынын начальниги болуп дайындалат.



**Есипов** Николай Семенович

1916-жылы туулган. Улуту - орус. 1938-жылы Воронеж эл чарба эсеби институтун аяктаган, Дагестан АССРинин статоргандарында иштеген, 1939-1945-жылдары Советтик Армиянын катарында кызмат өтөгөн, Улуу Ата Мекендик согушка катышкан. 1945-жылдан 1948-жылга чейин улук контролер-экономист болуп иштеген, СССРдин Мампланынын Казак ССРи боюнча ыйгарым укуктуу өкүлүнүн статистика башкармалыгынын начальнигинин орун басары, 1948-жылдан 1957-жылга чейин Кыргыз ССРинин Статистика башкармалыгынын начальниги болуп иштеген. Экономика илимдеринин кандидаты, Кыргыз мамлекеттик университетинин кафедрасын башкарган.

**Алымкулов** Садык-Алы



1914-жылы 1-сентябрда Калинин районунун (азыркы Чүй облусунун Жайыл району) Сарго айылында кедей дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Улуту - Кыргыз. 1933-жылы В. Куйбышев атындагы Ташкент эл чарба институтуна "экономика жана айыл чарбасын пландоо" адистигине тапшырган. 1937-жылы Кыргыз ССРинин Мампланынын төрагасынын орун басарлыгына, андан кийин Ысык-Көл облустук пландык комиссиянын төрагалыгына, 1944-жылы СССРдин Мампланынын Кыргыз ССР боюнча ыйгарым укуктуу өкүлүнүн орун басарлыгына дайындалат. 1949-жылдан 1951-жылга чейин Кыргыз ССРинин компартиясынын БК бөлүм башчысынын орун басары, 1951-жылдан 1957-жылга чейин Кыргыз ССРинин Мампланынын төрагасынын биринчи орун басары, 1957-жылдан 1965-жылга чейин Кыргыз ССРинин Министрлер Советине караштуу Борбордук статистика башкармалыгынын начальниги болуп иштеген. Кызыл Жылдыз. Ардак белгиси, Эмгек Кызыл Туу ордендери, СССРдин 1941-1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согуштагы каарман эмгеги үчүн медалы, Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Ардак грамотасы жана Республиканын пландык жана статистикалык органдарындагы көп жылдык жана кемчиликсиз иши үчүн Ардак грамотасы менен сыйланган.

**Садыбакасов** Кемель Аманович



1924-жылы 15-майла туулган. Улуту - кыргыз. 1948-жылы ВЛКСМ БК караштуу Борбордук Комсомоль мектебин, 1956-жылы ССКП БК караштуу Жогорку партиялык мектепти, 1962-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин айыл чарба экономисти адистигин бүтүргөн. 1956-1958-жылдары Куланак райкомпартиясынын биринчи катчысы, 1958-1960-жылдары Ат-Башы райкомпартиясынын биринчи катчысы, 1960-1963-жылдары Тянь-Шань обкомпартиясынын биринчи катчысы, 1963-1965-жылдары Ош облсоветинин эмгекчилердин депутаттарынын өнөр жай аткаруу комитетинин төрагасы болуп иштеген. 1965-жылдан 1966-жылга чейин Кыргыз ССРинин БСБнын начальниги болуп эмгектенген. Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу. Кызыл Жылдыз, II даражадагы Ата Мекендик согуш, II даражадагы Даңк, III даражадагы Даңк ордендери, 3 жолку Ардак белгиси ордени жана жети медаль менен сыйланган.

**Джунусалиев** Малабай



1927-жылы туулган. Улуту - кыргыз. 1963-жылы Кыргыз айыл чарба институтун бүтүргөн. Ош облусунун райондорунун партиялык-советтик органдарында, Кыргызстан Компартиясынын БКнын административдик жана пландык органдарында башчы, Фрунзе шаардык аткаруу комитетинин төрагасы, Түп райкомпартиясынын биринчи катчысы, Нарын обкомпартиясынын биринчи катчысы болуп иштеген.

1966-жылдан 1969-жылга чейин Кыргыз ССРинин БСБнын начальниги болуп эмгектенген.

**Алмаев** Талгат Масгутович



1915-жылы 29-октябрда Россиянын Ульяновской облусунун Верхний Сайман айылында туулган. Улуту - татар. 1938-жылы Ташкент финансылык-экономикалык институту бүтүргөн. 1941-жылдын июнь айына чейин Финансы министрлигинде жана республиканын Мамлекеттик көзөмөл органдарында контролер болуп иштеген. Ташкент жөө аскерлер училищасын аяктагандан кийин фронтко чакырылган, фронтто 1946-жылдын май айына чейин кызмат өтөйт. 1946-1951-жылдары Кыргыз ССРинин Министрлер Советинин төрагасынын биринчи орун басарынын жардамчысы, 1959-жылы Фрунзе облусунун статистика башкармалыгынын начальниги, 1961-жылдан 1969-жылга чейин Кыргыз ССРинин Министрлер Советине караштуу БСБнын начальнигинин биринчи орун басары, ал эми 1969-жылдан 1985-жылга чейин анын алмаштыргыс жетекчиси болуп иштеген. Эки жолу Кызыл Туу, II даражадагы Ата Мекендик согуш, Кызыл Жылдыз ордендери жана көптөгөн аскер медалдары, эки Эмгек Кызыл Туу ордени, Октябрь революциясы ордени, көптөгөн Ардак грамоталар жана Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин грамотасы менен сыйланган. 1974-жылы Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген экономисти ардактуу наамы ыйгарылган. Эки жолу Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин депутаты, Кыргызстан Компартиясынын ревизиялык комиссиясынын төрагасы болуп шайланган.

**Малабеков** Толобай Абдышевич



1935-жылы 13-ноябрда Кыргыз ССРинин Киров районунун Чоң-Коргон айылында туулган. Улуту - кыргыз. 1958-жылы Москва мамлекеттик экономикалык институтун, 1981-жылы СССРдин Эл чарба академиясын бүтүргөн. Эмгек ишммердигин Кыргыз ССРинин Мампланында инженер-экономист, улук экономист, башкы экономист болуп иштөөдөн баштаган. 1963-жылдан 1969-жылга чейин республиканын партиялык органдарында, 1969-1979-жылдары Кыргыз ССРинин БСБнын начальнигинин биринчи орун басары, 1981-1986-жылдары уюштуруучулук-партиялык иштер бөлүмүнүн инспектору, Кыргызстан Компартиясынын БКнын экономика бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген. 1985-жылы Кыргыз ССРинин БСБнын начальниги, 1987-жылы Кыргыз ССРинин Мамлекеттик статистика комитетинин төрагасы болуп дайындалган. 1993-жылдан тартып Кыргыз Республикасынын Улутстаткомунун төрагасынын кеңешчиси, Кыргыз Республикасынын Улутстаткомунун БЭБда консультант болуп эмгектенген. Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин депутаты болуп шайланган, Кыргызстан Компартиясынын ревизиялык комиссиясынын төрагасы, Кыргызсовпрофтун ревизиялык комиссиясынын төрагасы болуп саналган. Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Ардак грамоталары, Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы менен сыйланган, Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген экономисти ардактуу наамы ыйгарылган.

**Акказиев** Булат Акунович



1940-жылы 13-июлда Фрунзе шаарында туулган. Улуту - кыргыз. 1963-жылы Ташкент текстиль институтун, 1980-жылы ССКП БКга караштуу Коомдук илимдер академиясын бүтүргөн. 1963-жылы Кыргыз ноотусукно комбинатына мастер болуп ишке кирген, 1971-жылы Кыргызстан Компартиясынын БКнын жеңил жана тамак-аш өнөр жайынын инструктору, 1977-жылы Свердлов райкомпартиянын экинчи катчысы, 1981-жылы Кыргыз ССРинин Министрлер Советинин Иш башкармалыгынын жеңил жана тамак-аш өнөр жайы бөлүмүнүн башчысы, 1986-жылы республиканын Жеңил өнөр жай министринин орун басары, 1989-жылы Кыргызстан Компартиясынын БКнын экономика бөлүмүнүн башчысы болуп дайындалган. 1989-жылдан 1992-жылга чейин Кыргыз ССРинин Мамлекеттик статистика комитетинин төрагасы болуп эмгектенген. Экономика илимдеринин кандидаты. Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин депутаты, Кыргызстан Компартиясынын ревизиялык комиссиясынын мүчөсү болуп шайланган. Эмгек каармандыгы үчүн, Эмгек артыкчылыгы үчүн, Каарман эмгеги үчүн медалдары менен сыйланган.

**Зулпукаров** Аманкул



1945-жылы 21-июлда Жалал-Абад облусунун Сузак районунун Саты айылында туулган. Улуту - кыргыз. 1969-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин эл чарба экономикасы адистигин жана Ташкент жогорку партиялык мектебинин партиялык жана советтик курулуш, саясат таануучу адистигин бүтүргөн. 1969-жылы Кыргыз ССРинин БСБнын калк каттоо бөлүмүнүн экономисти, андан кийин улук экономисти, 1971-1973-жылдары Нарын облусунун статбашкармалыгында бөлүмдүн начальниги, ЭМСнын начальнигинин статистика боюнча орун басары, 1973-1990-жылдары Нарын облусунун статбашкармалыгынын начальниги болуп иштеген. 1990-жылы Кыргыз ССРинин БСБнын начальнигинин биринчи орун басары, 1992-жылдын май айынан 1993-жылдын февраль айына чейин Мамлекеттик статистика агенттигинин директору, 1993–1994-жылдары Стратегиялык изилдөөлөр институтунун директорунун орун басары болуп дайындалат. Экономика илимдеринин доктору, профессор. Улуу Ата Мекендик согуштагы жеңишке XX жыл маарекелик медалы, Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Ардак грамотасы менен сыйланган.

**Акенеев** Жумакадыр Асанкулович



1954-жылы 22-январда Ысык-Көл облусунун Улахол айылында туулган. Улуту - кыргыз. 1976-жылы Фрунзе политехникалык институтун бүтүргөн. 1977-жылы политехникалык институтта окутуучу, 1981-жылы Фрунзе шаардык аткаруу комитетинин капиталдык курулушту башкаруу бөлүмүнүн начальниги, 1983-жылдан 1990-жылга чейин Мамагроөнөржайдын илимий-изилдөө институнун сектор башчысы, 1990-жылы Кыргызстан Республикасынын Министрлер Советинин Экономикалык реформалар боюнча мамкомиссиясынын төрагасынын орун басары болуп иштеген. 1992-жылы КМШнын Өкмөт башчыларынын кеңешине караштуу консультативдик экономикалык жумушчу комиссиясынын Кыргыз Республикасындагы ыйгарым укуктуу өкүлү, 1993-жылы Мамлекеттик статистика агенттигинин директору, 1994-жылы Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик статистика комитетинин, андан кийин Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин төрагасы болуп дайындалган. Экономика илимдеринин кандидаты, экономика илимдеринин доктору.



**Кудабаев** Зарылбек Исалыевич

1953-жылы Нарын облусунун Кочкор айылында туулган. Улуту - кыргыз. 1975-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин "физика мугалими" адистигин жана И.П. Бардин атындагы тоо металлургиясын борбордук илимий-изилдөө институтунда аспирантураны бүтүргөн. Эмгек ишмердигин Фрунзе политехникалык институтунда улук лаборант, андан кийин кафедра башчысы, Фрунзе политехникалык институтунун проректору болуп иштөөдөн баштаган. 1995-жылы республиканын Өкмөтүнүн Аппаратынын эркин экономикалык аймактар бөлүмүнүн башчысы, 1997-2005-жылдары Кыргыз Республикасынын Улутстаткомунун төрагасы болуп дайындалат. Физикалык-математикалык жана экономикалык илимдердин кандидаты, экономика илимдеринин доктору, профессор. Даңк медалы, Статистиканын мыктысы төш белгиси, Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы менен сыйланган, Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген экономисти.



**Абдыкалыков** Орозмат Абдыкалыкович

1950-жылы Ош облусунун Тамбашат айылында туулган. Улуту - кыргыз. 1971-жылы Фрунзе политехникалык институтунун "машина куруунун технологиясы, металл кесүүчү станоктор жана аспаптар" адистигин жана Мосвка шаарынан ССПК БКга караштуу Коомдук илимдер академиясынын "партиялык жана советтик курулуш" адистигин бүтүргөн. 1971-1973-жылдары Майлуу-Суу электр лампа заводунда инженер-технолог. 1973-1977-жылдары инструктор, комсомолдук иштер кабинетинин башчысы, Кыргызстан ЛКСМнын Ош облустук комитетинин жумушчу жана айыл жаштары бөлүмүнүн башчысы, 1977-1979-жылдары Кыргызстан ЛКСМнын Ош шаардык комитетинин биринчи катчысы, 1979-1982-жылдары инструктор, комсомолдук органдар бөлүмүнүн жооптуу уюштуруучусу, 1982-1987-жылдары Кыргызстан ЛКСМнын БКнын биринчи катчысы, 1987-1990-жылдары Элдик депутаттардын Кара-Көл шаардык кеңешинин Аткаруу комитетинин төрагасы, 1990-1991-жылдары Кыргызстан Компартиясынын Кара-Көл шаардык комитетинин биринчи катчысы, 1991-1992-жылдары Элдик депутаттардын Кара-Көл шаардык кеңешинин төрагасы, 1992-1994-жылдары Кыргызстан Республикасынын Жогорку Советинин элдик керектөө товарлары, соода жана башка кызмат көрсөтүүлөр боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы, 1994-1998-жылдары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын жетекчиси-Кыргыз Республикасынын министри, 1998-1999-жылдары Тышкы соода жана өнөр жай министри, 1999-2005-жылдары Социалдык фонддун төрагасынын биринчи орун басары, 2005-жылы Президенттин Администрация жетекчисинин биринчи орун басары – уюштуруу иштери жана мамлекеттик башкаруу саясаты бөлүмүнүн башчысы, 2005-2012-жылдары Кыргыз Республикасынын Улутстаткомунун төрагасы болуп эмгектенген. ВЛКСМ БКнын Ардак грамотасы, Элдердин достугу ордендери менен сыйланган. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кызматынын эмгек сиңирген кызматкери.

**Осмоналиев** Акылбек Шарипович



1964-жылы 10-августта Ош облусунун Ноокат районунда туулган. Улуту - кыргыз. К.И. Скрябин атындагы кыргыз айыл чарба институтунун «зоотехния» адистигин (1988-ж.) жана Кыргыз мамлекеттик университетинин «юриспруденция» (1997-ж.) адистигин бүтүргөн. 1981-жылы Ноокат мамадминистрациясынын аппаратында жумушчу, 1988-1995-жылдары башкы адис, референт, директордун орун басары, дыйкан чарбасынын жетекчиси болуп иштеген. 1999-жылдын январь айынан тартып Жогорку Кеңештин Эл өкүлдөр жыйынынын Аппаратынын Агрардык маселелер боюнча комитетинин эксперти, 1999-2004-жылдары Айыл жана суу чарба министрлигинин Мал чарбасынын продукцияларын өндүрүүнү өркүндөтүү жана маркетинг департаментинин начальниги, Жогорку Кеңештин Эл өкүлдөр жыйынынын Төрагасынын орун басарынын жардамчысы, 2004-2005-жылдары Премьер-министрдин Аппаратынын мамлекеттик жана муниципалдык кызмат башкармалыгынын уюштуруу иштери боюнча инспектору, 2005-2006-жылдары Жогорку Кеңештин Аппаратынын Агроөнөржай комплекси жана экология комитетинин, Жер иштетүү маселелери боюнча комиссиясынын ишмердигин камсыз кылуу бөлүмүнүн башчысынын орун басары, 2006-2009-жылдары Президенттин Администрациясынын экономикалык жана социалдык саясат бөлүмүнүн эксперти болуп эмгектенген. 2009-жылдын январь айында Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин төрагасынын орун басары. 2012-жылдын февраль айынан 2016-жылдын апрель айына чейин Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин төрагасы кызмат ордунда эмгектенген. Кыргыз Республикасынын Улутстаткомунун Ардак грамотасы менен сыйланган. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кызматынын мыктысы, Кыргыз Республикасынын айыл чарбасынын мыктысы, Мамлекеттик кызматтын III класстагы мамлекеттик кеңешчиси.

**Султанов** Акылбек Шакирович



1965-жылдын 18-мартында Ош облусунун Кара-Суу районундагы Ак-Жар айылында туулган. Улуту - кыргыз. 2009-жылы Ош технологиялык университетин «экономист» адистиги боюнча аяктаган.

1984-ж. Кара-Суу районундагы «Отуз-Адыр» совхозунун жумушчусу.

1993–1996-жж. «Россия-Кыргызстан» биргелешкен ишканасынын бухгалтери.1996–2005-жж. «Мааткерим» фермердик ишканасынын директорунун орун басары.2005–2009-жж. «Жаңы-Доор» ЖЧКсынын пахта тазалоочу заводунун директору. 2009-жылдан баштап Ош шаардык кеңешинин депутаты. 2009–2010-жж. «Түштүк-Кыргыз цементи» ЖАКынын директору. 2010–2015-жж. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты.

2016-жылдын апрель айынан 2019 жылдын февраль айына чейин Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин Төрагасы.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ардак грамотасы менен сыйланган. Мамлекеттик кызматтын III класстагы мамлекеттик кеңешчиси.



**Насирдинов** Самат Насирдинович

1986-жылы туулган. Улуту - кыргыз. 2010-жылы Бишкек мамлекеттик университетин «бухгалтердик эсеп жана аудит» адистиги боюнча аяктаган. 2013-жылы Ноттингем университетинде (NUBS Nottingham University Business School MBA) бизнес-администрациялоо магистри даражасын алган (Куала-Лумпур ш., Малайзия). 2020-жылы Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Дипломатиялык академияны «эл аралык мамилелер» адистиги боюнча аяктаган.

2002–2016-жж. Жеке ишкер болуп иштеген.

2016–2019-жж. Чүй облусунун Аламүдүн районундагы Байтик айылдык кеңешинин 27 - чакырылышынын депутаты.

2019-жылдын 20-майынан 2021-жылдын 19 - февралына чейин: Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматынын алдындагы «Унаа» мамлекеттик мекемесинин директорунун орун басары.

2021-жылы Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин төрагасы.

2021-жылы 2022-жылдын 20-январына чейин: Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин төрагасынын биринчи орун басары.

### 8.1. «Статистика кызматкерлеринин күнү» кесиптик майрамы жөнүндө

Бишкек ш., Өкмөт Үйү
1995-жылдын 22-марты, № 98

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН ТОКТОМУ**

**Статистика кызматкерлеринин күнүн белгилөө жөнүндө**

Өлкөнү мамлекеттик жана чарбалык башкаруу маселелеринде статистиканын маанилүү ролун эске алуу менен, статистикалык органдардын жамааттарынын кайрылууларын жана Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин сунушун эске алып, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтом кылат:

**Апрель айынын акыркы жекшембиси жыл сайын белгиленүүчү Статистика кызматкеринин күнү болуп белгиленсин.**

**Кыргыз Республикасынын Премьер-министри**
**А. Жумагулов**

### 8.2. «Статистиканын отличниги» төш белгисин бекитүү жөнүндө

«Статистиканын отличниги» төш белгиси Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин коллегиясынын 1995-жылдын 23-февралындагы №2/6 токтому менен бекитилген.

Улуттук статистика комитетинин коллегиясынын 2018-жылдын 13-ноябрындагы №19 токтому менен Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин сыйлыктары жөнүндө Жобо бекитилип, ага ылайык «Статистиканын отличниги» төш белгисин тапшыруу боюнча айрым өзгөртүүлөр киргизилген.

Төш белги статистика органдарынын кызматкерлеринин ак ниет жана үзүрлүү эмгеги, жогорку кесипкөйлүгү жана статистиканын өнүгүшүнө кошкон олуттуу салымы үчүн сыйлануучу ведомстволук сыйлык болуп саналат.

«Статистиканын отличниги» төш белгиси тегерек формага ээ. Анын жогорку бөлүгүндө Кыргыз Республикасынын Герби түшүрүлгөн, ортоңку бөлүгүндө тегеректин диаметри боюнча эки сапта «Статистиканын отличниги» деген текст жайгашкан, ал эми төмөнкү бөлүгүндө айлана боюнча «Кыргыз Республикасы» деген жазуу бар. Төш белгинин арткы бетинде үч саптан турган «Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети» деген текст жайгашкан.

## 8.3. Статистика органдарынын сыйлык алган кызматкерлери жөнүндө

«Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген экономисти» ардактуу наамы «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кызматына эмгек сиңирген кызматкери»

| № | Аты, жөнү | Ээлеген кызматы |
|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 20-декабры ПЖ № 392 Жарлыгы** | | |
| | Кудайбергенов Бактыбек Жапарович | -Улутстаткомдун төрагасы. |

| № | Аты, жөнү | Ээлеген кызматы |
|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 18-декабрындагы ПЖ № 345 Жарлыгы** | | |
| | Алымкулова Эльмира Насипкуловна | -Улутстаткомдун аппарат жетекчиси. |

Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы

| № | Аты, жөнү | Ээлеген кызматы |
|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасынын Президентинин 2011-жылдын 12-апрелиндеги ПЖ №84 Жарлыгы** | | |
| 1 | Демиденко Людмила Геннадьевна | -Жалал-Абад облустук мамлекеттик статистика башкармасынын начальниги орун басары; |
| 2 | Тажикова Назирбү Базарбаевна | -Жалал-Абад облустук мамлекеттик статистика башкармасынын Базар-коргон Базар-Коргон райондук бөлүмүнүн начальниги; |
| 3 | Түлөгабылов Нурбек Мукашевич | -Улутстаткомдун төрагасынын орун басары; |
| **Кыргыз Республикасынын Президентинин 2013-жылдын 30-декабрындагы ПЖ № 235 Жарлыгы** | | |
| 4 | Акматова Шайырбубу Абдылдабековна | -Улутстаткомдун эмгектин жана ишке орноштуруунун статистикасы бөлүмүнүн жетектөөчү адиси; |
| 5 | Данько Виктория Викторовна | -Талас облустук мамлекеттик статистика башкармалыгынын айыл чарбасынын статистикасы, демографиялык статистика жана үй чарбаларын интегрирленген изилдөө бөлүмүнүн башкы адиси; |
| **Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 27-августундагы ПЖ № 368 Жарлыгы** | | |
| 6 | Климова Елена Викторовна | -Улутстаткомдун Чүй облустук статистика башкармалыгынын жетекчисинин орун басары. |

«Статистиканын отличниги» төш белгиси

| № | Аты, жөнү | Ээлеген кызматы |
|---|---|---|
| **Улустаткомдун коллегиясынын 2012-жылдын 17-апрелиндеги №13 токтому** | | |
| 1 | Изенгулова Анар Ишеновна | -ишканалардын статистикасы жана финансы бөлүмүнүн башкы адиси; |
| 2 | Штыбаева Гулькаир Советовна | -бухгалтердик эсеп жана финансылык камсыздоо бөлүмүнүн башчысынын орун басары; |
| 3 | Кожобекова Куликан Маликовна | -бухгалтердик эсеп жана финансылык камсыздоо бөлүмүнүн жетектөөчү адиси; |
| 4 | Эсенгелдиев Жаныбек Мааткеримович | -тандап изилдөө бөлүмүнүн башкы адиси; |
| 5 | Махмадаминов Камаледдин Эргашович | -Баткен облустук мамлекеттик статистика башкармалыгынын Лейлек райондук мамлекеттик статистика бөлүмүнүн башкы адис; |
| 6 | Гапарова Гүлнур Дилденбаевна | -Баткен облустук мамлекеттик статистика башкармалыгынын Кадамжай райондук мамлекеттик статистика бөлүмүнүн башкы адиси; |
| 7 | Оморова Жылдыз Мукашовна | -Бишкек шаардык мамлекеттик статистика башкармалыгынын башкы адиси; |
| 8 | Чотонова Жумакан Мокуевна | -Жалал-Абад облустук мамлекеттик статистика башкармалыгынын Майлуу-Суу шаардык мамлекеттик статистика бөлүмүнүн начальниги; |
| 9 | Бердибаева Клара Кадыралиевна | -Жалал-Абад облустук мамлекеттик статистика башкармалыгынын башкы адиси; |
| 10 | Сарбалаева Чынар Раевна | -Жалал-Абад облустук мамлекеттик статистика башкармалыгынын башкы адиси; |
| 11 | Турдуматов Умаржан Саттарбекович | -мамлекеттик статистика башкармалыгынын Жалал-Абад облустук бөлүмүнүн интервьюери; |
| 12 | Курманкулов Өмөрбек Шергазиевич | -Жалал-Абад шаардык мамлекеттик статистика бөлүмүнүн начальниги; |
| 13 | Кулматов Юсупбек Исмаилович | -Жалал-Абад облустук мамлекеттик статистика башкармалыгынын башкы адиси; |
| 14 | Омуралиева Роза Омуралиевна | -Ысык-Көл облустук мамлекеттик статистика башкармалыгынын Каракол шаарынын мамлекеттик статистика бөлүмүнүн башкы адиси; |
| 15 | Искатов Улан Тукешевич | -Ысык-Көл облустук мамлекеттик статистика башкармалыгынын Ак-Суу райондук мамлекеттик статистика бөлүмүнүн башчысы; |
| 16 | Дүйшөева Суранбүбү Мусапыровна | -Нарын облустук мамлекеттик статистика башкармалыгынын жетектөөчү адиси; |

| № | Аты, жөнү | Ээлеген кызматы |
|---|---|---|
| 17 | Насырымбекова Гүлнара Шурубековна | -Нарын облустук мамлекеттик статистика башкармалыгынын Ак-Талаа райондук мамлекеттик статистика бөлүмүнүн башкы адиси; |
| 18 | Амирбаева Айгуль Тургунбаевна | -Ош облустук мамлекеттик статистика башкармалыгынын начальниги; |
| 19 | Зулимова Фируза Мулашевна | -Ош облустук мамлекеттик статистика башкармалыгынын башкы адиси; |
| 20 | Тешебаева Азадахан Садировна | -Ош облустук мамлекеттик статистика башкармалыгынын Кара-Суу райондук мамлекеттик статистика бөлүмүнүн башкы адиси; |
| 21 | Мамирова Эхтибор Тохтамаматовна | -Ош шаардык мамлекеттик статистика башкармалыгынын жетектөөчү адиси; |
| 22 | Абдулаев Мухтарали Убайдуллаевич | -Ош облустук мамлекеттик статистика башкармалыгынын Ноокат районунун Мырза-Арык айылдык округунун статистика боюнча адиси; |
| 23 | Казымбекова Динара Болотбековна | -Талас облустук мамлекеттик статистика башкармалыгынын начальнигинин орун басары; |
| 24 | Саякбаев Жайлообек Аалиевич | -Талас облустук мамлекеттик статистика башкармалыгынын начальнигинин орун басары; |
| 25 | Дербишалиева Нестан Токоновна | -Чүй облустук мамлекеттик статистика башкармалыгынын начальниги ; |
| 26 | Ниязакунова Аида Бакаевна | -Чүй облустук мамлекеттик статистика башкармалыгынын Кемин райондук мамлекеттик статистика бөлүмүнүн жетектөөчү адиси; |
| 27 | Васильева Стелла Александровна | -БЭСнун демографиялык, социалдык жана экологиялык статистика бөлүмүнүн начальнигинин орун басары; |
| 28 | Мерк Нина Григорьевна | -Башкы эсептөө борборунун маалыматтык фонддор бөлүмүнүн инженер-програмисти; |
| **Улустаткомдун коллегиясынын 2014-жылдын 2-апрелиндеги №10 токтому** | | |
| 29 | Худайназаров ухаммадали Ашурович | -Баткен облустук мамлекеттик статистика башкармалыгынын начальниги; |
| 30 | Жайлобаева Саалый Садырбековна | -Бишкек шаардык мамлекеттик статистика башкармалыгынын начальниги; |
| 31 | Ныязбекова Эркингүл Бакыевна | -Нарын облустук мамлекеттик статистика башкармалыгынын башкы адиси; |
| 32 | Каримова Мухаехан Махамадалиевна | -Ош шаардык мамлекеттик статистика башкармалыгынын жетектөөчү адиси; |
| 33 | Арапов Шайырбек | -Ош облустук мамлекеттик статистика башкармалыгынын Ноокен райондук мамлекеттик статистика бөлүмүнүн сектор башчысы; |

| № | Аты, жөну | Ээлеген кызматы |
|---|---|---|
| 34 | Исаков Абдрахман | -Жалал-Абад облустук мамлекеттик статистика башкармалыгынын Ноокен райондук мамлекеттик статистика бөлүмүнүн жетекчиси; |
| 35 | Акимбаев Юрдан Токторович | -Чүй облустук мамлекеттик статистика башкармалыгынын Сокулук райондук мамлекеттик статистика бөлүмүнүн жетекчиси; |
| **Улустаткомдун коллегиясынын 2015-жылдын 3-апрелиндеги №12 токтому** | | |
| 36 | Нурбаева Айнура Табылгановна | -үй чарба статистикасы башкармалыгынын методология жана маалыматтарды иштеп чыгуу бөлүмүнүн башчысы; |
| 37 | Темирбаев Абдупаяз Момунович | -Баткен облустук мамлекеттик статистика башкармалыгынын Лейлек райондук мамлекеттик статистика бөлүмүнүн сектор башчысы; |
| 38 | Айтмамбетова Айнура Айтмамбетовна | -Ысык-Көл облустук мамлекеттик статистика башкармалыгынын Каракол шаары боюнча мамлекеттик статистика бөлүмүнүн башкы адиси; |
| 39 | Калбаева Майрамкул Султанбековна | -Нарын облустук мамлекеттик статистика башкармалыгынын башкы адиси; |
| 40 | Байджигитова Гульнара Бейшенкуловна | -Башкы эсептөө борборунун өнөр жай статистикасы жана отун-энергетикалык баланс боюнча маалыматтарды даярдоо бөлүмүнүн башчысы; |
| 41 | Красникова Юлия Владимировна | -Башкы эсептөө борборунун финансы, эмгек жана улуттук эсептер статистикасы боюнча маалыматтарды даярдоо бөлүмүнүн башчысы; |
| **Улустаткомдун коллегиясынын 2016-жылдын 31-мартындагы №19 токтому** | | |
| 42 | Абдыкалыков Орозмат | -статистиканын ардагери; |
| 43 | Айтмамбетова Айнура Жакшылыковна | -соода статистикасы башкармалыгынын тышкы соода статистикасы бөлүмүнүн башкы адиси; |
| 44 | Назарова Венера Аалыевна | -эмгек рыногунун социалдык жана демографиялык статистика бөлүмүнүн жетектөөчү адиси; |
| 45 | Раимжанов Бакыт Молдошевич | -реалдуу сектор статистикасы департаментинин айыл чарба статистикасы бөлүмүнүн башчысы; |
| 46 | Токтогулова Кулпунай Кынатбековна | -бухгалтердик эсеп жана финансылык камсыздоо департаментинин пландоо жана финансылык камсыздоо бөлүмүнүн жетектөөчү адиси; |
| 47 | Тунгатарова Чинаркуль Сейтказиевна | -соода статистикасы департаментинин керектөө рыногу статистикасы бөлүмүнүн башкы адиси; |
| 48 | Тургунбаев Алмазбек Болотбекович | -экономикалык статистика жана улуттук эсептер бөлүмүнүн башкы адиси; |
| 49 | Рахматова Сайдагуль Мажитовна | -Баткен облустук мамлекеттик статистика башкармалыгынын жетектөөчү адиси; |

| № | Аты, жөнү | Ээлеген кызматы |
|---|---|---|
| 50 | Халмуратов Каттабек Абдупаттаевич | -Баткен облусунун мамлекеттик статистика бөлүмүнүн Сүлүктү шаардык бөлүмүнүн башчысы; |
| 51 | Бейшенова Алтынай Мырзабековна | -Бишкек шаардык мамлекеттик статистика департаментинин бөлүм башчысы; |
| 52 | Касымалиева Рахат Байышовна | -Жалал-Абад облустук мамлекеттик статистика башкармалыгынын бөлүм башчысы; |
| 53 | Омуралиева Зийна Бакировна | -Жалал-Абад облустук мамлекеттик статистика башкармалыгынын бөлүм башчысы; |
| 54 | Эгемназаров Эрмек Эгемназарович | -Жалал-Абад облустук мамлекеттик статистика башкармалыгынын бөлүм башчысы; |
| 55 | Дигербаева Айгуль Илиязовна | -Ысык-Көл облустук мамлекеттик статистика башкармалыгынын башкы адиси; |
| 56 | Намазбеков Нурлан Абдыманапович | -Ысык-Көл облустук мамлекеттик статистика башкармалыгынын сектор башчысы; |
| 57 | Качаганова Раиса Борукчиевна | -Нарын райондук мамлекеттик статистика бөлүмүнүн жетектөөчү адиси; |
| 58 | Молдокабылова Назгул Асанбековна | -Нарын райондук мамлекеттик статистика бөлүмүнүн башкы адиси; |
| 59 | Каримова Махрибахан Махамадалиева | -Ош шаардык мамлекеттик статистика бөлүмүнүн маектешүүчүсү; |
| 60 | Эгемкулов Кабысидин Жакыпович | -Ош шаардык мамлекеттик статистика бөлүмүнүн башкы адиси; |
| 61 | Абакова Венера Белековна | -Ош облустук мамлекеттик статистика башкармалыгынын бөлүм башчысы; |
| 62 | Кутубаев Кайратбек Кубанычбекович | -Кара-Кулжа райондук мамлекеттик статистика бөлүмүнүн башкы адиси; |
| 63 | Байтикова Бакбубу Жакшылыковна | -Талас райондук мамлекеттик статистика бөлүмүнүн башкы адиси; |
| 64 | Жоробекова Анаркан Мыктыбековна | -Кара-Бура райондук мамлекеттик статистика бөлүмүнүн башкы адиси; |
| 65 | Мамытова Замира Абдрахманова | -Талас облусунун Бакай-Ата райондук мамлекеттик статистика бөлүмүнүн жетектөөчү адиси; |
| 66 | Салимова Гулнара Аалыевна | -Талас облустук мамлекеттик статистика башкармалыгынын башкы адиси; |
| 67 | Сейитбекова Калбубу Сатаровна | -Талас облусунун Кара-Буура райондук мамлекеттик статистика бөлүмүнүн башкы адиси; |
| 68 | Чолпонкулова Умут Жолдошбековна | -Талас облусунун Бакай-Ата райондук мамлекеттик статистика бөлүмүнүн башкы адиси; |
| 69 | Богданович Антонина Александровна | -Чүй облусунун Москва райондук мамлекеттик статистика башкармалыгынын сектор башчысы; |

| № | Аты, жөнү | Ээлеген кызматы |
|---|---|---|
| 70 | Садыкова Чынара Белековна | -Мамлекеттик статистика департаментинин Чүй облусу боюнча секторунун башчысы; |
| 71 | Сариева Сайпималика | -Чүй облусунун Аламүдүн райондук мамлекеттик статистика бөлүмүнүн башчысы; |
| 72 | Абдыкадырова Зимфира Курбантаевна | - Улутстаткомдун Башкы эсептөө борборунун басма бөлүмүнүн башчысы; |
| 73 | Кочорбаева Гульзат Бопинаевна | -статистикалык иштерди программалоо бөлүмүнүн башчысы; |
| 74 | Мукамбетова Гулгакы Абылкайыровна | -финансалык жана улуттук эсептердин статистикалык маалыматтарын даярдоо бөлүмүнүн башкы экономисти |
| 75 | Сабирова Эльмира Нурахметовна | -тышкы экономикалык ишмердүүлүк статистикасынын маалыматтарын даярдоо бөлүмүнүн башкы экономисти; |
| 76 | Ханов Равиль Кямилевич | -Улутстаткомдун Башкы эсептөө борборунун башчысынын орун басары; |
| **Улустаткомдун коллегиясынын 2016-жылдын 19-августундагы №29 токтому** | | |
| 77 | Маманова Айнура торобековна | -реалдуу сектор статистикасы департаментинин Айыл чарба статистикасы бөлүмүнүн башкы адиси; |
| 78 | Садиров Бакытбек Торобекович | -Баткен райондук мамлекеттик статистика бөлүмүнүн башчысы; |
| 79 | Оморова Кулмира Кагазбековна | -Бишкек шаардык мамлекеттик статистика департаментинин бөлүм башчысы; |
| 80 | Курбанова Зинеп Хийбулаевна | -ведущий специалист Майлы-Сууйского городского отдела государственной статистики Джалал-Абадской области; |
| 81 | Турумбаев Сыртбай Сариевич | -Ысык-Көл облусунун Ак-Суу райондук мамлекеттик статистика бөлүмүнүн жетектөөчү адиси; |
| 82 | Джанаков Артисбек Бекжанович | -Ысык-Көл райондук мамлекеттик статистика бөлүмүнүн башчысы; |
| 83 | Артыкова Турдукан Жакыповна | -Ош шаардык мамлекеттик статистика бөлүмүнүн маектешүүчүсү; |
| 84 | Исмаилова Сакинахан Досматовна | -Ош облустук мамлекеттик статистика башкармалыгынын башкы адиси; |
| 85 | Бочиева Назира Кыдыргычевна | -Чүй облустук мамлекеттик статистика башкармалыгынын башкы адиси; |
| 86 | Сарманова Саадат Абдыкадыровна | -Чүй облусунун Кемин райондук мамлекеттик статистика бөлүмүнүн башчысы; |
| 87 | Кобцова Лариса Ивановна | -Башкы эсептөө борборунун башкы экономисти; |
| **Улустаткомдун коллегиясынын 2016-жылдын 23-ноябрындагы №30 токтому** | | |
| 88 | Акматов Кыдыргыч | -Нарын облустук мамлекеттик статистика башкармалыгынын башчысы; |

| № | Аты, жөнү | Ээлеген кызматы |
|---|---|---|
| **Улустаткомдун коллегиясынын 2018-жылдын 17-апрелиндеги №4 токтому** | | |
| 89 | Тураев Нурлан Элдосович | -Жалал-Абад облустук мамлекеттик статистика башкармалыгынын башкы адиси; |
| 90 | Сыдыкбаева Анаркул Садыбакасовна | -Ысык-Көл облусунун Каракол шаардык мамлекеттик статистика бөлүмүнүн адиси; |
| 91 | Тулеев Уланбек Токтоналиевич | -Нарын облустук мамлекеттик статистика башкармалыгынын бөлүмүнүн жетекчиси; |
| 92 | Сартмаматова Кулипа Акимовна | -Өзгөн райондук мамлекеттик статистика бөлүмүнүн адиси, Ош облусу; |
| 93 | Доолетова Суйун Анарбековна | -Манас райондук мамлекеттик статистика бөлүмүнүн жетектөөчү адиси, Талас облусу; |
| 94 | Гридасова Людмила Васильевна | -Чүй облусунун Кемин райондук мамлекеттик статистика бөлүмүнүн башкы адиси; |
| 95 | Лелевкина Галина Макаровна | -Башкы эсептөө борборунун статистикалык куралдарды түзүү жана сатып алуулар бөлүмүнүн техникалык адиси; |
| 96 | Макшеева Елена Григорьевна | -Башкы эсептөө борборунун адам ресурстарын башкаруу бөлүмүнүн коопсуздук техникасы инженери; |
| **Улустаткомдун коллегиясынын 2019-жылдын 20-августундагы №25 токтому** | | |
| 97 | Садыралиев Жандаралы | -Жалал-Абад облустук мамлекеттик статистика башкармалыгынын жетекчиси; |
| **Улустаткомдун коллегиясынын 2019-жылдын 19-апрелиндеги №17 токтому** | | |
| 98 | Такырбашева Гульзат Курмангалиевна | -бухгалтердик эсеп жана каржылык камсыздоо башкармалыгынын каржылык камсыздоону пландаштыруу бөлүмүнүн башкы адиси; |
| 99 | Петровская Елена Анатольевна | -адам ресурстары жана эл аралык кызматташтык башкармалыгынын жетектөөчү адиси; |
| 100 | Акматова Шайырбубу Абдылдабековна | -эмгек жана калкты иш менен камсыз кылуу статистикасы бөлүмүнүн жетектөөчү адиси; |
| 101 | Алишерова Сапаргул Сабировна | -Баткен облусунун Баткен райондук мамлекеттик статистика бөлүмүнүн жетектөөчү адиси; |
| 102 | Артыкова Салма Ураймовна | -Баткен облустук мамлекеттик статистика башкармалыгынын башкы адиси; |
| 103 | Абдуллаева Кыздаркан Укматовна | -Баткен облусунун Кызыл-Кыя шаардык мамлекеттик статистика бөлүмүнүн жетектөөчү адиси; |
| 104 | Осмонова Замира Джакыпековна | -Бишкек шаардык мамлекеттик статистика башкармалыгынын өнөр жай статистикасы бөлүмүнүн жетекчиси; |
| 105 | Жукеева Гульмира Озгорушевна | -Бишкек шаардык мамлекеттик статистика башкармалыгынын чакан жана орто ишкердик статистикасы бөлүмүнүн башчысы статистики города Бишкека; |

| № | Аты, жөнү | Ээлеген кызматы |
|---|---|---|
| 106 | Жолбунова Умут Мукалаевна | -Бишкек шаардык мамлекеттик статистика башкармалыгынын жыйынтыктоочу статистикалык маалыматтар жана талдоо бөлүмүнүн башкы адиси; |
| 107 | Абишева Гулнара Гизьятовна | -Бишкек шаардык мамлекеттик статистика башкармалыгынын керектоо рыногу; |
| 108 | Таштанбекова Анаркан | -Жалал-Абад облусунун Аксы райондук мамлекеттик статистика болуму; |
| 109 | Жакып уулу Айдар | -Ысык-Көл облустук мамлекеттик статистика башкармалыгынын жетекчисинин орун басары; |
| 110 | Жумаев Азамат Мелисович | -Нарын облустук мамлекеттик статистика башкармалыгынын керектөө рыногу, кызмат көрсөтүүлөр, финансы статистикасы жана жыйынтыктоо иштери бөлүмүнүн башчысы; |
| 111 | Байдиров Бахтиярхон Мамажанов | -Ош облусунун Араван райондук мамлекеттик статистика бөлүмүнүн башкы адиси; |
| 112 | Мамарасулов Маматазим | -Ош облустук мамлекеттик статистика башкармалыгын үй чарбалардын интеграцияланган изилдөөсү бөлүмүнүнүн интервьюери; |
| 113 | Мамаев Таласбек Козубаевич | -Ош облусунун Кара-Суу райондук мамлекеттик статистика бөлүмүнүнүн башкы адиси; |
| 114 | Бабыев Акмат | -Ош облусунун Алай районунун А.Белекбаев атындагы айыл өкмөтүнүн экономист-статистиги; |
| 115 | Оморова Уриева Айткуловна | -Ош шаадык мамлекеттик статистика башкармалыгынын өнөр жай, транспорт, эмгек жана социалдык сектор статистикасы бөлүмүнүн башкы адиси государственной статистики; |
| 116 | Керимбекова Космира Тынаевна | -Талас облустук мамлекеттик статистика башкармалыгынын айыл чарба статистикасы, демография жана үц чарбалардын интеграцияланган изилдөөсү статистикасы бөлүмүнүн башкы адиси; |
| 117 | Бержибаева Замира Замировна | -статистикалык инструментарийлерди түзүү жана сатып алуулар бөлүмүнүн башчысы; |
| 118 | Нурмаматов Нурлан Батырбекович | -окуу процесстерин уюштуруу жана координациялоо бөлүмүнүн башкы адиси бухгалтери; |
| **Улустаткомдун коллегиясынын 2020-жылдын 24-апрелиндеги №12 токтому** | | |
| 119 | Рахманова Жылдыз Жалиловна | -Улутстаткомдун социалдык статистика бөлүмүнүн жетекчиси; |
| 120 | Закирова Венера Гадылжановна | -Сүлүктү шаардык мамлекеттик статистика бөлүмүнүн жетектөөчү адиси; |
| 121 | Маатова Нурджамал Омурбековна | -Бишкек шаардык мамлекеттик статистика башкармалыгынын кичи жана орто бизнес статистика бөлүмүнүн башкы адиси; |
| 122 | Садабаев Тагайбек Итемирович | -Токтогул райондук мамлекеттик статистика бөлүмүнүн тармактык статистика секторунун жетекчиси; |

| № | Аты, жөну | Ээлеген кызматы |
|---|---|---|
| 123 | Туркбаева Жаркынай Маматжановна | - Жалал-Абад облусунун мамлекеттик статистика башкармалыгынын соода жана кызматтар статистикасы боюнча маалыматтарды чогултуу жана иштеп чыгуу секторунун жетектөөчү адиси; |
| 124 | Даниярова Айнура Тельмановна | - Ысык-Көл облусунун мамлекеттик статистика башкармалыгынын башкы адиси; |
| 125 | Сулайманова Айгул Болотовна | - Нарын райондук мамлекеттик статистика бөлүмүнүн жетектөөчү адиси; |
| 126 | Токтосунова Айниса Рустамовна | -Ош облустук мамлекеттик статистика башкармалыгынын бухгалтердик эсеп жана чарба иштери бөлүмүнүн башкы адиси; |
| 127 | Шерматова Напиза Рабековна | -Ош шаардык мамлекеттик статистика башкармалыгынын өнөр жай, транспорт, эмгек жана социалдык сектор статистикасы бөлүмүнүн башкы адиси; |
| 128 | Турралиева Элла Аманбековна | -Талас облустук мамлекеттик статистика башкармалыгынын жетектөөчү адиси; |
| 129 | Абдынасир кызы Гульзада | -Чүй-Токмок аймактык мамлекеттик статистика бөлүмүнүн жетектөөчү адиси; |
